ДЖОН БИВЕР



# ТАРТЬНЧААКТЫКТЫ ТАЛКАЛОО

КҮНӨӨЛҮҮ СЕЗИМГЕ КИРБЕЙ ТУРУП ЭЛЕ, КАНТИП "ЖОК" ДЕГЕНГЕ БОЛОТ?
АДАМДАРДЫН ШЫКТАНДЫРУУСУСУЗ ЭЛЕ КАНТИП ИШЕНИМДҮҮ БОЛСО БОЛОТ?

Кымбаттуу досум,

Сиздин колуңузда кармап турган бул китептеги кабар Жыйындардын бүгүнкү күндөгү чоң муктаждыгын канааттандыруу үчүн пайгамбарчылык майлоого ээ деп ишенем. Бул китеп чыккандан бери, көптөгөн адамдар анын эркиндикке, ишенимге жана чыдамдуулукка ээ болушуна китеп кандайча жардам бергендигин күбөлөндүрүп келишет. Качан Теңир мага ушул чындыктарды жеткиргенде, мен өзүмдүн рухумда жандануунү сездим. Бул китептин сөздөрү Аны менен көбүрөөк жуурулушууда жүрүү үчүн Кудайдан шыктандырылган.
Теңир ушул кабарды сизге жана дүйнө жүзүнүн лидерлерине жеткирүүнү менин жүрөгүмө салды. Бул китепти менин жеке сүйүүмдүн жана колдоомдун белгиси катары кабыл алыңыз. Ал сизге жана сизге ишенип берилген бардык адамдарга максат, аброй жана Кудайдын чакырыгы үчүн күч берет деп ишенем. Мен ошондой эле, бул китепти **MessengerX.com** сайтыбыздан электрондук түрдө акысыз жүктөп алуу үчүн жайгаштырдым. Бул билдирүүнү жүктөп алып жана өзүңүздүн жыйыныңызда эркин эле тарата берсеңиз болот.

Урматтуу досум, бул кабар менин жашоомду жана Кудайга кылган кызматымды түбөлүккө өзгөрттү. Ушул баракчалардан Кудайдын кабарын окуп жатканда, сиз да терең өзгөрүшүңүз үчүн сыйынам. Бул билдирүү сизге жана сиздин кызматтагы адамдарга кандай таасир эткенин уккум келет.

Машаяктагы бир тууганыңыз,

Джон Бивер



Джон Бевер
JohnBevere@ymail.com

MessengerX

MESSENGER INTERNATIONAL
MessengerInternational.org

ДЖОН БИВЕР

# ТАРТЫНЧААКТЫКТЫ ТАЛКАЛОО

**Breaking Intimidation by John Bevere, Kyrgyz**
© 2021 Messenger International
MessengerInternational.org
Originally published in English as Breaking Intimidation.

Additional resources in Kyrgyz are available for free
download and video streaming at
**MessengerX.com** and on the **MessengerX** App
To contact the author: JohnBevere@ymail.com

This book is a gift from Messenger International and is
NOT FOR SALE

**“Тартынчаактыкты талкалоо” Джон Бивер, кыргыз тилинде**
Автордук укук © 2021 Messenger International
MessengerInternational.org
Алгач англис тилинде “Breaking intimitation” деген ат менен жарыяланган.
Джон жана Лиза Биверлердин кыргыз тилиндеги кошумча каражаттары
Бекер жүктөө жана агым үчүн
**MessengerX.com** сайтында жана **MessengerX** колдонмосунда
Байланыш үчүн автордун электрондук почтасы: JohnBevere@ymail.com

Бул китеп «Мессенджер Интернэшнл» уюмунун белеги
жана САТУУГА БОЛБОЙТ.

Download on the App Store

GET IT ON Google Play

App Store - бул Apple Inc. компаниясынын АКШда жана башка өлкөлөрдө катталган товардык белгиси.
Google Play жана Google Play логотиби Google LLCдин товардык белгилери болуп саналат.

ДЖОН БИВЕР

# ТАРТЬНЧААКТЫКТЫ ТАЛКАЛОО

КҮНӨӨЛҮҮ СЕЗИМГЕ КИРБЕЙ ТУРУП ЭЛЕ, КАНТИП "ЖОК" ДЕГЕНГЕ БОЛОТ?
АДАМДАРДЫН ШЫКТАНДЫРУУСУСУЗ ЭЛЕ КАНТИП ИШЕНИМДҮҮ БОЛСО БОЛОТ?

# *Автордун кайрылуусу*

Бул китепти жазып жатканымда, Кудай мага сүйлөп жана буларды айтты:

*Уулум, акыркы мезгилде ишенгендердин улуу армиясына чакырылгандардын көпчүлүгү тартынчаактык менен байланышкан. Алардын Кудайга жана адамдарга карата жүрөктөрү таза, ошентсе да, алар дагы Гедеон сыяктуу адамдардын алдындагы коркунучтун кулчулугунда (Башкаруучулар 6-8). Мен аларга жайгаштырган жөндөмдүүлүктөр иштебейт. Көпчүлүктү боштондукка чыгаруу үчүн, мен бул китептин мазмунун майлап коём. Алар алга кадамдашат жана коркпостон Мага баш ийишет. Алар эр жүрөк жоокерлер болушуп жана өз Кудайларынын күчүндө улуу жеңиштерге жетишишет.*

# Мазмуну

Алгы сөз ........ vii

Киришүү ........ ix

## 1 – бөлүк
## Рухий абалдын бекемделиши

1. Бөлүм. Бийликте жүрүү ........ 1
2. Бөлүм. Рухий абал жана бийлик ........ 11
3. Бөлүм. Эки чек ........ 21
4. Бөлүм. Кудай кошо жараткан жөндөмдүүлүктөр ........ 31

## 2 – Бөлүк
## Тартынчаактыкты ачыкка чыгаруу

5 - Бөлүм. Аракеттенбеген белектер ........ 45

6 - Бөлүм. Тартынчаактык менен шал болуп калгандар ........ 59

7 - Бөлүм. Тартынчаактыктын руху ........ 71

## 3 – Бөлүк
## Тартынчаактыкты талкалоо

8 - Бөлүм. Жөндөмдүүлүктөрдү жалындатуу ........ 85

9 - Бөлүм. Тартынчаактыктын тамыры ........ 99

10 - Бөлүм. Калоо эле жетишпейт ........ 113

11 - Бөлүм. Кудайдын коркунучу адамдык коркунучка каршы ........ 131

12 - Бөлүм. Аракеттениш керекпи же таасирлениш керекпи? ........ 149

13 - Бөлүм. Сергек акыл-эстин руху ........ 161

14 - Бөлүм. Алдыга умтулуу ........ 177

Эпилог ........ 195

# АЛГЫ СӨЗ

Мен Джон Бивер менен кызматташ жолдош жана кымбаттуу дос катары таанышмын жана муну мен эң чоң артыкчылык деп эсептейм.

Ал биздин муунга чейин жеңиштин кабарын жеткириши үчүн Кудай аны көтөргөнүнө бүткүл жүрөгүм менен ишенем.

“Тартынчактыкты талкалоо” деген Джон Бивердин китеби – Машайактын бүт денеси муктаж болгон абдан заманбап кабар. Бул дүйнөгө жетишүү үчүн, бизге Кудай берген жөндөмдүүлүктөрдү колдонушубуз керек. Ошол эле мезгилде биздин көпчүлүгүбүз арамзалыктын же анчалык эле арамза эместиктин айынан, Машайактагы бийликтен баш тартабыз.

Биздеги Кудайдын жөндөмдүүлүктөрүн токтотуш үчүн, шайтан мүмкүн болгон кырдаалдарды түзүп жана адамдарды пайдаланат. Кудайдын Сөзүндө ишенген, бирок, тартынчаак адамдардын кантип жеңишке жетишкендиктери тууралуу көптөгөн мисалдар бар. Нундун уулу Жашыя, Гедеон, Некемия жана Дөөт – булар ошолордун кээ бирлери гана. Библияда минтип айтылган:

> *Сага каршы жасалган бир да курал сени жеңе албайт.*
>
> *– Ышайа 54:17*

Ыйык Рухтун күчү менен жана ушул китеп менен ар бир ишенген адам тартынчаактык жана уялчаактыктан чыгып, жеңишке жете алат. Ылайым, Кудай ушул муундан эч качан артка кайтпаган армиянын жоокерлерин көтөрсүн!

– Джон Мейсон,

*“Ортомчулук” жана “Убадалар сөзү” деп аталган китептердин автору.*

# КИРИШҮҮ

Сансыз машайакчылар тартынчаактык менен күрөшүп келишүүдө. Бирок, андан да көбүрөөгү анын тамыры менен күрөшүүнүн ордуна, анын калтырган издери менен күрөшүүдө. Көз алдыңарга абдан кимбат эмеректери бар кооз салынган үйдү элестетип көргүлө, бирок, анын үстү жабылган эмес, чатыры жок дейли. Катуу жаан жаай турган болсо, үй ичи жаандын суусуна толот да, андагы бардык нерселер жараксыз болуп калат. Булганып, бузулуп калган эмеректерди, полдун үстүн тазалап чыкканга канча күндөр кетет.

Качан жумуш толугу менен аяктаганда, башка жаан жаайт жана оңдолуп-түзөлгөн нерселердин баарын кыйратып салат. Капаланган кожоюн кайрадан эле чарчаткан, зериктирген калыбына келтирүү иштерин баштайт. Бирок, кандайдыр бир убакыт өткөндөн кийин жаан кайрадан мурдагыдан да катуу жаап салат. Ар бир жааган сайын жаандын кыйраткыч күчү улам күчөй берет. Көңүлү чөккөн кожоюн бир күнү ал жумушту таштап салат жана ушул иштин оңунан чыкпай калышы анын

жашоого карата болгон мамилесине бир өмүр таасир этет.

Албетте, бул абдан эле кызыктай сезилет. Силер минтип ойлойт болушуңар керек: “Эмне үчүн ал алгач чатырды оңдоп, анан гана калган бузулган жерлерди оңдобойт? Кызык адам экен!”.

Бул кандай болгондугуна карабастан, бул көрүнүш канча көптөгөн адамдар тартынчаактык менен күрөшүүгө аракеттенип жүргөндүгүн көргөзүп турат. Алар тартынчаактыктын күчүн талкалоонун ордуна, анын калтырган издерин: көңүл чөгүүнү, чачырандылыкты, үмүтсүздүктү, көңүл калууну ж.б.у.с.ды жок кылууга аракеттенип жүрүшөт.

Кээ бирөөлөр консултанттарга барып, кантип жеке коркунучтарын жоготуу менен күрөшүп жүрүшөт. Дагы башкалары болсо, өз жашоолорун тартынчаактыкка кулчулукка баш ийдирип беришет жана ал тургай, эркиндикке үмүт кылууга да даашпайт. Тигилери да, башкалары да чатыр тешилип калып, көөп-бузулуп калган эмеректердин ортосунда калгандай болуп жашап жатышат. Башкалар болсо изоляцига (өзүнчө болуп) кетип жатышат. Алар үмүтсүздүктүн айынан өзүлөрүнүн суу өткөн үйлөрүн ачык таштап салышат.

Эгерде силер ушул абал менен макул боло турган болсоңор, анда бул китептин мазмуну силерге жардам бербейт. Бирок, бул китеп силер бүт жашооңордо Кудайдын чакырыгын аткара алышыңар үчүн, тартынчаактыктан жана коркунучтан Кудайдын эркиндиктеги жолуна чыгууңарга жардам берет.

Мен бул китептин үстүнөн иштеп жатканымда көптөгөн сааттар бою компьютердин алдында отуруп, анан Теңирден жазып жаткан нерсемде Анын жетекчилигин сурандым. Бир күнү эрте менен мен иштеп жатканымда Теңир кантип бөлмөнү толтурганын сездим. Мен компьютердин алдынан турдум да, ары-бери басып сыйына баштадым. Сыйынуу учурунда Теңирдин Руху мага пайгамбарчылык менен келди жана мындай сөздөр пайда болду:

Уулум Менин, акыркы күндөрү ишенгендердин улуу армиясына чакырылган көпчүлүк адамдар тартынчаактыкка байланышкан. Алардын Кудайга жана адамдарга карата

жүрөктөрү таза, ошентсе да, Гедеон сыяктуу адамдар алдындагы коркунучтун алдында калтырап турушат (Башкаруучулар 6-8). Мен аларга жайгаштырган жөндөмдөр аракеттенбей жатат. Көптөрдү бошотуш үчүн, Мен бул китептин мазмунун майлайм. Алар алга умтулушуп жана Мага коркпостон баш ийип калышат. Алар эр жүрөк жоокерлер болушуп жана өз Кудайларынын күчүндө улуу жеңиштерге ээ болушат.

Бул жөн гана теориялык окутуу эмес. Көптөгөн жылдар бою мен өзүм дагы тартынчаактык менен байланып жүргөм. Менин күрөшүүмдөгү олуттуу тоскоолдук, бул мен өзүмдүн көйгөйлөрүмдүн булагы кайсы жакта экендигин билбегенимде эле. Бирок, Кудай бул зыянкеч душманды кыйратты. Ошондон бери Ал бул кабарды бүткүл дүйнөдөгү машайакчыларды бошотуу үчүн колдонуп жатат.

Ал тургай, бир лидер минтип кыйкырып да жиберди: “Бул окутуу Америкадагы ар бир кайтаруучунун колунда болушу керек!” Бул кабар бир гана кайтаруучулар үчүн эмес, бирок, жыйынга келген ар бир адам үчүн болсо. Мен бул китеп сиздин колуңузда кокусунан болуп калды деп ойлобойм. Качан силер өзүңөр эркин болуп калганыңарда, бул кабарга муктаж болуп тургандар менен аны бөлүшкүлө. Бул силердин өзүңөрдүн Анда бекемделишиңерге жардам берет.

Мына ушул жолдун башталышында мен силерди сыйынууга шыктандырам. Жүрөгүңөрдү ачкыла да, Кудайдын катышуусунда төмөнкү сөздөрдү айткыла.

Ата, Ыйса Машайактын атынан суранам, ушул китепти окуп жаткан маалда мага Ыйык Рух Сенин Сөзүңдү ачып берсин. Менин жашоомдо тартынчаактык менен коркоктук чынында эле тамыры менен жок болушу үчүн, ар кандай корголбогондукту алып сал, талкалап сал, суранам. Ылайым, мен дагы да Сага жакыныраак болуп калайын жана менин Теңирим Ыйса Машайак жөнүндө жигердүүлүк менен күбөлөндүрөйүн.

*1-Бөлүк*

# РУХИЙ АБАЛДЫН БЕКЕМДЕЛИШИ

# БИЙЛИКТЕ ЖҮРҮҮ

Кудай силерге берген бийлик менен жүргүлө, антпесе, аны башка кимдир-бирөө алат да, силерге каршы колдонуп коёт.

Теңирге кызмат кылуу менен, мен Ал кырдаалдарды жана адамдарды биздин жашообуздагы Анын максатын аткарууга колдоноорун уламдан улам көбүрөөк түшүнүп жатам.

1883-жылы мен бир чоң жыйында толугу менен кызматка киришүү үчүн, инженерлик карьерамды таштап койгом. Мен кайтаруучуга, анын аялына жана бизге конокко келген бардык кызматчыларга кызмат кылчумун. Мен аларды Кудай эмнеге чакырган болсо, ошол үчүн бош убактылары көбүрөөк болсун деп, алардын күнүмдүк муктаждыктарынын баары үчүн кам көрчүмүн.

Мен ал жактан кетер аптада жыйында иштеген бир киши менин аялыма Кудай ага мен үчүн сөз бергендиги тууралуу

айтат. Анан ошол күндөн баштап ошол сөз мага сактанууну кулагыма шыбырап, коргоо, акылмандык жана күч берип турат. Кудайдан келген ар бир сөз мына ушинтип, мени ишенбестиктен сактап турган, жүрөгүм жана негизим үчүн жол көрсөткөн жылдыздай болот.

Ал адам менин аялыма минтип эскертиптир: “Эгерде Джон Кудай берген бийлик менен жүрбөй турган болсо, анда аны кимдир бирөө алып кетет да, анан анын өзүнө каршы колдонот”. Бул сөз токтоосуз аракетти жаратты. Мен аны Кудайдын акылмандыгы катары кабыл алдым, бирок, ал кезде менде аны кантип кабыл алуу тууралуу толук түшүнүк жок болчу. Ал түшүнүк бир нече жылдан кийин пайда болот.

## Жашоону өзгөрткөн тажрыйба

80-жылдардын башында, менин жашоомдогу Анын максаты мен жыйындарга барып, адамдарга кызмат кылышым керектигин Теңир бекемдеди. Мен кандайдыр бир убакыттарда саякаттап жүрүп, солкулдагыс тажрыйбаларга ээ болдум, анын натыйжасында бир нече жыл мурда Кудайдан айтылган сөздү акыр-аягында түшүндүм.

Бир жыйында биз шаршемби күнү кечинде кызмат өткөрө баштадык, анан жекшемби күнгө чейин ушул уланылышы керек болчу. Ыйык Рух кудуреттүү түрдө аракеттенип, күчтүү бошонуулар болуп, адамдар айыгып жана куткарылышкан. Ар кеч сайынкы чогулуштарда Кудайдын катышуусу улам көбүрөөк болуп жатты.

Биринчи эле жумада “Нью Эйдж” кыймылына тартылган аял, кереметтүү жол менен боштондук алды. Ушунун өзү кийинки кызматтардын бардыгынын ийгилиги үчүн түрткү болуп кызмат кылды. Апта ичинде адамдар токсон миль алыстыкка чейин турган аралыктардан келип жатышты.

Кайтаруучу минтип айтты: “Биз бул кызматты калтырып коё албайбыз. Кудайда биз үчүн дагы да көп нерсе бар”. Мен макул болдум да, анан биз дагы 21 кызмат өткөрдүк. Кудайдын Сөзү

шылгыраган арыктай болуп агып жатты, ар бир кызматта Рухтун жөндөмдүүлүктөрү болуп жатты.

Бир жолу кечинде кызматтын экинчи жумасында насаат болуп жатканда, мен артка бурулуп, музыканттар менен ырчыларды карап калдым (сахнада алар 25 болушчу). Анан мен: “Бул сахнада күнөө бар. Эгерде силер тобо кылбасаңар, Кудай аны жок кылат” дедим.

Ушул сөздөрдү айтып жатканымды угуп, өзүм таң кала түштүм: “Мына сага! Бул кайдан келди?” Анткен менен, мен жетишерлик эле көптөн бери насаат айтып жүргөндүктөн, Кудайдын майлоосу ушунчалык катуу тийгенде кандайдыр бир нерселерди айтып жиберип, анан аны физикалык денең айтканыңдан кийин гана угуп каларын билчүмүн. Качан биз Кудайдын деми менен сүйлөгөн кезибизде, бул “пайгамбарчылык насаат” деп аталат.

Менин акылымда мындай бир суроо пайда болду: “Эмне деп эле айтып салдым?”. Антсе да, мен бул ойду дароо четке кагып салдым, анткени, анын Кудайдан экенин билчүмүн. Мен ал тууралуу алдын ала ойлонгон деле эмес болчумун, жөн гана насаатка карата менин үстүмдө күчтүү майлоо болчу.

Ар бир кызмат сайын эл көбөйө берди. Үчүнчү аптада да насаат айтып жаткан маалда, мен артка кайрылып, Ыйык Рухтун күчү менен сахнада турган адамдарга кайрылып, тайманбастан минтип айттым: “Бул сахнада күнөө бар. Эгерде силер тобо кылбасаңар, Кудай аны жок кылат, анан силер шылдыңга каласыңар!” Мен бийлигим менен ишенимим кантип өсүп жаткандыгын сезип жаттым. Бул жолкусунда мен өз сөздөрүмдөн шек санабай туруп эле айттым, анткени: “Кудай Өз үйүн күнөөлөрдөн тазалайт”.

## Соттоо керекпи же соттолуу керекпи

Эгерде биздин жашообузду күнөө толтуруп турса, анда Ыйык Рух ашкерелеп жана оңдойт. Бирок, укпай турган болсок, анда биз муздай баштайбыз да, баарына көңүл кош боло

баштайбыз. Анан ошол нерсе биз жүрөгүбүздө Теңирге карата таптакыр сезимсиз болуп калмайынча улана берет.

Ошондо Кудай бизге жетиш үчүн же бизди коргош үчүн, күнөөнү жок кылуу үчүн кимдир бирөөнү жиберет. Ошондо да биз уккубуз келбей турган болсо, анда сот келет. "Өзүбүздү өзүбүз текшерсек, сотко кабылмак эмеспиз. Бул дүйнө менен бирге соттолбошубуз үчүн, Теңир бизди соттоп, жазалап жатат" (1Кор. 11:31-32).

Кудай бизге тобо кылууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн жана бизди каардан куткаруу үчүн, канчадыр бир убакка чейин кээ бир күнөөлөргө чыдап да коёт. Ал биздин дүйнө менен чогуу соттолуп кетишибизди каалабайт. Мураска алган мүлкүн оңду-солду чачкан уулу чочкоканада гана эсине келген экен. Негизи күнөө кылганды уланта берип, анан Теңир:

> *"Менден алыс кет мыйзамсыз иш кылуучу" (Мт. 7:23) дегенин уккандан көрө, чочкоканада эсине келген деле жакшы.*

Эгерде биз кылган ишибизге өкүнбөй турган болсок, Кудай канчалык каалбаганы менен азап чегебиз. Бул тууралуу Пабыл мындай деп айткан: "Ошондуктан көпчүлүгүңөр алсызсыңар жана оорулуусуңар, араңарда өлгөндөр да аз эмес" (1Кор.11:30). Күнөө рухий жана денелик өлүмдү алып келет. Мен бир жыйында Теңир тобого алып келүү үчүн бирөөнү жазалап жаткандыгын сезген болчумун. Бирок, мен Ал кимди күнөөсү үчүн ашкерелеп жатканын билген эмесмин.

## Коркутуп коюунун каардуу чабуулу

Кийинки кечте биз кайтаруучу экөөбүз кызматка даярданып жатканыбызда, кызматчылардан бирөө кирип келип, даңктап жаткан музыканттар кабак бүркөп, жаман маанайда турушканын айтты. Кайтаруучу болсо, алар кызматтын көптүгүнөн чарчап калышты деп, анан мындай деди: "Аларга баргын да, өз сезимдерин четке калтырып, чыгып Кудайды даңктай беришсин".

Мен улуу кызматчыга карап: “Мүнөткө коё турсаңар. Бирдеме жайында эмеспи?” деп сурадым.

Мен мойнума алгым келбегени менен, бул абдан кыйын учур болчу. Мага кызмат кылсын жана коргосун деп Кудай берген бийликке чакырык ташталгандай болду. Чогулушта болуп жаткан нерселер душманга жакпай жаткандыктан, ал буга чекит коймок болду.

Мен эмне болуп жатканын түшүнбөсөм да, алдымда тандоо турду. Мен музыканттар айткан нерседен баш тартып, бул коркутууларга баш ие алат болчумун, бирок, анан ошону менен өз бийлигимди колдон чыгарып жибермекмин. Же болбосо, Кудайдын айтканына таянып, бийликти сактап кала алмакмын да, коркутуулар менен тартынчаактыкты талкаламакмын.

Анан дароо минтип ойлондум: “Джон, эмне үчүн сен ал адамдарды кучактасаң болбойт? Эмне үчүн сен артыңа бурулуп, сөөмөйүң менен көрсөтпөй, жөн гана насаатыңды айтып кете берсең болбойт? Азыр адамдар сахнада ким күнөөкөр экен деген нерсе менен алек. А эгерде эч ким эмес болсочу? Же болбосо, эгерде күнөө болсо деле, анан ал эч качан талкаланбай калсачы? Адамдар бири биринен шектенишип, анан күнөөкөр эмес адам азап чегип калсачы? Бул жыйынга зыянын тийгизет да. Анан сен жасалган жакшы нерсени талкалап албайсыңбы? Эгер ошондой боло турган болсо, анда сенин кадыр-баркың түшүп калат, а сен болсо эми гана жыйындарды кыдырып баштабадың беле?

Бул ойлор улам кайрадан менин акыл-эсиме чабуул коюп жатты. Менин коркунучум мени менен эмне болот деген бир ойго топтоло баштады. Тартынчаактык силердин тарбияңарды өзгөртүп коюшу мүмкүн. Себеби, тартынчаактыктын тамыры бул коркунуч, анан ал адамды өзүнө көңүл бурууга мажбурлайт. Жеткилең сүйүү коркунучту жок кылат, анткени сүйүү фокуста Кудайды жана адамдарды кармайт жана өзүнөн баш тарттырат (1 Жкн. 4:18).

Кайтаруучу эч нерсе деген жок. Биз үчөөбүз кол кармашып алып, ушул кызматта Кудайдын эрки аткарылсын деп сыйындык.

Сахнада биз өзүбүздү буга чейинки үч жумадагыдай эле алып жүрдүк. Даңктап-мактоо учурунда мен жүрөгүмө Теңирдин сөзү келбегендигин баамдадым. Мен эч кандай жетектөөнү сезген жокмун, бирок, минтип ойлодум:

> *"Кудай ишенимдүү жана мен кафедрада турганда эмне дээримди билем".*

Даңктоо бүттү, кайтаруучу жарыяларды айтты, бирок, мен өз жүрөгүмдө эч нерсени уга албай койдум. Мен: бутума турганымда Кудай мага багыт берет болуш керек деп ойлодум. Мен конспектини жазып даярдап алып, анан чыкчулардан эмесмин. Мен Сөздү окуйм, сыйынам, анан жүрөгүмдө эмне шыктандырып жатса, ошону айтам. Бирок, убакыт өткөн сайын менин тынчсыздануум да өсө берди, анткени Кудай Өз багытын көрсөтпөсө, мен эмне дээримди билбей калаарымды билем.

Андан кийин кайтаруучу мени тааныштырды. Мен кафедрага келдим да, айтаарга эч нерсем болбогондугуна байланыштуу, "Келгиле, сыйыналы" деп айттым. Бирок, сыйынуу учурунда да эч нерсе ала албадым. Мен бир нече мүнөт сыйындым, бирок, мындан өткөн жаман нерсе болбостур, менин сыйынууларым жансыз болуп атты. Оозумдан чыккан сөздөр бутумдун алдына эле түшүп жаткандай. Анан: "Азыр эмне кылуу керек?" деп ойлондум. Мен мурда насаат айткан Забурдагы насааттарды окууну чечтим.

Насаат айтып жаткан учурда мен эч кандай өмүрдү, насаатымдагы майлоону сезген жокмун. Мен оюмду бир жерге топтоо үчүн күрөшүп жаттым. Кудай таптакыр эле жоктой сезилип жатты. Мен эми: "Мен эмнеге минтип айттым?", же "Муну мен кайдан алдым? Менимче Ыйык Рухтун жетегинде эмес эле, дүрбөлөңдүн жетегинде жүрөт окшойм" деп ойлой баштадым. Мен Кудай келет да, мени дуушар болгон баш аламандыктан куткарат деп, өзүмдү соорото баштадым. Бирок, баары улам начар болуп баратты. Акыры мен насаатты бүттүм.

Бүткүл кызмат 35 мүнөткө созулду.

Ушунчалык жанчылгандай абалда ордума кайтып келдим.

“Кудай, Сен эмнеге келбей койдуң?” деп сурадым мен. “Бүт кызмат эң сонун жана күчтүү болду, бирок, анда эч кандай жашоо жок эле. Бул адамдардын ордунда мен болсом, мындан ары келбей коймокмун. Жок эле дегенде, мен өзүм таптакыр ал жакка баргым келбейт”. Ошол кечте мен бир мүшөк кумду жутуп алгандай сезим менен уктоого жаттым.

Эртеси эрте менен турганда мен кум тоого айланып калганын сездим. Ушунчалык оор болгондуктан, мен керебеттен тургум да келбеди. Кубаныч мени таштап кетти. Мен сыйынууга чыктым да, кайрадан Кудайдан: “Эмне үчүн Сен келбей койдуң?” деп сурадым.

Жооп болгон жок.

> *“Мен күнөө кетирдимби? Мен Сенин көңүлүңдү калтырдымбы?”.*

Мурдагыдай эле жымжырттык. Бир саат сыйындым, ар бир мүнөт күрөш болуп жатты.

Даңктоо кассетасын коюп, даңктоо менен чогуу ырдай баштадым. Кудай мага оордуктун ордуна, мактоо кийимин берерин билдим, мен болсо так ошол оордуктан арылышым керек болчу. Анткен менен, болгону жарым сааттай гана жансыз ырдоо менен убакыт өткөргөнүмдөн кийин, ого бетер кыйналдым. “Мен эмне кылып койдум? Эмнеге Сен мага жооп бербейсиң?”

Түштөн кийин мен кошуна жердеги талаага бардым да, анан шайтанды байлап салайын дедим. Кептин баары ошондо! Бирок, ким өзүн байлангандай сезген болсо, ал мен болчумун. Мен сыйынып, шайтанга үч саат кыйкырдым, бирок, болгону үнүмдү жоготуп алдым. Кайра келип, кызматка даярдануу керек болчу. Мен өзүмдү өзүм сооротуп жаттым: “Мындай каршылык менен бүгүн кечинде Кудай Өзүн абдан күчтүү көргөзөт. Жөн гана ишеним менен бара бер Джон!”

Даңктоо, табынуу, жарыялар, курмандык чогултуулар болуп өттү, бирок менде кечекидей эле сезимдер. Кайрадан эле, Кудай мен сахнага чыгаар менен келет деп ойлодум. Мени тааныштырышты, бирок, кайра эле эч нерсе жок. Мен багыттоону

сурап сыйындым, бирок, кайра эле эч нерсе уккан жокмун.

Мурда колдонгон бир насаатты айта баштадым, бирок, дүрбөлөң мени таштабай койду. Өмүр да, багыт да, майлоо да жок эле. Бул башаламандыктан беш мүнөт өткөндөн кийин мен минтип айттым: “Эл-журт, биз сыйынышыбыз керек болуп жатат. Бир нерсе туура эмес болуп жатат!” Бүткүл чогулуш турду жана баары кызуу сыйына башташты.

## Тартынчаактык талкаланды

Мен жыйырма төрт сааттан бери биринчи жолу Кудайдын үнүн уктум. “Джон, сен сахнадагы адамдардан коркуп калгансың. Сени бийликтен ажыратып жана сендеги Кудайдын жөндөмдүүлүгүн өчүрүп салышты”.

Ушул жеңил ашкере менен бирге менин рухумду жарыктын агымы толтурду. Элдин баары беш мүнөт сыйынып жаткан маалда, Кудайдын Руху мени бүт Библия аркылуу алып өттү. Эркектер менен аялдар чөгүп турган учурда, Кудайдын жөндөмдүүлүгү аларда кантип өчүп калаарын көргөздү. Мен алар бийликти колдон чыгарып жиберишкенде Рухтагы натыйжалуулукту кантип жоготуп жиберишкендигин көрдүм. Анан Ал менин жашоомдун акыркы он жылын көргөзүп, менин да ошондой эле кылганымды айкындады.

Мен токтоосуз түрдө тартынчаактыктын жинин талкалап сыйындым. (Китептин эпилогунда ушундай сыйынуу бар). Калган он беш мүнөттүн ичинде мен Кудай көргөзүп берген аяттар аркылуу ушунчалык күйүп-жанып насаат айттым. Мен чогулуштун жарымына келип калган маалда тартынчаактыктан бошонууну каалаган адамдар алдыга чыга башташты. Бул ойгонуунун жүрүшүндөгү эң бир улуу чогулуш эле.

Бир жумага жетпеген убакыттан кийин Кудай сахнадагы күнөөнү талкалай баштады. Бас-гитарист кызматтан кийин ичип жүргөнү ачыкка чыкты. Андан тышкары даңктоочулардын бири жыйынга келип жүргөн бир кыз менен жатып жүрүптүр. Алардын экөө тең кызматтан четтетилишти. Бас-гитарист

жыйындан кетип калды, ал эми даңктоочу болсо тобо кылып жана Теңирдин артынан ээрчүүдөгү жолунда калыбына келди.

Көп өтпөй даңктоо тобунун лидери жана башка адамдардын тобу жыйында бөлүнүп-жарылууну пайда кылышты. Жыйындын төрттөн бир бөлүгү алар менен кошо кетип калышты. Бул нерсе болуп жатканда даңктоо тобунун жетекчиси ойноштукка азгырылып жүргөн экен, бир жылдан кийин күйөөсү менен ажырашып, натыйжада башка киши менен жашап калат. Жыйынга бөлүнүп-жарылуу алып келген үй-бүлөлөрдөн азыркы күндө болгону бир гана үй-бүлө никеде турат.

Бул адамдар мен алар менен өтө эле ырайымсыз болгонум үчүн арызданышкан. Кудай аларды эскерткен. Эгерде алар ошол эскертүүнү кабыл алышканда, эң жакшы болмок.

Мен ал жыйынга дагы эки жолу бардым жана мурдагыга караганда көбүрөөк биримдикти жана күчтү сездим. Кайтаруучу мага минтип түшүндүрдү: "Кудай биздин жыйынды тазалады жана биз мурдагыга караганда күчтүүрөөк болуп калдык. Биздин даңктоо менен табынуу эч ачан мынчалык эркин болуп көргөн эмес. Ал ошондой эле мурда ага чечүүгө туура келип жүргөн талашып-тартышуу менен уруш-жаңжалдар эми болбой калгандыгын айтты. Кудайга алкыш!

Ошондо беш мүнөттүк сыйынууда Кудай кылган нерсе өзүнчө насаатка айланып, аны силер азыр окуп жатасыңар. Ал мага бул тууралуу бүткүл дүйнөгө насаат айтууга мүмкүнчүлүк берди. Натыйжада, сансыз адамдар тартынчаактыктын кулчулугунан бошонду.

## Баардыгы үчүн насаат

Мен кызматтагы келишпестиктердин ичинде Теңирди издеген маалымда кафедрада туруп алган бул аяным, кафедрада тургандар үчүн эле деп ойлобогула. Эбегейсиз көп сандагы машайакчылар тартынчаактык менен күрөшүп келишет. Коркуп калган адамдар, көбүнчө эмне менен салгылашып жатканын билишпейт. Шайтандын башка кайырмактары сыяктуу эле

тартынчаактык да бет кап кийип жашырынып алган. Биз анын калтырган издерин гана сезе алабыз: депрессия, кайсалактоо, ишенимдин жетпестиги, бирок, алардын тамыры кайда жатканын билбейбиз. Эгерде мен жөн гана коркуп калгандыгымды сезген болсом, ошол жыйында ал абалда болбойт болчумун. Бирок, Кудайдын мага берген сабагы үчүн ыраазымын.

Биздин көпчүлүгүбүз тартынчаактыктын тамыры менен алектенгендин ордуна, анын тийгизген таасирлери, калтырган издери менен алектенип эле жүрө беребиз. Ошондуктан, кээде убактылуу женилденгендей болгонубуз менен, бирок, баары бир күрөшүбүз аяктабайт. Дарактагы бардык жемиштерди терип салгандан кийин деле, тамырга тийбесек, кайра эле жемиштер өсүп чыга берет. Өсүүнүн мындай цикли биздин көңүлүбүздү чөгөрүп жибериши мүмкүн. Анткени, биз ошол тоскоолдуктардан таптакыр бошоно албачудай сезебиз. Биз үмүтсүздүктү сезе баштайбыз, анан Кудай бизди чакырып алган абалдан бир топ ылдый абалда туруп алабыз.

Бул китепте жазылгандар силерге тартынчаактыкты түшүнүп калууну гана камсыздабастан, жашооңордо анын моюнтуругун талкалоого зарыл болгон нерселерге да үйрөтөт. Мен ушул китепти окуу менен жана анда жазылгандай чындыкта жүрүү менен Теңир Ыйса Машайактын кызматчылары катары эмнеге чакырылган болсоңор, ошол боштондукту алышыңар үчүн сыйынам.

Балким, силер азыр тартынчаактык менен боло турган келерки салгылашка кантип туруштук берем деп тынчсызданып жаткандырсыңар. Биз көбүнчө жашообузда бизди кыйнаган нерселерди көрөбүз, анан андан дароо эле арылгыбыз келет. Бирок, адатта шашылыш чыгарылган чечим кымбатка турат, туруктуу да болбойт, бекем да болбойт. Мен бул нерсени мага кандай ачылса, ошондой кылып этиеттик менен берейин. Кийинки үч бөлүмдө мен биздин рухий абалыбыз жана бийлигибизди түшүнүүдөн башталган пайдубалды коё баштайм.

Шайтан Ыйса аны ажыратып койгон бийликти кайрадан өзүнө кайрыгысы келгендиктен, бизди чаташтыргысы келет.

# РУХИЙ АБАЛ ЖАНА БИЙЛИК

Шайтан Ыйса аны ажыратып койгон бийликти кайрадан өзүнө кайрыгысы келгендиктен, бизди чаташтыргысы келет.

Келгиле, мага берилген сөздү талкуулап көрөлү: “Эгерде Кудай сага берген бийлик менен жүрбөй турган болсоң, анда аны кимдир бирөө алып алат да, анан сенин өзүңө каршы колдоно баштайт”.

Биринчиден, рухта биз Ыйса Машайакка ишенүүчүлөр катары кармана турган өзгөчө орун же абал бар. Абал менен кошо бийлик келет. Душман биздин бийликке суусап турат. Эгерде ал биздин Кудайдан берилген бийликти колдон чыгарып жиберишибизге жетишсе эле, анда ал аны биздин өзүбүзгө каршы колдонот. Бул анан биздин өзүбүзгө гана таасир этип калбастан, биздин камкордугубузга ишенимдүү болгон адамдарга да таасир этет.

Биздин рухтагы бийлигибиз тууралуу айтылган Жазууда бир нече аяттар бар. Келгиле, алардын кээ бирлерин карап көрөлү.

*Бардыгынан жогору турган Кудайдын үйүндө жашаган, кудуреттүү Кудайды далдаа кылган адам... (Забур 90:1).*

*Ал мени кең жерге алып чыкты, мени куткарды, анткени Ал мени жакшы көрөт (Забур 17:20).*

*Менин бутум түз жолдо турат. Жыйындарда Теңирди даңктайм (Забур 25:12).*

Ишенгендер рухта кандайдыр бир орунду түздөн-түз ээлеп турушат. Бул ишенген адам катары сен ал орунду ээлеп гана тим болбостон, аны колдонушуң да керек дегенди түшүндүрөт. Эгерде сен өз абалыңды билбесең, анда, Машайактын денесинде сен тиешелүү түрдө аракеттене албайсың.

Натыйжада, бул бийлик абалы уурдалып же жоголуп кетиши мүмкүн. Библиядагы ачык-айкын мисал катары мында Жүйүт-Искариотту карасак болот. Ыйса асманга көтөрүлүп кеткенден кийин шакирттер сыйынууга чогулушат. Ошондо Петир Жүйүт менен эмне болгонун айтып берди.

Анткени Забурда: «Анын үй-жайы ээн калсын, анда эч ким жашабасын, анын кызматын башка бирөө алсын», – деп жазылган (Элч. ишт. 1:20).

Жүйүт күнөө кылуу менен, өзүнүн рухтагы бийлигин биротоло жоготуп койду (Элч. ишт. 1:16-17). Душман көбүнчө так ушундай жолдор аркылуу адамдарды рухий жолдорунан чыгарат. Адам менен Обону да ал так эле ушундай кылып жолдон чыгарган, анан жыйынтыгында аларды кысымга алып, алардын үстүнөн жана алар башкарган бардык нерселердин үстүнөн үстөмдүк кыла баштаган.

Адам жана Обо жер бетиндеги эң жогорку абалды ээлеп турушкан. Бардык тирүү жандыктар жана жаратылыш алардын

бийлиги астында болгон. Кудай минтип айткан: Жер бетиндеги ар кандай рухий жана табийгый нерселер адамзаттын бийлигине берилген. Андан жогору Кудай гана болгон.

Адам өзүнүн бийлик абалын кармап турган маалда оору да, жер титирөө да, ачкачылык да, жакырчылык да болгон эмес. Адам Кудай менен баарлашууда болуп жана Кудайдан берилген күч жана бийликтин коштоосунда баарын башкарып турган. Күнөө кылуу менен ал өз ордун рухта Кудайдын душманына бошотуп берген.

Ыйык Жазуу муну тастыктайт: шайтан Ыйсаны чөлдө азгырганда мактанган. Шайтан аны бийик тоого алып барып, дүйнөнүн бардык падышалыктарын көрсөтүп, мындай деген:

> *Мен сага ушул падышалыктардын жана алардын атак-даңкынын үстүнөн бийлик берем, анткени ал мага арналат жана мен аны каалаган адамга берем (Лука 4:6).*

Кудай Адам атага бийликти ишенип тапшырган, ал эми шайтан бул күчтү Адамдан тартып алган. Адам жөн гана позициядан тышкары көп нерсени жоготту. Анын мындай кылганы Кудай Адам атага кам көрүүгө тапшырган бүт жаратылышка таасир эткен. Ааламдык гармония бара-бара төмөндөй баштаган.

Буга бир мисал - жаныбарлар дүйнөсү. Бакта, Кудай менен Адамдын бийлиги астында арстандар башка жаныбарларды жеген жок (Ыш. 65:25). Жыландарда өлүмгө дуушар кылган уу болгон эмес (Ыш. 65:25). Козуларда карышкырлардан же башка жырткыч жаныбарлардан коркууга негиз жок болчу (Ыш. 65:25). Бирок, күнөөдөн кийин, күнөөсүз жаныбарлар жылаңач кишини кийиндирүү үчүн курмандыкка чалынганын көрүп жатабыз (Башт. 3:21). Кийинчерээк болсо, мурун адамдар башкарып келген жаныбарлар менен адамдардын ортосундагы мамиледе коркуу сезими кандайча өкүм сүрөрүн көрөбүз (Башт. 9:2).

Мунун кесепети жердин өзүндө эле байкалган. Топурак каргышка калып, сыягы, адам тарабына эмес, анын каршы тарабына өттү. Бирок, адам бир кезде ага мол түшүм берген жердин түшүмүн алуу үчүн, (Башт. 3:17-19) маңдай терин төгүп эмгектенди. Римдиктер 8:20да: «Анткени жаратылгандын бардыгы курулай убаракерчиликке өз каалоолору менен эмес, өздөрүн баш ийдиргендин каалоосу боюнча баш ийишкен», - деп айтылат.

Жерде рухий жана физикалык эч нерсе тил албастыктын кесепеттеринен кутулган эмес. Жер бетин адилетсиздик, өлүм, оору, жакырчылык, жер титирөө, ачарчылык, эпидемиялар жана башка каргыштар каптады. Кудайдын буйругу жана бийлиги жоголгон. Адамдын тун баласы жек көрүү, көрө албастык жана өлтүрүүнү билген. Душман Кудайдын коргоого жана камсыз кылууга берген күчүн тартып алып, аны бардык жаратылууга, өлтүрүүгө жана жок кылууга каршы колдонгон.

## Калыбына келтирилген бийлик

Ошентип, адам өз позициясын, бийлик абалын берип койду жана аны өзү гана калыбына келтире алмак. Миңдеген жылдардан кийин Ыйса төрөлгөн. Анын энеси Кудай менен келишим түзгөн элдин кызы болгон. Анын атасы - Ыйык Кудайдын Руху. Ал адам эмес жана Кудай эмес. Ал Эммануил болгон, ал «Кудай биз менен» дегенди билдирет (англисче котормосунда - «Адамда көрүнгөн Кудай») (Мт. 1:23). Анын адам экендиги ага жоготконун мыйзамдуу түрдө кайтарып алууга мүмкүнчүлүк берди. Анан да, Ал Кудайдын Уулу болгондуктан, адамзатты кулга айландырган душмандын бийлигинен Ал эркин болгон.

Ал ар бир ишинде жана сөздөрүндө Кудайдын эркин ачып берген. Күнөөлөр кечирилди, анткени, Анын алдында эч кандай күнөө күчкө ээ эмес. Алсыздык жана оору Анын бийлигинин жана аброюунун алдында баш ийди (Лука 5:20-24). Табият өзү Анын буйруктарын аткарган (Марк 4:4). Ал Адамдын колунан

чыгарып жиберген күч менен жүргөн. Ыйса баш ийүү жана курмандык чалуу аркылуу Адам ата жоготуп жиберген Кудай берген бийликти калыбына келтирди жана ушул аркылуу биздин Кудай менен болгон мамилебиз да калыбына келди.

Атасына кайтып келерден мурун, Ыйса мындай деп жарыялаган: «Асмандагы жана жер үстүндөгү бардык бийлик Мага берилди.

> *Баргыла да, бардык элдерди Мага шакирт кылгыла. Аларды Ата, Уул жана Ыйык Рухтун атынан сууга чөмүлдүргүлө. Силерге буйругандарымдын бардыгын аткарууну аларга үйрөткүлө. Бул дүйнөнүн акырына чейин, бардык убакта Мен силер менен болом» (Мт. 28:18-20).*

Мындан ачык-айкын көрүнүп тургандай, Ыйса Адам жоготкон нерсени жана андан дагы көп нерсени кайтарып берген. Шайтан менен Адам жер үстүндө гана бийлик жүргүзүшкөн, бирок, Ыйсанын бийлиги жерди гана эмес, асманды да камтыйт. Ыйса шайтан ажыратып койгон бийликтин абалын андан да жогору көтөргөн. Ыйса бизге өзүнүн абалын жана бийлигин ачып бергенден кийин: «баргыла» деди. Эмне үчүн Ыйса биздин бийлик менен биздин чакырылуубуздун ортосундагы байланышты орнотту? Бул суроонун жообун элчи Пабылдын каттарынан таба алабыз.

## Бийликтин позициясы

Пабыл бизди буларды таанып билсин деп сыйынган (Еф. 1:19-20): «Анын бийлиги бар күчүнүн таасири астында ишенген биздин ичибизде аракеттенип жаткан Анын кудурети канчалык ченемсиз экендигин таанып билишиңер үчүн, жүрөгүңөрдүн көздөрүн ачсын деп сыйынып жатам. Кудай Машайакты өлгөндөрдүн арасынан тирилтип, асманда Өзүнүн оң жагына отургузганда, ошол эле күч Машайактын ичинде аракеттенген”.

Байкасаңар: «асманда» деген жекелик түрдө эмес. Пабыл

«асманга» деп так айткан. Мунун себебин төмөндөгү бир нече аятты окуганда таба алабыз: Кылмыштарыңардын жана күнөөлөрүңөрдүн айынан өлгөн силер... бизди Машайак менен бирге тирилтип, Машайак Ыйса аркылуу асманга отургузду” (Эф. 2: 1, 6). Бул «асман» Анын куткарылган балдары жашаган жер.

Эми дагы башка бир суроо: бул «асман» кайда жана ал жакта кандай абалда? Бул суроонун жообун Эфестиктерге 1:21 ден таба алабыз: «Аны бардык башчылыктан, бийликтен, күчтөн жана үстөмдүктөн, ошондой эле, азыркы мезгилде гана эмес, келечекте да атала турган бардык ысымдардан жогору койгон».

Машаякта жашырылган куткарылган адамга, шайтандан жогору турган рух берилет. Ыйса тайманбастык менен жарыялаган: “Мен силерге жыландарды, чаяндарды жана душмандын бардык күчүн тебелеп таштагыдай бийлик бергем. Эми эч нерсе силерге зыян келтире албайт” (Лука 10:19).

Эми биз: «Баргыла» деген буйрукту түшүнө алабыз. Ыйса ишенгендерге берилген бийликти билген. Биздин кайра жаралуу укугубуз бизди ушул «асманда» душмандын бийлиги менен күчүнөн жогору койду.

Эйден багында Адам ата менен кылган сыяктуу эле, бүгүнкү күндө да шайтан бизди рухта жеңип, Ыйса аны ажыратып койгон күчтү кайтарып алуу мүмкүнчүлүгүн издеп жатат. Эгер шайтандын колунан бизди уурдап же бул бийликтин ордун кийинкиге калтыруу келе турган болсо, анда ал дароо иш-аракет кылышы мүмкүн. Пабыл бул жөнүндө абдан ачык айткан:

> *«Шайтанга орун бербегиле» (Эф. 4:27). Ишенүүчүлөр катары биз рухтагы ордубуздан баш тартпашыбыз керек.*

## Падышачылыктын иерархиясы

Кудайдын падышачылыгы чындыгында эле падышачылык экендигин түшүнүшүбүз керек. Падышачылыктар субъекттердин даражасына жана ыйгарым укуктарына ылайык

курулат. Асмандагы ээлик дагы мындан четте калбайт. Даража канчалык жогору болсо, таасир жана күч ошончолук көп болот.

Бакта шайтан пилдин же арстандын артынан чуркаган эмес. Ал бийликтин принцибин түшүнүп, адамга аңчылык кылган. Шайтан бир адамга ээлик кылса, анын колунда жана башкаруусунда болгондун бардыгын алаарын билген.

Ошондуктан, шайтан жыйынга чабуул койгондо, лидерлер анын биринчи бутасы болот. Жакында эле, чоң жыйналыштын кайтаруучусу аялынан ажырашууну чечкен. Буга библиялык себептер болгон эмес, ал жөн гана аялын жана балдарын таштап кеткен. Анын жетекчилиги астындагы лидерлер мындай аракеттердин себептерин сураганда, ал эгерде аларга бир нерсе жакпаса, жөн эле кете берсе болот деген.

Ал Кудайдын осуятын атайылап бузуп, өз коомунда ажырашуу жана алдамчылык рухуна жол берген. Андан кийин жыйында, анын ичинде лидерлердин арасында да ажырашуулар көбөйгөн. Башкалары болсо жөн эле көңүл чөгүүдө калган. Баштары маң болуп, ишеничтүү бирөөнү табам деген максатта, жыйындан жыйынга көчүп жүрүшкөн. Качан шайтан үйдөгү эң күчтүүлөрдү кулатканда, анын коргоосунда тургандар да душман га жеткиликтүү болуп калышат.

Ата-энелер Кудайдын осуяттарын атайылап бузуп жатышканын көрүп калам. Мындай учурда балдар алардын үлгүсүн алышат - бул убакыттын гана маселеси. Силер бул каргыш деп айта аласыңар. Бирок, эмне үчүн мындай болуп жатат деген суроо туулат? Күнөө жасоо менен, ата-энелер өзүлөрүнүн ыйгарым укуктарынан баш тартышат жана балдарын душмандын алдында алсыз кылып алышат.

## Теңирдин душмандарына мүмкүнчүлүк берүү

Бул принциптин мисалын Дөөттүн жашоосунан таба алабыз (2 Шемуел 8:18). Падышачылык анын бийлиги астында бекем жана коопсуз болгон. Кудай ага көптөгөн уул-кыздарды берген. Андан кийин Дөөт Кудай бербеген нерсени алды:

Батшеба менен ойноштук кылды. Ал кош бойлуу болуп, анын күйөөсү согушта жүргөндүктөн жана ал Дөөттүн ээлигин коргоп жүргөндүктөн, маселе ого бетер татаалдашкан.

Дөөт Батшебаны күйөөсү Урий менен жатууга жиберген, анткени баары баланын атасы ал окшойт деп көрүнгөндөй болушун каалаган. Бирок, Урий Дөөткө жана анын падышачылыгына берилгендиктен, башка жоокерлер согушта курман болуп жаткан маалда аялы менен жакын мамиледе болуудан баш тартууну чечет. Дөөт күнөөнү жашыруу планы ишке ашпай жаткандыгын түшүнгөн. Ал Урий Батшебанын кош бойлуу экенин билгенге чейин, убакыттын гана маселеси экендигин билген. Ошондо баланын атасы Дөөт болгонун баары түшүнүшөт.

Андан кийин Дөөт Урийди өлтүрүүнү пландаштырган. Падыша аны өзүнүн өлүмүнө байланыштуу буйрукту колуна берип, фронтко жөнөткөн. Урий салгылаштын эң ысык бөлүгүнө жиберилип, аны душмандар курчап алганда, аны менен согушкандар артка чегиништи. Урий душмандын колуна түшүп калган. Дөөттүн ойноштугу алдамчылыкка, калпка жана киши өлтүрүүгө алып келген.

Көп өтпөй Натан пайгамбар Дөөткө келип, анын күнөөсүн ачыкка чыгарат. Дөөт: «Мен Теңирге каршы күнөө кылдым», - деп мойнуна алды. Ошондо Натан Дөөткө мындай деди: «Теңир сенин күнөөңдү алып салды, сен өлбөйсүң» (2 Шем. 12:13).

Дөөт кечирилген, бирок, ал Теңирдин душмандарына өзүнүн жана өз үй-бүлөсүнүн жашоосунда мүмкүнчүлүк берип койгон. Физикалык душмандарга гана эмес, руханий душмандарга дагы. Анын үй-бүлөсү жана бүткүл Израиль эли аябай кыйналды.

Батшебадан төрөлгөн Дөөттүн биринчи баласы көз жумган. Дөөттүн тун уулу, тактынын мураскери Амнон өзүнүн карындашы Тамарды зордуктаган. Абышалом, Дөөттүн уулу жана Тамардын бир тууганы, өчүн алып, өзүнүн бир тууган агасы Амнонду өлтүргөн.

Абышалом көптөгөн ысрайылдыктардын жүрөгүн Дөөткө каршы буруп, анын тактысын басып алды. Ал атасынын токолдоруна барып, ысрайылдыктарга Дөөттү өлтүрүп салууну буйрук кылган. Бирок, план ишке ашпай, Абышалом өлтүрүлгөн.

Дөөттүн үч уулу каза болгон, анткени ал күнөө кылып, Кудайдын душмандарына үй-бүлөсүн ачып койгон. Мен кызматчылардын баңги заттарды колдонгон, жыйынга кас болгон, кумарларга жана гомосексуализмге байланган балдарын көрдүм. Себеби, күнөө аркылуу алардын ата-энелери рухтагы абалынан баш тартышкан. Биз Ыйык Китепте: “Бир туугандарым, бизге, окутуучуларга, сурак катуураак болорун билесиңер, ошондуктан баарыңар эле окутуучу боло бербегиле” деген сөздөргө олуттуу карашыбыз керек (Жакып 3: 1). Мугалимдер (пасторлор) баш ийбестиктин кесепеттеринен улам катаал соттолушат. Алар өздөрүнө гана эмес, алардын жетекчилиги астындагыларга дагы зыян келтиришет. Кудай аларды да, Дөөттү да кечирет. Бирок, алар дагы деле сепкен нерселерин жыйнап алышат. Анткени, душманга орун берилди!

Бул катуу сөздөр экенин түшүнөм. Мен силерге бардык момундук менен кайрылам жана бул саптарды коркуу жана титирөө менен жазып жатам. Айрыкча, кызматчылардын башына келген көптөгөн кырсыктарды көрдүк. Биз соттоп, айыптабашыбыз керек. Биз кечирип жана жыгылгандарга жардам колубузду сунушубуз керек. Эгер алар тообо кылышса. Кудай кечирет. Бирок, мен бул сөздөрдү душмандын бутасында турган адамдарга көрсөтмө жана эскертүү катары жазып жатам. Баарыбыз момундукта жана калыбына келтирилген абалда жүрүшүбүз керек.

Менин төрт уулум бар. Алардын жашоосу үчүн менин алдымда өтө чоң жоопкерчилик жана жооп берүүчүлүк бар экендигин түшүндүм. Алар - Кудайдыкы, мен болсо жөн гана алардын үстүнөн коюлган башкаруучумун. Мен шайтанга орун берип койгондуктан, алардын жашоосу бузулганын эч качан көргүм келбейт.

Мен жардамчы кызматчы болуп турганда, алар Кудайдын чакырыгын аткарышы үчүн, насаатчылардын жашоосундагы ар кандай майда-чүйдө нерселер үчүн кам көрчүмүн. Мен алардын кийимдерин тазалап, балдарын мектептен алып, машиналарын жууп ж.б. иштер менен алектенчүмүн. Бир жолу Кудай мага кызматка сергек жана жайбаракат кароого мүмкүнчүлүк берген бир нерсе айтты. Ал мындай деди: «Уулум, эгер сен ушул абалдагы ишти бузуп ала турган болсоң, анда аны оңдоо оңой, анткени сен физикалык нерселер менен алектенесиң. Бирок, мен сени кызмат ордуна койгондо, сен адамдарды жетектейсиң жана ошондо картага алардын жашоосу коюлуп калат».

## Ташталган бийлик

Бул бөлүмдүн максаты - руханий позиция жана бийлик жөнүндө түшүнүк берүү. Биз күчүн жоготкон же Кудайдын душманына күчүн берип койгон айрым адамдардын мисалдарын көрдүк. Шайтан колунан келгендин баарын кылып, силердин жашооңорду күнөөгө батырып, бийликти уурдап алууга аракеттенет. Эгер силер чын жүрөктөн Теңирибизге кызмат кылууну кааласаңар, ошондо деле шайтан тартынчаактык жана уялуу аркылуу силерди Машаяктагы абалыңардан чыгарып салууга аракет кылат.

Уялчаактыктан арылуунун биринчи кадамы - жүрөгүңөрдүн абалын жакшылап текшерип чыгуу. Кийинки бөлүмдө мен муну кантип жасоону сүрөттөп берем.

# ЭКИ ЧЕК

Ошого ылайык жашаган акылмандык жана мүнөз болбосо, аян эч кандай мааниге ээ болбой калат.

Бир нече көз ирмемде, Кудайдын Руху рухуңарга өзүнүн байлыгын төгө алат. Бирок, ага ылайык жашоого акылмандык жана мүнөзүңөр болбосо, аян эч нерсеге арзыбайт. Ыйык Рух мага тартынчаактыкты талкалай турган аяттарды ачып бергенде, ал ошондой эле мага, ишенүүчүнүн жашоосун тең салмактуулуктан чыгара турган эки чекти көрсөттү. Биринчиси, бийлик кумары, экинчиси - жалган момундук (баш ийгендик). Тиметейдин жашоосунан туура балансты табабыз, ал жалган момундуктун ордуна Кудайга жаккан мүнөздү өөрчүтүп, Кудайдын белектерин өөрчүтүп, таасирдүүлүктү издеген эмес.

## Таза жүрөк

Листрада элчи Пабыл Тиметей менен биринчи жолу жолуккан. Бул жигиттин энеси машайакчы еврей, ал эми атасы грек болгон.

*Пабыл Тиметейдин аларга кошулуп, аларды сапарда коштоп жүрүүсүн каалаган. Ал Пабылдын ар кандай муктаждыктары жөнүндө кам көрүшү керек болчу (Элчилер 19:22).*

Убакыт өтүп, Тиметейдин ишенимдүүлүгү сыналды. Ал кызматка көтөрүлүп, ага Жакшы Кабарды жарыялоо кызматы тапшырылган жана ал Эфесттеги жыйындын кайтаруучусу болгон. Тиметейге жазган экинчи катында Пабыл мындай деп жазган:

*"Сенин чыныгы ишенимиңди эсиме түшүрөм, мындай ишеним адегенде сенин таенең Лойис менен апаң Ойникеде бар эле, сенде да бар деп ишенем. Ошондуктан сага эскерте кетейин: менин кол коюп сыйынуум аркылуу Кудайдан берилген жөндөмдүүлүгүңдү жалындат (2 Тим. 1:5-6).*

Пабыл Тиметейдин ишеними эки жүздүү болбогонун белгилеп жатканын көрүп жатасыңар. Бул жигиттин жүрөгү таза болчу. Ал кандайдыр бир алдамчы болгон эмес. Дагы башка бир катында Пабыл мындай деп жазган: "Силердин алабалыңарды билип, көңүлүм тынчыш үчүн, жакында силерге Тиметейди жиберем деп, Ыйса Теңирден үмүттөнөм. Анткени силер үчүн чындап кам көргөн андан башка эч кимим жок. Анткени баары тең эле Ыйса Машайакка жакканды эмес, өздөрүнө жакканды көздөшөт. Анын ишенимдүү экенин билесиңер. Анткени Жакшы Кабар таратуу ишинде ал мага уулу атасына кызмат кылгандай кызмат кылды» (Флп. 2:19-22).

Мындан Тиметейдин мүнөзүнө эч кандай даттануу болбогону айдан ачык көрүнүп турат. Ыйсанын жолдоочулары үчүн мүнөз биринчи орунда турушу керек. Биздин Атабыз күчтү эмес, мүнөздү издейт. Кайгылуу, бирок чындык: көптөгөн Ыйсанын жолдоочулары Кудайга жаккан мүнөздүн калыптанышын калтырып, Рухтун майланышына жана күчүнө умтулушат. Корунттуктарга Биринчи кат бизди: «Сүйүүгө жеткиле; рухий белектерге ынталуу болгула», - деп үйрөтөт.

Бирок, биз бул осуятты бурмаладык. Биз белектерге жана майлоолорго умтулабыз жана сүйүүнүн жемиши жашообузда жөн гана болушун каалайбыз. Кудай - бул сүйүү жана сүйүү менен жүрмөйүнчө, биз Анын табиятын көрө албайбыз.

## Биринчи чек: мүнөздү эмес, күчтү издөө

Кээ бир машайакчылар алыскы аралыктарды, жүздөгөн чакырымдарды басып өтүп, керемет жасоого, пайгамбарчылык менен майланган кызматка кирүүгө даяр. Бирок, алар өз жүрөктөрүндө каарданүү, кечиримсиздик жана ачуу сезимдер менен күрөшүүгө даяр эмес. Албетте, алар мүнөзгө эмес, күчкө басым жасашкандыгы көрүнүп турат. Мындай кызматтардагы руханий көрүнүштөр балким, Кудайдан болсо керек, бирок, биз ички дүйнөбүздө да иштешибиз керек. Жыйын жаңылануунү башынан өткөрүп жатса дагы, күнөө менен күрөшүү керек. Адамдардын Кудайдын күчүнө ушунчалык ачка болгондугу сонун, бирок, жүрөгүбүздүн тазалыгына да көңүл бурбай койбойлу.

Биз көптөгөн кызматчылардын кантип кулаганын көрдүк. Бирок, алар бир кезде адеп-ахлаксыздыкка барышкандыктан кулаган жок. Жок, алардын кыйрашы эртерээк башталган, Кудай менен болгон жеке мамилелерине караганда, кызматтагы ийгилик көбүрөөк маанилүү болуп калган күнү башталган. Анан да муну биз кызматчылардын арасында гана эмес, алардын жамааттарынын ортосунда дагы көрдүк.

Ыйса айткан: «Жүрөгү таза адамдар бактылуу, анткени алар Кудайды көрүшөт» (Матай 5:8). Ал: «Кызматы ийгиликтүү болгондор бактылуу» деп айткан эмес. Ал таза жүрөк болбосо, Кудайды көрбөйсүң деди! Албетте, Ыйса гана бизге таза жүрөк бере алат. Биз аны өзүбүз иштеп таба албайбыз. Бул баа жеткис жана ошол эле учурда бекер-акысыз. Баа жеткис, анткени бул Кудайдын Уулунун өлүмүнө турду. Акысыз, анткени аны издегендердин баарынан эч нерсе талап кылынбайт.

Адатта мен мындай деп сыйынчумун: «Кудайым, мени

жоготкон жандарды табуу үчүн колдон. Мени адамдарды айыктырып, бошотуу үчүн колдон». Мен ушундай жол менен сыйындым - Кудайды издөө деңгээлим ушундай болчу. Менин эң жогорку максатым - ийгиликтүү кызматчы болуу эле.

Бирок, бир күнү Ыйса менин көз карашым туура эмес экендигин көрсөттү. Ал мындай деп мени таң калтырды:

«Джон, Жүйүт жиндерди кууп, оорулууларды айыктырып, Жакшы Кабарды жарыялады. Ал менин шакиртим болуш үчүн өз бизнесин таштап кетти, бирок ал бүгүн кайда?» Бул мага бир тонна кирпичти үстүмө таштап жибергендей болду! Кудай сөзүн улады:

«Ыйсанын жолдоочусунун улуу чакырылуусунун мааниси Кудайдын күчү же кызмат эмес, максат - Мени таанып билүү» (Флп. 3:10-15 кара).

Кийинчерээк, аялым Кудай аны дагы ушундайча колдонсо экен деп сыйынганда, Ыйса ага: «Лиза, сени качандыр бир кезде пайдаланды беле?» - деп сурады.

Ооба, - деди ал.

- Анан өзүңдү кандай сездиң?

- Мен мага чыккынчылык кылып жаткандай сездим.

Теңир сөзүн улантты: «Лиза, мен адамдарды пайдаланбайм. Мен аларды майлайм, айыктырам, ылайыкташтырам жана Менин образыма ылайыктап өзгөртөм, бирок, Мен аларды колдонбойм».

Аялда бир гана каалоо - күйөөсү үчүн балдарды төрөп берүү гана болгон жердеги үй-бүлөлүк мамилени кандай сүрөттөй алат элең? Ал ошол үй-бүлөгө тукумду төрөйүн дегенде гана ынак мамилеге кирет. Ал күйөөсүн адам катары, инсан катары эч кандай кызыктырбайт.

Билем, бул акылга сыйбаган нерсе. Бирок, бул биз өзүбүз Кудай менен болгон мамилебизден ырахат албай туруп эле, «адамдарды куткаруу үчүн бизди колдон» деп Ага кайрылганга окшош эмеспи? Кудайга жакын болгондо, биз Анын «Кудайын

урматтаган адамдар чыңдалат жана иш-аракет кылышат» деген так аныктамасын кайра жаратабыз - өндүрөбүз (англисче котормосу - «Кудайды билген адамдар күчкө толушуп жана улуу эрдиктерди жасашат» - болжолдуу котормо) (Даниел 11:32).

Пабылдын жалгыз гана каалоосу Аны билүү болгон (Флп. 3:8-10). Муса: «Сени таанып-билишим үчүн, Мага сенин жолуңду ач» деген (Ыш. 33:13). Дөөт ыйлап: «Теңирден мен бир гана нерсени сурадым, ошону гана издеп келем: өмүр бою Теңирдин үйүндө болгум келет, Теңирдин сулуулугун көргүм келет, Анын ийбадатканасына барып тургум келет" (Заб. 26:4). Дагы бир жолу: «Жаным Сага суусайт, денем Сени эңсейт» (Забур 63:1).

Библияда Кудай жөнүндө билимди эңсеген эркектер менен аялдар Ага ишенимдүү бойдон калышты жана Ал белгилеген жарышты аякташты. Алар бекем берилгендиктин бүтүндөй принцибин үйрөнүштү.

Башка адамдар өздөрүнүн руханий жактан жетилгендигин пайгамбарлык кылуу же белек-бечкекке умтулуу менен гана өлчөшкөн. Бирок, белектер эмгек акы үчүн берилбестигин унутпагыла. Эшек да пайгамбарчылык кылып, рухтар дүйнөсүн көргөн. Короз үч жолу кыйкырып, Петирди ашкерелеген. Мына ушулар эмне, жаныбарларды руханий кылабы?

Ыйса көптөр Аны Теңир деп атап, Анын Падышачылыгына кирүүгө үмүттөнөрүн, бирок, алар четке кагыларын айткан. Алар кереметтерди жасашат, жиндерди кууп чыгышат жана Анын атынан пайгамбарчылык кылышат. Бирок, Ал мындай деп жооп берет:

> *«... Менин жанымдан кеткиле, мыйзамсыз иш кылуучулар" (Мт. 7:23).*

Кудайдын майлоосу – бул Кудайдын шыктандыруусу эмес. Шабул Кудай андан баш тарткандан кийин пайгамбарчылык кылган (1 Шемуел 19:23-24). Кайапа пайгамбарчылык кылган, бирок, анын бир максаты болгон - Кудайдын Уулун өлтүрүү (Жакан 11:49-51). Анын эркине баш ийүү үчүн, бизде Кудайдын

жүрөгү болушу керек. Ансыз биз Анын майлоосунун көлөкөсүндө мыйзамдуулук жана кумарлануу менен кыйналган абалда жөн гана жүрө беребиз. Билам пайгамбарчылык кылган жана анын пайгамбарчылыктары чын болуп чыккан. Бирок ошентсе да, ал сыйкырчы-көзү ачыктын өлүмү менен көз жумган - Ысрайыл убадаланган жерди ээлеп алганда, ал кылычтан өлгөн.

Пабыл Тиметейдин артыкчылыгын анын жүрөгүнүн тазалыгы жана кызматындагы ишенимдүүлүгү менен аныктаган. Биз өзүбүз жүргөн жерде ушундай стандартты орнотуп жана Ыйык Рухтун бизди таразалашына жол беришибиз керек. Тартынчаактык руху менен согушка чыкканда, бул шарттын өзгөчө маанисин баса белгилеп айтууга болбойт. Мындай түшүнүк болмоюнча, бул кабардын чындыгы силерди бошотпойт, ал тургай, ал жардам бергенден көбүрөөк зыян келтириши да мүмкүн. Анткени, боштондукка чыгуучу күчтү сөздүн өзү көтөрүп жүрбөйт, бирок алардын артында турган рух менен маани күчтү алып алып жүрөт.

Кырдаалды түшүндүрүп берүү үчүн, биз Петирдин эскертүүсүн эске алалы: «*Биздин сүйүктүү бир тууганыбыз Пабыл да өзүнө берилген акылмандуулук менен силерге жазып жибергендей, биздин Теңирибиздин чыдамдуулугун куткарылууңар катары эсептегиле. Пабыл бул жөнүндө бардык каттарында айтат. Ошол каттарындагы кээ бир нерселерди түшүнүү кыйын, аларды түркөй, бекемделе элек адамдар башка жазууларды бурмалагандай эле, өздөрүн өздөрү жок кылуу үчүн бурмалашат” (2 Петир 3:15-16).*

Кудай менен иш алып баруунун формуласын издегенден көрө, Кудай менен туура мамиледе болууга умтулушубуз маанилүү. Ушундан улам, келгиле, Пабылдын 2 Тиметейге жазылган катындагы сөздөрүн карап чыгалы. Тиметейдин жүрөгүнүн тазалыгы жөнүндө айткандан кийин, Пабыл мындай деп жазган: «Ошондуктан сага эскерте кетейин: менин кол коюп сыйынуум аркылуу Кудайдан берилген жөндөмдүүлүгүңдү жалындат» (2 Тим.1: 6). Анда «ошондуктан» деп жазылган. Пабыл Тиметейге Кудайдын белектерин бошотуу жөнүндө

берген көрсөтмөсү, эгер анын ишеними чын жүрөктөн болбосо, натыйжасыз болмоктугу жөнүндө айтылып жатат. Келгиле, андан ары жүрө берели.

## Экинчи чек: жалган момундук

*Сенин чыныгы ишенимиңди эсиме түшүрөм, мындай ишеним адегенде сенин таенең Лойис менен апаң Ойникеде бар эле, сенде да бар деп ишенем. Ошондуктан сага эскерте кетейин: менин кол коюп сыйынуум аркылуу Кудайдан берилген жөндөмдүүлүгүңдү жалындат (2 Тим.1:5-6).*

“Ошондуктан сага эскерте кетейин.» Пабыл Тиметейге жазган биринчи катына кайрылып, анда мындай деп айткан: «менин кол коюп сыйынуум аркылуу Кудайдан берилген жөндөмдүүлүгүңдү жалындат” (1 Тим. 4:14). Пабыл Тиметейдин көңүлүн Кудайдын белегин кайдыгер калтырбоонун маанилүүлүгүнө бурган. Бул тууралуу ал экинчи жолу жазып жатат жана ушул эскертүүнү каттын башына коёт.

«Белекке кайдыгер карабоо» деген эмнени билдирерин изилдөө үчүн антонимдерди, «кайдыгер» сөзүнө карама-каршы келген сөздөрдү карап көрөлү:

*Аткаруу, жетүү, иш-аракет кылуу, көңүл буруу, кам көрүү, ишке ашыруу, эске алуу, аягына чейин чыгаруу.*

Бул сөздөрдүн бардыгы иш-аракеттердин жана бийликтин сөздөрү. Алардын көпчүлүгүнүн оозеки жана номиналдык формалары бар. Алар позитивдүү жана чечкиндүү. Кудай Сөзүнүн маанисине тереңирээк кириш үчүн, «кайдыгер» деген сөз эмнени билдирерин карап көрөлү:

Бузуу, кароосуз калтыруу, токтотуу, көрмөксөнгө салуу, тоготпоо, көңүл бурбоо, баалабоо, басынтуу, көз жаздымда калтыруу.

Ушул терс сөздөрдүн бардыгы иш-аракеттердин, чечкиндүүлүктүн жана күч-кубаттын жетишсиздигин тактап көрсөтөт. Бизге ишенип берилген нерсени четке кагуу өтө олуттуу жана салмактуу. Эгерде олуттуу болбосок, жоготууларга учурайбыз.

Бийлик кумарына карама-каршы келген чекит, мен айткандай, жалган момундукта жашайт. Бул абалда жашаган адамдар Кудайдын мүнөзүнө умтулуунун маанилүүлүгүн түшүнүшөт, бирок жарым жолдо токтоп калышат. Алар корккондуктан, Кудайдын белектерин өз өмүрлөрүндө колдонууга эч качан тобокел кылышпайт. Алар тирешүү менен байланышкан бардык нерселерден качышат, муну сүйүүнүн жоктугу же машайакчылык мүнөзүнүн жоктугу деп эсептешет.

Мен мындай адамдарды «тынчтыктын сакчылары» деп аныктайм. Бир караганда, «тынчтыкты сактоо» жагымдуу болуп көрүнүшү мүмкүн, бирок, Ыйса эч качан: «Тынчтыкты сактоочулар бактылуу» деп айткан эмес. Ал минтип айткан:

«Тынчтык орнотуучулар бактылуу, анткени алар Кудайдын уулдары деп аталат» (Матай 5:9). Тынчтыкты сактоочу тынчтыкты кандай гана болбосун сактап турат. Ал тынчтык деп адашып кабыл алып алган өзүнүн жеке коопсуздук сезимин сактап калуу үчүн, каалагандай ийилет.

“Тынчтык орнотуучулар бактылуу, анткени алар Кудайдын уулдары деп аталат» (Матай 5:9). “Тынчтыкты сактоочу” тынчтыкты кандай гана баа менен болбосун сактап турат. Ал өз коопсуздугу үчүн кам көрүп, тынчтык деп эсептеген жалган сезимди сактап калуу үчүн кандай болсо да ийилет.

Экинчи жагынан, тынчтык орнотуучу тайманбастык менен тирешүүгө бара алат жана ага кандай гана зыян алып келбесин, ал өзү жөнүндө ойлобойт. Тескерисинче, анын максаты - Кудайга жана адамдарга болгон сүйүү. Ушул шартта гана чыныгы тынчтык орнойт.

Кудайдын Падышачылыгында тынчтык бар (Рим. 14:17). Бирок, бул тынчтык тирешүүнүн жоктугунан келип чыкпайт.

Ыйса белгилегендей, «Асман Падышачылыгы күч менен алынат» (Матай 11:12). Кудайдын Падышачылыгынын алга жылышына катуу каршылыктар бар.

Көбүнчө «мен буга көңүл бурбайм, баары өтүп кетет» деп ойлойбуз. Бирок, биз ойгонушубуз керек жана биз эмне менен тирешүүгө барбаган болсок, анда аны өзгөртө албагандыгыбызды түшүнүшүбүз керек!

Сүйүктүү бир туугандар, силерге жалпы куткарылуу жөнүндө жазууга дилгир элем, бирок, мен ыйыктарга бир ирет берилген ишеним үчүн күрөшүүгө силерди чакырууну зарыл деп таптым (Жүйүт 3).

Ал жөн гана жакшылыкка үмүттөнбөстөн, «аракет кыл, умтул» дейт. Бул «салгылашуу» же «күрөштө жеңүү» дегенди билдирет. Машайакчылык бул жөн гана жеңил жашоо эмес! Табигый дүйнөдө да, рухий дүйнөдө да Кудайга болгон умтулуубузга туруктуу каршылык бар!

Пабыл Тиметейди мындай жол менен бекемдеген: «Ыйса Машайактын жакшы жоокериндей болуп кыйынчылыктарга чыда. Эч бир жоокер өзүнүн аскер башчысына жагуу үчүн, тиричилик иштерине байланбайт” (2 Тим. 2: 3-4). Биз согушка катышып жатабыз. Биз өзүбүзгө жоокерлердей карашыбыз керек. “Жамандыкка жеңилбе, тескерисинче, жамандыкты жакшылык менен жең” (Рим. 12:21).

Пабылдын Эфес жыйынынын пастору Тиметейге жазган каттары командирдин буйруктарын эске салат. Тиметей кыйынчылыктарга туш болду. Жалган окутууларды ашкерелеп, уруш-талашты токтотуп, лидерлерди көтөрүү керек болчу - бир сөз менен айтканда, жыйын күчтүү жана жеткилең болушу үчүн бардыгын жасаш керек болчу. Бул анын алдындагы ачык көрүнгөн көптөгөн милдеттердин бир канчасы гана болчу.

Мен тирешүү үчүн көптөгөн мүмкүнчүлүктөр болгон деп ишенем. Жыйында Тиметейге таза эмес жана жетиле элек адамдар тарабынан айыптоолор жана жалаа жабуулар болгондугуна толук ишенем. Башка нерселерден тышкары,

ал дагы бир жагдайды - жаш курагын жеңиши керек болчу. Ал жаш жигит болчу жана көпчүлүгү жыйында андан улуу адамдар болчу. Бул өзү эле тартынчаактыкка жол ачат. Ушунун бардыгына карабастан, Пабыл Тиметейге күчтүү болууну, ага берилген нерсени унутпашы керектигин айткан. Пабыл Тиметейге Кудай берген бийликке баш ийүү керектигин дайыма эскертип келген. Балким, Тиметей бир жолу артка чегинген чыгаар, бирок Пабыл мындай деп жазган:

> *Ушул нерселерди айтып, үйрөт (1 Тим. 4:11).*
>
> *Кемчиликсиз болуулары үчүн, аларга ушуларды үйрөт (1 Тим. 5:7).*
>
> *Ошентип, уулум, Машайак Ыйсадагы ырайым аркылуу күч алгын (2 Тим. 2:1).*

Балким, Тиметей бүгүнкү күндөгү көптөгөн машайакчылардай болгондур - алар Кудайды сүйүшөт, бирок тирешүүдөн алыс болушат. Бирок, каршылаштардан коркуу силерди уялчаактыкка оңой эле алып барып коёт.

Эгер силерде ушундай коркуу сезими бар болсо, анда бул билдирүү силерге кайраттуулук жана эркиндик алып келсин. Кудай силердин эркин адам болууңарды, Кудай кандай адам бол десе, ошондой адам болууңарды каалайт. Корксоңор, анда эч кандай кубаныч жок болот. Ал эми, кубанычсыз күч да болбойт. Коркуу сезими болгон жерде, тынчтык болбойт. Бирок, тоскоол болгон тоскоолдуктардан арылсаңар, зор кубаныч жана тынчтыкка ээ болосуңар!

*4-бөлүм*

# КУДАЙ КОШО ЖАРАТКАН ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨР

Мунун мага кандай тиешеси бар?

Азырга чейин биз жыйындагы кызматчыларга байланыштуу тартынчаактык жана анын кесепеттери жөнүндө гана сүйлөштүк. Бирок, сыягы, китепти окугандардын көпчүлүгү толук убакытта кызмат кылган кызматчылар эмес. А балким, «мунун мага кандай тиешеси бар?» деп сурап жаткандырсыңар.

Кудай ар бир ишенген адамга рухта өзүнчө орун же абал берген. Эсиңердеби, Пабыл Кудай «бизди Машайак менен бирге тирилтип, Машайак Ыйса аркылуу асманга отургузду» деп түшүндүргөн (Эф. 2:6). Кудайдын куткарылган балдары ошол жерде болушу керек. Бул жерди «...бардык башчылыктан, бийликтен, күчтөн жана үстөмдүктөн, ошондой эле азыркы мезгилде гана эмес, келечекте да атала турган бардык

ысымдардан жогору койгон; бардыгын Анын бут алдына багындырган жана Аны бардыгынын үстүнөн, Жыйындын Башчысы кылып койгон. Жыйын – Анын Денеси, бардыгын бардык жагынан Толтуруучунун толуктугу» (Эф. 1:21-23).

Жыйын – бул Машаяктын денеси. Биздин физикалык денелерибиз ар кандай функциялардан жана жөндөмдөрдөн ар кандай бөлүктөрдөн тургандай эле, Машаяктын дене мүчөлөрү да ар кандай чакырыктарда жана жөндөмдөрдө иштешет. Кудай алардын максаттарын жана иш-аракеттерин аныктап койгон. Ар бир адам маанилүү, бирок, эч ким башкалардан көз каранды эмес.

Пабыл бардык жин-перилер Ыйсанын бут алдына коюлган деп жарыялаган. Бул эч кандай жин ишенген адамдын үстүнөн өз бийлигин колдоно албасын айкын көрсөтүп турат. Эгер силер Машаяктын денесинде бут болсоңор дагы, жин-перилер силердин астыңарда. Ыйса мындай деген:

> *«Мен силерге жыландарды, чаяндарды жана душмандын бардык күчүн тебелеп таштагыдай бийлик бергем. Эми эч нерсе силерге зыян келтире албайт» (Лука 10:19). Бирок, биз Кудай берген күч менен машыгып жүрбөсөк, аны бирөө тартып алып, бизге каршы колдонот! Душман биздин руханий абалыбызга аңчылык кылып турат.*

## Биз аракеттенишибиз үчүн белектер берилет

Келгиле, Пабылдын Тиметейге жазган катын изилдөөнү уланта берели.

> *Ошондуктан сага эскерте кетейин: менин кол коюп сыйынуум аркылуу Кудайдан берилген жөндөмдүүлүгүңдү жалындат (2 Тим. 1:6).*

Грек тилинде «жөндөм» - «харизма». Стронгдун Симфониясы бул сөздү «руханий салым» деп аныктайт. Vine`s

dictionary сөздүгүндөгү дагы бир аныктама: «Ыйык Рухтун иш-аракеттери менен ишенгендерге берилген ырайым белеги». Демек, «харизма» деген сөз Кудайдын ыймандууларга берген руханий жөндөмдөрүн сүрөттөйт.

Рух чөйрөсүндө эч нерсе Кудайдан берилген мындай «харизма» же табияттан тыш жөндөмсүз ишке ашпайт. Мунсуз биз кабар айта да, ырдай да, пайгамбарчылык да кыла албайбыз, жада калса, кызмат да кыла албайбыз. Жашоодо мындай ырайым болмоюнча, эч нерсе болбойт. Адамдардын Кудайга өз күчү менен кызмат кылууга жасаган аракеттеринин натыйжасында жансыз дин жаралат. Кудайдан берилген жөндөмү жок эле башкаларга кызмат кылганда, биз бекер эле, текке эмгектенген болобуз.

Карасаңар, Тиметейде жөндөм бар болгон. Кудай жайгаштырган жөндөм келип кете берет, бирок, ал бизде жашайт. «Анткени Кудай берген белектерин кайра алып албайт, чакыруу чечимин өзгөртпөйт» (Рим. 11:29). Мындай жөндөм, мындай күч - бул Кудай ар бирибизге берген чакырыкты аткаруу үчүн керектүү шаймандар. Бул жөндөмдөрдөгү иш-аракет биз үчүн табигый жана ыңгайлуу нерсе болушу керек. Денебиздин бөлүктөрүнүн ролдору жана функциялары өзгөрбөгөн сыяктуу эле, Кудай берген жөндөмдөр да капысынан пайда болуп калып жана капысынан эле бир жакка жоголуп кетпейт.

Пабыл Римдеги ишенгендерге мындай деп жазган: «Силерди көрүүгө куштармын, анткени силердин бекемделишиңер үчүн, мен кээ бир рухий жөндөмдүүлүктөр менен бөлүшсөм... дейм" (Рим. 1:11-12). Кудайдын балдарына Анын эркин аткарууга мүмкүнчүлүк берген мындай жөндөмдөрсүз, рухий куралдарсыз Жыйын түптөлбөйт. Төмөнкү аятты кунт коюп окугула:

> *Ар бириңер Кудайдан алган жөндөмдүүлүгүңөр менен бири-бириңерге кызмат кылгыла. Кудайдын ырайымы менен берилген көп түрдүү жөндөмдүүлүктөрдү жакшы үй башкаруучулар катары колдонгула (1 Петир 4:10).*

Бул аятта биз үч нерсени карайбыз:

1. Ар бир адам белек алат.
2. Белекбизгетаандыкэмес,бизжөнганабашкаруучуларбыз.
3. Белек - бул Кудайдын көп кырдуу ырайымынын бир бөлүгү.

### *1. Ар бир адам белек алат.*

Ыйык Китепте эмне деп айтылганына көңүл бурсаңар: «Бири-бириңерге, алган белегиңер менен кызмат кылгыла». Петир: «Айрым адамдар алган белектери менен» деп айткан эмес. Жок. Эгерде силер жогорудан төрөлүп, Рухка толсоңор, анда Анын денесинде иштөө үчүн, Кудайдын белегин алгансыңар.

Пабыл Эфестиктерге 4:7 де: «Машайактын чени менен ар бирибизге ырайым берилген» дейт. Ошондой эле, 1 Корунттуктарга 7:7 де: «Анткени бардык адамдардын мендей болушун каалар элем. Бирок ар бир адамдын Кудайдан алган рухий жөндөмдүүлүгү бар, бири мындай болсо, экинчиси тигиндей".

Эгер биз бул жөнүндө билбесек, анда биз кызматка жараксызбыз жана кызмат кыла албайбыз. Ошондо биздин чакырылуубуз аткарылбай кала берет. Кичинекей балдар өз денесинин ар кайсы бөлүктөрү менен иштешкенди үйрөнгөндөй эле, биз дагы ушул кызматтык белектерибиз менен Кудайдын денесинде машыгып жана аларды өркүндөтүшүбүз керек. Анын денесинин бир дагы бөлүгү Анын табиятта тышкаркы күчүнөн болмоюнча иштей албайт.

### *2. Белек бизге таандык эмес, биз - жөн гана башкаруучуларбыз*

Бул белек бизде жок болгондуктан, биз ага кайдыгер карап же аларды өз кызыкчылыгыбызга колдоно албайбыз. Ал биздики эмес, аны биз каалагандай кылууга болбойт. Ал башкаларга кызмат кылуу үчүн берилген жана биз ага болгон мамилебиз үчүн жооптуубуз.

Таланттар жөнүндөгү мисалды эстегиле. Ээси «ар бирөөнүн алына жараша: бирине беш, бирине эки, бирине бир талант берип, жолго чыгат» (Мт. 25:15). Анан саякатка жөнөдү. Биринчи эки адам таланттарды туура пайдаланып, киреше табышса, үчүнчүсү өзүнүкүн көмүп салган. Ээси кайтып келгенде, алгачкы экөө аларга берилген таланттар менен эмне болгонун айтып беришти. Анан ээси алардын ар бирине: «Жакшы, боорукер жана ишенимдүү кул» деп айтты.

Андан кийин жооп берүү үчүн үчүнчү адам келди. Ал корkконунан талантын жерге көмүп салган. Ал кожоюнун адилетсиз жана өтө талапчыл адам катары көрсөткөн. Демек, кызматчы өзүн кылдат эмес, өзүмчүл жана бейкапар болууга укуктуу деп эсептеген. Акырында ал кожоюнуна: «Мына өзүңдүкү сага» деген. Үй ээси, кызматчынын өзүнө жүктөлгөн нерсеге жоопкерчиликсиз мамиле кылгандыгы үчүн, аны жаман, жалкоо кул деп атады. Жалгыз талант да андан алынып, аны эки эсеге көбөйткөнгө берилди. Ад эми, киреше алып келбеген кул куулуп чыгарылган (Мт. 25:16-30).

Бардык иш башкаруучулар иш берүүчүлөргө отчет беришкен сыяктуу эле, бизге ишенип берилген белектер үчүн, биз дагы эсеп беребиз. Белектин дагы бир сөзү «жөндөм», бул чеберчиликти, генийликти, күчтү билдирет. Башкача айтканда, талант. Бул жерде биз Кудай бизге берген белегибизге, жөндөмүбүзгө же талантыбызга кам көрүү жана аны өркүндөтүү канчалык маанилүү экендигин жандуу мисал аркылуу көрүп жатабыз.

Пабылга окутуучулук жана элчилик кызматы тапшырылган. Ал мындай деди: «Кудайдын күчү менен берилген Кудайдын ырайым белегинин негизинде мен Жакшы Кабар тарата турган кызматчы болуп калдым» (Эф. 3:7). Ага берилген белегине канчалык олуттуу караганына көңүл бургула.

*Жакшы Кабар таратып жаткандыгым менен мактана албайм, анткени бул менин милдетим. Эгерде Жакшы Кабар таратпасам, мага кайгы! Эгерде мен муну өз ыктыярым менен кылып жатсам, сый-*

*лыгымды алам. Өзүмө тиешелүү милдет катары кылып жаткан болсом, анда мен өзүмө тапшырылган ишти гана аткарып жатам (1 Кор. 9:16-17).*

Пабыл «мага кайгы» дейт. «Кайгы» - бул өтө күчтүү сөз. Ыйса муну айрым адамдарга же шаарларга келе жаткан сот күнү жөнүндө эскертүү үчүн колдонгон. Ал Хорацинге жана Бетсайдага «кайгы» деди, ошондо ал шаарлар жашабай калган (Мт. 11:21-22). Ал мыйзам окутуучулар менен фарисейлерге (Мт. 23) жана Жүйүткө «кайгы» деп айткан (Мт. 6:24).

Жүйүттөгү «кайгы» деген сөз жыйындагы ыймансыздардын үстүнөн болгон сот өкүмүн сүрөттөө үчүн колдонулат. Аян китебинде ал Кудайдын сот өкүмү учурунда жердин жашоочуларына шилтеме берүү үчүн колдонулган (Аян 8:13). «Кайгы» деген сөздү колдонуу менен, Пабыл Кудайдын белегине ишенимдүү болуу чоң жоопкерчилик экендигин баса белгилеген.

Эгерде колдонулбаса булчуңдар бошоп кеткен сыяктуу эле, машайакчылар да белегине жана чакыруусуна ылайык иш кылбаса, Кудайды таштап кетишет. Аракет кылбаган адам өзүн изоляциялап, душмандын оңой олжосуна айланып калат. Кудайдын улуу адамдарынын жашоосун изилдеп жатып, мен алардын арасында өз чакырылууларына жоопкерчиликсиз жана женил-желпи карагандыктарынын айынан кулап калгандарын билдим. Балким, алар дагы деле кызмат кыла беришкендир, бирок, алардын кызматы өткөн жылдардагы жетишкендиктеринин тирүү эстелигине окшошуп кетет. Алар Кудайдын белектерин башкаларды коргоо жана башкаларга кызмат кылуу үчүн эмес, өздөрүнүн кызыкчылыгы үчүн гана колдоно башташкан.

Дөөт падыша согушка барууга милдеттүү болгондо күнөөгө баткан.

*Бир жылдан кийин, падышалар жортуулга чыкчу учурда Дөөт Жойапты өзүнүн кулдары жана*

*бардык ысрайылдыктар менен жөнөттү. Алар амондуктарды талкалап, Рабени курчап алышты. Дөөт болсо Иерусалимде калган (2 Шем. 11:1).*

Дөөт падыша болгон. Кудай аны падыша кылып койгон, ал койчу сыяктуу эле, Ысрайылды кайтарып, ага кам көрүш керек эле. Ал мурунку жеңиштеринин жемишинен ырахат алып, Иерусалимде үйүндө отуруп албай, согушка жөнөшү керек болчу. Ал эс алып, өз жетишкендиктерине токтоло баштады. Зеригип кеткенде чатырга чыгып өзүнүн мүлкүн байкап карап жатып, Батшебанын жуунуп жаткандыгын көрдү. Калганын силер билесиңер.

Кеп, биз бул жерде эс алууда эмеспиз. Ал тургай, биздин жашообуз бизге өзүбүзгө таандык эмес, анткени алар сатып алынып, кайра бизге башкаруу үчүн берилген. Биз бул жерде жөн гана конокторбуз, туруктуу жашоочулар эмеспиз. Бирок, көптөгөн адамдар бул жашоо алардын акыркы бара турган жери болгондой мамиле кылышат!

**«**Ыйса аларга мындай деди: «Менин тамагым – Мени жиберген Кудайдын каалоосун аткаруу жана Анын ишин бүтүрүү**»** (Жакан 4:34). Биздин диета ушундай болуш керек. Ыйса ден-соолукту чыңдоо үчүн эмне кылуу керектигин билген. Биз физикалык же рухий тамактан күч алабыз. Эгерде биз Анын эркин аткарууну токтотуп, Анын бергендерин өзүбүзгө гана колдонсок, анда биз таптакыр тамактанууну токтоткондой чарчап, алсырап калабыз. Күчтү жоготконубузда биз бул дүйнөнүн агымына каршы сүзүүнүн ордуна, ошол агым менен баруу оңой экенине көзүбүз жетти. Биз өзүбүзгө ыраазы болгон, өзүбүздү адилет деп эсептеген, көңүлдүн баарын өзүбүзгө гана бурууну каалаган жана өзүбүзгө гана кзмат кылууну калаган адам болуп калабыз.

Биздин алдыбызда улуу жоопкерчилик турат. Биз жөн гана жыйынга барып, ал жерде уккандарынан эч нерсени жашоосунда колдонбогон адам болбошубуз керек. Мындай адамдар жөн гана Кудайдын Сөзүнөн семирип кетишет. Кудай Жезекиел 34: 20да: «Ошондуктан Кудай-Теңир аларга мындай дейт: “Семиз

кой менен арык койдун ортосунда Мен Өзүм сот болом» дейт.

Бул семиз койлор кимдер? Алар өздөрүнө Кудайдын жакшылыгы менен кызмат кылып, башкаларды тоготпогондор. Кудай семиз койлорду кандайча сүрөттөп жатканын көрсөңөр:

> *Жакшы жайытта оттоп жүргөнүңөр аздык кылгансып, жайыттардан калганды бутуңар менен тепсейсиңер, тунук суу ичесиңер, калганын бутуңар менен ылайлатасыңар. Силер алсыздардын баарын капталыңар жана ийиниңер менен түртүп жатасыңар, аларды мүйүзүңөр менен сыртка сүрүп чыгарганга чейин сүзгүлөп жатасыңар. Ошондуктан Мен Өз койлорумду куткарам, ошондон кийин аларды талап-тоношпойт, кой менен койдун ортосунда сот жүргүзөм (Жез. 34:18, 21-22).*

Кудайдын белектери биздин эркелешибиз үчүн эмес. Кудай бизди өзүнүн жакшылыгы менен сынайт. Биз Кудайдын мүмкүнчүлүктөрүн жашообузда алсыз, жаш же жөндөмсүздөргө кызмат кылуу үчүн колдонушубуз керек. Ошондо денеде биримдик болот.

Мени туура эмес түшүнүп албагыла. Эмгегиңиздин үзүрүн көрүп, жыргап калсаңыз, эч жаман жери жок. Кудай бизге эс алууну да, сергүүнү да берет. Бирок, биздин бардык көңүлүбүз өзүбүздүн тегерегибизде гана болуп калганда, биз семиз жана бейкапар болуп калабыз. Өзүн-өзү тейлөө үчүн гана колдонулган белектер менен таланттар көбөйбөйт.

Денеңердин ар бир бөлүгү башка бөлүктөр үчүн жооп берет. Эгер буттарыңар иштөөдөн баш тартса, анда бүт денеңер жабыркайт. Эгер өпкөңөр же жүрөгүңөр токтой турган болсо, анда калган мүчөлөрдүн бардыгы өлүп калышат! Эгер Шайтан биздин көңүлүбүздү өзүбүзгө буруп, бизди башкаларга кызмат кылуудан алагды кылса, анда бүт денебиз жабыркайт.

### *3. Белек - бул Кудайдын көп кырдуу ырайымынын бир бөлүгү.*

Бул жердеги негизги сөз «ар түрдүү». Петир белектерди эки негизги категорияга бөлөт. Биринчиси, ооз жөндөмдүүлүгү же сүйлөө белектери. Экинчиси - кызмат белектери. «Ким сүйлөсө, Кудайдын сөзүн сүйлөгөндөй сүйлөсүн. Ким кызмат кылса, Кудай берген күчүнө жараша кызмат кылсын” (1 Петир 4:11).

Андан ары Пабыл ушул эки категорияга аныктама берген. Римдиктерге жазылган каттан бул үзүндүнү караңыз:

> *Анткени денебиздин мүчөлөрү көп болгону менен, бардык мүчөлөрдүн кызматы бирдей болбогон сыяктуу эле, биз да көп болгонубузга карабастан, Машайактын ичинде бир денени түзөбүз, ал эми өз-өзүнчө алганда, бири-бирибизге мүчөбүз. Кудайдын бизге көрсөткөн ырайымынын негизинде ар кандай рухий жөндөмдүүлүктөргө ээбиз. Кимде пайгамбарчылык кылуу жөндөмдүүлүгү бар болсо, анда ал ишенимге ылайык пайгамбарчылык кылсын. Кимде кызмат кылуу жөндөмдүүлүгү бар болсо, ал кызмат кылсын. Кимде окутуу жөндөмдүүлүгү бар болсо, ал окутсун. Кимде насаат айтуу жөндөмдүүлүгү бар болсо, ал насаат айтсын. Кимде таратуу жөндөмдүүлүгү бар болсо, ал берешендик менен таратсын. Кимде башкаруу жөндөмдүүлүгү бар болсо, ал бүт аракети менен башкарсын. Кимде кайрымдуулук кылуу жөндөмдүүлүгү бар болсо, ал кубаныч менен кайрымдуулук кылсын (Рим. 12:4-8).*

Сүйлөө белектерине пайгамбарчылык, окутуу, насаат айтуу жана лидерлик кирет; Кызмат белектерине толук убакыттагы кызмат, тартуу, кайрымдуулук кирет.

Бир эле эскертүү берүүгө мага уруксат бергиле. Ансыз деле, ошол кызматта турган адамдын алдында кызмат кылуу

ишенимдүүлүгү текшерилмейинче, сүйлөө белектерин колдонуп эле, лидерлик кызматты аркалай албайсыз. Лидер болууну жана сабак бергенди каалагандар, бирок, чындыгында өз өмүрүн кызматка бербегендер көп. Алардын канчалык таланттуу экендиги маанилүү эмес. Алардын таланты өзүлөрүнө дагы, алардын камкордугуна алынгандарга дагы зыян гана келтирет. Эгерде башкаларга кызмат кылуу менен мүнөз өнүкпөсө, анда андайлар адамдарга үстөмдүк кылуу үчүн лидерлик позициясын колдонушат.

Түшүнбөстүктөн улам, эки чектен тең ашып кетүүлөрдү көрдүм. Биринчи экстремал - бул өзүлөрү жөнүндө керек болгондон да көбүрөөк ойлогон адамдар. Сүйлөө белектерин каталык менен кабыл алышып, алар толук убакыттагы кызмат - бул баарынын туу чокусу деп эсептешет жана Кудайга кызмат кылуунун дагы бир жолу бар деп ишенишпейт.

Бул туура эмес. «Дене бир мүчөдөн эмес, көп мүчөдөн турат ... Дененин баары эле көз болсо, ал кантип угат? Дененин баары эле кулак болсо, ал кантип жыт сезет? (1 Кор. 12:14, 17). Алардын бардыгы ооз болууну каалашат. Бирок, мүчөлөрдүн ар бири маанилүү. Бир бөлүк. Жардамчы кызматтар көрсөтүлбөй туруп, сүйлөө жөндөмдүүлүктөрү чектелүү. Адамдар алган белектери менен эмес, алууну каалаган белектери менен алга жылууга аракет кылышат!

Экинчи чеги - бул ар кандай кызмат насаатчылар жана миссия кызматкерлери менен гана чектелет деп ойлошот. Мындай ой жүгүртүү денени бузуп салат, ал адамдын өзүн да майып адамдай алып жүрүүгө мажбурлап коёт.

Пабыл мындай деп түшүндүрөт: «Дененин алсыз көрүнгөн мүчөлөрү көбүрөөк керек. Денебиздеги көрксүз болуп көрүнгөн мүчөлөрүбүзгө өзгөчө кам көрөбүз” (1 Кор. 12:22-23). Бул байкалбай калгандардын маанилүүлүгүн жогорулатат: Кудай көзгө көрүнбөгөн нерселерди көрүнөө нерселерден алда канча чечкиндүү кылган. Үнсүз жашай алабыз, бирок, боорсуз же жүрөксүз жашай албайбыз, аларсыз биз баса да албайбыз, жүрө да, сүйлөй да албайбыз.

Элчилер китебинде алгачкы жыйындагы белектерге болгон мамилени көрсөтөт. Ыйсанын алгачкы жолдоочулары Кудайга кызмат кылуу жөн гана насаат айтуу, айыктыруу, куткаруу жана пайгамбарчылык кылуу эмес экендигин түшүнүшкөн. Элчилер китебинин 6-бөлүмүндө Иерусалимдеги жыйында жесирлердин айрымдарына олуттуу мамиле жасалган эмес. Аларга азык-түлүк жана күнүмдүк муктаждыктары боюнча жардам керек болгон.

Жетекчилер буга көңүл бурганда, алар мындай деп жооп беришкен: «Ошондуктан, бир туугандар, элдин ишенимине ээ болгон, Ыйык Рухка толгон жана акылдуу жети адамды араңардан тандагыла. Бул кызматты ошолорго тапшыралы (Элчилер 6:3). Ушул талаптарга жооп берген адамдар табылып, элчилердин алдына жеткирилген. «Элчилер сыйынып, алардын үстүнө колдорун коюшту. Кудайдын сөзү кеңири жайылып, Иерусалимде шакирттердин саны абдан көбөйүп жатты. Ыйык кызмат кылуучулардын ичинен да көптөрү Ыйсага ишенип калышты» (Элчилер 6:6-7).

Элчилер аларга колун сунганда эмне болгон? Алар кызмат кылуу жөндөмдүүлүгүн алышкан, натыйжада Кудай сөзү жайылып, шакирттердин саны көбөйгөн. Укмуштуудай факт! Эркектер жесирлерге кызмат кылышат, бул болсо Кудайдын сөзүнүн жайылышына жана шакирттердин көбөйүшүнө алып келет.

Менин оюмча, биздин жыйындардын өспөй жана көбөйбөй жатышынын бирден-бир себеби, бардык эле адамдар (жөнөкөй ишенгендер жана лидерлер) өз белектери менен аракеттенишпейт. Элчилердин иштери китебинде лидердин өз белектери менен иш алып барганында кандайча белгилүү бир сандагы адамдарды куткарылууга алып бара тургандыгы жана бүтүндөй жыйын жапа тырмак ушинтип киришкенде натыйжалар канчалык чоң болору көрсөтүлөт.

Петир насаат айткан Элүүнчү күн майрамында, «ал күнү үч миңге жакын киши кошулду» (Элчилер 2:41, 47-аятты да караңыз) деп жазылат. Ал тургай, Петир айыктыруучу майлоо

менен Иерусалимдин көчөлөрүндө жүргөндө дагы, «Эркектер да, аялдар да Теңирге ишенип, ишенгендердин саны уламдан-улам көбөйүп жатты» (Элчилер 5:14)

Бирок, ишенгендер ар бир үйдө, күн сайын окута баштаганда (Элчилер 5:42), жыйын “көбөйө” баштаган (Элчилер 6:7). Ишенүүчүлөрдүн кызматындагы кийинки кадам жесирлерге кам көрүү болгон. Ошондон кийин жыйын «абдан көбөйдү» (Элчилер 6:7).

Бүгүнкү күндө пасторлор өзүлөрүнө жардамчы сурап жатышат. Кандай гана кейиштүү! Элчилер китебинде жардамчыларды сураган лидерлерди көрө албайсың. Ал кезде, алар кызмат маселесине өтө олуттуу карашкандыктан, ал тургай дасторкон жайганга да жөндөмдүү жумушчуларды издешкен. Таланттуу – талантына жараша эмес, мүнөзү жагынан таланттуу болуш керек. Ушундайларды дайындашкан. Ошол мезгилде ишенгендер биз бүгүнкү күндө жалпы деп эсептеген нерселерге канчалык чоң маани беришкен!

## Ишенимдүү болуу үчүн жоопкерчилик

Бардык ишенгендер өз ордунда болушса эмне болмок? Анда кандай гана сонун нерселерди көрө алмакпыз! Кайра жаралуу насаатчылар үчүн эмес, бүтүндөй дене үчүн. Ойгонууда ар бир адам өз позициясын ээлейт. Белек - бул Кудай берген жөндөм. Бизге ишенилбеген нерсе үчүн биз жооп бербейбиз. Бут көрүү үчүн жооп бербейт. Бирок, ошого карабастан, Кудайдын эрки Рух берген жөндөмдөр аркылуу гана ишке ашат. «Биз өзүбүз бир нерсе жөнүндө ойлонууга жөндөмдүү эмеспиз, биздин жөндөмдүүлүгүбүз Кудайдан» (2 Кор. 3:5).

Душман бул белектердин биргелешкен аракетин токтотууну каалайт. Анан ал ийгиликке жеткенде, биздин өсүшүбүзгө олуттуу тоскоол болот! Ал Кудайды белектерди бербөөгө мажбурлай албастыгын билет, ошондуктан аларды пайдалануу үчүн биздин эркиндигибизди издейт. Уялчаактык - бул бизге тоскоолдук кылуунун биринчи ыкмасы.

*2-бөлүк*

# ТАРТЫНЧААКТЫКТЫ АЧЫККА ЧЫГАРУУ

# АРАКЕТТЕНБЕГЕН БЕЛЕКТЕР

Эмне үчүн биздин көпчүлүгүбүз натыйжасызбыз?

Жогоруда айтылгандай, ар бир ишенген адамда бийликтин позициясы бар. Ал нерсе Кудай берген таланттар жана белектер менен кошо келет жана Ыйса Машайакта жашырылган, ошондой эле, ал бардык жин-шайтандардын күчтөрүнөн жогору. Анда эмне үчүн биздин көпчүлүгүбүз натыйжалуу эмеспиз? Келгиле, бул суроого жооп берүү үчүн, Пабылдын Тиметейге айткан эскертүүсүн кайрадан окуп көрөлү:

> Ошондуктан сага эскерте кетейин: менин кол коюп сыйынуум аркылуу Кудайдан берилген жөндөмдүүлүгүңдү жалындат (2 Тим. 1:6).

Грекче "жалындатуу" деген сөз "аназопурео" ал "кайра күйгүзүү же толук отту сактап туруу" (Vine`s dictionary) дегенди

билдирет. Эгерде Пабыл бул жигитти жөндөмдүүлүктү (харизманы) жалындатууга үндөгөн болсо, анда ал жөндөм иштебей да калышы мүмкүн дегенди билдирет. Жөндөм автоматтык түрдө иштебейт. От сыяктуу, аны жалындатып, сактоо керек!

Кудай бир нерсени кааласа, ал өзүнөн өзү болот деп ойлогон, жүрөгү таза жана чынчыл ниети бар адамдар бар. Бирок, бул туура эмес. Эдмунд Берк 1795-жылы: "Жамандык жеңип чыгышы үчүн, жакшы адамдар эч нерсе жасабашы керек" деп жазган. Тиметейдин жүрөгү таза болгон. Пабыл анын мүнөзүн кандайча мактаганы эсиңердеби? "Анткени силер үчүн чындап кам көргөн андан башка эч кимим жок. Анткени баары тең эле Ыйса Машайакка жакканды эмес, өздөрүнө жакканды көздөшөт. Анын ишенимдүү экенин билесиңер..." (Флп. 2:20-22). Ошентсе да, Пабыл Тиметейге Кудайдын жөндөмүнө кайдыгер карабоону эки жолу эскерткен. Болбосо, белек көрүнбөйт эле.

Ошентип, биз эки суроого жооп беришибиз керек: "Жөндөмдүн уктап калган абалда болуп калышына эмне алып келет?" жана аны "Кантип жалындатып тура алабыз?" Экинчи суроого кийинки бөлүмдөрдүн биринде жооп берем, ал эми азыр биринчисин карап көрөлү. Кудайдын берген жөндөмүнүн аракетсиз болушунун себеби эмнеде?

Жоопту төмөнкү аяттан таба алабыз:

> *Ошондуктан сага эскерте кетейин: менин кол коюп сыйынуум аркылуу Кудайдан берилген жөндөмдүүлүгүңдү жалындат. Анткени Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана өзүн өзү башкара билүүнү берүүчү Рухту берген (2 Тим. 1:6-7).*

Грек тилинде "коркунуч" – дейлиа болот. Бул сөз өз ичинде уялчаактык (тартынчаактык) жана корккоктук деген маанини камтыйт. Бул сөз Жазууда бир да жолу оң маанайда

колдонулбайт. New International Version.дун 7-аятын дагы бир жолу карап көрөлү:

> *Анткени Кудай бизге тартынчаактык рухун берген эмес (2 Тим. 1:7).*

Бул котормо ушул аятта эң ылайыктуу сөз катары “тартынчаактыкты” сунуш кылат. Мен да ошондой деп эсептейм. Ошентип, Пабыл Тиметейге: “Сенин белегиң уялчаактыгыңдан жана тартынчаактыгыңдан улам активдүү болбой жатат”, - дейт. Сөздөрдүн маанисин өзгөртпөстөн, биз бул аятты төмөнкүдөй которо алабыз:

> *Тиметей, сендеги Кудайдын белеги тартынчаактыктан улам аракетсиз болуп жатат!*

Тартынчаак ишенгендер өз милдеттерин аткаруудан баш тартуу менен руханий күчүн жоготушат. Натыйжада, белек же Кудайдын алардагы жөндөмдүүлүгү уктап жаткандай, аракетсиз бойдон калат. Белек бар болгону менен, ал натыйжа бербейт.

Мичигандагы аксакал мени өтө эле катаал деп эсептеген даңктоо тобунун жетекчисинин сөздөрүн мага айтып келгенде, мен чынында эле аябай чөгүп кеттим. Күтүлбөгөн жерден Кудайдын белеги күчсүз болуп калды, мен мурунку кызматтардагыдай майлоонун астында насаат айта алган жокмун. Кудайдагы жашоо кетип калгандай сезилди. Уялуу келди. Чечкиндүүлүгүмдү жоготтум. Адамдар менен жолугушууну каалаган жокмун. Эмне үчүн? Анткени, тартынып атып Кудай мага берген күчтү колдон чыгарып жибердим.

## Тартынчаактыктын аныктамасы

Эми “тартынчаактык” жана “тартынуу” сөздөрүнүн аныктамаларын карап көрөлү. “Oxford English Dictionary” (Англис тилинин Оксфорд сөздүгү) “тартынуу” деген сөзгө мындайча аныктама берет:

1. Тартынчаак, уялчаак болуу.
2. Коркуу сезиминен шыктануу алуу.
3. Коркунучта жана үрөй учкан абалда болуу, коркутуп койгон абалда болуу.

Merriam Websters Collegiate Dictionary (10-чыгарылыш) тартынчаактык деген сөздү кийинкидей аныктайт: көңүлү чөккөн, басынтылган, эзилген, корккон абалда болуу.

Oxford English Dictionary (Англис тилинин Оксфорд сөздүгү) “тартынчаактыкты мындай деп аныктайт:

1. Коркуп калган абал.
2. Кандайдыр бир иш-аракеттерди кылуу же аларды кылуудан кармап калуу максатында жасалган коркутуулардын же зомбулуктун кесепети.

Тартынчаактыктын максаты - силердин иш-аракет кылууңарга жол бербөө, силерди басуу жана баш ийдирүү. Тартынчаактык силерди өзүн төмөн сезүү жана коркуу сезими менен каптагысы келет. Аң-сезимдүү же аң-сезимсиз түрдө моюн сунуп же баш ийип, силерди басынткан адамдын кулу болуп каласыңар. Силер эми Кудайдын эркин аткаруу үчүн эркин эмессиңер, бирок баскынчыңардын каалоолорун аткарууга мажбурсуңар.

Мунун натыйжасы - Кудайдын белеги, Анын руханий жөндөмү иштебейт. Силердин таасир этүү чөйрөңөрдөгү адамдарды да силерге каршы колдонуш үчүн, силерди бийликтен ажыратышты.

Тартынчаактыктын табияты - биздин душманыбыз, шайтандан чыккан коркунуч. Ал бардык коркуунун жана тартынчаактыктын автору (Башталыш 3:1-10, айрыкча 10-аят). Ал бизге ойлору, идеялары жана көрүнүштөрү менен кол салат же бизди коркутуш үчүн жагдайларды жана өзүнүн таасириндеги адамдарды колдонот. Башкача айтканда, анын бир максаты бар - көзөмөлдөө жана чектөө.

## Илияс коркконбу?

Илияс пайгамбар Кудайдын эбегейсиз зор күчү менен иш кылган. Ал Кудайдан коркпогон каардуу падышанын алдында тайманбастык менен туруп, мындай деп жарыялаган: “... Ушул жылдары, менин сөзүм боюнча шүүдүрүм түшпөйт, жамгыр жаабайт”, – деди (1 Падышалар 17:1). Ал бул кудайсыз падышадан корккон эмес.

Кийинки бир нече жыл ичинде ал табияттан тышкары кереметтер чөйрөсүндө жашады. Биринчиден, аны каргалар тойгузган; андан кийин аны жалпы ачарчылык мезгилинде наны жана майы түгөнбөгөн жесир аял колдогон. Жесир аялдын уулу күтүлбөгөн жерден каза болуп, Кудай Илиястын сыйынуусун угуп, баланы тирилткен. Бул кишинин күчтүү кызматы болгон.

Көп убакыт өткөндөн кийин, ал кайрадан падышанын алдына келди. Падыша Илиясты кургакчылыктан улам келген сыноолор жана азап чегүүлөргө ал себепкер деген айыптоолор менен аны менен учурашканда: “Ысрайылдын башына мүшкүл салган сенсиңби?” – деди (1 Падышалар 18:17).

Илияс тайманбастык менен жооп берди: “Ысрайылдын башына мүшкүл салган мен эмесмин, ал сенсиң жана сенин атаңдын үй-бүлөсү, анткени силер Теңирдин буйруктарын жек көрүп, Баалдын артынан ээрчип жүрөсүңөр” (1 Падышалар 18:18). Андан кийин ал падышага Баалдын 850 пайгамбарын чогултуп, бүт Ысрайыл эли менен кошо аларды Кармел тоосуна алып келүүнү буйрук кылды. Каршылашуу күнү бүт Ысрайыл чыныгы Кудай ким экендигин билүү үчүн чогулушту! Илияс Баалдын пайгамбарларына тайманбастык менен каршы чыгып, аларды өз кудайларына курмандык чалууга чакырган жана ошол эле учурда өзү да Теңирге курмандык чалган. “...Кудайлардын кимиси от аркылуу жооп берсе, ошол – Кудай” (1 Падышалар 18:24).

Кудай-Теңир от менен жооп берди, ошондо Ысрайыл эли жүзтөмөндөп жыгылып, Кудайга кайрылышты. Андан кийин Илиястын буйругу менен 850 жалган пайгамбар өлтүрүлгөн. Андан кийин Илияс жакында жамгыр жаай тургандыгын айтып,

жалындуусыйыныпөтүндү, бирок, жаан-чачындын кичинекейда белгиси жок эле. Бир нече мүнөттөн кийин асман карарып, катуу жамгыр жаай баштады. Ахап сарайдан качканда, Кудайдын колу Илиястын үстүндө болгон жана Ахаптын арабасын кууп жеткен. Бул Илиястын жашоосундагы бир эле күн болгон. Бүт эл дүрбөлөңгө түштү. Ыймансыздар жок кылынган. Узакка созулган кургакчылык аяктады. Илияс Кудайдын үнүн даана угуп, уккандарын жасап, улуу кереметтерди көргөн.

## Падышанын аялы менен кагылышуу

Бирок ,ошол эле күнү Ахаптын аялы Изебел пайгамбарлар менен эмне болгонун угуп, "Изебел Илияска элчи жиберип: "Сен тигилерди өлтүргөндөй, мен да сени эртең ушул убакта өлтүрбөсөм, анда кудайлар мени жазаласын, катуу жазаласын», – деп айттырды" (1 Падышалар 19:2). Ал Илияска аябай ачууланган, анткени, булар анын кабарын таратышкан пайгамбарлары эле. Эми Илиястын эмне деп жооп бергенин карап көргүлө:

> *Илияс муну укканда, ордунан туруп, жанын сактап калыш үчүн, Жүйүттүн Бейер-Шебасына келип, ал жерге өз кызматчысын калтырды. Өзү бир күн жол жүрүп, чөлгө келип, бир бадалдын түбүнө отуруп, өзүнө өлүм сурап: Теңир, эми жетишет. Жанымды ал, анткени мен аталарымдан артык эмесмин, – деди (1 Падышалар 19:3-4).*

Ошол эле күнү ал чоң салгылашта жеңишке жетип, андан кийин өз өмүрү үчүн титиреп жатты. Ал Изебелден ушунчалык корккондуктан жана ушунчалык көңүлү чөккөндүктөн, өлгүсү келди. Бул коркутуунун максаты - Илияс пайгамбардын Кудайдын эркин аткаруусуна жол бербөө болгон. Изебел өлкөдөгү өз таасирин сактап, Илиясты жок кылып, аны өз жолунан чыгаргысы келген. Ал пайгамбарды өлтүрө албаса дагы, ал көздөгөн максатына жетти, пайгамбар андан коркуп, качып кетип, өзүнө

өлүм тилеп калды. Ал өзү байкабай, анын планы боюнча иш алып барып баштады. Эгерде болуп жаткан нерсенин маңызын так түшүнсө, анда ал эч жакка качып кетмек эмес.

## Тартынчаактыктын белгилери

Тартынчаактык руху уялчаактыкты, көңүл чөккөн маанайды жана өзүн жоготууну бошотот. Анын максаты – силерди туура көз карашыңарды жоготууга мажбур кылуу. Баардыгы басымдуу, кыйын, ал тургай, мүмкүн эместей сезилет. Эгер тартынчаактык менен токтоосуз күрөшпөсө, анда ал силерди анын таасири болбосо эч качан жасабай турган иштерди жасоого алып келет. Бул, коркутуунун максаты. Менин өзүмө тартынчаактык кол салган учурлар эсимде жана мен Илияс кандай сезимде болгонун элестете алам. Бул рух кандайча иштээрин түшүнгөнгө чейин, мен мейманканада отуруп, уялчаактык жана үмүтсүздүк менен салгылашып жаттым. Эмне болуп жатканына таң калып жаттым. Кээде эртең мененки чогулуш ийгиликтүү өткөндөн кийин деле ушундай ойлор пайда болуп турчу.

Эртеден кечке таптакыр эч нерсе жасай албаган бир окуяны эстейм. Мен бул оордукту силкип сала алган жокмун. Сыйынып жаттым, бирок, мага дегеле Кудай жоктой сезилип жатты. Илияс сыяктуу эле мен да өзүмдү, өзүмдү, өзүмдү гана ойлодум. Мен өзүмдү натыйжасыз сездим, мага менин кызматым пайдасыз сезилип калды. Ошондуктан, Илияс: “Теңир, эми жетишет. Жанымды ал, анткени мен аталарымдан артык эмесмин”, - деп айтты (1 Падышалар 19:4).

Ошол эле үмүтсүз күндүн аягында Кудай мага Илиястын Изебелден канчалык корkконун көрсөттү. Акыры, менин жүрүм-турумум ушул коркутуп-үркүтүүчү рухтун эңсегениндей болуп жаткандыгын түшүндүм. Ал менин Кудай аткарууга жиберген нерседен мүдүрүлүшүмдү каалаган экен. Ошол жыйында Кудай жыйынга буйруган тобо кылуу жана ыйыктык жөнүндөгү насааттарды жактырбаган адамдар болгон. Ошол замат мен эртеден кечке күрөшүп келе жаткан белгилердин

тамырын таптым. Бул тартынчаактык руху болгон. Мен тайманбастык менен бошонуп, уялуудан жана нес болуп калуудан арылгам. Ошол күнү кечинде бизде күчтүү чогулуш болуп өттү! Кийинчерээк мен тартынчаактык рухуна кантип туруштук берүүнү түшүндүрүп берем. Бирок, азыр ушул рухту таанып билүү үчүн, келгиле, Илиястын жашоосун тереңирээк карап көрөлү.

Илияс, сен бул жерде эмне кылып жүрөсүң?

Илияс Изебелдин коркутуп-үркүтүүсүнө туруштук берүүдөн баш тартканда, ал өз бийлигинен чыгып калган. Натыйжада, анын бүт элге кызмат кылуу белеги басылып, ал Кудайга жакпаган багытты көздөй жөнөдү. Илияс тирешүүдөн качканда, ал буга чейинкиге караганда таптакыр башкача көрүнгөнүнө ишенем. Ал өз кулун таштап, карама-каршы багытты көздөй жөнөдү, Хореб тоосун көздөй кырк күн, түн жүрдү. Ал жакка барганда анын биринчи уккан сөзү бул болду: “Илияс, сен бул жерде эмне кылып жүрөсүң?” – деди (1 Падышалар 19:9).

Элестетип көрсөңөр: ал кырк күндүк жөө жүрүштөн чарчап, өлгөнгө чейин түңүлүп, дегеле, толугу менен депрессиялык абалда болгон. Кудай болсо: “Эмне үчүн сен кызматыңдан качып, ушул жерге жашындың?” - деп сурап жатат. “Ооба, бирок Кудай периштесин жиберип, Илияска кырк күн, кырк түн бою сапарын улантуу үчүн эки токоч берди” деп ойлоп жаткандырсыңар. Анда эмне үчүн Кудай: “Эмне үчүн бул жердесиң, Илияс?” - деп сурап жатат? Кудай Илиястын баары бир качып кетерин билген. Адам жүрөгүндө бир нерсени пландаштырганда, бул Анын кемчиликсиз эрки болбосо дагы, Кудай ага жол берип коёт.

Билам да Маап падышасы Балак андан келип, Ысрайылды каргасын деп сураганда, ошондой болгон. Теңир Биламга барбасын деди, бирок, Билам кайтып келип, Теңирден экинчи жолу сурады. Кудай Өз чечимин өзгөртүп, Биламга кайра бара беришин айткансып.

Эртеси эртең менен Билам жолго чыгуу үчүн эшекти токуду.

Библияда айтылгандай: “Анын кеткенине Кудай каарданды” (Сан. 22:22). Кудайдын периштеси аны өлтүрүү үчүн келди.

Кудай эмне үчүн бар деп айтты жана Билам Анын айтканын аткарганда, Ал ачууланып кетти? Теңир Биламдын жүрөгүн билгендиктен, ага уруксат берди. Ал Биламдын Кудайга баш ийүүдөн көрө, Балак сунуш кылган сый-урматты жана акчаны эңсегенин билген. Адам жүрөгүндө бир нерсе жасоону чечкенде, бул Кудайдын кемчиликсиз эрки болбосо дагы, Кудай аны токтотпойт.

Ушул эле окуя Илияс менен да болгон. Ал Баалдын пайгамбарларына туруштук бергендей эле, Кудай анын Изебелге да каршы чыгышын каалаган. Бул Кармел тоосунда башталган ишти аягына чыгармак. Бирок, Илияс аны менен жолуккусу келген жок. Ал кысымдан тажады жана анын астынан чыккысы келди. Кудай сапарга керектүү болгон азык-түлүк берүү үчүн, периштесин жиберди. Теңир күтүп турганга жана кийинчерээк Хореб тоосунда Илиястын тартынчаактыгы менен чечишкенге даяр эле.

## Бардыгы үчүн бир адам жооп берет

Кудай Илияс аркылуу баштаган иш Изебел менен ал беттешмейинче бүтмөк эмес. Ал Ысрайылдын бардык көйгөйлөрүнүн тамыры болгон. Библияда:

> *“Аялы Изебелдин сөзүнө кирип, Теңирге жакпаган иштерди кылган Ахаптай адам мурун болгон эмес” -деп айтылган (1 Падышалар 21:25).*

Теңир Илияс менен Кармел тоосунда болгондой эле, анын жанында калды. Бирок, пайгамбар Изебелден коркуп, өзүнүн бийлигинен чыгып калган. Ишти аягына чыгаруу үчүн берилген белек иштеген жок. Эми Илияс пайгамбардын Хореп тоосуна эмне үчүн келгенин сурагандан кийин Кудай ага эмне деп айтканын карасаңар:

> *“Теңир ага мындай деди: «Кайра чөл аркылуу өз жолуң менен Дамаскка бар. Барганыңда, Сирияга Хазаелди падыша кылып майла. Ал эми Нимши уулу Жейуну Ысрайылга падыша кылып майла. Абел-Мекелалык Шапат уулу Элишаны болсо өзүңдүн ордуңа пайгамбар кылып майла. Хазаелдин кылычынан качып кутулганды Жейу өлтүрөт, ал эми Жейунун кылычынан качып кутулганды Элиша өлтүрөт” (1 Пад. 19:15-17).*

Кудай Илияска Элишаны өзүнүн ордуна пайгамбар кылып майлап, Жейуну Ысрайылга падыша кылып майлоону буйруганын байкагыла. Кудай Изабелден качпай турган эки эркек кишини тапты. Алар анын чакырыгын аткарышат.

Изабелден коркуп, андан качып кеткенде, Илиястын иши токтоп калган. Ысрайылга жайылган бардык жамандыктын артында Изабелдин таасири тургандыгы эсиңерде да. Эгерде лидердин туура эмес таасирине каршы турбаса жана анын ишине чекит коюлбаса, анда бул лидердин жетекчилигиндеги адамдарга жамандык жайылып кетиши турган иш.

Ыйса бул принципти мындай деп үйрөткөн: “Күчтүү адамды байлап салмайынча, анын үйүнө кирип, мал-мүлкүн уурдоо мүмкүн эмес. Аны байлап салгандан кийин гана үйүн тоноп кетсе болот” (Марк 3:27). “Күчтүү” - бул лидер. “Үй” бул анын домени же таасир этүүчү аймагы. “Анын буюмдары” - жемиштер же таасирдин натыйжалары. Эми ушул жоромолду колдонуу менен, Ыйсанын айткандарын дагы бир жолу окуп чыксаңар:

> *Лидердин аймагына кирген эч ким, ал лидердин өзүн күчтөн ажыратмайынча, анын таасиринин натыйжаларын жок кыла албайт. Андан кийин гана ал анын аймагын ала алат (Марк 3:27, автордун сөзү).*

“Ахап башчы болгон, Илияс андан корккон эмес” деп айтышыңар мүмкүн. Ооба дагы, жок дагы. Ахап лидерлик

титулуна ээ болгон, бирок, ал өзүнүн бийлигин аялына өткөрүп берген. Ошондуктан, руханий дүйнөдө, ал Ысрайылда бурканга сыйынуунун артында турган “күчтүү” болгон. Ал Баалга сыйынууга түрткү берген. Анын таасири менен, жети миң ишенимдүү адамдан башка, бүт Ысрайыл эли жалгыз чыныгы Кудайга сыйынуудан баш тартышкан. Ага каршы эч ким ачык чыкпагандыктан, анын таасири сакталып калган.

Мен ушул сыяктуу нерселерди көп жолу көргөм. Адам пастор же лидер деп аталат, ошол эле учурда башка адамдар аны башкарып, көзөмөлдөп турушат. Адатта, мындай адамдар анын жанында болуш керек. Булар аялдары, жардамчылар, кеңешчилер, дьякондор, арачылар ж.б. Алар көшөгө артында бийлик жүргүзүп, лидер деп аталган адамды башкарышат.

Мындай көрүнүш үй-бүлөлөрдө дагы болот. Ата-энелер балдарынан коркушат. Күйөөлөр аялдарынын алдында тартынышып, чындыгында үй-бүлөнүн башчысы болушпайт. Лидердин үйүндө дагы, кызматта дагы анын айланасында кеңешчилери болушу маанилүү. Бирок, ал өзү да өз бийлигинде болушу керек, үй-бүлөдө же кызматта болсун, Кудай берген белегин колдонуп, коргоп, аны менен кызмат кылуусу зарыл.

> *Эгер Илияс пайгамбардын качып кетишинен кийинки окуялар жөнүндө окуганды уланта берсеңер, анда анын баштаган иши соолуп калгандыгын көрө аласыңар. Ахап элди басмырлоону уланта берди. Изебелдин күйөөсүнө жана падышачылыкка таасири күчөгөн. Илияс Баалдын пайгамбарларын жеңип, бардык адамдар Кудайдын күчүнө күбө болушса дагы, Баалга табынуу калыбына келтирилген. Илиястын Изебелден качып кеткени, өзү менен кошо ысрайылдыктардын эрдигин алганга барабар болгон. Ахап көз жумду, бирок андан кийин башкарган эки уулу элди чыныгы жолдон алыстатып, аларды бурканга табынуучулукка тереңирээк алып барышты (1 Пад. 22:51-2 Пад. 9).*

## Бийлигинен баш тартпаган экөө

Ошентип, Илияс ушул бузукулуктун жана башаламандыктын булагынан качып кетти. Ошондуктан, Теңир ага бул жаман аялга каршы күрөшүү үчүн эки адамды майлоону буйруган. Акыры, Жейу Изебелди өлтүргөн (2 Падышалар 9:30-37). Изебел аны башкарууга аракет кылганда, ал анын коркутуп-үркүтүүсүнө моюн сунуудан баш тарткан. Бир эле салгылаштан кийин, анын таасири талкаланып, жок кылынган (2 Пад. 10).

Жейу жана анын кишилери Ахаптын бардык жетимиш уулун өлтүрүштү. Ал Баалга табынуучулардын бардыгын чогултуп, аларды кылычка салып, Баалдын ыйбадатканасына кирип, алар ыйык деп эсептеген бардык нерселерин өрттөдү. Жейунун кишилери Баалдын айкелин кулатып, ыйбадаткана менен кошо аны жер менен жексен кылды. Эми Библияда Жейу жөнүндө эмне деп айтылганына көңүл бургула:

> *Ошентип, Жейу Ысрайыл жеринен Баалды жок кылды (2 Пад. 10:28).*

“...Жейунун кылычынан качып кутулганды Элиша өлтүрөт”, - деп Кудай Илияска түздөн-түз айткан (1 Пад. 19:17). Алгач Илияска берилген тапшырманы аткаруу үчүн эки адам талап кылынган. Кудай Илияска Элишаны “анын ордуна пайгамбар болуу үчүн” майлоону буйруган, анткени, Илияс тартынчаактыгынан улам өзүнүн бийлигинен баш тарткан. Жейу менен Элиша болсо, коркуп-тартынуунун айынан аларга Кудай берген бийлик ордуларын бошоткон жок, Ахаптын тукумунан чыккан эч кимге баш ийген жок, ошондуктан Кудайдын белеги мындан ары күчсүз болгон эмес жана өлкө Баалга табынуудан кутулган.

Тартынчаак болсок, биз бийлик позициябызды калтырган болобуз. Натыйжада, Кудайдын кызмат кылуу жана коргоо үчүн берген белеги жигерсиз бойдон калып калат. Биз өзүбүз байкабай туруп эле, бизди коркуткан адамдын максатына жетүүгө салым кошо баштайбыз.

Байыркы Келишимде Кудайдын эли алдыга умтулуунун ордуна артка чегинген көптөгөн мисалдар бар. Пабыл жазгандай: "Алардын башынан өткөн нерселердин баары бизге сабак болуш үчүн болгон. Кылымдын акырында жашап жаткан бизге эскертүү болуш үчүн, кагазга түшүрүлгөн" (1 Кор. 10:11). Ошондой эле, Римдиктерге жазган катында: "Ал эми буга чейин жазылгандын баары биздин үйрөнүшүбүз үчүн жазылган. Анткени биз Ыйык Жазуу аркылуу чыдамдуулукка жана кайраттуулукка ээ болуп, үмүтүбүздү үзбөйбүз" (Рим. 15:4). Бул китепте мен Байыркы жана Жаңы Келишимден дагы көптөгөн мисалдарды келтирем. Анткени, Жаңы Келишимди кандайча колдонууну эски мисалдарды билбей туруп, толук түшүнүү мүмкүн эмес. Кийинки бөлүмдө биз тартынчаактык бир гана жетекчинин жашоосунда эмес, ал кызмат кылган адамдардын жашоосунда да Кудайдын ишине канчалык тоскоол болуп жаткандыгын көрөбүз.

6-бөлүм

# ТАРТЫНЧААКТЫК МЕНЕН ШАЛ БОЛУП КАЛГАНДАР

Адам коркkondo, Кудайдан да корккон нерсесин көбүрөөк сыйлайт.

Тартынчаактык бизди рухий чөйрөдө шал кылат. Ал биз туура эмес деп эсептеген нерселер менен компромисске барууга бизди аргасыз кылат. Ал бизди башка шарттарда биз каршылык көрсөтө турган нерселерге чыдоого жана аларга жол берүүгө мажбурлайт.

Буга Эйли жана анын уулдарынын окуясы мисал боло алат. Ысрайыл падышачылык башкарууга ээ боло электе, аны соттор башкарган. Кудай аларды элдин тарыхындагы оор учурларда көтөргөн. Дейктин Библиясына ылайык, Эйли Ысрайылдын он бешинчи соту болгон. Ал сот гана эмес, жетинчи башкы ыйык кызмат кылуучу болгон. Ал Ысрайылды кырк жыл бою бийлеген. Анын эки уулу, Копни жана Пинехас, ошондой эле дин кызматчы

болушкан. Бирок, Эйлинин башкаруусунун тушунда Ысрайылда рухий атмосфера кандай болгонун карап көрөлү:

> *Ал күндөрү Теңир сөзү сейрек болду, көрүнүштөр да көп болгон жок (1 Шем. 3:1).*

Бул жерде айтылган Теңирдин сөзү кагаздагы Жазуу эмес. Ысрайылдыктарда Тоорат болгон. Бирок, бул аятта Рухтун жетеги менен Кудайдын жолдору жана пландарына кирүү деген жөнүндө сөз болуп жатат. Ал эми, адамдарда Кудай алар менен түз сүйлөшкөн учурлардын эскерүүлөрү гана калды. Азыр болсо Китептин автору унчукпай жатты. Анын үнүн сейрек угушкан.

Кудай эмне үчүн унчукпай жатты? Жоопту 2-бөлүмдөн таба алабыз:

> *Эйлинин карылыгы жетип калган, ал өзүнүн уулдарынын ысрайылдыктарга кандай мамиле кылып жатышканын жана жыйын чатырынын алдына келген аялдар менен жатып жүрүшкөнүн укту (1 Шем. 2:22).*

Эйлинин уулдары Копни жана Пинехас ыймансыз болушкан. Алар Ысрайылдын аялдары менен жөн эле жатышкан эмес. Алар ушунчалык көөп кеткенинен, Теңирдин катышуусу турган жыйын чатырына кызмат кылууга келген аялдар менен бузуктукка барышты. Алардын Кудайдан коркуусу кайда эле?

Алардын ыпластыгы жыныстык күнөөлөр менен гана чектелген эмес. Алар ошондой эле, адамдар алып келген чийки этти күч менен тартып алышчу. Бул практика мыйзамга каршы келип, кызматчыларды жана Теңирди аларга таандык эттен ажыраткан. Бул Ысрайыл элинин Теңирге арнаган курмандыктарга кайдыгер мамиле кылып башташына алып келди. Копни жана Пинехас ысрайылдыктардын мүдүрүлүүчү ташы болушкан. Адамдар алардын жүрүм-турумунан улам Кудайга карата сууп калышты.

Эйли уулдарынын эмне кылып жүргөнүн билген, бирок, аларды четке каккан жок, болгону жайбаракаттык менен: “Эмне үчүн мындай иш кыласыңар? Мен силер жөнүндө элдин баарынан жаман сөздөрдү угуп жатам. Жок, балдарым, мен уккан бул кабар жакшы эмес. Теңирдин элин бузуп жатасыңар” (1 Шем. 2:23-24), - деп айтты. Анын уулдары бул жеңил-желпи оңой оңдоп-түзөөгө караганда, жазага көбүрөөк татыктуу болушкан. Жүрөктөрүндө өкүнүп тобо кылганга чейин, аларды ыйык кызмат кылуучулардын кызматынан жана жалпы жыйын чатырынан алып салуу керек болчу.

Кудайдын пайгамбары Эйлиге келип, мындай деди: Өзүмдүн турак жайым үчүн Өзүм осуят кылган, Мага алып келинген курмандыктарды жана нан курмандыктарын силер эмне үчүн бутуңар менен тебелейсиңер? ...эмне үчүн уулдарыңды Менден артык көрөсүң? ...анткени Мени даңктагандарды Мен даңктайм, Мени жаманатты кылгандар уятка калышат. (1 Шем. 2:29-30).

“Даңктоо” деген “урматтоо, сыйлоо, эске алуу” дегенди билдирет. Эйли уулдарына каршы чыккандан жана аларды тарбиялоодон баш тартып, аларды Теңирден көбүрөөк сыйлаарын көрсөттү. Адам коркхондо, корккон нерсесин Кудайдан да көбүрөөк сыйлайт. Адам муну түшүнсө да, түшүнбөсө да, ал аны ушунчалык коркуткан нерсеге баш иет. Эгер Эйли тартынчаак болбосо, анда ал уулдарына башкача мамиле кылмак.

> *Кийинчерээк Кудай Шемуелге Эйли жөнүндө мындай деди: Мен ага: “Уулдарыңдын мыйзамсыз иштерди кылып жатканын көрүп туруп, аларды тыйбаганың үчүн – ушул күнөөң үчүн сенин тукумуңду түбөлүккө жазалайм”, – деп айткам. (1 Шем. 3:13).*

Теңирдин сөзү сейрек айтылган жана ыймансыздык күчөгөн, анткени, сот жана башкы ыйык кызмат кылуучу өз уулдарынан корккон! Ал өз бийлигинен баш тартып, Ысрайылга адилеттүү

сот жүргүзүү жана ага кызмат кылуу жөндөмдүүлүгүн жоготту. Кудайдын ой-ниетине көңүл бурулган эмес. Ирээтсиздик гүлдөп турган кезде Ысрайылдын душмандары бардык жагынан күч алып жатышты. Лидерлер бийликти өткөрүп берген кезде, алардын камкордугундагы адамдардын бардыгы кыйналат.

## Бул тааныш угулабы?

Тилекке каршы, көптөгөн аталар балдарынын алдында тартынчаак болушат. Жаштардын кайтаруучусу болгондуктан, мен машайакчы үй-бүлөлөр канчалык жардамга муктаж экендигин көрдүм. Өспүрүмдөрдүн ата-энесин жек көргөнүн көрдүм. Алар ата-энелери менен эч кандай сый-урмат көрсөтпөй сүйлөшөт. Аларды ата-энелери кыжырдантышкандай сезилчү. Мени бул нерсе аябай таң калтырып, мен бул жаштарды ачык эле ата-энелеринин көзүнчө оңдоп жаттым, анткени, ата-энелер өздөрү кетенчиктеп, аларды оңдогондон коркуп турушчу. Алардын үйдө анархия, толук башаламандык өкүм сүрүп турду. Ата-энелер өз бийлигин балдарына өткөрүп беришкен. Үйдө тартип орнотуу жана такыбаа балдарды тарбиялоо үчүн, берилген Кудайдын белеги жана күчү жигерсиз болгон.

Бул көйгөй үй-бүлөлөрдө гана эмес, биздин жыйындарда дагы бар. Мен жүздөгөн жыйындарды кыдырып, канчалаган лидерлердин өз элинин алдында тартынчаак болгонун байкадым. Жыйындардагы атмосфера Эйлинин убагындагы Ысрайылдыкынан көп айырмаланбайт: Кудайдын үнү сейрек угулат.

Бул лидерлер бийлик кызматын өткөрүп беришкендиктен, Кудайдын күчү иштей албай жатат. Кайтаруучу ар бир кызматта насаат айтат, даңктоо группасы ырдап жатат, бирок, Кудайдын катышуусу аз же такыр жок.

Кызматчы эч кимди таарынтпаш үчүн жана баш ийбестик менен жашагандарга каршы турбоо үчүн, насаатты кылдаттык менен даярдайт. Же, тескерисинче, ал айрымдарынын алдында уяңдыгын жашыруу үчүн ачууланып, катууланып, койлорду

уруп-сабайт. Бирок, мунун баарында руханий жашоо өтө аз же ал таптакыр жок.

“Сейрек” - бул Кудайдын катышуусунун библиялык сүрөттөлүшү. Бул жерде жана ал жерде жашоонун учкундары болушу мүмкүн, бирок, Кудайдын катышуусу көп болбойт жана Анын сөзү тирүү суунун фонтанындай эркин агып кетпейт.

## Тирүү өлүктөрдүн жыйыны

1990-жылы мен “толук Жакшы Кабардык” жыйынында кызмат кылдым. Адамдар өзүлөрүн тирүү жана Кудай менен алдыга жылып жатабыз деп ойлошкон. Жекшемби күнү эртең менен насаат айтып жаткам, мага сөздөрүм кайтып келип, бетиме жабышып жаткандай сезилди. Бул таш дубалга насаат айтуу сыяктуу эле. Атмосфера макул болбостук менен толуп тургандай болду.

Мен мындай нерсени өзүм үчүн элестете да алган жокмун. Кайтаруучу жана анын жубайы мен буга чейин кезиктирген адамдардын ичинен эң сонун адамдардан болчу. Алардын уулу даңктоону алып барган, сонун бала болчу. Кызматтан кийин алар менен кечки тамакка барганга чейин мен эч нерсени түшүнө албай жатканмын.

Кайтаруучу: “Джон, мен сенден сурайын дедим эле. Менин жыйынымда ажырашкан жубайлар бар. Экөө тең чогулуштарга келип, залдын карама-каршы эки четинде отурушат. Бул эркек киши жыйындын негизги уюштуруучусу. Ал бир жаш аял менен таанышкан, аны менен сүйлөшө баштады, бир аз убакыттан кийин ал аял анықына көчүп келди, эми алар чогуу жашашат. Мен эмне кылышым керек?” Буга мен дагы жооп беришим керек экенине ишене албай турдум. Башым маң болуп, мен андан: “Аны жыйындан кууп чыкпаганыңды айтып атасыңбы?”, - деп сурадым.

-Жок, - деп ал жооп берди, - бирок, мен андан башкы уюштуруучу катары кызмат кылууну токтотушун сурандым.

Мен токтоно албай, пасторго жана анын аялына бир саат бою

насаат айттым. Мен аларга Пабылдын Корунттагы жыйындын аксакалдарына кандай мамиле кылгандыгын айттым. Ал жерде дагы кимдир бирөө күнөөдө жашаган. «Мындай иш кылган адам арабыздан чыгарылса экен», – деп ыйлагандын ордуна кекирейесиңер да!" (1 Кор. 5:2). Камырга салынган ачыткы, бүт нанды ачытканда, бүт нан көтөрүлөт. Пабыл оздукталбаган, уятсыз, билип туруп жасалган күнөөнү камыр ачыткысы менен салыштырган. Мен ошол кайтаруучуга эскертип айттым. "Сен жыйында күнөөнүн эч кандай тоскоолдуксуз жайылышына жол берип жатасың. Мунун башкалардын да жашоосуна келтире турган кесепеттери үчүн Кудай сенин жооп беришиңди сурайт!" Мен андан ары: "Койчу койлорду багып гана кобойт, ал аларды коргойт. Сен аларды бакканды жакшы көрөсүң, бирок, аларды коргоодон коркосуң, анткени каршылашууну жактырбайсың. Бирок экөө тең маанилүү! Сен бул адамга чечкиндүү түрдө каршы турушуң керек, бирок, сүйүү менен жана эгер ал дароо тобо кылбаса, анда аны жыйындан чыгарып сал". Койлорду бакпасак, алар ачкадан өлүшөт. Эгер биз аларды коргобосок, анда аларды жеп кетишет.

Ал жана аялы кубара түшүштү. Аялы: "Мен кызматымды уланта бергенди каалярымды деле билбейм. Мен жөн гана адамдарды сүйгүм келет", - деди.

Мен: "Эгер силер адамдарды коргобосоңор, анда бул абдан ыңгайлуу, бирок, чыныгы сүйүү эмес", - деп жооп бердим.

Акыры алар жыйындагы кээ бир адамдардан коркушарын моюнга алышты. Анан алар мага ачылып, башка да көйгөйлөр жөнүндө айтып беришти. Көрсө, даңктоо тобунда айрым музыканттар сыйлабастык менен мамиле кылышат экен. Мен аларга кызматта өзүмдү кандайча дүрбөлөңдүү сезип жатканымды, эми гана эмне үчүн мындай болгонумду түшүнгөнүмдү айттым.

Ошол эле күнү кечинде, насаат учурунда бир киши менин сөзүмдү бөлүп, тилдерде бир нерсе айткысы келди. Мен андан токтоосун сурадым жана Кудай Өзүнүн сөзүн бөлбөйт деп

түшүндүрдүм. Ал түшүнүп, сүйлөбөй калды. Бирок, гитарачы дароо ордунан ыргып туруп, "Мага Ыйык Рухтун кыймылына жол бербеген насаатчылардын кереги жок. Мен бул жерден кетем!" - деп мага атырылды. Ал аялын кармап, бас-гитарачыга аны менен барсын деп кыйкырды. Бас-гитарачы, анын аялы жана дагы бир адам кыйкырык-сүрөөн менен чыгып кетишти. Айлана тынчсызданууга толуп, чогулуш чаташып кетти.

Мен дароо Ыйык Рухтан эмне кылуум керектигин сурадым. Ал: "Аларга бийлик жөнүндө үйрөт" деди. Мен окутуп жатканча, Кудайдын тынчтыгы жыйынды толтуруп, Анын тартиби орноду.

Мен бүткөндөн кийин Теңир мага буйрук берди: "Жана-а сен токтоткон адамыңа тилдерде чечмелөө менен сүйлөөсүн айт".

Бир аз олку-солку болуп, мен мурунураак токтоткон кишиге: "Мырза, мүмкүн болсо, Кудай ошол билдирүүнү азыр айтышыңызды каалап жатат деп ойлойм", - дедим.

Ал ар кандай тилдерде сүйлөп, чечмелеп берген. Ал ушундайча башталган: "Теңир мындай дейт: Мен бул жыйындан жугуштуу күнөөнү көрдүм. Мен Өз кулума анын бир бөлүгүн гана көрсөттүм. Анын сөздөрүнө көңүл бургула, анткени бул Менин сөздөрүм».

Ушул жыйынга кирген күнөө жана козголоң үчүн мен боздоп ыйлай баштадым. Кайтаруучу да өкүнүп жатты. Күнөө кеңири жайылган, анткени, жетекчилер Кудайдын каалоосу боюнча, алар кам көрүшү керек болгон адамдардан коркушкан.

Кийинчерээк пастордун чогуу жашаган эркек менен аялга каршы чыккандыгын билгенде мен аябай кубандым. Экөө тең тобо кылып, дароо эки башка ажырым жолго түшүүнү чечишиптир.

## Жумушчуларынан корккон пастор

Мен бир жолу чогулуш жекшемби күнү эртең менен башталып, шаршемби күнү кечинде созулгандай кылып түзүлгөн жыйында кызмат кылдым. Бизде чыныгы өкүнүү, айыгуу жана бошонуу менен укмуштуудай кызматтар болуп

жатты. Жыйын каржылык жактан чоң ийгиликтерге жетишип жаткан. Сабакка катышуу көбөйдү. Бирок, шейшемби күнү кечинде кызмат кылардан мурун, кайтаруучу ыйлай баштады.
- Эмне болду? – деп мен сурадым.

-Джон, мен сага көз артпайм, болгону эмне үчүн мен Кудайдын кыймылын эч качан көрбөй турганымды түшүнө албай турам. Мен Ыйык Рухка толгом, бирок, Рухий жөндөмдүүлүктөрдүн бири дагы менин кызматтарымда иштебейт. Эч ким айыкпайт же бошонбойт, бардыгы ушунчалык кыйындай сезилет.

Анан мен суроолорду бере баштадым. Жыйын кеңешинде кайтаруучудан мурун Ыйык Рухка толгон эки жубай бар экендигин билдим. Ошентип, алар ага эмне кылуу керектигин жана жыйынды кантип башкаруу керек экендигине көрсөтмө беришчү экен. Мен ага түшүндүрдүм: “Сен өзүңдүн жыйын кеңешиңден коркосуң. Сен сага Кудай берген бийликке кайтып келип, алар сенин эмес, сен алардын кайтаруучусу экениңди айтышың керек”.

Эртеси күнү ал алар менен сүйлөштү. Эки түгөй тең ачууланышып, акыры жыйындан кетип калышты. Кызматтар уланып, акыркы түнү бир топ адамдар сыйынганы алдыга чыгышты, бирок, Теңир мага: “Алар үчүн сенин сыйынууңдун кажети жок. Кайтаруучу сыйынсын”, - деди.

Мен пасторду карап, анын бардык айланасында Кудайдын күчүн көрө алдым.

–Кайтаруучу, - дедим мен, - Кудай сага адамдар үчүн сыйынгын деди.

Ал ушул топтун ортосуна чуркап барып, адамдарга тийери менен, алар Кудайдын күчү менен кулаткандай кулап түшүштү. Айрымдары ал колун тийгизе электе эле жыгылды. Кудайдын күчү ушунчалык күчтүү болгондуктан, ал адамдарга жакындаганга чейин эле иш-аракет кыла баштаган.

Жин кирип кеткен бир кыз эң сонун түрдө бошонгон. Бир нече миеуттун ичинде бул топтогу адамдардын ар бири жерде жатты жана Ыйык Рух аларга кызмат кылды! Кайтаруучу

бурулуп, мени карап, өзү жерге кулап түштү. Чогулушту анын аялы жыйынтыктаганга туура келип калды. Жарым сааттан кийин аны эки адам жерден көтөрүп чыгышты. Жыйын мындан ары эч качан мурдагыдай болгон эмес.

## Бир эле пьеса ар кандай жасалгалар менен

Бул принцип чындыгында көптөгөн жыйындарда, ошондой эле адамдардын жашоосунда болгонуна күбө болдум. Мен чет өлкөдөгү бир жыйында кызмат кылып жатып, кайтаруучулар менен лидерлердин өзүн алып жүргөнүн көрүп, алардын тартынчаактык менен күрөшүп жатышканын байкадым. Бир жума бою мен аларды рухта күчтүү болууга жана Теңирдин жогорку чакырыгына жетүүгө үндөп жаттым. Мен кеткенден үч ай өткөндөн кийин, жыйын үч эсе чоңойду! Алар 400 орундуу имаратынан 2000 кишилик чоң аудиторияга көчүп кетишти. Кийинчерээк бул өлкөгө кайтып келгенимде, кайтаруучу мага тартынчаактыгын жана коркуу сезимин сындырганда, ал жана анын жыйыны мурдагыдай болбой калганын айтты.

Бир жолу мени Атлантка үч күн кызмат кылууга чакырышты. Акыркы кечте мен тартынчаактыктын күчүн кантип сындырса боло тургандыгы тууралуу насаат айттым. Кайтаруучу өз адамдарынан коркуудан керемет жол менен бошонгон. Ал: “Сен тезирээк келип, бир жума бою бул жакта турушуң керек” деди.

Мен үч жумадан кийин келдим, биз тогуз кызмат өткөрдүк. Кудайдын күчү ушунчалык күчтүү болгондуктан, айрым адамдарды түн жарымынан кийин көтөрүп чыгарып жатышты. Түн ортосунда адамдар кайтаруучунун үйүнө чалышып, эмне кылуу керектигин сурап жатышты, анткени, айрымдары дагы деле Кудайдын көз алдында жана күчү астында болушкан. Алар буга чейин Кудайдын мынчалык күчтүү жол менен иштегенин көрө элек болчу.

Андан кийин, ар бир дем алыш күндөрү тогуз ай бою ошол жыйында жандануу чогулуштары болуп турган. Кайтаруучу мага чалып, жыйындагы кызматтар канчалык күчтүү өтүп

жаткандыгын жана анын мүчөлөрүнүн жашоосунда кандай сонун нерселер болуп жаткандыгын айтып берди. Ал бир дагы чогулуш башка чогулушка окшош эместигин айтты. Алардын жыйыны төрт жүздөн жети жүз кишиге чейин өстү. Учуру келгенде, ал мага тартынчаактык жөнүндө мен насаат айткан түн анын жашоосунда жана кызматында бурулуш кылган түн болгонун айтып берди.

Мен дагы бир “тирүү ишенимдин” жыйынында болгонмун.

Даңктоо жана табынуу силерди уктатып коюшу мүмкүн болчу. Кайтаруучу ордунан туруп, кулактандырууларды айтып, андан кийин курмандык чалуу иштери жөнүндө “окутуп баштады”. Мындан кызыксыз мурун мен эч нерсе көргөн эмесмин. Кызматтан кийин чогуу тамактанганыбызда, ал футбол жана башка маанилүү эмес нерселер жөнүндө гана сүйлөшө алган. Бул кызыксыз түшкү тамак болгонун айтуунун кажети деле жок!

Эртеси күнү кечинде Кудай менден тартынчаактыкты жеңүү жөнүндө насаат айтышымды талап кылды. Насааттын ортосунда кайтаруучу өзүнүн жашоосунда жана кызматында башынан өткөргөн алсыздыгы үчүн өкүнүп, тобо кылып жерге кулады. Мен Кудай анын жашоосунда иштеп жаткандыгын билчүмүн, бирок, кандай иш экенин билген жокмун.

Эртеси күнү ал мага телефон чалды: “Джон, менин аялым бир сааттай гана уктады, мен болсо такыр уктай алган жокмун! Биз түнү менен тобо кылып, түнү бою ыйлап, андан кийин күлүп чыктык. Анан баарын башынан баштадык: биз тобо кылып, ыйлап, күлдүк” деди. Ошол эле күнү, ал жыйын кеңешин чакырып, алардын алдында тобо кылып, алар үчүн Кудай аны чакырып алгандай лидер болбогону үчүн кечирим сурады. Натыйжада, кеңештин бир нече мүчөсү мындан ары кайтаруучуну башкара албастыгын түшүнүшүп, жыйындан кетип калышты. Бирок, калгандары ага кошулуп, рухий жактан өсүүнү колдошту.

Жыйын дагы, ал адам дагы эч качан мурдагыдай бойдон

калган жок. Эми, төрт жыл өткөндөн кийин, даңктоо жана табынуу жанданды. Акыркы эки жылдан бери алар ар бир дем алыш күндөрү ойгонуу кызматын өткөрүп келишкен. Кайтаруучу мага чалганда, ал Кудай ал аркылуу эмне деп сүйлөгөнүн гана жана жыйында болуп жаткан окуялар жөнүндө гана айтып берет. Мен ал жакка бир нече жолу кайтып келгем, ал жак барган сайын жакшыра берди. Ал дагы мага ушул насаат анын жашоосунда жана кызматында бурулуш учур болгонун бир нече жолу айткан.

Бошонуу бир гана кайтаруучулар жана лидерлер үчүн эмес, бошонуу ар бир ишенген адам үчүн. Биз жөнөкөй адамдардан көптөгөн күбөлүк сөздөрдү алдык - алар жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө өздөрүн эркиндикке чыгарышты, тартынчаактык жана коркуу сезиминен чыгып кетишти.

Мен чогулушта тартынчаактыктан бошонгула деп насаат айтып жатканда бир аял келди. Андан кийин ал коркуу сезими жашоосун таштап кеткенин сезгенин айтты. Бир нече күндөн кийин ал жана анын кызы экөө жолдо кетип бараткандa аларды тапанча менен коркутушкан. Каракчылар аялдын капчыгын тартып алышат жана ошол замат үч жигит аларды курчап алышат.

Ал аялдын ичинде чоң эрдик пайда болуп, бардык күчү менен башка тилдерде сүйлөй баштады. Тапанчаны ага такаган жигит "Токтоткула!" деп кыйкырды. Аял уланта берди. Жигит өзүн ушунчалык жоготуп кйогондуктан, кызы үйүнө чуркап барып, 911 номуруна чалганга жетишкен. Эркек киши анын капчыгын гана алып, качып кетти.

Эртеси күнү бир машаякчы апасынын үйүнө адаттагыдай эмес, башка жол менен барууну чечет. Ал ошол аялдын капчыгын токойдон таап, ага телефон чалат. Алар чогуу аябай сүйүнүшөт. Капчыкта бир аз гана накталай акча жетишпегени эле болбосо, бирок, бардык документтер ордунда экен.

Кийинчерээк ал аял менин аялыма кайраттуулук алып келе турган билдирүүгө ишенерин жана бул нерсе анын өмүрүн

сактап калганын айткан. Мурда ал ушунчалык тез уялган жана тартынчаак адам болгондуктан, мындай тирешүүдө коркуу сезимине алдырып коймок. Бирок, ал эркиндикке чыкканына аябай кубанды!

Мен бул күбөлөндүрүүлөр үчүн Кудайга даңкты берем. Мен да тартынчаактык менен байланып турдум, бирок, Анын ырайымына ээ болуп, азыр бошмун! Туткундарды эркиндикке алып баруучу, боштондукка чыгаруучу акылмандык жана күч Андан келген.

Биз коркуу жана тартынчаактыктын эмне экендигин карап чыгып, алардын Кудайдын күчү жана жөндөмдөрүнүн иштешине тоскоол болуп, көпчүлүк учурда аларды токтотуп коё тургандыгын көрдүк. Бирок, биздин максатыбыз жөн гана аныктоодон алыс кетет. Биз алдыга умтулуп, ушул өлүмдүн туткасын талкалашыбыз керек!

# ТАРТЫНЧААКТЫКТЫН РУХУ

Руханий каршылык руханий мамилени талап кылат. Уялчаактыкты аныктоо жана аны чечүү үчүн, биз эки нерсеге негизделишибиз керек. Биринчиден, коркуу же тартынчаактык - бул рух, экинчиден, бул Кудайдан эмес.

*Кудай бизге коркуу рухун берген эмес (2 Тим. 1:7).*

Грек тилинде «рух» - пневма. Стронгдун симфониясына ылайык, ошол эле сөз Ыйык Рухка, адамдын же жиндин рухуна карата колдонулат. Бул уялчаактык, коркуу, тартынчаак мамиле же темперамент гана эмес. Бул - рух.

Уялчаактык бул рух болгондуктан, биз аны менен интеллектуалдык же ыктыярдуу түрдө күрөшө албайбыз.

Позитивдүү ой жүгүртүү уялчаактыкты жеңе албайт. Руханий каршылык руханий мамилени талап кылат. Биз рухий чөйрөдө иш алып барышыбыз керек.

Өзүңөр ойлоп көрсөңөр: эмне үчүн интеллигент адамдар, физикалык жактан күчтүү адамдар көбүнчө алардан дене-бой жагынан да, акыл-эси жагынан да өзүнөн алсызыраак адамдардын коркутуусу менен күрөшүшөт? Баары жайында болсо дагы, алар дайыма жагдайлар жаман жагына өзгөрүп кетишинен коркушат. Алар өзүлөрүнүн бардык убактысын жана күчүн тынчсызданууга жана эч качан болбой турган нерселерден өзүн коргоого аракеттенип өткөрүшөт. Алар келечектен коркуп атып, азыркы учурдагы эч нерседен ырахат ала алышпайт. Аларды сергек ой жүгүртүүгө канчалык чакырбаңыз, коркуу дагы деле болсо сакталып кала берет. Алар коркуу же уялчаактык руху менен байланып калышкан. Алар табигый алсыздыктар менен эмес, руханий кемчиликтер менен күрөшүшү керек.

Же болбосо, баарын ар дайым өзүлөрү каалагандай кылып көнгөн эркек же аялды элестетип көрсөңөр. Алардын статусу жана билими кандай экендиги маанилүү эмес. Балким, алар эч кандай бийлик позициясын ээлешпейт, бирок, айланадагылардын бардыгы чегинип, аларга моюн сунуп жатышат. Эмнеге? Бардыгы абдан жөнөкөй. Алар уялчаактык жана коркутуу руху аркылуу башкаларды башкарат. Алар аны өз пайдасына колдонууну үйрөнүштү.

Мен эртең мененки тамакты аябай өнүккөн бизнеси бар мырза менен чогуу ичтим. Ал мага куткарылууга чейин кандайча жашап, кандайча иш-аракет кылгандыгын айтып берди. Ал мындай деди: «Адамдарды коркуу сезимине бөлөө менен мен өз бизнесиме керектүү нерселердин бардыгын ала алчумун. Мэрияга киргенде бул күчтү түзмө-түз өзүмдө сезип турдум. Элдин менден корккону мага жакчу. Мен ал тургай, шаардык кеңештен да керектүү нерселердин бардыгын алдым. «Анда уялчаактык жана коркутуу руху бар болчу.

Ал тургай, шаар жетекчиси дагы, алардын ээлеген кызматы бир кыйла жогору болсо да, ага каршы турууга батынган жок.

## Көзөмөлдөөчү рух

Илияс Баалга сыйынган Ысрайылдын элинен корккон эмес. Бир адам бүтүндөй бир элге каршы кандай гана зор кайраттуулукту көрсөттү! 850 жалган пайгамбар да аны сабаган эмес. Миңге жакын диний жетекчилерге каршы бир пайгамбардын чыгышы, кандай гана чечкиндүүлүк! Акыр аягында, ал Ысрайылдын падышасынын каарына да көңүл буруп койгон жок. Көпчүлүк адамдар мындай кырдаалды жөнгө сала алышмак эмес. Анткен менен, ал жалгыз гана бир аялдын өзүн коркутушуна, ал тургай, качып кетип, өлгүсү келгенге чейин жол берген! Маанисиз.

Психологдор аны жөн гана аялдардан корккон деп айтышмак. Бирок, бул өтө алсыз аргумент. Израиль эли бир гана эркектерден турган эмес! Жок, бул бүткүл улут, падыша жана жалган пайгамбарлар ага салыштырмалуу өң-алеттен кеткен ушундай күчтүн рухий карама-каршылыгы болгон. Изебелдин айдыңында Илияс тартынчаактыктын жана коркутуп-үркүтүүнүн руху менен жолуккан. Падыша менен жалган пайгамбарларда мындай рух болгон эмес.

Бул рухтун табияты жөнүндө Ыйык Жазууда эмне деп айтылганын билип алалы. Жеху менен Изебелдин уулу Жорамдын ортосундагы пикир алмашууну карагыла.

> *Жейуну көргөндө, Жорам: «Жейу, тынчтык менен келе жатасыңбы?» – деп сурады. Ал ага: «Сенин энең Изебел бутка табынып, көп сыйкырчылык кылып жатса, кайдагы тынчтыкты айтасың?» – деди (2 Падышалар 9:22).*

«Сыйкырчылык» деген сөзгө чалынбагыла. Мурунуна сөөл чыккан, шыпыргыга минип учуп, дубаларды окуп, уу куюп жаткан эжекени элестетип жаңылыштык кетирип албагыла. Адам башка адамдарды башкаргысы келгенде сыйкырчылык кылат. Ооба, жин-перилер чакырылган башкаруунун же сыйкырчылыктын түрлөрү бар. Бирок, сыйкырчылык ушуну

менен эле чектелип калбайт. Пабыл Галатиядагы жыйынды: «Акылсыз галатиялыктар, айкаш жыгачка кадалган Ыйса Машайак силердин көз алдыңарга тартылгыдай сүрөттөлүп берилбеди беле, ким силерди чындыкка баш ийбөөгө азгырды», - деп жемелеген (Гал. 3:1). Аларды кандайдыр бир баңгизат жана дары-дармектер сыйкырлаган эмес. Пабыл аларга Ал ачып берген Кудайга баш ийбөөгө аларды ынандырган окутуучуларды эстейт. Бул мугалимдер сыйкырчылык иштердин чеберлери болгон эмес, биро,к алар башкаруучу рухка ээ болушкан. Бул бүтүндөй жыйынга таасирин тийгизген.

Изебел ушунчалык күчтүү башкаруучу жана коркутуучу рухка ээ болгондуктан, падыша, башчылар жана бүт Ысрайыл эли ага баш ийген. Жада калса, Илияс да жанын сактап калуу үчүн чуркады. Жүрөгүңөргө коркуу сезиминин киришине жол берсеңер, бейпилдикти, ишенимди, кайраттуулукту, бекемдикти, баатырдыкты, чечкиндүүлүктү жана коопсуздукту жоготосуңар. Тизме улана берет.

Мен адамдардын позитивдүү ой жүгүртүү аркылуу алсыратуучу коркуу сезиминен өз алдынча чыгууга аракет кылгандыгын байкадым. Алар булактын өзү менен эмес, коркуунун кесепеттери менен күрөшүп жаткандыктан, ийгиликсиз болушат. Мөмө-жемиштерди дарактан жыйнап алсаңыз болот, ал бир азга чейин жемишсиз болуп калат, бирок, андан кийин мөмө кайрадан эле өсө берет. Дарактын тамыры бекем болсо, мөмө бере берет. Демек, тартынчаактыктын күчүн сындыруу үчүн, анын артында турган руханий күчкө каршы турушуңар керек.

## Жыйындагы көзөмөлдөө жана коркутуу руху

Биздин жыйындарда Теңирдин алдында жүрөгү туура эмес абалдагы адамдар бар. Мындай ишенгендер жетекчилерди коркутуп, керектүү нерселерди алышат. Алар качан бардыгы алар каалагандай болгондо гана баш ийишет. Лидерлер алсыз болгондо, жыйынды ошондой адамдар башкарышат. Мен жыйындарды кыдырып жүрөм, анан ошол коркутуу

жана уялчаактыкты көп кездештирем, кээде эмне үчүн ага каршы күрөшүү керектигин жана мунун баары кайдан келип чыккандыгын билбейм. Себеби, коркутуу жана тартынчаактык - бул адамдарга моюн сунуу аркылуу көрүнгөн рух. Ал тургай, ишенгендер аркылуу. Библия ишенгендерди шайтанга орун бербөөгө чакырат (Эф. 4:27).

Мен бир нече баштан кечирген нерселер менен бөлүшүүм керек. Муну менен мен «супер-руханий» же «жин-мерген» деп жазылып калуу коркунучуна тобокелчилик кылам. Кээ бир адамдар ар кандай көйгөйлөрдөн шайтанды издешет: эгер шайтанды күнөөлөй берсек, анда биз өз иш-аракеттерибиз үчүн жооптуу эмеспиз. Мындай мамиле биздин көңүлүбүздү Ыйсага караганда, шайтанга көбүрөөк бурат. Бирок, Ыйык Китеп шайтанга эмес, Ыйсага караганды үйрөтөт. Ал биздин ишенимибиздин автору жана аягына чыгаруучу (Евр. 12:2).

Менин түшүнүгүм боюнча, биз көзүбүздү Ыйсага кадап жашашыбыз керек. Эгерде биздин жолубузда шайтан пайда болсо, анда биз аны Кудайдын Сөзү менен зыянга учуратып, Теңирге болгон умтулууну уланта беришибиз керек! Аллилуйя! Бирок, тартынчаактыкты жана коркутууну жеңүү үчүн, бул рух жанчылмайынча кетпестигин түшүнүшүбүз керек. Кээде тескерисинче болот.

## Чабуул

Эми мен уялчаактык жана коркутуу рух экендигин көрсөткөн көптөгөн учурлардын бирине кайрылгым келет. Мен Түштүктөгү бир жыйында бир нече кызматта катары менен насаат айттым. Биринчи чогулуш жекшемби күнү эртең менен өтүп, абдан күчтүү болду. Бир нече жыл бою биз ушул кызматтын жазууларын кассеталарды чыгарууда колдонуп келдик. Кызматтан кийин эч ким коркуткан же терс нерсе айткан жок. Чындыгында эле, менин айланамдагы адамдар абдан позитивдүү болушту. Бирок, кийинчерээк, болжол менен жарым күн өткөндөн кийин өзүмдүн кыжырдануу жана уялуу

менен күрөшүп жатканымды сездим. Мен бир нерсенин туура эмес экендигин билчүмүн, бирок, эмне экенин түшүнө алган жокмун. Бирок, мен анын белгилерин байкадым: алар мен тартынчаактыкка каршы күрөшкөндөгүдөй эле. Ошол күнү кечинде Теңир мени жыйындагы бийлик жөнүндө насаат айтууга түрттү, ошондо көптөр бата алышты.

Кызматтан кийин пастор мени кабинетке сүйрөп кирди. «Сен өзүңдүн насаатыңда кандайча максатка-бутага так тийгениңди билбейсиң дагы» деди ал. Ал андан ары барып, кантип жыйындын мүчөсү болгон бир аял, чак түштө аны чакырып, мындай дегенин айтты: «Пастор, мен сенин бул кишинин айткандары менен макул эмес экениңди билем. Ал адамдарга өтө катаал мамиле кылат экен. Мен билем, бүгүн кечтен кийин сен кызматты токтотуп коёсуң. Анткени, сен ага окшобойсуң, мен кечинде келбейм, үйдө отуруп алып, ошол адамга каршы сыйынам".

Эми мен ушунча наразычылыктын баары кайдан келип чыккандыгын так билдим. Мен пастордон аны оңдоп койдуңбу деп сурадым. Ал абдан ырайымдуу, мээримдүү адам жана ал андай кылбагандыгын айтты. Ал аялдан бардык нерсени Кудайдын колуна тапшырышын суранган. Эгерде пастор бул аялды оңдоп, өз бийлигинде калса, мен күндү такыр башкача өткөрмөкмүн. Биз күрөшпөгөн нерсе өзгөрбөйт. Эгер жамандыкка тыюу салынбаса, анда ал күчтүү болуп калат! Бул окуядан улам биз экөөбүз тең сабак алдык. Теңирибиз бул тажрыйбаны кантип рухий күчтө калуу керектигин жана тартынчаактык менен коркутуу рухуна баш ийбөөнү көрсөтүү үчүн колдонду.

Ыйык Рух үчүн Кудайга даңк. Ал эмне болуп жаткандыгын билип, мени түптүз эле кафедрадан туруп ошол рухка каршы чыгууга мажбурлай баштады, бирок, мен эмне болгонун өзүм деле түшүнгөн жокмун. Пастор болсо билди жана насаат анын көзүн ачты. Бул кызмат ошол жылкы эң күчтүү кызматым болуп калды. Мен дагы ошол жыйынга келдим, пастор менен болсо, биз жакшы достордон болуп калдык.

## Тартынчаактыкка каршы дагы бир күрөш: башкаруучу рух

Дагы бир жолу, менден миңдеген адам катталган чет өлкөдөгү семинарда насаат айтууну сураныштты. Күн сайын эки жолу чогулуш, кечинде дагы бир жолу болуп турду. Биринчи эки кызмат абдан күчтүү болуп жатты. Мен ыйыктыкка жана өкүнүп тобо кылууга үндөп жаттым, анан да дээрлик бардык жолугушуулардагы атмосферада каршылыкты сезип турдум. Экинчи кызматтан кийин, жарым күн бою өз бөлмөмдө оорчулук жана үмүтсүздүк менен күрөштүм. Мен мунун коркутуп-үркүтүүчү, башкаруучу рух экендигин билип турдум, бирок, кайра эле мага бирөө да каршы сүйлөгөн жок. Бирок, ошол мезгилде мен эт жана кан менен эмес, жин менен күрөшүп жатканымды түшүндүм.

Ишенгендер рухта жашоону үйрөнүшү керек. Кудайдын Руху эмнеге каршы турууну ачып берет. Бул айырмачылык болбосо, биз өзүнчө турган натыйжаларга көңүл бура беребиз. Эгерде мен эмне менен иш алып барышым керектигин түшүнбөсөм, анда: «Эмне үчүн эле мен депрессия менен күрөшүп жатам? Деги эле менин бул жакка келүүм керек беле? Эмне үчүн аялым менен балдарымды таштап келдим? Балким, мен өзүмдүн чакырыумду кыя өттүмбү? Балким, мен барып, насаат айтууну токтотуум керектир?» Эгерде мен ушул сыяктуу ойлорду ээрчисем, анда мен кызмат кыла албай калмакмын, ал эми, коркутуп-үркүтүүчү рух так эле ушуну каалап жатпайбы. Мен көңүлүмдү Кудайдын адамдар үчүн бергенине эмес, өзүмө гана буруп калмакмын.

Ошентип, мен күнү бою күрөштүм. Мени кызматка алып барайын деп келишкенде, котормочу менен сүйлөшүп жатып, мен эртеден кечке уялчаактык менен күрөшкөдүгүмдү айттым. Котормочу: “Мен дагы!” деди. Көрсө, экөөбүз тең бирдей белгилер менен күрөшүптүрбүз. Ошол күнү кечинде мен уялчаактык жана коркутуп-үркүтүү руху боюнча үгүт жүргүздүм, ошондо көптөр бошотулду.

Эртеси эртең менен, мен трибунага чыкканда, эч кандай

майлоо болгон жок. Кудай унчукпады окшойт. Теңирибизден бир сөз угам деп күтүп, сахнада бир нече мүнөт турдум. Мен сыйынып, адамдардан да сыйынууну сурандым, бирок, эч кандай жетекчилик да, майлоо да, эч кандай бир нерсе жасаш керек деген ой да болгон жок. Жүрөгүмдүн түпкүрүндө мен кандайдыр бир салгылашууга катышып жаткандыгымды түшүндүм жана бул чабуул мага каршы багытталды. Мен мага каршы айтылган сөздөрдү талкалашым керектигин билип турдум. Кудайдын Сөзүндө:

> *Сага каршы жасалган бир да курал сени жеңе албайт, сени менен сотто талашып-тартышкан ар бир тилди сен айыптайсың. Бул – Теңирдин кулдарына Мен берген мурас жана адилдик», – дейт Теңир (Ыш. 54:17).*

Мен бул тартынчаактык жана коркутуу чабуулун талкалай баштадым. Мен мага каршы айтылган ар бир сөздү айыпка жыгылууга буйрук бердим. Эл эмне дейт экендиги, баары бир болду. Мага Рух сүйлөгөндө, жүрөгүмдү уксам жакшы болот деп үйрөнгөн элем. Ошол замат мага Кудайдын сөзү замбиректин огундай болуп келди. Кудай мага адамдар эмне кылышы керектигин так айтты. Эки-үч мүнөттүн ичинде түздөн-түз эле Кудайдын күчү түштү. Адамдар Рухка ушунчалык толгондуктан, өзүлөрүн башкара албай күлүп башташты. Кудайдын Рухунун кыймылы ушунчалык күчтүү болгондуктан, мен дээрлик насаат айткан деле жокмун. Түшкү саат үчтө дагы деле адамдар бар болчу, алар күбөлүктөрдү айтып жатышты. Эң чоң ойгонуу болду жана менин жүрөгүм кубанып жатты. Эгерде мен бул рухка каршы турбасам, анда мындай нерсе болбойт эле.

Кийинчерээк мен котормочудан жыйналышта бир кызматчы аял болгонун билдим жана жолугушуунун графиги түзүлгөндө, ал семинардын жетекчисине келип: «Эмне үчүн адамдар бардык кызматтарда Джон Биверди гана угушу керек? Бизге башка кызматчы-насаатчылар да керек» деп айтыптыр. Ал өзү сүйлөгүсү келген экен.

Бул аял жөнүндө мен дагы башка да кызыктай пикирлерди уктум. Ал библиялык эмес ыкмалар менен боштондукка чыгууну көздөгөн: көзгө тамчы тамчылатып, терисине шарап сүртүп турган. Анан да аны эч ким ашкерелеген эмес. Чындыгында, лидер ага ушундай жол менен чектелген кызмат өтөөгө уруксат берген. Тилекке каршы, жыйын башчылары тирешүүгө караганда компромисске барууну тандашат – ушундай кылууну алар ыңгайлуу деп эсептешет. Бирок, компромисске баруу эч качан оңой эмес - ал кымбатыраак болот.

Чогулуштан кийин мен жетекчи менен сүйлөштүм. Бул аял жөнүндө уккан окуяларым чынбы деп сурадым. Ал тастыктады. Чогулушка Кудай кандай жетекчилик бергенин аныктап алгандан кийин, ал насаатчылардын тандоосуна шек туудурган деген сунушум менен бөлүштүм. Мен, ал албетте, насаатчыны көзөмөлдөп турууну каалайт деп айттым. (Ал бул жыйындын лидери да, мүчөсү да болгон эмес).

«Эмне үчүн бул аялга кызмат көрсөтүүгө уруксат берип жатасың?» деп сурадым.

Ал: «Джон, мен ага мындай нерсени ал бул жерде жасай албайт деп айттым» деди.

Мен мындай деп түшүндүрдүм: «Бул библиялык эмес ыкмаларды токтотуп коё аласың, бирок, анын артындагы рух дагы деле болсо сакталып кала берет. Анын жүрөгүнүн абалы өзгөргөн жок. Лидер катары сен тынчтыкты сактап калгың келди, ошондуктан сен башкаруучу, коркутуучу руху бар адамды кызматтын жана бийликтин позициясына коюп койгонсуң. Бул коркоктуктун жана тартынчаактыктын руху менен макул болбогон ар кандай адамга жана мага каршы күрөшүүгө коркоктуктун жана тартынчаактыктын рухуна мыйзамдуу укук берип койду.»

Пастор эмне болуп жаткандыгын ачык көрүшү үчүн, мен ага жашоомдогу бир окуяны айтып бердим. Күндөрдүн бириндеги өзгөчө кечте (мен ал кезде окуу жайда пастор болуп кызмат кылып жүргөм), биз табынуу кызматына аябай кирип кеттик. Көптөгөн жаштардын жүзүнөн жаш агып жатты. Кудайдын тынчтыгы жана катышуусу бөлмөнү толтурду. Биз дээрлик кырк

мүнөт сыйындык. Бир убакта бардыгы унчукпай калышты, ал эми айрымдары гана акырын ыйлап жиберишти.

Анан күтүлбөгөн жерден мен буга чейин көрө элек жигит башка тилде сүйлөй баштады. Ал сүйлөп жатканда, ызычуу сезими жана болуп жаткан окуялардын түшүнүксүздүгү бөлмөнү каптады. Анан анын жанында турган, мен буга чейин көрө элек кыз бир кызыктай жоромолдоону ойлоп тапты.

Ага чейин, биз сыйынуу учурунда Теңирдин катышуусунан ырахат алып жаткандыктан, мен эч нерседен кам санабай, кармалып калдым.

Кыз аяктагандан кийин, атмосфера башкача болуп калды. Теңирдин катышуусу толугу менен жок болду. Бир нерсе деп айтууга кеч болуп калды деп чечтим. Баары бузулуп калган эле. Ошентип, мен баардыгынан отуруп турууну сурандым, жума боюнча жарыяларды жасап, жардам чогулттум. Анан насаат айта баштадым.

Насаат учурунда мен: «Жашоо кайда? Баары кайда баратат? Эмнеге мунун баарын айтып жатам?» деп ойлоно бердим. Насаат айтууга эч кандай майлоо болгон жок, мени менен бир нерсе салгылашып жаткандай сезилди. Мен Кудайдын жөндөмү эмне үчүн таасир этпей жатканын түшүнбөй, бардык адамдардан сыйынууну сурандым. Теңирибиз: «Бул бала менен кызга каршы чыгышыңарды каалайм» деди.

«Бирок жыйырма мүнөт өттү, колумдан келбейт» деп ойлодум. Мен Кудайдын айтканын таштап, дагы узагыраак сыйына берем деп ойлодум. Биз сыйына бердик жана рухий каршылыкка каршы турдук.

Бир нече мүнөттөн кийин, айласыздан: «Кудай, эмне болуп жатат?» дедим.

Менин рухумда дагы бир жолу: “Аларга каршы турушуңарды каалайм» дегенди уктум:

Бул учурда, дагы көп убакыт өттү. Мен: «Эч бир анте албайм. Элдер мени кандайдыр бир кызыктай деп ойлоп калышат» деп ойлодум. Дагы он мүнөттөй сыйындык, бирок, эч кандай өзгөрүү

болгон жок. Ар кандай үмүтүмдү үзүп, чогулушту таркаттым.

Ошол күнү кечинде үйгө оор жүрөк менен кайтып келдим. Кудайдан эмне болгонун сурагым да келбеди. Мен жөн гана уктаганы төшөккө жөнөдүм. Эртеси эртең менен мен өзүмдү рухумда дагы да оор сезип ойгонуп, сыйынууга жөнөдүм. “Кудайым, кечээ кечинде эмне болду?” - деп сурадым.

Ал: «Джон, мен сени ошол жигит менен кызга каршы тур деп айтпадым беле» деди. Анан дагы мындай деди: «Мен сени бир кызматтын (же башка нерсенин) үстүнөн башчылыкка койгондо, сен ошол кызматтагы тартип үчүн жооптуусуң жана ыйгарым укуккаээсиң. Мен сага ишенгеним үчүн, аны Өзүм кылбайм. Качан Мен адамды бакка жайгаштырганымда, ага аны сакта деп айткам. Шайтан кыйратууну ойлоп тапты, бирок, Мен Адам ата үчүн да, бүтүндөй адамзат үчүн да кандай олуттуу кесепеттерге алып келерин билсем дагы, Мен Адамдын колунан жемишин түшүрүп салган жокмун! Мен берген нерсени кайра албайм жана ага ушул жоопкерчиликти жүктөгөм. Сага аларга каршы чык деп айткан жигит менен кызда козголоңчулук руху бар. Сен тил албай койдуң жана ошол рухка кызматта үстөмдүк кылууга жол берилди. Бул качан болду? Сен бийлигиңди берип салганың үчүн, Менин Рухум артка чегинди» деп жооп берди.

Мен дароо тобо кылдым, мындан кийин мындай болбойт деп чечтим. Мен бул окуяны ошол чет жактагы пасторго айтып бердим, ал эмне үчүн бул козголоңчу кызматчыга каршы турушу керектигин түшүндү. Кудайдын түшүнүгүнүн жарыгы анын жүрөгүнө киргендей болуп, анын жүзү жаркырады. Мен аны бекемдедим: «Сен бул адамдардын койчусусуң жана аларды тамактандыруу үчүн гана эмес, аларды коргоо үчүн да чакырылгансың. Коргоо деген каршы тура билүүнү билдирет.»

Мен андан: «Адамдар сенден бир нерсе сураган учурларда жүрөгүңдө «жок»деп жооп бериш керектигин билип турсаң деле, бирок тынчтыкты сактоо үчүн «ооба» деп коёсуңбу?» деп сурадым.

Ал: «Ооба, Джон, мен ошентем» деп жооп берди. Ал бир азга ойлонуп туруп, анан мени ойлуу тиктеди: «Бул эки жүздүүлүк, туурабы?»

Мен макул болдум. «Сен туура айтып жатасың. Бул эки жүздүүлүк, же уялчаактыктан жана коркуу сезиминен жаралган компромисс» дедим мен.

Ал тартынчаактык руху бар экенине өкүнүп тобо кылып, дароо өзү коркуп турган нерселер менен алектенүүнү чечти. Кийинки жолукканда, пастордун жүзүндө жылмаюу турду жана ал: «Мен эркинмин!» деп кыйкыра кубанды.

Бул ыңгайсыз тирешүүлөрдүн мисалдары экстремалдык кырдаал экендигин түшүнгүлө. Мен чынында жүздөгөн жолугушууларда насаат айттым, ал жактарда эч кандай каршылыктар болгон эмес, болгону улуу эркиндик болчу. Эркиндик - бул кадимки эле нерсе; каршылык андай эмес. Бирок, силердин эле кызыкчылыгыңар үчүн бир нече, мисал жөнүндө кеңири маалымат берүү керек деп ойлойм.

Бул окуялар кызматка тиешелүү болгону менен, принциптер турмуштун бардык тармактарында колдонулушу мүмкүн. Уялчаактык жана коркуу сезими – бул рух жана ошого жараша мамиле кылуу керек. Эгерде биз руханий салгылашууда денелик куралдар менен күрөшүүгө аракет кылсак, анда, эң эле жакшы дегенде башыбыз айланып, эң жаманы жарадар болуп, жеңилебиз.

> *Бул дүйнөдө жашап жатканыбыз менен, адамдык кылып күрөшпөйбүз. Анткени күрөшө турган куралдарыбыз адамдык куралдар эмес, алар – чептерди талкалаган Кудайдын күчүнө ээ куралдар. Алар менен биз Кудайды таанып билүүгө каршы турган ар кандай ойлорду, менменсинүүчүлүктү талкалайбыз жана ар кандай ой жүгүртүүлөрдү Машайакка тил алдыруу үчүн туткундайбыз (2 Кор. 10:3-5).*

«Тартынчаактык» деп аталган душман биздин жан дүйнөбүзгө кол салат. Аны психология же позитивдүү ой жүгүртүү жеңе албайт. Биздин тартынчаактыкка жана коркуу сезимге каршы курал – бул Рухтун кылычы, Кудайдын Сөзүнө бекем кармануу (Эф. 6:17). Бул тууралуу кийинки бөлүмдө сөз болсун.

*3-Бөлүк*

# ТАРТЫНЧААКТЫКТЫ ТАЛКАЛОО

# ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРДҮ ЖАЛЫНДАТУУ

Адам мага эмне кыла алмак эле?

Тартынчаактыктын жана коркутуунун максаты - бизди бийликти өткөрүп берүүгө мажбурлоо жана ошону менен белектерибиздин иштешине жол бербөө. Ошондо биз өзүбүздүн чектелген күч жана мүмкүнчүлүктөрүбүздү колдонууга аргасыз болобуз. Бул адатта биздин позициябыздын чабуулдан коргонууга чейин өзгөрүшүнө алып келет. Өзүбүздү аялуу сезип, биз улам-улам артка чегинип атып, коопсуздукка, андан ары жайлуулукка карай ык алабыз.

## Жөндөмдүүлүктү жалындат

Демек, уялчаактык жөндөмдүүлүктү басып салса, аны эмне ойготот? Кайраттуулук. Уялчаактык жана коркуу сезими адамды

артка чегиндирет, ал эми кайраттуулук коркунуч учурунда дагы алдыга умтултат. Бирок, корккон адам кайдан кайраттана алат?

> *Анткени Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана өзүн өзү башкара билүүнү берүүчү Рухту берген. (2 Тим. 1:7)*

Кайраттуулук күч, сүйүү жана бекем ден соолук сыяктуу жакшы сапаттар менен кошо келет (Орус Библиясындагы - «даанышмандык» деген - болжолдуу котормо). Кайраттуулук деген өзүнөн өзү жакшы сапат эмес. Айрым атактуулар эр жүрөктүүлүгү менен да, уятсыздыгы менен да белгилүү. Чыныгы эр жүрөктүүлүк Кудайдан келип, такыбаалык менен азыктанат. Кудайдан башат алган кайраттуулук биздин жашообуздагы белектерди ойготот.

Кээ бир адамдардын кайраттуулугунун артында эч кандай изгилик жок. Алар бир аз эле каршылыкка дуушар болушканда эмне деп жооп берерин билишет же такыр эле каршылыкка дуушар болушпайт. Бирок, алардын күчү бекем эмес. Ал үстүртөн. Жүздөрүндөгү тайманбастык - бул артында текебердик же сабатсыздык жашырылган маска. Мындай кайраттуулуктун тамыры тайыз, күчтүү шамал эле аларды жулуп таштайт. Аба-ырайы жакшы болуп турса, дарактын тамырлары канчалык тереңде экенин көрө албайбыз, бирок, катуу шамал болгондо ал же жулунуп калат же аман калат.

## Ким күчтүүрөөк?

Дөөт: «Теңир менин жарыгым, менин куткаруучум: кимден коркмок элем? Теңир – менин өмүрүмдүн тиреги: кимден үрөйүм учмак эле?» (Заб. 26:1) деп айткан. Дөөт Теңирди өзүнүн күч-кубатынын булагы деп жарыялаган. Кудайдан улуу эч ким жок экендигин билген жана коркпостон: «Мен эч кимден коркпойм!» деп жарыялаган.

Ал өзүнүн ишенимин тайманбастык менен жарыялап гана койбостон, бирок, ошону менен жашаган. Дөөт

Кудайды билгендиктен, Кудайдын күчүн да билген. Мындай кайраттуулук ага өзүнүн жаралгандагы максатын аткарып, адилеттүү башкарууга мүмкүндүк берди. Келгиле, Дөөттүн алгачкы жылдарына көз чаптыралы.

Дөөт Бейтлехемдик Жышайдын сегизинчи уулу болгон. Үч агасы Шабул падышанын аскеринде кызмат кылышкан. Пелиштиликтер Ысрайылга каршы аскерлерди чогултушкан. Күн сайын алардын чемпиону болгон Голийат Израилдик аскерлерге чакырык таштап:

> *«Силер эмнеге согушууга чыктыңар? Мен пелиштилик, силер болсо Шабулдун кулдары эмессиңерби? Араңардан киши тандагыла, ал менин жаныма түшүп келсин. Эгер ал мени менен согуша алса, мени өлтүрсө, анда биз силерге кул болобуз. Эгер мен аны жеңип өлтүрсөм, анда силер бизге кул болосуңар жана бизге кызмат кыласыңар" (1 Шем. 17:8-9).*

Чындыгында, ысрайылдыктар бул мандемдерди согушка чакыруу катары кабыл алышы керек болчу, бирок, Голийат катардагы жоокер болгон эмес. Айрым маалыматтарга караганда, анын бою он бир жарым фут болгон (1 фунт – 30, 48см-болжолдуу котормо). Жакшыраак түшүнүк алуу үчүн, баскетбол куржунун карап көрүңүз. Анын башы бир-эки дюймого бийигирээк болсо керек эле (1 дюйм – 2,5 см, болжолдуу котормо). Ал чоң гана эмес, тажрыйбалуу да жоокер болгон. Анын найзасынын бир жак башы эле он беш фунт болгон. Ал коло туулга кийип, 125 фунт салмактагы соот менен курчалган! Анын соотунун, найзасынын жана кылычынын жалпы салмагы болжол менен эки жүз фунт болгон. Балким, ошол кездеги Дөөттүн салмагынан да ашып түшсө керек. Голиат аябай коркуп кетти окшойт деп айтууга болот беле! Библияда: «Шабул менен бүт ысрайылдыктар пелиштиликтин бул сөзүн укканда, абдан коркуп, үрөйлөрү учту» (1 Шем. 17:11). Анан мына, Дөөт, койчу, атасы тарабынан үч агасына күч-кубат берүү

үчүн тамак алып келгенче, жөн гана алардын абалынан кабар алып келүү үчүн жиберилген. Күзөтчүгө колундагыларды берип коюп, ал бир туугандардын алдынан чуркап жөнөдү. Көп өтпөй Чемпион Голиат кырк күн катары менен ысрайылдыктарды шылдыңдаганга чыкты.

Дөөт көрүп турганына таң калды. Ал Голийаттын чоңдугуна эмес, бир туугандарынын жана жердештеринин реакциясына таң калды. «Бүт ысрайылдыктар бул кишини көргөндө, абдан коркуп, андан качышчу" (1 Шем. 17:24). Дөөт: «Алар эмне кимдин тарабында экенин унутуп калыштыбы? Ал бизди чакырып жаткан жок. Ал Кудайга каршы чыгып жатат!» - деп ойлонсо керек.

Дөөт тайманбастык менен: «... Тирүү Кудайдын аскерин маскаралагыдай, сүннөткө отургузулбаган бул пелиштилик ким экен?» деди (1 Шем. 17:26). Аба жөн гана тирешүүгө толуп турду. Дөөт алардын коркоктугун ачыкка чыгарганда, улуу бир туугандар өздөрүн жылаңачталгандай сезишти. Алар мындай билдирүүлөрдү инисинин оозунан уккусу келген жок. Алардын али өзүлөрү бетме-бет кездеше элек алсыз жактары ачыкка чыкты. Бири-бири менен негизи компромисс болгон макулдашууга келишип, алар жөн гана унчукпай турушту.

Алар Дөөттү жаманатты кыла алышса, алардын уяты жашырыларын билишип, аны урушушту. Голийаттан корккон агасы инисин өзү коркутуп коюуга аракет кылган.

Дөөттүн улуу агасы Элийап анын эл менен сүйлөшүп жатканын укканда, Дөөткө ачууланып:

> *«Бул жерге эмнеге келдиң? Талаадагы бир аз койду кимге таштадың? Сенин текебер экениңди да, жүрөгүңдүн жаман экенин да билем. Сен салгылашты көргөнү эле келдиң», – деди (1 Шем. 17:28).*

Элийап кайраттуу – каардануудан ткайраттуу болгон. Ал Дөөттүн мүнөзүнө эмес, Ысрайыл туш болгон көйгөйгө ачууланган. Адам тартынчаак болсо, кандайдыр бир жол издеп,

кысымдан арылуу мүмкүнчүлүгүн издейт. Алсыз адам кечирим сурайт. Күчтүү адам ага каршы болгондорго көп учурда кол салат, жооп иретинде тигил же бул формада жемелейт.

Элийап Дөөттү бой көтөргөн жана жүрөгү катуу деп айыптап жатканына көңүл бурсаңар. Элийап өзү жөнүндө ошентип ойлонуп жүргөндүктөн, Дөөт да ошондой деп ойлоду. Бирок, Дөөт андай болгон эмес. Ал Кудайдын жүрөгүнө жакын адам болгон. Ал текебер болгон эмес, бирок, Теңирдин алдында момун болгон.

Күчтүү инсандар калпты чындык катары көрсөтүү үчүн коркутуу жана тартынчаактыкты колдонушат. Мындай кол салуулардын күчүн жеңүү үчүн, рухта болуу үчүн сизде мотивация болушу керек.

Балким, Элийап ич тарлык кылгандыр. Элийап улуу болсо да, Шемуел Дөөттү падыша кылып майлаган. Баардыгы Элийапта улуу жолбашчынын жана жоокердин мүнөзү бардай көрүнгөн. Ал тургай, Шемуел да "Элийапты көрүп: «Чын эле, бул – Теңирдин алдындагы Анын майланган адамы!» – деди. Бирок Теңир Шемуелге: «Анын өңүнө, боюна караба. Аны Мен четке кактым. Мен адам карагандай карабайм, анткени адам өңүнө карайт, ал эми Теңир жүрөгүнө карайт», – деди» (1 Шемуел 16: 6-7).

Анда кимдин жүрөгү текебер болгон? Кудай Шемуелге Элийаптын бою жана сырткы келбети боюнча тандалбаганы жөнүндө кабар берген, бирок, ал аны четке каккан эмес. Кудай жүрөктү карап соттойт. Бирок, Ал көп ырайым кылат, Ыйык Жазууда: «Кудай текеберлерге каршы турат, ал эми момундарга ырайым кылат», – деп айтылган (Жакып 4:6). Кудай Элийапты текебер болгондугу үчүн четке какты. Элийап Дөөттү күнөөлөгөн нерсе – бул текебердик болгон!

Көбүнчө уялчаак адам да өзүн жашыргысы келип, алсыздыгы үчүн сизди күнөөлөйт. Өзүн такыбаа алып жүргөн, бирок, жүрөгү таза эмес адамдар ар дайым жүрөгү таза адамдарга кол салышат. Жүрөгү таза Тиметейдин уялчаак жана тартынчаак болгонун эсиңерден чыгарбагыла. Эфестеги жыйында Элийаптыкындай

жүрөгү ириген эркектер менен аялдар болгон деп ишенем.

Ыйса дайыма коркутуп-үркүтүүгө дуушар болгон. Таза эмес жүрөктөрү менен фарисейлер жана мыйзамчылар Аны жаманатты кылууга же сөз менен кармоого аракет кылышкан. Эгер алар Аны чаташтыра алышса, анда Аны башкара да алышмак. Ошондуктан, алар Аны чыккынчы, соргок, аракеч жана күнөөкөр деп айтышкан. Ушул мүнөздөмөлөрдүн бардыгы алардын өзүлөрүнө мүнөздүү болгон. Мындай көзөмөлдүн алдында калуудан баш тартуу менен, Ыйса алардын жүрөгүн ачкан.

Эмне үчүн таза эмес адамдар жүрөгү таза адамдарды коркуткусу келет? Өзүлөрүнүн ашкереленишинен арылып жана кырдаалды көзөмөлдөп туруу үчүн ошентишет. Ийгиликке жете турган болушса, анда алар жүрөктөрүн изилдеп, тобо кылышпайт. Элийап бул кадыр-баркка шек келтирген жана коркуткан чабуул анын бир тууганы Дөөттү баш ийүүгө мажбурлап жана өзүн да басынуудан арылтат деп билген.

Баары астын-үстүн оодарылып кетти. Бардыгы Дөөткө каршы курал көтөрүштү. Ал чабуулдун алдында калды, агасы ага караганда олбурлуу болчу. Улуу бир туугандар кичүүлөргө ыңгайсыздык жаратышы мүмкүн экендигин унутпагыла. Эгерде Дөөт Элийаптын сураганын аткарбаса, анда ал үйгө барганда жакшылыкка дуушар болмок эмес. Чындык деп турганы үчүн, ага бир нече эселеп акысын төлөөгө туура келмек. Бири экинчисине арзыйт беле?

Бул Дөөткө каршы жөн гана кысым болгон жок. Калгандары да баары Элийап тарапта болушкан. Ошондой эле, алардын коркуу сезими кызыл жүздүү бала тарабынан ачыкка чыгышын каалашкан жок! Дөөткө артка чегинүү жана алдыга чуркабай эле коюу жеңилирээк болмок. Дөөттү коркуткан Элийап жана башка «жоокерлер» да дал ушуну каалашкан.

Дөөт Кудай тарапта болуп, ага каршы чыккан уялчаактыкты талкалоону чечкен. Ал Элийапка: «Мен эмне кылдым? Сүйлөшсө эмне экен?» – деди (1 Шем. 17:29). Чындыгында, ал: «Мен эмнени туура эмес кылдым? Силердин кайраттуулугуңар

кайда? Мен коркпойм. Силердин кырк күндөн бери титиреп жатканыңар көрүнүп турат. Кудай коркпогон бирөөнү таап, ушул сүннөткө отургузулбаган пелиштилик менен согушушу керек болчу!» Ошондуктан да, мен бул жердемин» деди.

Дөөттү падышанын алдына алып келишти. Голийаттан корккон Шабыл: «Шабул Дөөткө: «Бул пелиштилик менен кармашууга сен бара албайсың, анткени сен али жашсың, тигил болсо жаштайынан жоокер», – деди (1 Шемуел 17:33). Дөөт сакалын өстүрө элек болсо дагы (агасы байкагандай), бул сөздүн коркуп турган падышанын оозунан чыгышы жетишерлик эле кемсинтерлик болду.

Бирок, Дөөттүн падышага берген жообу бир туугандарына окшоп калган жок. Ал минтип айтты:

> *«Сенин кулуң атасынын коюн кайтарып жүргөндө, койлорго арстан же аюу тийип алып кеткенде, артынан кууп барып, кол салып, анын оозунан сууруп алчумун. Эгер ал мага секирсе, мен аны желкесинен алып, кармашып жатып өлтүрчүмүн. Сенин кулуң арстанды да, аюуну да өлтүргөн, тирүү Кудайдын аскерин шылдыңдагандыгы үчүн мына бул сүннөткө отургузулбаган пелиштиликти да дал ошондой кылат», – деди. Дөөт дагы мындай деди: «Арстан менен аюудан куткарган Теңир мени бул пелиштиликтин колунан да куткарат». Ошондо Шабул Дөөткө: «Бар, Теңир Өзү сени менен болсун», -деди (1 Шемуел 17:34,37).*

Бир туугандарына жана жоокерлерге карата ал абдан күчтүү жана агрессивдүү болгон. Бирок, падыша менен сүйлөшкөндө, ал бийликтеги адам менен сүйлөшүп жаткандыгын билген. Ал падыша менен атасына уулу кайрылып жаткандай болуп сүйлөшкөн. Ал өзүнүн башынан өткөргөндөрдүн бардыгын көрсөтүп, Теңирди өзүнүн куткаруучусу катары эсептерин айткан жана ошол эле учурда падыша аны туура түшүнөт деп ишенген.

Чечим чыгаруу үчүн жоопкерчилик падышага жүктөлгөн. Эгер согушта жеңилишсе, анда бүт өлкө кулчулукка түшүп калмак. Эгерде ага каршы күрөшүү керек болсо, анда Кудай падышанын жүрөгүн багынтаарын Дөөт билген. Бизге үстөмдүк кылган адамдарга ушундай мамиле жасашыбыз маанилүү. Дөөт сүйлөгөндөн кийин, Шабул ага согушууга уруксат берүүнү чечти. Ал: «Бар, Теңир сени менен болсун», - деди.

Дөөт Шабулдун курал-жарагынан баш тарткан. Анын Калканы жана баш Калкалоочу жери болгон Теңирдин коргоосуна өзүн тапшырган Дөөт өз оокаттарын: бир колуна салмоор, бир колуна 5 жылмакай таш салынган баштыгын алып алып жөнөдү. Пелиштилик жакын келгенде, Дөөт эң чоң кыйынчылыкка туш болгон. Эгер бул жолу ал коркуп кала турган болсо, анда Кудайдын белеги жигерсиз бойдон калмак – бул өз өмүрүнө да зыян келтирип жана бүтүндөй өлкө кулчулукка кириптер болорунан кабар берип турган.

Пелиштилик Дөөттү көрүп, аны жек көрүп калды. Анткени, ал жаш, кызыл жүздүү келишимдүү жигит эле. Пелиштилик Дөөткө: «Мага таяк көтөргүдөй, мен итминби?» – деди. Пелиштилик Дөөткө өзүнүн кудайларын оозанып каргыш айтты. Пелиштилик Дөөткө: «Бери кел, сенин денеңди асман куштары менен талаа жырткычтарына салып берейин», – деди (1 Шемуел 17:42,44).

Голийат Дөөттү көлөмү менен гана эмес, сөзү менен да коркутууга аракет кылган. Дөөткө наалат айтып, алп киши аны менен эмне кылаарын ачык-айкын сүрөттөп берди. Дөөт бул сүрөттөөнүн фонунда өңү кубаргандай көрүнгөнү менен, ал өзүнүн күчүнүн жана жеңишинин булагына бир саамга да шек санаган жок.

*Дөөт болсо пелиштиликке мындай деп жооп берди: «Сен мага каршы найза, кылыч, калкан менен келе жатасың, мен болсо сага каршы өзүң шылдыңдаган Ысрайыл аскеринин Кудайынын, Себайот Теңирдин атынан келе жатам. Бүгүн*

> *Теңир сени менин колума салып берет, мен сени өлтүрүп, башыңды кесип, пелиштилик аскерлердин өлүктөрүн асман куштары менен жер жырткычтарына берем, ошондо бүт жер жүзү Ысрайылда Кудай бар экенин билет. Ошондо бул жерге чогулгандардын баары Теңирдин кылычсыз, найзасыз куткарарын билет, анткени бул – Теңирдин согушу. Ал силерди биздин колубузга салып берет» (1 Шемуел 17: 45-47).*

Дөөт Кудайдын ишенимдүүлүгүн тайманбастык менен жарыялаган. Ысрайылдык эркектер бул алптын канчалык улуу экендигин гана көрүштү, ал эми Дөөт Кудайдын улуулугун көрдү! Андан кийин Ысрайылдыктар Дөөттүн Кудайдын душманына кантип чуркаганын көрүштү - ал сөз менен гана эмес, иш жүзүндө да ишеним көрсөттү.

> *Дөөт баштыктан таш алып, салмоорго салып, пелиштиликти маңдайга соккондо, таш анын чекесине батып кетти, ал бети менен жерге жыгылды (1 Шемуел 17:49).*

Дөөттүн кайраттуулугу жугуштуу болгондуктан, Ысрайылдыктарда кайрадан үмүт пайда болду. Кудай алардын тарабында болгон, ал эми пелиштиликтерде болсо бир гана өлгөн баатыр болгон. Ысрайылдыктар пелиштиликтерге чабуул коюп, аларды талкалаганга чейин кууп жөнөштү. Ушул мезгилде Дөөт үч жолу уялчаактыкка жана коркутууга дуушар болгон.

Биринчиден, анын бир туугандары жана жоокерлер аны басынтуу, жаманатты кылуу жана көңүлүн чөгөрүү үчүн колдон келишинче аракет кылышкан. Эгер Дөөт аларга баш ийген болсо, анда Кудай анын жүрөгүнө салган нерсеге умтулуудан баш тартмак. Ал жөн эле бурулуп, үйүнө кете берсе, Кудайдын белеги колдонулбай калмак. Натыйжада, такыр башкача болмок: Дөөт алпты өлтүрбөйт эле. Голиат бүтүндөй өлкө боюнча коркуу сезимин жаратып, Кудай бул ишти аткара турган

башка адамды табууга туура келмек.

Экинчиден, ал падыша тарабынан көңүл чөгөргөн жана басынткан сөздөргө дуушар болгон. Эгерде Дөөт бул жолу артка чегинсе, анда Кудайдын жөндөмү дагы кыймылсыз калмак. Ал падышанын алдында да уялуудан баш тарткан. Ал өз элинин жол башчысына болгон урматтоосун сактап келген, бирок, аны салгылашуунун зарылдыгына ишендире алган.

Үчүнчүдөн, Дөөт пелиштилик алптын коркутуусуна дуушар болгон. Анын көлөмү гана басынган сезимге дуушар кылбастан, жигит өзү да өзүнө абдан ишенген. Ал Дөөттү кичинекей жаныбарга караганда да өзүн алсызыраак жана маанисиз сездирүүгө аракет кылган. Эгер Дөөт бул жолу коркутуп-үркүтүүгө моюн сунса, анда Кудай берген жөндөмдүүлүгү ойгонбогон бойдон калмак жана бул анын өмүрүнө зыян келтирмек.

Дөөт Кудайдын күчүнө ушунчалык ишенгендиктен, өмүрүн канжыгага байлап коё алган. Бул кайраттуулук анын ичиндеги Кудайдын жөндөмүн ойготуп, ал кырк күн бою бүтүндөй бир армияны коркутуп-үркүткөн алп адамды зыянга учураткан!

## Жаңы Келишимдин күчү

Корунт жыйынына жазган катында Пабыл өлүм кызматынын даңкын жана Рухтун кызматынын даңкын (же Жаңы Келишимдин кызматынын даңкын) салыштырат (2 Кор. 3:7-8). Ал Байыркы Келишимдин күчү ушунчалык даңазалуу болсо, Ысрайыл уулдары Мусанын жүзүн ачык карай албаган болсо, анда Жаңы, өмүр берүүчү Келишимдин кызматы канчалык күчтүү деп эсептеген!

Ашыкча күч бизге эмес, Кудайга таандык болушу үчүн, Пабыл бул «жаңы нерсени» биз чопо идиштерде алып жүргөн казына деп сүрөттөгөн (2 Кор. 4:7). Бул Кудайды таанып, Ага таандык болгон күч менен кудуретти түшүнгөн дагы бир адам. Пабыл сөзүн мындайча улантат:

> *Анткени, өтүп кетчү кызмат даңктуу болгон болсо, азыркы кызмат андан бетер даңктуу. Ушундай үмүтүбүз бар болгондуктан, кайраттуулук менен кызмат кылып жатабыз (2 Кор. 3:11-12).*

Күч кайраттуулукту жаратат. Өз күчүнө таянбаган ишенгендерден чоң кайраттуулукту таба аласыңар. Аларды кырдаал, адам же шайтан менен коркута албайсың, анткени Кудайды да коркутуп болбойт. Эврейлер 13:5-6 да бизге мындай убада берет:

> *Анткени Ал Өзү: «Мен сени калтырбайм жана таштабайм» деп айткан, ошондуктан биз тайманбастык менен: «Теңир менин жардамчым, мен эч нерседен коркпойм: адам мага эмне кылат?» дейбиз.*

Биз тайманбастан эле: «Адам мага эмне кыла алат?» десек болот.

Так эле ушундай болгон ишеним ар бир ишенген адамга жеткиликтүү. Эмне үчүн бизди ишенгендер деп аташат, бирок өзүбүз ишенбейбиз? Биз эмнеге ишенебиз? Кудайга! Чыныгы ишенгендерди коркутууга адамдын да, шайтандын да укугу жок. Эмнеге? Анткени, Ыйса биз үчүн. Андан жогору ысым жок, күч да жок. Ал Өзү: “Мен силерге жыландарды, чаяндарды жана душмандын бардык күчүн тебелеп таштагыдай бийлик бергем. Эми эч нерсе силерге зыян келтире албайт” деген (Лук. 10:19).

Тагыраак айтууга болобу? Ал Өз элине бардык душмандардын үстүнөн күч берди. Тартынчаактык жана коркутуу – бул душман. Ал сени алдап жана минтип айтат: «Менин сага караганда күчүм жана бийлигим көбүрөөк. Жакшысы артка чегинип, менин айткандарымды аткар! Эгер антпесең, кесепетин төлөп бересиң».

Эгерде биз ушул коркунучтуу калпты уксак, анда Кудайдын белеги жигерсиз бойдон калат жана биз басынган абалда жашайбыз. Бирок, ишенимдүү болууну убадалаган Кудайды

таанып-билгенибизде, биз бардык күчтөн жогору турган бийликте болуп, Дөөттөй болуп, тайманбастык менен коркутуп-үркүтүүнүн дөөлөрүнө каршы тура алабыз.

## Ишенбей тургандай эмне, ишенимиңер ушунчалык эле кыйынбы?

Бул чындыкты түшүнүү кыйын эмес. Ал тургай, бул өтө эле жөнөкөй. Инжилдин чындыгы жөнөкөй. Адамдар ишенбестиктен улам баарын чаташтырып жатышат.

Өзүңүзгө суроо берип, чынчылдык менен жооп берсеңиз: “Сиздин ишенимиңиз Кудайдын айткандарына негизделеби же көргөн жана баштан өткөргөн нерселериңизге негизделеби?” Эгерде сиз өткөн окуялар менен болгон окуялардын бардыгын байланыштырсаңыз, анда сиз андан эч качан өспөйсүз.

Сиз ишенимиңизди башкалар менен эмне болуп жатканына негиздеп жатасызбы? Сиздин ишеним деңгээлиңиз башкалардын ишенимдүүлүгү менен өлчөнөбү?

Эгер сиз бул суроолорго “ооба” деп жооп берсеңиз, анда тереңирээк карап көрүңүз. Өзүңүздүн же башка бирөөнүн мурунку жеңилүүлөрүн түшүндүрүп берүү менен, сиз балким, ишти татаалдаштырып жаткан жоксузбу? Татаал ишеним алптарды өлтүрбөйт. Ал бизди «керемет дүйнөсүнө» камайт жана биз чындыгында өзгөртө албаган нерсени элестетүүгө аракет кылып, кандайдыр бир кадам жасоодон тартынабыз.

Эмне үчүн биз ишенгендер жөн эле ишене албайбыз? Эмне үчүн биз четке кагылуу сезимибиздин Жакшы Кабарды татаалдаштырышына жол беребиз?

Эч качан унутпаган нерсени силер менен бөлүшкүм келди. Бул 1980-жылы болгон. Мен студент болуп, Түндүк Каролинада жашачумун. Бир жолу өзүмдүн үнүм менен таңкы саат төрттө ойгонуп кеттим. Менин үнүм: «Мен жөн гана ишене турган адамды издеп жатам!» деп кыйкырды.

Бул мени таң калтырды. Төшөгүм терден ным болгон. Мени менен ушунчалык адаттан тыш, табигый эмес жол менен сүйлөшкөн, бул Кудай экенин билдим.

Анан мен: «Бул айдан ачык нерсе. Эмне үчүн Кудай мага тереңирээк бир нерсе бербейт? Албетте, мен Ага ишенген адамдар керек экендигин билем!» деп ойлодум.

Эртеси эртең менен ушул сөздөр менин башымда калкып жүрдү. Кайра-кайра: «Мен жөн гана ишене турган адамды издейм; жөн гана ишене турган адамды издеп жатам» деген шыбырды угуп жаттым. Мен аны кайра-кайра угуп, Кудай мага эч нерсеге арзыбаган нерсени көрсөтпөгөндүгүн түшүндүм - бул Аны менен жүрүүнүн ачкычы болчу!

Мен Жакшы Кабарга чөмүлүп, Ыйсанын адамдардын ишенбестигинен улам капаланганын жана көңүлү чөккөнүн байкадым. Шакирттери жаш жигиттен жинди кууп чыгара албай калышканда, Ыйса аларды кескин ашкереледи.

> *Ошондо Ыйса: «Оо, ишенимсиз, бузулган муун! Качанга чейин силер менен болом? Качанга чейин силерге чыдайм? Баланы бул жерге, Мага алып келгиле», – деди (Мт. 17:17).*

Кантип ушуну өз студенттериңе айта аласың! Ыйса азыркы лидерлердин көпчүлүгүндөй ыплас эмес болчу! Ал аларга Кудайдын берген жөндөмү ишенгенге чейин иштебей тургандыгын ачык көрсөткөн. Ал ишенбестик Аны капалантып жатканын шакирттердин билишин каалаган.

Ошондой эле, Ыйсанын эмнеден ырахат аларын байкадым: эч күмөн санабай ишенгендерди жактырат экен! Римдик аскер, бутпарас, ишенимине байланыштуу Ысрайылдагы башка кимдир бирөөгө караганда да көбүрөөк көңүл бурууга ээ болгон. Бул римдик Ыйсанын анын үйүнө келишинин кажети деле жоктугун, эгер Ал жөн гана бир сөз айтып койсо, анда кызматчы айыгып кетерин айткан. «Муну угуп таң калган Ыйса Өзүнүн артында келе жаткандарга мындай деди: «Мен

силерге чындыкты айтып коёюн, Ысрайыл жеринен да мындай ишенимди таппадым» (Мт. 8:10).

Биз Ыйсаны өзүбүздөгү конок катары көргүбүз келет, бирок, ошондой болуп калганда, биз өзүбүз Ага ишенбейбиз. Биз ишенимди ушунчалык катуу кылып алганбыз. Ошентип, ишеним деген эмне? Кудай айтканын аткарат дегеге ишенүү.

Ыйса бизге душмандын бардык аскерлеринин үстүнөн күч жана бийлик бергенин айткан. Бизге бар болгону - Ага ишенүү жана ошол күч менен бийликте жүрүү керек. Коркуу, күмөн саноо же мурунку кемчиликтерибизди жана кулаган кездерди эскерүү менен жашообузду оорлотпойлу. Эгер мындай кыла турган болсок, анда биз өзүбүздү кайраттуулуктан ажыратабыз жана Кудайдын жөндөмдүүлүктөрү менен алдыга чыгуга жөндөмсүз болуп калабыз. Биздеги Кудайдын белеги уктаган бойдон кала берет!

Биз ишенимдүүлүк менен өз кемебизден түшүп, жашоодогу бороон-чапкын суусуна кирерден мурун, жүрөгүбүздүн ниетин түшүнүшүбүз керек. Болбосо, чөгүп кетебиз! Кийинки бөлүмдө каршылык көрсөтүүгө түрткү берген ниет менен чөгүп кетүүгө жардам берген ниеттин ортосундагы айырмачылыкты көрө аласыңар.

# ТАРТЫНЧААКТЫКТЫН ТАМЫРЫ

Кудай биз күткөн нерсени аткарганга чейин, өзүнө ишенүү оңой.

Уялчаактыктан алыс болуу экстраверт болуу дегенди билдирбейт. Мен билген кээ бир көрүнүктүү адамдар уялчаактык менен күрөшүп жүрүшөт. Көбүнчө алардын жаркылдаганы болгону гана өзүлөрүнүн ичиндеги тартынчаактык менен коркуу сезимин жаап-жашыргандагысы. Жабылуу же болбосо түнттүк уялчаактыктын гана белгиси эмес. Кээ бир адамдар өздөрүн канчалык ыңгайсыз сезсе, ошончолук көп сүйлөшөт.

Дүрбөлөңгө түшө берүү жана уялчаак болуунун сиздин майланганыңызга эч кандай тиешеси жок. Мен күчтүү кызматкер болгон адамдарды билем, бирок, алар аны менен бирдей эле уялчаактык менен күрөшүп жүрүшөт. Алар майлоодо болушканда, коркпой калышат, алардын алсыз

жактарын Кудайдын майлоосу жоюп кетет. Майланган жабуу аларды таштап кеткенде, алар коркунуч жана четке кагылуу менен күрөшкөн жалпы эле адамдардай болуп калышат. Алар менен жекеме-жеке сүйлөшкөндө, алардын тартынчаактыгы таң калыштуудай ачык болуп көрүнүп турат. Мунун баарын мен кайдан билем? Мен өзүм ошондой элем да.

Силер өзгөчө, күчтүү, кайраттуу, ал тургай, майланган болушуңар мүмкүн – бирок, дагы деле тартынчаактык менен күрөшүп жүрүшүңөр мүмкүн. Кысым жетишерлик түрдө күчтүү болгондо, чындыгында эмнеден жаралгандыгыңар сыртка чыгат. Тартынчаактыктын, дене күчүнүн же майлоонун кемчиликтерине эч кандай тиешеси жок. Ошентип, адамдарды уялууга эмне түртөт?

## Чындыкка каршы

Бул суроого жооп алуу үчүн, келгиле, Симон Петирди карап көрөлү. Ал өзгөчө адам болгон жана өз оюн айтуудан эч качан тартынчу эмес. Ал эр жүрөк болчу. Сыягы, Петир күчтүү эркке ээ жана эч нерседен коркпогон адам болчу. Эч нерсе Петирди алдастатып койбочудай сезилчү, бирок, ошондой болду. Өлүмдөн коркуу аны Ыйсадан үч жолу баш тартууга аргасыз кылган. Демек, уялчаактыктан эркин жүрүү, күчтүү инсанга мүнөздүү сапат эмес. Болбосо, Симон Ыйсаны эч качан танган эмес жана ишенимдүү бойдон калууга эң мыкты даярданган адам болуп калмак.

Симон Петирди катардагы эле көп сүйлөгөн адам катары көрсөтүү тенденциясы бар. Кээде иш-аракетке келгенде, ал «балапан» болуп чыкты деп айтышат. Мен буга төмөнкүдөй суроо менен жооп берем: “Канча «балапан» тишине чейин куралданып, элди кайтарып тургандарга кол салууга батынган эле?» Петир аны тайманбастык менен жасады! Жакан 18:3,10до жазылып турат:

*Ошентип, Жүйүт бир топ аскерди жана башкы ыйык кызмат кылуучулар менен фарисейлердин*

> *кызматчыларын ээрчитип келип калды. Алардын колунда шамана, чырак жана курал бар эле. Ошондо Шымон Петир кылычын кынынан сууруп алып, башкы ыйык кызмат кылуучунун кулунун оң кулагын шылый чапты.*

Ал балапанга такыр окшобойт. Ошентип, Петир кийин малай кыздан коркуп калуу үчүн аскерге кол салууга жулунду беле? Ооба, чындыгында эле, бул малай кыз аны чоочутту! Сыртта, короодо отурган Петирдин жанына бир күң келип: «Сен да галилеялык Ыйса менен чогуу жүрбөдүң беле», – деди. Бирок Петир баарынын алдында: «Сенин эмнени айтып жатканыңды билбейм», – деп танып койду» (Мт. 26:69-70).

Бул өзгөрүү кайдан келип чыккан?

## Көрүнүктүү кайраттуулук

Суроого жооп алыш үчүн, ошол эле кечте өткөн окуяларга кайрылып көрөлү. Бардык шакирттер Пасха майрамын бирге белгилешти. Ыйса аларга:

> *«Ушул түнү баарыңар Менден шектенесиңер...» (Мт. 26:31) деди. Бирок, Петир өзүн өзгөчө деп эсептеп:*
>
> *«Баары Сенден шектенишсе да, Мен эч качан шектенбейм», – деди (Мт. 26:33). Эр жүрөктүүлүктүн кандай гана кайраттуулук менен көрүнүшү. Сыягы, Ыйсанын өзү Петирди ушул санга кошкондо жаңылышкан окшойт.*

Бирок, Ыйса Петирге тике карап, аны оңдоп: «Сага чындыкты айтып коёюн, ушул түнү, короз кыйкырганга чейин, сен Менден үч ирет баш тартасың» деди (Мт. 26:34). Петирдин өзүнө болгон ишеними кандай гана сокку болду! Ыйса ага чалынып гана тим болбостон, андан баш тартарын да айткан.

Кантип Устат жаңылышат? Бирок, Петир өз позициясын андан

ары коргоону уланта берди: «Сени менен бирге өлүшүм керек болсо да, мен Сенден баш тартпайм» (Мт. 26:35). Чындыгында, бул тайманбас билдирүү башкаларды да шыктандыргандыктан: «Бардык шакирттер бир эле нерсени айтышты» (Мт. 26:35).

## Ниеттер көзгө көрүнгөндөн айырмаланышы мүмкүн

Үстүртөн караганда, бул адамдарда таза ниеттер жана чоң кайраттуулук болгон окшойт. Тереңирээк изилдеп көрсөк, алардын кыймылдаткыч күчү, алардын Кудайды сүйүүсү эмес, башка нерсе болгон.

Ыйса аларга эскертүүдөн мурун: «Бирок мына, Мага чыккынчылык кыла турган адам Мени менен бирге дасторконго кол узатып жатат» (Лука 22:21) деген. Алардын бири Ыйсага чыккынчылык кылат деп ойлоо кандай гана коркунучтуу, кандай гана жийиркеничтүү. Ушул убакка чейин алар менен жүргөн Ыйса; Аларга кам көргөн Ыйса! Эми ага бут көтөрүү, Ага - Машаякка!

Ыйса анын ким болорун жана эмне кыларын башынан эле билген болсо дагы, шакирттер бул жөнүндө биринчи жолу угушту. Ушул билдирүүдөн кийин бөлмөнүн ичин тынчсыздануу жана шектенүү атмосферасы канчалык каптап тургандыгын элестете аласыңарбы!

> «*Ошондо элчилер: «Биздин арабыздан ким чыккынчылык кылат болду экен?» – деп, бири-биринен сурай башташты (Лук. 22:23).*

Шакирттери тынчсызданышып жана алардын бири ушундай укмуштай абийирсиздикке барышы мүмкүн деп ишенишкен жок. Ошентип, бул иликтөөгө карата алардын жүйөөлөрү кандай болгон? Албетте, бул Ыйсага байланыштуу болгон. Бирок, кандай? Өз ара сүйлөшүү аларды ашкерелеп коёт. Төмөнкү аятты караңыз:

*Шакирттер өз ара: «Кимибиз чоңбуз?» – деп да талаша кетишпеди беле (Лук. 22:24).*

Алардын бул иликтөөсүндө өзүмчүлдүк жана текебердик бар болгонун ачык байкадык. Ыйса жакында башкы дин кызматчылар тарабынан колго түшүрүлүп, өлүм жазасына тартыларын айткан жана шакирттер бийликке жана кызматка жетүү үчүн каражаттарды тандоодон уялышкан эмес. Кандай гана өзүмчүлдүк!

Талкууну ким баштаганын болжолдосоңор болот. Бул Симон Петир, ал мурунку лидерлик жана үстөмдүккө ээ болгон мүнөзүнө ылайык, иш алып ба куулук рган болушу мүмкүн.

Балким, ал башкаларга бат эле суунун үстүндө жүрүүгө батынганын эсине салгандыр (Мт. 14:28-31). Же ал Ыйсанын чындыгында ким болгонун айтканын жаңылап эстегендир (Мт. 16:15-16). Ошондой эле Ыйса, Муса жана Илияс менен Кубулуу тоосундагы окуяларды айтып бергендир (Мт. 17:1-8).

Кыязы, ал өзүнүн он экинин эң улуусу экендигине толук ишенген болсо керек. Бирок, бул ишеним сүйүүдө тамыр алдыбы? Мен ошондо Петир ошентип ойлогон деп ишенем. Бирок, кийин баары башкача болуп кетет. Анын ишеними текебердикке жана өзүмчүлдүккө негизделген. Муну эсиңерге салгыла жана андан ары улантабыз.

## Май чыгаруучу басым-пресс

**«***Анан Ыйса шакирттери менен Гетсемани деген жерге келип, аларга: «Мен тигил жакка барып сыйынып келгиче, ушул жерде отура тургула», – деди***»** *(Мт. 26:36).*

«Гетсемани» сөзү «май сыгып чыгаруучу басым» дегенди билдирет. Бул басма-пресс зайтун майын майдалоо үчүн колдонулат. Зайтундар оңой менен багынып бербейт. Кысым көп болгондо гана мөмө-жемиштен май чыгат.

Гетсемани – бул жер мындай басым, бирок зайтунга эмес,

жүрөктөргө болгон басым. Катуу кысым астында, ичибиздеги бүт нерселер сыртка чыкканда биз көбүнчө таң калабыз. Башкача айтканда, сыноолор (кысым) келгенде, жүрөгүбүздүн каалоолору сыналат жана ачыкка чыгат.

Ыйса Петир, Жакып жана Жакан менен Гетсеманиге келди. Ыйык Жазууда: «Анын көңүлү чөгүп, жаны кейип турду» деп айтылат (Мт. 26:37). Ыйсанын жаны ушундай кысымга туш болгону үчүн «абдан кайгырды». Ал Атанын эркин башкача жол менен аткарууга азгырылып жана ушундай кылуу менен Өзүн Өзүн куткаруу деген Өзүнүн эң улуу салгылашуусун башынан кечирди.

Айрымдар Ыйсанын күнөө кылууга жөндөмдүү болгонуна ишенишпейт. Бирок, биз Анын «күнөөдөн башка бардык нерсеге азгырылганын» эсибизден чыгарбашыбыз керек (Эвр. 4:15). Азгырылган, же азгырылууда - бир нерсе менен күрөшүү дегенди билдирет. Ыйсанын күнөөгө каршы иммунитети болгон эмес, бирок аны ар дайым жеңип турган. Эмнеге? Себеби, Ал Өзүнүн каалоосу боюнча жашаган эмес. Эгер Ал күнөө кыла албаса, анда Аны азгыруу мүмкүн эмес эле. Бул Анын даңкын түшүрбөйт, тескерисинче, Анын кадыр-баркын көрсөтөт. Анткени, Ал дагы деле күнөө кылган жок. Аллилуйя!

> *Бакта Ыйса: «Ата! Мүмкүн болсо, ушул чөйчөк Менин жанымдан кыя өтүп кетсинчи. Бирок Мен каалагандай эмес, Сен каалагандай болсун» деп жалбарды (Мт. 26:39).*

Ыйсанын жашоосунда биринчи жолу биз Уулдун эрки Атанын эркине карама-каршы келгенин көрөбүз. Бактын ичиндеги ушул убакка чейин алар ушунчалык биримдикте болушкан, биз Ыйсанын жашоосунда көрүнгөн Атанын эркин гана көрө алабыз. Бирок, бул күрөштөгү эбегейсиз зор басым Анын жан дүйнөсүндө ачуусун келтирди. Аны ооздуктай турган бир гана нерсе көрүнүп турду: Атанын эркин башкача жол менен аткаруу жана ошентип, Өзүн куткаруу. Мурунураак, Ыйса фарисейлерге

Өз жанын берүү үчүн эркин экендигин айткан (Жакан 10:17-18). Кудай Аны буга мажбурлаган жок. Ошондуктан, Ал Өзү менен Өзү күрөшкөн.

Ал бул күрөш Анын алдында тургандыгын, бакта тизелеп отурганга чейин эле болгонун билген. Муну ал шакирттери менен үч жолу бөлүштү. Алар Иерусалимге келгенге чейин эле, Ыйса аларга: азап чегип, өлүп, кайра тирилүү Атасынын эрки экендигин айткан.

> *Бир нече күн мурун, Ыйса шакирттерине: «Азыр жаным кыйналып турат. Э мне дейин? "Ата! Мени ушул сааттан куткара көр", – дейинби? Бирок Мен ушул саат үчүн келгем. Ата! Өз ысымыңды даңкта!» (Жакан 12:27-28).*

Ыйса Атасынын ысымы даңкталышы үчүн, өз өмүрүн өлүмдүн алдында курмандыкка чалууга даяр болгон. Ал тургай, шакирттери менен ушул принципти бөлүшкөн:

> *«Ким өз жанын сүйсө, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким бул дүйнөдө өз жанын жек көрсө, аны түбөлүк өмүр үчүн сактап калат» (Жакан 12:25).*

Бул Ыйык Жазуудагы аят бир эле учурда эки жоопту камтыйт: эмне үчүн Петир убада кылган нерсесин аткара алган жок, бирок, Ыйса аны аткара алды. Ыйса Атасын Өз жанынан артык сүйгөн, ошондуктан, Ал Өз өмүрүн бере алган. Петир Ыйсаны жашоодон көбүрөөк сүйөм деп ойлогон, бирок, Гетсеманидеги май сыгуу анын ниетин ачып берген.

Бакта Ыйсанын Атанын эркин билиши жетишсиз болуп калды. Ал Өзү ошол болушу керек болчу. Бул нерсе ушунчалык кыйын болгондуктан, Ал Атасынан башка жол барбы деп сурады. Сыйынып жатып, Ал Өзүн сактап калуу үчүн, бул азгырыкка каршы күрөшүп, ушунчалык каршылык көрсөткөндүктөн, Анын тери канга айланды (Лука 22:44).

Ыйсанын азгырыктарга каршы туруучу күчү Атасына болгон

сүйүүсүнөн улам келип чыккан. Ал Атасына болгон сүйүүсүнө карата Өзүн жоготту (Жакан 14:31). Бул сүйүү буга чейин эч ким жеңе албаган нерсени багындырган: өзүн өзү сүйүүнү! Май бетине чыгып, Атага болгон сүйүү жөн эле сөз эмес, курмандык жана баш ийүү экендигин далилдеди.

Эми бул кысым Петирге жана башка шакирттерге кандай таасир эткенин карап көрөлү.

## Рух сергек, дене алсыз

Ыйса сыйынып бүтүп, ордунан тургандан кийин, шакирттеринин жанына келди. “Кайгыга баткан алар уктап калышкан эле” (Лука 22:45). Шакирттер мындан ары ким чоң деп талашышкан жок. Аларга кайгы менен кейиштен оор болду. Ыйса гана кысымга алынган эмес. Анын шакирттери дагы ушул май сыгуучу басымдын астында калышты!

Алар өздөрүн сактап калууга азгырылышкан. Бирок, алар боштондукка чыгып кетүүчү күчкө ээ болушкан жок, анткени алар Атанын каалоосуна эмес, өз эркине көңүл бурушкан. Ыйсадан айырмаланып, аларда ал тургай, Кудайдын эркине көңүл буруу да жок болчу. Эгерде жашоо биз үчүн өтө кымбат болсо, биз аны жоготуп алгандай болуп күрөшө албайбыз.

> *Бул жөнүндө ойлонуп көргүлө. Ыйса Өз өмүрүн жоготуу үчүн күрөшүп жатканда, шакирттери уктап, салгылашуудан баш тартышкан. Эң алгач, Ыйса Петирге кайрылып: «Жада калса, бир саат Мени менен бирге сергек болуп тура албадыңарбы? Азгырылып кетпеш үчүн, сергек болгула жана сыйынгыла, анткени рух сергек, дене алсыз» (Мт. 26:40-41).*

Тайманбас убада берген Петир сыйынгандын ордуна уктап калды. Ал өзүнө таандык эмес күчкө таянууну үйрөнө элек болчу. Ошондуктан, ал мүмкүн болушунча өзүн коргоду: уктап калып.

Рухубуз, жүрөгүбүз сергек болушу мүмкүн, бирок, денебиз ар дайым өзүн коргоого аракет кылат. Ошондуктан, дене айкаш жыгачка кадалбаса, биз ага каалаганын беребиз. Петир Ыйсага ишенимдүү болгусу келген, бирок, аны аткара алган эмес, анткени денеси аны жеңип кеткен. Ал өз жашоосун Кудайдын эрки аткарылышын каалагандан да көбүрөөк сүйгөн. Ал жүрөгүнүн чыныгы абалын түшүнгөн жок. Ал чынында эле айткандарын чын жүрөктөн айткан жана Ыйса үчүн өз өмүрүн курмандыкка чаларына терең ишенген. Бирок, «май сыгуучу жерден» акыркы Кечки Тамакта алдын-ала айтылган нерсе - өзүмчүлдүк жана текебердик пайда болду.

## Эки башка натыйжа

Ыйса шакирттеринин уктап жаткандыгын көрүп, кайра сыйынууга кетти. Кайтып келип, алардын кайра уктап калганын көрдү, анткени аларды уйку басып жаткан эле (Мт. 26:43). Ыйсанын эскертүүсүнөн кийин да, алар ойгоно алышкан жок. «Нарыраак барып, ошол эле сөздөрдү айтып, үчүнчү ирет сыйынды. Анан шакирттеринин жанына келип, мындай деди: «Силер дагы эле уктап, эс алып жатасыңарбы? Мына, убакыт келип калды» (Мт. 26:44-45).

*Ыйса салгылашууну жеңгенин түшүнгөнгө чейин үч саат бою сыйынган. Анын эрки Атанын эрки менен толугу менен бириккен. Эми Ал жүйүттөрдүн башчылары жана Рим аскерлери аркылуу душмандын коркутуусуна дуушар болгон. Ыйсанын катуу куугунтуктоолорго туруштук бере алгандыгы Рим башкаруучусун таң калтырган. «Айыптап жаткан башкы ыйык кызмат кылуучулар менен аксакалдарга Ыйса такыр жооп берген жок. Ошондо Пилат Ага мындай деди: "Сага каршы кандай күбөлөндүрүүлөрдү айтып жатышканын угуп жатасыңбы?" Бирок Ыйса анын бир да сөзүнө жооп берген жок. Пилат буга аябай таң калды» (Мт. 27:12-14).*

Кайрат биздин канчалык катуу же канчалык көп сүйлөгөнүбүздөн көрүнбөйт. Унчукпоо жөнүндө дагы ушуну айтууга болот - биздин бетибизге айып тагылып жатканда унчукпай коюу жөнүндө. Кээде Ыйса кыйынчылыктарга жооп бербей, өз күчүндө калган. Ал Анын үстүндө эч кандай күч жок экендигин билген жана эгер ал реакция кылса, анда мындай күч бар экендигин билдирген. Фарисейлер Ыйсаны айыптоолору, коркутуулары жана бийлик абалдары менен башкарууга аракет кылышкан. Аларга жооп берүү акылсыздык болмок, анткени, алардын чындык менен эч кандай байланышы жок болчу. Ыйса алар Анын өмүрүн ала албай тургандыгын билген, анткени, Ал буга чейин эле аны Атага берип койгон болчу!

Ыйса айыптоочулары менен бетме-бет турганда, Петир сыртта отко жылынып турган. Ысрайылдын башкаруучуларынын кадимки күңүнөн коркуп, Петир Ыйсаны тааныганын четке какты (Мт. 26:69-75). Петир Ыйсаны четке каккандан көрө өлгөн жакшы деп айтканы менен, анын аягы анын коркуп-үркүп, кылбайм деп убада кылган нерсесин так кылуусу менен аяктады. Себеп: ал өз жашоосун өтө эле жакшы көрчү.

Коркуунун жана уялуунун тамыры - өзүн-өзү сүйүү. Жеткилең сүйүү коркуу сезиминен арылтып, бизге кайрат берет. Сүйүүдөн жаралган кайраттуулук тартынчаактык менен коркуу сезимин талкалайт. Жеткилең эмес сүйүү, же өзүмчүл сүйүү, коркууга жол ачат.

> *Биздин ичибиздеги сүйүү жеткилеңдикке жеткендиктен, сот боло турган күнү биз кайраттуулукка ээбиз. Анткени, Ал кандай болсо, биз да бул дүйнөдө ошондойбуз. Сүйүүдө коркунуч жок. Тескерисинче, жеткилең сүйүү коркунучту жок кылат, корккон адам кыйналат. Корккон адамдын ичиндеги сүйүү жеткилең эмес (1 Жакан 4:17-18).*

Өзүбүзгө көңүл бурганда коркуу жана тартынчаактык күчөйт. Ушундан улам кыйналган кыйкырыктар чыгат: «Мен жөнүндө

эмне айтууга болот? Мага эмне болот?» деген.

Ыйса минтип айткан: «Достору үчүн өз жанын берип коюудан өткөн сүйүү жок» (Жакан 15:13). Ыйса Машаяктын сүйүүсү үчүн өмүрүбүздү аябаганда, мындан ары эмне болорубузду ойлобойбуз. Анткени, биз Анын камкордугуна берилгендигибизди билебиз. Ошондо биз өлүп, Анын ичинде болгон болобуз. Биздин жашообуз эми биздики болбогондуктан, бизге тынчсыздануунун кажети жок. Ал Ага таандык. Ал бизди кун төлөп сатып алган, ошондуктан эмне болсо да, бул Анын камкордугу. Биз жөн гана сүйүү жана баш ийүү менен жашайбыз.

Коркунуч бизди мындан ары кыйнабайт, анткени, өлгөн адамды кыйнап болбойт. Табыттын ичинде жаткан адамга мылтыкты багыттап, аны коркутууга болот, бирок, ал көзүн ирмеп да койбойт.

## Башкалар жөнүндө эмне айтууга болот?

Калган шакирттер жөнүндө эмне айтууга болот? Кантсе да, алар да Петирге кошулушуп, Ыйсаны тануудан көрө, өлө тургандыктарын ачык билдиришти да. Бул май бастыргычтан кантип өтүштү? Алар Петирден да эртерээк качып кетишкен. Ыйык Китепте айтылгандай, аскерлер Ыйсаны колго түшүргөндө, «бардык шакирттер Аны таштап, качып кетишкен» (Мт. 26:56).

Алардын бардыгы өзүлөрү үчүн коркушкан жана сыйынгандан көрө, уктаганды жакшы көрүшкөн. Ыйса менен акыркы жолу дасторкондо отурушканда алар кимиси чоң деп талашышты. Баардык шакирттер укпагандай, же уга албай калгандай сезилди. Алардын ар биринин оюна «Мен эмне болом?» деген гана ойлор келе баштады.

Алардын ниети Петирдикинен анча деле айырмаланган эмес. Петир аскерлерди ээрчип, Ыйсаны алып барган жерге чейин баргандыктан, андан да кыйын абалга туш болду.

## Кайраттуулуктун бардыгы эле сүйүү менен шыктандырылбайт

Колундагы кылыч менен чакан армияга каршы турган мындай кайраттуулукту Петир кайдан алды деп дагы деле ойлонуп жаткандырсыңар. Анын кайраттуулугу башкалардын шыктандыруусуна негизделген деп эсептейм. Айланадагыларга таасир калтырганда, ал толугу менен гүлдөгөн. Бул жөнүндө ойлонгула. Кантсе да, алардын кайсынысы чоң деп талашышты. (Анан да, бул тема биринчи жолу эле көтөрүлгөн жок. Шакирттери тынымсыз талашып турушчу.) Петир бул жөнүндө жаңы эскерүүлөр менен эстеп, эми өзүнүн берилгендигин далилдөөгө мүмкүнчүлүк алып турду.

Бирок, ал башкы дин кызматчынын кызматчылары менен оттун жанында отурганда, аны достору курчап турушкан эмес жана анын чыныгы ийгиликсиздиги ачыкка чыккан.

Мурда да Петирдин кайраттуулугу солгундап турган учурлар болгон. Бул бир жолу Петир суунун үстүндө баратканда болгон. Башка шакирттердин бардыгы карап турганда, ал: «Теңир! Эгерде бул Сен болсоң, буйрук бер, мен Сага суу үстү менен басып барайын», – деди» (Мт. 14:28). Петир кайыктан түшүп, деңизди аралап өттү. Балким, анын кайраттуулугуна досторунун көз караштарынан болгон таасир күч бергендир. Бирок, толкуп жаткан деңиздин ортосунда туруп калганын көргөндө, Ыйсаны куткар деп кыйкырды. Толкундардын үстүндө басып жүрүп, атаандаштарынын бири дагы анын жанында эместигин түшүндү. Басым астында калганда, ал сууруп чыгарууга Ыйсаны чакырды.

Кыязы, Петир мурда көп жолу куткарып калгандай эле, Ыйса аны бул жолу да бактын ичиндеги абалдан алып чыгат деп ойлогон окшойт. Ал туура ойлогон. Бирок, Петир дагы, башка шакирттер дагы Ыйсаны кармап, туткунга алышарын күткөн эмес. Ыйса аларга боло турган нерсени бир нече жолу айтканы менен, алар Ал Өзүнүн Падышачылыгын ушул тапта жерде орнотот деп ойлошкон (Элч. 1:6; Мт. 16:21).

Кудай биз күткөн нерсени аткарып жатканда ишенимдүү болуу оңой. Бирок, Ал бизди таң калтырганда, биз эмне кылаарды билбей калабыз. Кээде жашообузда же кызматта бир нерсе болгондо, бизди коркутуп-үркүтүүлөр болгондо, кайраттуулуктан айрылып калабыз. Көп учурда биз азап-тозокторго, куугунтуктарга жана сыноолорго туруштук берүүгө даяр эмеспиз. Балдардай эле, биз да өз сценарийибиз боюнча күнүмдүк жашообузду жакшы сезебиз. Бирок, биздин жүрөгүбүз каалаган учурда жана каалагандай түрдө, каалаган нерсебизге жетпей калганда сыналат. Эгер бизди ушул сыноолор жеңип кетсе, анда жүрөгүбүз оорлошот. Балким, Кудай бизге каалаган нерсебизди бергенде жана жашоо алдын-ала болжолдонгондой болгондо биз өзүбүздү ишенимдүү сезеттирбиз. Бирок, баары башкача болгондо, биздин чыныгы ниетибиз ачыкка чыгат. Ыйса бул абалды мындайча сүрөттөгөн:

> *Кээ бир адамдар таштак жерге түшкөн үрөнгө окшош: алар сөздү угар замат кубанып кабыл алышат. Бирок терең тамырлай албагандыктан, туруксуз болушат. Сөз үчүн кысымга алып, куугунтукташканда, дароо баш тартып кетишет (Марк 4:16-17).*

Адамдар тамырлабагандыктан улам, сыноолорго туруштук бере албай тургандыгына көңүл бургула. Бизди бекем кармап турушу үчүн, тамырларыбызды кантип өөрчүтүшүбүз керек? Биз эмнеге тамырлашыбыз керек? Эфестиктерге 3:17де айтылгандай, биз Машаякка болгон сүйүүбүзгө отургузулуп жана анда тамырлашыбыз керек. Чыныгы сүйүү өзүнүкүн издебейт. Сүйүүсүнүн тамыры жок адамдар алар үчүн жеңил болгон учурда жөн гана сүйө беришет. Алар Машаяк менен бирге айкаш жыгачка кадалышкан жок, бирок, алар Ыйсага Анын Ким экендиги үчүн эмес, Анын бере турган нерселери үчүн гана келишкен!

Чыныгы сүйгөндөр Сүйүктүүсүн гана жана Ага жакканды гана издешет. Сүйүүнүн жалган нерсеге үмүттөнбөйт. Сүйүү

берет. Жашоо кутулгөндөн башкача болгондо, бул мотив ошол бойдон калат. Сүйүү үмүтүн үзбөйт, ошондуктан да тартынбайт.

Уялчаактыктын жана коркуу сезиминин күчүн талкалоо үчүн талап кылынган эрдиктин башаты Кудайга болгон сүйүүдөн келип чыгышы керек. «Анткени Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана өзүн өзү башкара билүүнү берүүчү Рухту берген» (2 Тим. 1:7). Уялчаактыктан арылуу үчүн күч керек, бирок, ал өзүнөн өзү эле жетиштүү болбойт. Жогоруда айткандай, кысым учурунда майланган эркектердин да тартынчаактыктан улам ийилгенин көргөм.

Акыл-эстүүлүк, же тазалык да жетишсиз. Ыйык Рух Ыйсанын Машайак экендигин Петирге ачып берген (Мт. 16:13-18). Бирок, бул качан Петир Кудайдын сүйүүсүнө толуп турган кезде болгон, мындайда адам өмүрүн берип коюуга да жөндөмдүү болот. Бул тууралуу кийинки бөлүмдө сүйлөшөбүз.

# КАЛОО ЭЛЕ ЖЕТИШПЕЙТ

Уялчаактыкты жеңүүнүн бирден-бир жолу – өз өмүрүңдү жоготуу.

Жакшы ниет эле жетиштүү эмес. Петир өлүмгө алып келсе дагы, берилген бойдон калаарын көрсөткүсү келген. Бирок, буга карата болгон анын каалоосунун күчү жетишсиз болгон. Жүрөктөгү коркуу сезими Устатка болгон сүйүүнү жеңди. Ыйса тирилгенден кийин бул маселени көтөрүп чыккан.

Жакан 21де Ыйса шакирттерине көрүнүп, эртең мененки тамак үчүн балык жана нан даярдайт. Андан кийин ал Петирден үч жолу: «Сен мени сүйөсүңбү?» деп сурайт. Алгачкы эки жолу Ыйса сүйүү көрсөтүү деген маанини билдирген “агапе” деген сөздү колдонгон. Бирок, Петир ар бир жолу грек сөзү «филео» менен жооп берген. Бул сөздүн мааниси жандык байланыш же сүйүү сезимдери менен гана чектелип, иш-аракетти билдирбейт.

Ыйса андан үчүнчү жолу сураганда, Петир капа болду. Үчүнчү жолу Ыйса филео сөзүн колдонгон. Бул маселеде Ыйса сүйүүнүн маанисин иш-аракетке эмес, сезимге бурган. Айласы кеткен Петир мындай деп жооп берди: «Теңирим, Сен бардыгын билесиң; мен Сени сүйөрүмдү билесиң» (Жакан 21:17). Анын сөзү: «Сага болгон мамилемде кандай сезимде экендигимди билесиң» дегенди билдирген.

Чындыгында, башында Ыйса: «Сен Мени өз жаныңды берип койгондой сүйөсүңбү?» деп сураган. Бул «агапе» сөзү менен чагылдырылган сүйүүнүн мисалы. Петир чын жүрөктөн жана момундук менен анын сүйүүсү сезимге байланган нерсе деп жооп берди. Анын Ыйсаны эми эле танып кеткендигин унутпагыла. Ал өзүнүн алсыздыгын түшүндү. Бир гана анын сезимтал сүйүүсү өз өмүрүн берип коюу үчүн жетишсиз болгон.

Акыры, Ыйса Петирден: «Сен Мени сезимиң менен сүйөсүңбү?» деп сурады. Ыйса Петирдин андан кийин толугу менен жеңилгенин жана агапе сүйүүсүнө жөндөмсүз экендигин түшүнгөндүктөн, ушул суроону берди.

Алгачкы эки суроону берүү менен Петирге эмнени айткысы келгенин түшүндүргүсү келип, Ыйса: «Чындыкты, сага чындыкты айтып коёюн, сен жаш кезиңде белиңди өзүң бууп, каалаган жагыңа барчусуң. Карыганыңда колуңду сунуп бересиң, сени башка бирөө байлайт да, каалабаган жагыңа алып барат». Ыйса бул сөздөрдү Петир өз өлүмү менен Кудайды даңктарын билдирүү үчүн айтты. Ушул сөздү айткандан кийин, Ал ага: «Менин артымдан ээрчи», – деди (Жакан 21:18-19).

Менин оюмча, Ыйса Петирге мындай деп айткандыр: «Мурда сен сезимтал сүйүүнүн күчү менен жашаган кезиңде ийгиликке жеткен эмессиң, бирок, сен качан өзүңдүн улуу коркунучуң менен кездешкениңде, жеткилең сүйүүнүн күчү менен жеңишке жетесиң». Ушул убакка чейин, Петир адамдык жөндөмдүүлүктөрдү канчалык сүйө алса, ошончолук гана сүйө алган, бирок, ал жөндөмдүүлүктөрү аны уятка калтырган. Ыйсаны ээрчип бараткан жолунда Петир “агапе” сүйүүсү менен

жабдылышы керек болчу. Мындай сүйүү адамдын каалоосу боюнча пайда болбойт, бирок, Ата аркылуу биздин жүрөгүбүзгө куюлат (Рим. 5:5). Кудайдын "агапе" сүйүүсү башкалар үчүн өлүүдөн коркпойт.

Ыйса Петирди шыктандырып, ал эгерде дагы бир жолу басым астында калса, жеңишке жетерин айткан. Анан ал мурда текебердик менен убада кылган нерсени аткара алат: Ыйсаны четке какпастан, Ал үчүн өлөт. Коркуу жана уялчаактык чеңгелинен кутулган Петир башка адамга айланат.

Кудай муну биздин жыргалчылыгыбыз үчүн жасайт. Тартынчаак болсок, Ал бизди бекемдейт. Ал биз жеңишке жеткенге чейин корккон нерселерибизге бир нече жолу дуушар болууга мүмкүнчүлүк берет. Өз күчүбүздүн акырына жеткенде, Анын күчүн сурап кыйкырабыз. Бул күч менен биз эч нерседен кем болбойбуз, анткени сүйүү эч качан өчпөйт (1 Кор. 13:8). Кудай биздин алсыз жактарыбыздан качышыбызды каалабайт. Ал биздин аларды коркпой тосуп алышыбызды каалайт.

## Сураныч, ушундан мени куткаргыла!

*Пабыл өзүнүн булагын билген. «Өзгөчө аяндарды алгандыгымдан улам менменсинип кетпешим үчүн, менин денемде тикенек бар. Менменсинип кетпешим үчүн, денемди кыйнап турууга шайтандын бир периштеси жиберилди» (2 Кор. 12:7).*

Бул жерде «периште» деген сөз колдонулат. Менин оюмча, бул аятта Пабылга зыян келтирүү үчүн каардуу периштени шайтан жибергени айтылып жатат. Натыйжада, Пабыл кайда барбасын, көйгөйлөр пайда болду. 2 Коринттуктар 11:24-27де Пабыл бир нече кыйынчылыктарга туш болгонун сүрөттөйт:

Жүйүттөр мага беш жолу бир жолу кем кырк жолудан сокку урушту; үч жолу мени таяк менен сабашты, бир жолу таш бараңга алышты, үч жолу кемедеги кыйроого учурадым, түнү-күнү менен деңиздин тереңинде жүрдүм; Мен көп жолу саякаттарда болдум, дарыялардагы опурталдуу жерлерде,

каракчылардын алдындагы коркунучта, башка уруулардын алдындагы коркунучта, бутпарастардын арасындагы коркунучта, шаардагы, чөлдөгү, деңиздеги коркунучтар алдында, калпычы бир туугандардын арасындагы коркунучтун алдында, эмгекте жана жалган нерселердин ортосундагы коркунучтарда болгонмун. бир туугандар, эмгекте жана чарчоодо жүргөм. Көбүнчө сергек болуп, ачка жана суусаган абалда, орозодо, суукта жана жылаңач абалда болгом.

Кайсы жерде насаат айтпасын, Пабыл Жакшы Кабар үчүн катуу куугунтукка дуушар болгон. Аны ар бир шаарда кишендер жана коркунучтар күтүп турган. Аны сабап, таякташкан, таш менен уруп, тоноп, кемеде чөгүп да кеткен ж.б. Ушунун бардыгы менен ал Кудайга келди.

*Мен үч жолу Теңирден аны менден четтетишин сурандым (2 Кор. 12:8).*

Ал ойлонбой туруп эле ушул каршылыктардан жана куугунтуктоолордон кутулгусу келди. Кудай жооп берди:

*«Менин сага болгон ырайымым жетиштүү. Анткени Менин күчүм алсыздыкта жеткилең болот» (2 Кор. 12:9).*

Чындыгында, Теңирибиз: «Пабыл, бул нерселерди алып салууну Менден сураба, тескерисинче Менин ырайымым менен күчүм сени өзүңдүн күчүң менен көтөрө албаган нерседен жогору тургузушун сура. Тоскоолдуктар жок жерде, күчкө муктаждык да жок. Согушту салгылашуу аркылуу гана жеңет. Салгылашуу канчалык чоң болсо, жеңиш да ошончолук чоң болот. Чыныгы жоокер чыр-чатактардан качпайт, бирок, алар үчүн күрөшөт».

Согуш жүрүп жаткан учур, Кудайдан бизди согуштан алып кетишин суранган учур эмес. Ушул учурда, биз жеңишке жетүү үчүн, Анын ырайымын сурап сыйынышыбыз керек. Адамдын күчү менен жеңе албаган нерсеге туш болгондо, Кудай

даңкталат. Ошондо Анын күчү бизде болгонун баары көрүп турат. Кудайдын ырайымы биздеги бардык коркунучтарды жана тоскоолдуктарды жеңип чыгат! Кудайдан келген ушул насаат менен өзүңдү жандандыр:

> *Бирок, бизди ар дайым Машайакта жеңишке жеткирген Кудайга ыраазычылык (2 Кор. 2:14).*
>
> *Теңирибиз Ыйса Машаяк аркылуу бизге жеңиш берген Кудайга миң мертебе ыраазымын! (1 Кор. 15:57).*

Кудайды сүйүүдөн бизди ким ажыратат: кайгыбы, тардыкпы, куугунтукпу, ачкачылыкпы, жылаңачтыкпы, коркунучпу же кылычпы? Ыйык Жазууда: «Бизди Машайактын сүйүүсүнөн ким ажырата алат? Кайгыбы, кысымчылыкпы, куугунтукпу, ачкачылыкпы, жылаңачтыкпы, коркунучпу, кылычпы? Ыйык Жазууда жазылгандай: «Сен үчүн бизди күн сайын өлтүрүп жатышат. Биз алар үчүн мууздала турган койлор сыяктуубуз». Бирок мунун бардыгын бизди сүйгөн Кудайдын күчү менен жеңебиз (Рим. 8:35-37).

Жеңүүчү каршылыктар менен бет келишип, аны жеңип чыгат да, жеңиш туусун согуш талаасына саят. Пабыл мына ушуну карманган жана анын тынчсыздануусу үмүткө айланды. Ал минтип жазган:

Бирок, Ал мага мындай деди:

> *«Менин сага болгон ырайымым жетиштүү. Анткени Менин күчүм алсыздыкта жеткилең болот». Ошондуктан Машайактын күчү менден орун алат деп, өзүмдүн алсыздыгым менен артыгыраак мактанам. Ошондуктан Машайак үчүн алсыз болгонума, кордук көргөнүмө, муктаж болгонума, куугунтукталганыма жана кысымчылыкты башымдан өткөргөнүмө ыраазымын. Анткени мен алсыз болгондо күчтүүмүн (2 Кор. 12:9-10).*

Анын «мен ыраазымын» деп айтканына көңүл бурсаңар. Биз адамдардын эзүүгө, муктаждыкка, куугунтукка жана кыйынчылыктарга ыраазы болушканын канчалык көп көрөбүз? Мындай нерселерден Машаякта катылган адам гана ырахат ала алат (Гал. 2:20). Машаякты жогору көтөрүү үчүн жашаган адам гана. Машаяк бийик көтөрүлмөйүнчө, Кудайдын ырайымына таянып гана, өзүн колдой алаарын Пабыл билген.

Пабыл Ыйсаны өз жашоосунан артык сүйгөн. Ал өлүүгө даяр болчу, бирок, жашоону андан да көбүрөөк каалаган. Ал үчүн! Филипиликтерге жазылган каттан төмөнкү саптарды жакшылап карап көрүңүз:

> *Эч нерседе уятка калбайм деп бекем ишенем жана үмүттөнөм. Машайак менин денем аркылуу ар дайым даңкталып келгендей, мындан ары да, жашасам да, өлсөм да даңкталат деп, кайраттуулук менен айта алам (Флп. 1:20).*

Пабыл Машаякты өмүрү менен даңктайбы же өлүмү менен даңктайбы, баары бир болчу. Машаяктын даңкталышы гана маанилүү болгон. Пабыл оорудан жана алсыздыктан өлүүнү айткан эмес. Ыйса аларды айкаш жыгачка биз үчүн көтөрүп кетти. Алсыздык жана оору Аны даңктай албайт. Ыйсаны оорудан өлүү менен даңктайбыз деп ишенүү, эгер күнөөнүн кулу болуп жүрүп өлсөк, анда Ыйса даңкталат деп ишенүүдөй эле туура эмес ишеним. Экөөнү тең, тигинисин да, мунусун да Ал айкаш жыгачка көтөрүп кеткен (Ыш. 53:4-5). Забур 102:2-3тө: «Менин жаным, Теңирди даңкта, Анын бардык жакшы иштерин унутпа¨ Ал сенин бардык мыйзамсыз иштериңди кечирет, сенин бүт ооруларыңды айыктырат», - деп айтылат. Көрүнүп тургандай, Пабыл оору же алсыздык жөнүндө айткан эмес. Бирок, биздин мамилебиз мындай болушу керек: «Теңирим, кандай гана болбосун, бирок, Сен даңкталасың, Сен Өз жолуңду танда, ошондо шайтанга эч нерсе калбайт!»

Пабылдын жан аябас сүйүүсү ушунчалык кайраттуулукту

пайда кылгандыктан, эч бир уялчаактык сезим ага кире алган эмес. (Флп. 1:20 карагыла!) Пабыл ар бир шаарда куугунтукка жана коркутууларга туш болорун билгендиктен, шашып жатты. Ал адамдардан коркчу эмес. Пабыл Эфестеги аксакалдар менен бөлүшкөн:

> *Азыр болсо Рухтун жетеги менен Иерусалимге бара жатам, ал жерде мени эмне күтүп тургандыгын билбейм. Бирок мени кишендер жана азап-кайгылар күтүп тургандыгын Ыйык Рух мага ар бир шаарда эскертип жатат (Элчилер 20:22-23).*

Бул пайгамбарлык сөз! Кызык, бүгүнкү күндө мындай сөз үчүн канча адам алдыга умтулат? Жок, алар мындай нерсени уккусу келген эмес. Баарыбыз жакшы нерселерди укканыбыз жакшы, бирок, Кудай үмүт менен кайраттуулукту камсыз кылуу үчүн, кыйынчылыктарды да эскертет. Пабыл: «шакирттерди бекемдеп, ишенимден баш тартпоону насааттап: «Кудайдын Падышачылыгына көптөгөн кыйынчылыктар аркылуу киришибиз керек», – деп жаңы кабыл алгандарды бекемдеген (Элчилер 14:22).

Ар бир кадам сайын бизди куугунтуктоо жана каршылык көрсөтүү күтүп турат деген пайгамбарчылык сөздү алган болсок, кандай жооп бермекпиз деп таң калам. Албетте, мен Кудайдан чыныгы сөздү алган сайын эле ал ушундай болушу керек деп айткым келбейт.

Маселе, бизге айтылган көптөгөн сөздөр адамдарды туура эмес нерселерди издөөгө үндөйт. Бул бизнесте же кызматта адамдар кандайча ийгиликке жетишип жана кантип жакшы иштешери жөнүндөгү жана аларда баары жакшы болоору жөнүндөгү жагымдуу сөздөр. Көп учурда адамдар Кудайды алар үчүн эмне кыла алаары үчүн гана издеп жана ошол үчүн гана Ага кызмат кылууга чейин барышат. Алардын сүйүүсү өмүр же өлүм менен Аны даңазалоого кызыкдар эмес. Пабылдын кулчулук жана азап тартуу жөнүндөгү пайгамбарчылык сөзгө

кандайча жооп бергенине көңүл бурсаңар:

> *Бирок, мен эч нерсеге карабаймын жана өз өмүрүмдү эч аябаймын, алдымда турган жарышты жана Теңир Ыйса тапшырган кызматты – Кудайдын ырайымы жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратуу ишин кубаныч менен аягына чыгарсам эле болду (Элчилер 20:24).*

Пабылдын эр жүрөктүүлүгүнүн ачкычы - ал өз өмүрүн кымбат деп эсептебегендигинде. Ошондой эле, ал Кудайдын өзүнүн жашоо планы сыноолорго жана куугунтуктарга дуушар болорун түшүнгөн. Анын Ыйсага болгон сүйүүсү жашоонун өзүнө караганда көбүрөөк болгон. Пабыл өз жашоосунда «өзүнүн чуркоосун аягына чыгаруу» деп аталган сырга умтулган. Бул өз өмүрүңдү берип, Машаяктын жашоосун кабыл алуу дегенди билдирет. Бул көбүнчө ыңгайлуу нерседен баш тартып, ыңгайсыз нерсени - айкашты кабыл алууну сунуш кылат.

## Бул Американын Жакшы Кабары экендигине ишенесиңерби?

Мен бул ой жүгүртүү кадимки батыш машайакчыларына окшобой тургандыгын билем. Бул биздин сексенинчи жана токсонунчу жылдардагы насааттардан жана жашоо образынан айырмаланып турат. Мен ушундан улам биринчилерден болуп жыгылганымды мойнума алам. Акыркы он жыл ичинде мен жүрөгүмдүн каалоосу менен гана «май тегирменге» учурадым. Петирдей болуп, куру убадаларымды жана жүрөгүмдүн чыныгы абалын көргөндө капа болдум. Ушуга окшогон көп кырдаалдарда, жүрөгүмдү өзгөртүшүн суранып, Теңирибизге кайрылдым. Мени бекемдеген сыноолор үчүн ыраазы болууну үйрөндүм (1 Петир 1:6-7) жана төмөнкү аяттарды жакшыраак түшүнө баштадым:

> *Машайак биз үчүн денеси менен азап тарткан-*

> *дыктан, силер да ошол ой менен куралдангыла. Анткени денеси менен азап тарткан адам күнөө кылганын коёт. Эми мындан аркы жашооңорду адамдык кумарлар менен эмес, Кудайдын эрки менен жашагыла (1 Петир 4:1-2).*

Азап чегүү аркылуу биз жетилебиз. Мен азыр азап чегүүнүн диний түшүнүгү жөнүндө, ооруну же жакырчылыкты Кудай алдында кылган эмгегиңиз жөнүндө күбөлөндүргөндөй кылып кабыл алуу жөнүндө айткан жокмун. Ошондой эле, мен сабатсыздыктан жана туура эмес жүрүм-турумдан улам азап чегүүнү айткым келген жок. Бул Кудайга даңк кошпойт! Биз тарткан азап Машаяктын башынан өткөргөндөй эле азаптар болушу керек - бардык жактан азгырыктар, бирок күнөө жок (Эвр. 4:15). Петир сүрөттөгөн азап - бул адам анын өзүнүн денеси же анын айланасындагы адамдар аны Теңир багыттаган жолдо барбоосу үчүн туура эмес жолго түртүп жаткандагы азап. Ушул учурда эгерде биз Ыйсага болгон сүйүүгө тамырлашпасак, анда тартынчаактык жана коркуу сезими артыкчылыкка ээ болот.

Петирдей болуп, Ал үчүн физикалык жашоомду берем деп гана айтпастан, бирок, өз өмүрүм жана каалоолорум үчүн өлүмдү кабыл алууга даярмын дегенге чейин мен да Ыйсаны ээрчип жүрөм. Ал гана даңкталсын! Буга Анын ырайымы менен гана жетүүгө болот. Ал Өз ырайымын момундарга берет (Жакып 4:6). Ошондуктан да, Пабыл куугунтуктоолорго карабастан: «Мен аларга ыраазы болдум», - деп айта алган. Элчи Жакан шайтанды жеңгендер жөнүндө эмне дегенин карагыла:

> *Алар аны Козунун каны менен, өздөрүнүн күбөлөндүрүүсү менен жеңишти. Алар өз өмүрлөрүн аяшкан эмес, өлүмгө баш байлашкан (Аян 12:11).*

Мен бул аяттын улам-улам айтылганын уктум. Бирок, жарым-жартылай гана. Көпчүлүк адамдар өтө эрте токтотуп: акыркы бөлүгүн калтырып коюшат. Бул үзүндү биздин Батыш

маданиятыбызда популярдуу эмес. Бирок, биз өз өмүрүбүздү сүйүүдөн ал тургай, өлүмгө чейин баш тартмайынча, эч качан уялчаактык менен болгон согушта жеңе албайбыз. Эгер биз өз жашообузду сүйсөк, анда аны кантип сактап калуунун жолун издейбиз. Кудайдын адамдары, эми силер чындыкты билесиңер:

уялчаактыкты жеңүүнүн бир гана жолу бар – бул өз өмүрүңдү жоготуу. Муну окугандан кийин, Кудайга кайрыл. Чөкпө, бирок, ишенүүгө батын. Андан жүрөгүңөрдү эч качан өчпөгөн Анын сүйүүсүнө толтурушун сурагыла. Силер туш болгон тоскоолдуктарды жеңүү үчүн, Анын ырайымын сурагыла. Кыйын болгон жерлерде болуу артыкчылыгын Андан сурагыла. Жерде Ал эмне кылып жатканынын борборунда болуу үчүн, сыйынгыла. Жеңил жашоону суранбагыла. Андан көрө Аны даңктай турган жашоону сурагыла.

## «А ал эмне?»

Келгиле, качан Ыйса тирилгенден кийин Анын шакирттерине эртең мененки тамакты даярдаган учурга кайтып баралы. Эртең мененки тамактан кийин, Ыйса Петирге баталар тууралуу пайгамбарчылык кылган жок. Тескерисинче, Ыйсанын сөздөрүндө Петир өзүндөгү эң чоң коркуу сезимин жеңип жана мындан ары өз каалоолорун өз күчү менен ээрчибей тургандыгы тууралуу айтылган. Ыйса Петирге анын азап чегип өлөөрүн - Ыйсага берилгендигинин айынан өмүрүнөн айрыларын айтты. Петир буга чейин жолугуп да көрбөгөн нерсени эми багындырат. Ыйса жаңы Петирдин кандай болоорун көрдү. Ал аяктаган ишти көрдү.

Петир дагы деле даяр эмес болчу. Эмне болорун угуп, ал бурулуп, элчи Жаканды карап, Ыйсадан сурады: «Теңир, ал эми булчу?» (Жакан 21:21). Петир дагы деле өзүн башкаларга салыштырып жатты. Ал чындыгында: «Эгер мен ушул нерсени башымдан кечиришим керек болсо, анда ал да ошону башынан кечириши керекпи?» деп айткан.

*"Ыйса ага: «Кааласам, Мен келгенге чейин, ал тирүү болот, сенин ишиң эмне? Мени ээрчи», – деди» (Жакан 21:22).*

Башкача айтканда, бул эч кандай мааниге ээ эмес. Өзүңөрдү башкалар менен салыштырбагыла. Жөн гана Менин артымдан ээрчигиле! Ошентип, көптөгөн адамдар өз өмүрлөрүн жана кызматтарын башкалардын айткандары жана жасаган иштери менен өлчөшөт. Өзүңүздү туура эмес стандарттар менен өлчөгүңөр келбейт да, туурабы. Сантиметр менен километрдин ортосунда чоң айырма бар. Биздин жыйындын көпчүлүгү өзүлөрүнө жаккан, жеңил жана ыңгайлуу жашоодо жашашат. Өзүбүздү бири-бирибиз менен салыштырганда, биз абдан сүйкүмдүү (жана жылуу) болуп көрүнүп турабыз. Бул жалган сооронуч жана «мен башкалардан кем эмесмин» деп айтууга мүмкүнчүлүк. Эгер сен жакшы болсоң, анда мен жакшымын деген азгырык бар. Бирок, бизде бир гана стандарт, бир гана өлчөө бирдиги бар. Биз башка насаатчыларды, башка жыйындарды же башка бир туугандарыбызды стандарт катары колдонбойбуз. Биздин стандарт - Ыйса! Ал Петирге Жакандын артынан жүр деп айткан эмес. Ал: «Менин артымдан ээрчи!» деген.

Ыйса басып өткөн жол өзүнөн - өзү тануу жолу болгон. Ыйсаны ээрчүү ниети жана каалоосу эле жетишсиз. Сиз аны аткарышыңыз керек! Төмөнкү үзүндүнү окуңуз:

*Ошондон кийин Ыйса эл менен бирге шакирттерин да жанына чакырып, мындай деди: «Ким Менин артымдан жүргүсү келсе, ал өзүнөн баш тартсын жана күн сайын өзүнүн айкаш жыгачын алып, Менин артымдан ээрчисин. Ким өз жанын сактап калгысы келсе, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким Мен үчүн жана Жакшы Кабар үчүн өз жанынан ажыраса, ал аны сактап калат (Марк 8:34-35).*

Карагылачы, Ал ким өз жанын сактап калгысы келсе, ал андан түбөлүккө ажырайт деп жатат. Мына сага! Дүйнө каалаган

нерселерди каалоо – силер аны эч качан ала албасаңар дагы - өмүрүңөргө зыян келтирет. Бирок, Ыйсанын андан ары эмне деп айтканын кунт коюп байкап көргүлө:

> *Ал эми ким Мен үчүн жана Жакшы Кабар үчүн өз жанынан ажыраса, ал аны сактап калат (Марк 8:35).*

Байкасаңар: Ал «Мен үчүн ким жанын жоготкусу келет» деп айткан жок. Каалоо жетишсиз! Ага чыккынчылык кылган түнү эле Петир Ыйсаны ээрчигиси келген. Бирок, анын ниетинде Кудайдын сүйүүсү да, күчү да болгон эмес. Ошондуктан, ал жеңилип калган.

## Өз жүрөгүңдү изилде

Окуп жатып, өз ниеттериңерди текшергиле. Силер Ыйса Машайактын чыныгы шакиртисиңерби же Аны өз шарттарыңар боюнча гана ээрчигиңер келеби? Жан аябастыктан алыс болуп, чектелген мүмкүнчүлүктөрүңөрдү сактап жүрөсүңөрбү? Ушул чектөөлөр силерди Ыйсанын жолунан тосуп, акыры, Кудайдын Падышачылыгы үчүн жараксыз кылып салышы мүмкүнбү (2 Кор. 13:5 карагыла)?

Ыйсанын жолун жолдоймунбу же жокпу деп изилдеш үчүн, биринчи кезекте Анын баасын билишибиз керек. Ооба, ошондой. Бул жол бир нерсеге арзыйт. Бул силердин бүт жашооңордон кем болбошу керек. Ыйсанын Аны ээрчигиси келген калың элге түшүндүрүп бергенин уккула.

> *"Ыйса Өзүнүн артынан ээрчип келе жаткан элге бурулуп, мындай деди: «Ким Мага келип, бирок ата-энесин, аялын, балдарын, ага-инилерин, эже-карындаштарын жана өз өмүрүн Менден артык көрсө, ал Менин шакиртим боло албайт. Ким Менин артымдан өз айкаш жыгачын көтөрбөй ээрчисе, ал Менин шакиртим боло албайт. Силердин*

> *араңардан бирөө мунара курмакчы болсо, ал аны бүтүрүүгө каражаты жетер-жетпесин билиш үчүн, адегенде отуруп алып, курулуш чыгымын эсептеп чыгат да. Болбосо пайдубалын гана салып, мунараны бүтүрө албай калганын көргөн кишилердин баары: "Бул киши кура баштады эле, бирок бүтүрө алган жок", – деп, аны шылдың кылышат. Ошол сыяктуу эле болгон нерсесинин баарынан баш тартпаган адам Менин шакиртим боло албайт (Лук. 14:25-30, 33).*

Акырына чейин чыдаш үчүн ушул керек. Жаңы гана Аян китебинен өз өмүрүн ал тургай, өлүмгө чейин сүйбөгөндөр жеңишке жетерин окудук. Тилекке каршы, бул сүрөттөө бүгүнкү күндөгү Америкадагы жыйындардын так сүрөттөлүшү эмес. Ыйсанын жолдоочуларынын ичинен дагы деле өз жашоосуна ээлик кылган көптөгөн мисалдарды келтире алмакмын.

Мен кайтаруучу болуп турганда, мага бир жаш айым чкелип: «Пастор Джон, мен өзүм жөнүндө ушундай коркунучтуу ойдо турам. Мен өзүм жөнүндө жакшыраак ойлоп калышым үчүн, сыйынчы,»- деп арызданды.

Мен аны карап: «Мына ушул сенин көйгөйүң!» - дедим.

Ал башы маң болуп турду. Кыз аягында сыйынуу менен узак консультацияга даярданып жаткан. Ал менин ага жакшы болушу үчүн жагымдуу сүйлөшүмдү күтүп турду. Менин жообум аны таң калтырды. Бирок, бул - бизди боштондукка чыгарган чындык: көйгөйлөр жөнүндө сүйлөшүү эмес, алардын тамыры менен күрөшүү.

Мен андан мындай деп сурадым: «Ыйык Китепте өзүн-өзү сыйлоо жана өзүнө-өзү жакшы мамиледе болуу жөнүндө кайсыл жерде айтылат? Ыйса Анын артынан ээрчиш үчүн өлүшүң керек деди! Силер качандыр бир кезде табыттагы өлгөн адамдын отуруп алып: "Эй! Эмне үчүн мени бул жерге киргизип койдуңар? Мага бул жакпайт! Менин чачым эмнеге минтип таралган? Эл эмне деп ойлойт?» - дегенин көрдүңөр беле?

Мен ага өзүн-өзү сыйлоо жана өзүнө жакшы мамиледе болуу Ыйык Китептен эмес экендигин көрсөткүм келди. Ыйсаны сүйүү жана Аны ээрчүү үчүн, өзүңдү жакшы сезүүнүн кажети жок. Ал түбөлүктүүгө эмес, убактылууга карады.

Биз Кудайга өзүбүздү жакшы сезгенде, кубанганда же иш өз жолу менен жүргөндө гана кызмат кыла албайбыз. Өзүн ушундай алып жүргөн адамдарды «мезгилдүү достор» деп айтмакпыз. Ошондой эле, «мезгилдүү машайакчылар» бар. Алар акылга сыйбайт. Акыр-аягы, алар өз элестетүүлөрүнө туура келбеген нерсеге туш болушат. Бул алардын Кудай менен жүрүүлөрүнүн бардык баскычтарында болушу мүмкүн. Эгерде алар даярдалбаса, анда алар багынышат. Алар жыйынга барып, ондук төлөп, курмандык чалып, башка тилдерде сүйлөп, туура нерселерди жарыялай алышат, бирок, жүрөктөрүндө Кудайды ээрчүүдөн баш тартышкан. Кудайга болгон сүйүү чек араны билбейт. Эгерде биз Аны менен чын жүрөктөн жүрсөк, анда өзүбүздүн бардык чектөөлөрдү жоюшубуз керек.

## Өзгөрүлгөн адам

Элчилер китебинен Петирди көргөнүбүздө, мына ушул кызматчы ишенимдүүлүк жөнүндө ант берген жана малай кыздын алдында Машаяктан баш тартып кеткен адам деп ишенүү кыйын. Ыйык Рухка толуп, ал бүт Иерусалимдин алдында тайманбастан жана жигердүүлүк менен Ыйсаны Теңирибиз жана Мессия деп жарыялады. Ал камакка алынып, Ыйсаны айкаш жыгачка кадап салган башчылардын жана лидерлердин алдына аны алып келишти. Эми ал алардын кулдарынын алдында эмес, Ыйсага өкүм чыгарган кеңештин алдында турду. Ал аларды карап, зор кайраттуулук менен мындай деди:

> *«Силер Ыйса Машаякты Мессияны айкашка кададыңар. Адамдарды Ыйсадан башка эч ким куткара албайт. Анткени асман астында биз- ди – адамдарды куткара ала турган башка ысым жок» (Элчилер 4:8-12 карагыла).*

Петир менен Жакандын тайманбастыгы Синедрионду таң калтырды жана алар Кудайдын кылган ишине каршы эч нерсе айта алышкан жок. Бул адамдар көзөмөлдөө боюнча профессорлор болушкан.

Ошондуктан, алар коркутуп-үркүтүү амалына барышты. Алар өз ара:

> *«Бирок бул мындан ары эл арасында жайылбашы үчүн, аларды коркутуп, бул ысым жөнүндө жарыялоого тыюу салалы», – деп, өз ара кеңешишти" (Элчилер 4:17).*

Бул лидерлер эми эле Ыйсаны айкаш жыгачка кадап салышканын унутпагыла. Ыйса буга чейин Петирге ал да Ыйса өлгөндөй өлөт деп айткан. Анан бул жөн гана коркутуу эмес эле. Бирок, мүмкүн болгон өлүмгө карабастан, Петир менен Жакан тайманбастык менен: «Өзүңөр ойлоп көргүлөчү, Кудайды укпай, силерди угуу Кудай алдында туурабы? Биз көргөнүбүз менен укканыбызды айтпай коё албайбыз», – деп жооп беришти» (Элчилер 4:19-20).

Эгерде Жаканды эсепке албаганда Петир Синедриондун алдында жалгыз турган. Эч кимди таасирлентүүнүн же тажатуунун кажети жок болчу. Азыр болсо, ал башкача кайраттуулукка ээ болду. Ал Ыйсага болгон сүйүүсүнөн азыктанган. Петир менен Жакан бошотулуп, алар эмне болгонун жана кандай коркунучтарга туш болгонун айтып берүү менен, шакирттерине кошулушту. Анан карагылачы, булар Кудайдан эмне сурап жатышат:

> *Азыр болсо, Теңир, алардын коркутуп жатканын көрүп турасың, Өзүңдүн сөзүңдү тайманбастык менен айтышыбыз үчүн, кулдарыңа кайраттуулук бере көр. Сенин ыйык Уулуң Ыйсанын атынан оорулууларды айыктыруу үчүн, керемettерди жана жышаандарды көрсөтүү үчүн, Өзүңдүн колуңду суна көр», – деп, Кудайга чогуу сыйынышты (Элчилер 4:29-30).*

Бул адамдар Кудайдан кыйынчылыкка туш болгондон да көп нерсени сурашкан. Алар Жакшы Кабарды жарыялоо алардын өмүрүнө коркунуч алып келерин билишкен. Бирок, алар кабар айта беришкен жана Кудай өзүнүн улуу кереметтери менен коштоп, ишенимдүү болгон. Алар коркконунан жана тартынчаактыктарынан улам, Кудайдын белегинин жигерсиз болушуна жол беришкен эмес. Кудайдын күчү ушунчалык күчтүү болгондуктан, Петир өтүп бара жатканда, жок дегенде, көлөкөсү түшсүн дешип, оорулууларды төшөнчү-оруңдары менен көтөрүп чыгып, көчөлөргө жаткырып коюп жатышты (Элч. 5:15).

Башкы дин кызматчылар менен Синедрион өзүлөрүнүн коркутууларын аткарып жатышты. Шакирттер камакка алынып, түрмөгө камалган. Башкы ыйык кызмат кылуучу: «Биз силерге бул ысым жөнүндө окутпагыла деп, катуу тыюу салбадык беле? Силер болсо өзүңөрдүн окутууңарды бүт Иерусалимге жайылтып жибердиңер», - деди (Элчилер 5:28).

Анан Петир кайрадан тайманбастан менен мындай деп жооп берди:

> *«Биринчи иретте адамдарга эмес, Кудайга баш ийүү керек. Ата-бабаларыбыздын Кудайы силер жыгачка асып өлтүргөн Ыйсаны тирилтти. Ысрайыл элин тобо кылдырып, күнөөлөрүн кечирүү үчүн, Кудай Ал Башчыны жана Куткаруучуну жогору көтөрүп, Өзүнүн оң жагына отургузуп койду. Ал жөнүндө айтылгандын бардыгына биз да, Кудай Өзүнө баш ийгендерге берген Ыйык Рух да күбө» (Элчилер 5:29-32).*

Кандай эрдик! Шакирттер корккон эмес. Петир эми өз жашоосунун куткарылышын издебей калды. Ал өзүмчүлдүктөн арылып, Кудайдын Ыйык Рухуна толгон. Кудайдын сүйүүсү анын жүрөгүн толтурган. Римдиктер 5:5 те айтылгандай, «... анткени Кудайдын сүйүүсү бизге берилген Ыйык Рух аркылуу жүрөгүбүзгө төгүлдү».

Албетте, Ыйык Рух биздин жүрөгүбүзгө Кудайдын сүйүүсүн алып келери көрүнүп турат. Бирок, Петирдин мисалынан көрүнүп тургандай, Ыйык Рух тил алчаактарга берилет. Ыйсанын көптөгөн жолдоочулары болсо, тил алчаактыксыз эле сүйүүнү каалашат.

Башка тилдерде сүйлөө силердин жүрөгүңөрдө Кудайдын сүйүүсү орун алгандыгына кепилдик бербейт. Ыйык Рухка толуу - бул бир жолку тажрыйба эмес. Ошондой эле, Ыйык Жазууну канчалык деңгээлде билгениңер же башка тилдерде сүйлөгөнүңөрдүн мааниси жок. Эгер силер Кудай алдында тил алчаак жашабасаңар, анда сүйүүңөр муздап калат. Ар бир тил албастык менен, бул сүйүү азаят!

Ыйса акыркы күндөрдүн белгиси машайакчылардын жүрөгүндө тартипсиздиктин көбөйүү себебинен көбүндө сүйүүнүн ысыгы кайтат деп айткан (Мт. 24:12). Ыйса сүйүү деп – "агапе" сүйүүсүн айтып жатат. Ыйсаны кабыл алган адамдар гана бул сүйүүгө ээ. Силер Рухка толуп, бирок, Рухтун чыныгы сүйүүсүнө жетишпей калышыңар мүмкүн!

Петир менен Жакандын баш ийүүсү аларга зор кайрат жана сүйүү берген.

> *Алар Ага баш ийишти жана элчилерди чакыртып сабатышты да, Ыйсанын ысымы жөнүндө жарыялоого тыюу салышты. Анан аларды бошотуп жиберишти. Алар болсо Теңир Ыйса үчүн кордук көрүүгө татыктуу болушканына кубана синедриондон чыгып кетишти (Элчилер 5:40-41).*

Петир менен Жакан башкаруучулардын алдында коркуп калышкан жок. Тескерисинче, алар кубанычка бөлөнүштү. Булар буга чейинки Гетсемани багындагы шакирттерден таптакыр башкача шакирттер болчу. Алар сый-урмат, сүйүүсүн жана берилгендигин көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берилгенине кубанышты. Петирдин сүйүүсү жөн гана эмоционалдуу болбостон, ал өзүнүн бардык адамдык касиеттеринен көрүнүп турду.

«Foxe`s Christian Martyrs of the Word» (ишеним үчүн азаптуу өлүмдү баштан өткөргөндөр тууралуу жазган басылма) Петирдин Ыйса алдын ала айткандай азаптуу өлүмгө туш болгонун кабарлаган. Петир айкаш жыгачка кадала турган болгондо, ал: «Мен Теңирим өлгөндөй өлүүгө татыктуу эмесмин» деп айткан. Ошентип, алар аны айкаш жыгачка башын ылдый, бутун жогору каратып кадашкан! Петир бул дүйнөдөн жеңиш менен кетти. Аллилуйя!

# КУДАЙДЫН КОРКУНУЧУ АДАМДЫК КОРКУНУЧКА КАРШЫ

Сиз кимден корксоңуз, ошол адамга кызмат кыласыз.

Ушул кезге чейин окуган жана изилдеген нерселерибиздин бардыгы тартынчаактык менен күрөшүүнүн чечүүчү учуруна алып келет. Бул биз коркутуп-үркүтүүгө кабылганда гана эмес, жашообуздун бардык тармактарында маанилүү! Мен азыр Теңирден коркуу жөнүндө айтып жатам.

Жыйын Теңирден коркуу деген эмне экендигин түшүнбөйт. Бул өкүнүчтүү, анткени бул жеңишке жеткен машайакчынын жашоосунун маанилүү элементи. Ышаая Ыйса жөнүндө пайгамбарчылык кылган: “Ал Теңирден коркуу сезимине толот” (Англисче Библияда - “Теңирден коркуу менен ырахат алат”

дегенди түшүндүрөт (Ышая 11:3)). Анын ырахаты да биздики болушу керек!

Кудайдан корккон адам Кудайдын жолуна түшөт (Забур 25:12). Мындай адам «жакшылыкта жашайт, анын тукуму жерди мурастайт» (Заб. 25:12).

Теңирден коркуу - акылмандыктын башталышы жана Аны таанып-билүүнүн башталышы деп айтылат (Накыл сөздөр 9:10; 1:7; 2:5). Ал биздин күндөрдүн санын көбөйтөт (Накыл 10:27). Тенирден коркуу сезими менен өркүндөтүлгөн ыйыктыксыз эч ким Теңирди көрбөйт деп эскертебиз (Евр. 12:14; 2 Кор. 7:1). Бул Тенирибизден коркуу жөнүндө Ыйык Китепте айтылгандардын бир гана мисалы.

Уялчаактыктан арылуунун жалгыз жолу - бул Теңирден коркуу. Ыйык Китепте: «Теңирден коркуу – бекем таяныч, Ал – Өз уулдарына баш паана» (Накыл сөздөр 14:26). Ишеним бизде адамдыкындай эмес, Кудайдын жолдору менен жүрүшүбүз үчүн керек болгон кайраттуулукту жаратат. Келгиле, Кудайдан коркуу менен адамдардан коркуунун айырмачылыктарын изилдеп көрөлү.

## Кудайдан коркуу менен адамдан коркууну айырмалаңыз

Биринчиден, Кудайдан коркуу деген эмне? Бул Аны жөн гана сыйлоодон жогору. Андан коркуу - Кудайга даңктын ордун берүү, Аны татыктуу урматтоо, ыраазычылыкка, суктанууга, мактоого жана артыкчылыка татыктуу болгонун билдирүү. (Байкап көрсөк, ал биз ойлоп жаткан нерсеге татыктуу эмес.) Биз Кудайды урматтаганда, Анын каалоолору биздин каалоолорубуздан да жогору экенин билсек болот. Ал жек көргөн нерсени жек көрүп, сүйгөн нерсени сүйүп, Анын алдында жана Анын сөзүнүн алдында титирешибиз керек.

Экинчиден, адамдан коркуу деген эмне экендигин карап көрсөк. Адамдардан коркуу – бул тынчсызданууда, шектенүүдө, коркунучта, ажалдан коркуп, титиреп жашоо. Ушундай коркунуч сезими менен биз баш аламандыкта жашайбыз,

оорудан жана жемелөөдөн жашынып, четке кагылуудан жана каршылыктардан ар дайым качабыз. Биз өзүбүздү коргоо жана адамдарга кызмат кылуу менен ушунчалык алек болгондуктан, Кудайга кызмат кыла албай калабыз. Адамдар бизге эмне кылып салат дегенден коркуп, Кудайга Ал татыктуу болгон нерселерди бере албай калабыз.

Ыйык Китепте: «Адамдардан коркуу тузак коёт, ал эми Теңирден үмүттөнгөн адам коопсуз болот» (Накыл 29:25) деп айтылат. Тор - бул тузак. Адамдардан коркуу, Кудайдан берилген бийликти тоноо болуп эсептелет. Анын жөндөмү кыймылсыз бойдон кала берет. Кудайдын ыйгарым укугу иштебей жаткандыктан, силер туура бир нерсени жасоого алыңар жок болуп калат. Ышайа 51:7-13 бизди эскертет: «Чындыкты билгендер, жүрөгүндө Менин мыйзамымды сактаган эл, Мага кулак салгыла! Адамдардын акарат айтканынан коркпогула, алардын жаман сөздөрүнөн үрөйүңөр учпасын. ...«Мен, Мен Өзүм силердин Сооротуучуңар болом. Өлө турган адамдан, чөптөн айырмасы жок адам баласынан корккон сен кимсиң Чындыкты билгендер, жрогундо Менин мыйзамымды сактаган эл, Мага кулак салгыла! Адамдардын каралоосунан жана алардын акарат сөздөрүнөн коркпогула ...Оло турган адамдан, чоптон айырмасы жок адам баласынан коркуп Жараткан Эгедеринди унуткан, сен кимсин?"

> *Уятка калуудан алыс болуш үчүн, адамдарга жагууга аракеттенип жатып, биз Теңирди унутуп коёбуз. Биз Ага кызмат кылууну таштайбыз. «Эгерде мен дагы эле адамдарга жагынып жүрсөм, анда Машайактын кулу болмок эмесмин» (Гал. 1:10).*

Силер кимден корксоңор, ошого кызмат кылып, ошого баш иесиңер! Эгер адамдан корксоңор, анда ага кызмат кыласыңар. Эгер Кудайдан корксоңор, Ага кызмат кыласыңар. Адамдан корксоңор, анда Кудайдан коркпойсуңар, анткени эки мырзага кызмат кыла албайсыңар (Матай 6:24) Экинчи жагынан, Кудайдан корксоңор, анда адамдан коркпойсуңар!

## Жаңы Келишимге ишенгендер Кудайдан коркушу керекпи?

Тенирден коркуу Байыркы Келишимдин өлгөн доктринасы эмес. Бул жашоо жолу. Эгер силер Кудайды сүйсөңөр, Андан гана коркосуңар. Кудайдан коркуу анча-мынча коркууларды жок кылат.

Адамдар Кудайга, алардын тапшырмасы боюнча жүгүргөн жаш баладай мамиле кылганын укканда, ичим ачышат. Кудай жөнүндө ушинтип айткан адам, чындыгында, Тенирибизди тааныбайт. Ыйсанын эң жакын шакирттери да аны Теңир жана Устат деп аташкан (Жакан 20:28). Тенирибизге эркин мамиле кылганда, Анын чыныгы ордун көрбөй калабыз.

Мындай мамиле бизди сыйлабастыкка түртөт. Бул көрүнүштөр жыйында да, «ишенгендердин» жеке жашоосунда да байкалат. Алар өздөрүн ишенгендер деп аташат, бирок, алардын жашоо образы эмнени күбөлөндүрөт? Жыйында адамдардын өзүн кандай алып жүргөнүн көргөндө көп учурда ичим ачышат. Кызматтын алдында алар чуркап кирип, орун алыш үчүн бири-бирин түртүп жиберишет жана эгерде алардын арасынан башка бирөө өтүп кетсе, ачууланышат. Кызмат учурунда сүйлөшүп, ызы-чуу кылышат. Эгер алар кызматты өтө эле узак деп ойлошсо, же уккандары жакпай калса, анда туруп кетишет.

Пасторлорду сыйлабагандыктары көрүнүп турганы тынчсыздандырат. Кудайдын кызматчылары жөнүндө гезиттердеги саясатчыларды сүйлөшкөндөй эле стилде сүйлөшүшөт. Балким, көптөгөн кызматчылардын жүрүм-туруму Кудайдын кишилерине караганда саясатчылардын жүрүм-турумуна окшош болушу мүмкүн, бирок, ошого карабастан, алар Кудайдын кулдары жана аларды Өзү соттойт. Кудайдан корккондо, анын үйүн жана Анын дайындалган кулдарын сыйлашыбыз керек. Шабул Теңирдин сексен беш ыйык кызмат кылуучусун өлтүргөндөн кийин да, Дөөт Кудайдын майланган падышасы Шабулга каршы колун көтөргөн эмес (1 Шем. 22:11-23). Дөөт

Кудайдан корккон! Көптөгөн ыймандуулардын эмнени угуп, көрүп жана окуп жаткандыгын байкаганда, капа болом. Кээ бир үй-бүлөлөрдө, алардын жашоосу менен дүйнөдөгү жашоонун айырмасы жоктой сезилет. Нормалдуу, салмактуу, элден четке чыгып калбайлы деген жашоого умтулгандар, Кудай «туура эмес» деген нерсени дүйно «туура» деп айтарын унутушту. Эгер силер Кудайды чындап сүйсөңөр жана Андан гана корксоңор, анда дүйнөнүн жашоосу менен эмес, өзүңүздү Кудайга арноо менен жашайсыз.

Петир минтип эскертет: бардык жүрүш-турушуңар ыйык болсун, анткени силерди чакырып алган Кудай ыйык. Себеби Ыйык Жазууда: «Ыйык болгула, анткени Мен ыйыкмын», – деп жазылган. Ар бир адамды ишине жараша бет карамалык кылбастан, соттоочу Кудайды Ата деп жатсаңар, анда келгин катары жашап жаткан убактыңарды коркунуч менен өткөргүлө”. (1 Петир 1:15-17).

Кудайдан коркуу - жамандыктан оолак кармап кала турган улуу шктануу.

## Жыйын коркор бекен?

Элчилер китебинин 2-бөлүмүндө шакирттер Ыйык Рухка толуп, башка тилдерде сүйлөп, пайгамбарчылык кыла башташкан. Ушунчалык рухка толушкандыктан, алар мастарга окшоп жатышкан. Бул жаңы ишенгендерди күлкү жана кубаныч толтурду. Кудай аларды бекемдеп жана сергиткен. Ал муну жасаганды жакшы көрөт. Ал караңгылыктан ырахат алган кекчил Кудай эмес. Ал сүйүү, кайрымдуулук, адилдик, тынчтык жана кубанычтан ырахат алат.

Шакирттер кийинки күндөрү көптөгөн адамдардын куткарылганын көрүштү. Бирок, ушул жаңы кабыл алгандардын айрымдары Тенирибизге Анын ким экендигинен эмес, баталарынан улам келишкен. Бара-бара алар Тенирибиз менен тааныш болуп калышты. Бул таанышуу аркылуу келген эркиндик аларды Кудайдын баталарына кадимки көрүнүштө

мамиле кылууга түрттү. Алар Анын алдында жана Анын сөзүнүн алдында титиреген жок. Муну Элчилер китебинин 5-бөлүмүнөн көрөбүз.

Күйөөсү менен аялы саткан жеринин наркынан кайрымдуулук алып келишти. Бул сатуудан түшкөн сумманын бардыгы болгон эмес. Бирок, алар башка момундардын көз алдында жакшы көрүнгүсү келишкен. Алар көзгө көрүнгөн нерселерди чындыкка караганда көбүрөөк урматташкан жана Кудайга караганда адамдардан көбүрөөк коркушкан. Алар кайрымдуулук каражатын алып келип, калп айтышты (көпчүлүгү алардын сөздөрүн «ак калп» деп эсептешет) жана ошол замат кулап мүрт кетишти.

Алар Кудайдын даңкынын алдында калп айтышканы үчүн өлүштү. Бүгүнкү күндө насаатчылардын алдында ушундай иш кылган адамдар бар экендигин, бирок, алар жыгылып өлүп калбай эле жүрүшкөнүн билесиңар. Эмнеге?

Менин оюмча, Элчилер китебинин учурундагы Кудайдын катышуусу азыркыга караганда күчтүү болгон. Мисалы, Элчилер китебинде, ушул окуядан кийин, Петир өтүп бара жатканда, жок дегенде, көлөкөсү түшсүн дешип, оорулууларды төшөнчү-орундары менен көтөрүп чыгып, көчөлөргө жаткырып коюп жатышты (Элчилер 5:15). Азыркы учурда мындай кереметтерди көрө албай жатабыз.

Анын катышуусу жана даңкы өскөн сайын, Элчилер китебинин 5-бөлүмүндө баяндалгандай окуялар болот деп ишенем. Ал адамдар өлгөндөн кийин эмне болгонун карап көрсөк болот.

> *Ошондо бүт Жыйынды жана бул окуяны уккандардын бардыгын коркунуч басты (Элчилер 5:11)*

Теңирди терең урматтоо жана Андан коркуу сезими калыбына келтирилди. Адамдар Кудайдын катышуусуна жана майлануусуна болгон көз карашты кайрадан карап чыгуу керектигин түшүнүштү. Кудайдын айтканын эстегиле:

*“Мен Өзүмө жакындагандардын арасында Өзүмдүн ыйыктыгымды көрсөтөм, бардык элдин алдында даңкталам (Леб. 10:3).*

## Кудай үнчүкпаганда, биздин жүрөгүбүздөгү ачыкка чыгат

Кудай бизди сынап көрүү жана даярдоо үчүн, Өзүнүн даңкын кармап турат. Анын катышуусу көрүнбөгөн кезде деле, биз өзүбүздү татыктуу алып жүрөбүзбү? Көпчүлүк учурларда, азыркы жыйындар өзүлөрүн Ысрайылдын балдарындай алып жүрүшөт. Чындыгында, Пабыл алардын тажрыйбасы биз үчүн үлгү катары сүрөттөлгөн деп айткан (1 Кор. 10:6).

Кудай аларга батасын берип, кереметтерин көрсөткөндө, ысрайылдыктар аябай таң калышкан. Кудай Кызыл деңизди экиге бөлүп, кургак жерди аралап өтүп, андан кийин душмандарын көмгөндө, алар ырдап, бийлеп, женишти майрамдап кыйкырып жүрүшкөн (Чыг. 15:1-21). Бирок, бир нече күндөн кийин, Кудайдын кудуреттүү күчү анчалык байкалбай, тамак-аш жана суусундуктар бүтүп баратканда, ысрайылдыктар Кудайга нааразы боло башташты (Чыг. 15:22)

Кийинчерээк, Муса элди Кудайга арноо үчүн Синай тоосуна алып барган. Кудай адамдардын көз алдында тоонун үстүнө түшүп келди. Бул өзгөчө нерсе болду: күн күркүрөп, чагылган түшүп, тоодо жыш булут пайда болду. Андан кийин Муса Кудайды тосуп алуу үчүн элди кошуундан алып чыкту, бирок «кошуундагылардын бардыгы коркуп калышты» (Чыг. 19:16). Алар коркконунан артка чегиништи - Кудайдан эмес, өз өмүрлөрүнөн корккондуктан. Кудай түшкөндө, алар өз өмүрлөрүн Кудайга караганда көбүрөөк сүйүшкөндүгү билинди.

Анан алар Мусага: «Биз менен сен с үйлөш, сени угалы, биз менен Кудай сүйлөшпөсүн, болбосо өлүп калабыз», – дешти. Муса элге кайрылып: «Коркпогула, Кудай силерди сыноо үчүн, Андан коркушуңар үчүн, күнөөгө батпашыңар үчүн келди», – деди (Чыг. 20: 19-20). Кудайдан коркуу сезими силерге күнөөнүн үстүнөн күч

берерин байкагыла. Накыл сөздөр 16: 6да: «... Теңирден коркуу жамандыктан алыстатат» деп айтылат.

Ошол эле учурда, Чыгуу 20:21 де, окуялар өркүндөй берет: «Эл алыста турду. Муса болсо Кудай турган кара ңгы булутка кирди». Муса Кудайга элдин эмне деп айтканын жана алар канчалык корkконун айтты. Кудай мындай деп жооп берди: «Теңир силердин мени менен сүйлөшкөндө айткан сөздөрүңөрдү угуп, мага мындай деди:

> *«Мен бул элдин сага айткан сөздөрүн уктум, алардын айткандарынын баары жакшы. Бирок алардын жүрөгү ушундай болсо кана! Менден коркуп, өмүрлөрү өткөнчө Менин осуяттарымды аткарышса, аларга да, алардын балдарына да түбөлүккө жакшы болор эле» (Мыйз. 5:28-29).*

Муса Кудайга жакындаганда, эл артка чегинди. Бул жерден Муса менен Ысрайылдын ортосундагы айырмачылыкты көрсө болот. Муса Кудайдан корккон, ошондуктан ал коркунучка жол берген эмес. Адамдар Кудайдан коркушкан эмес, ошондуктан алар коркунучка толушкан. Кудайдан коркуу силерди Андан алыс кылуунун ордуна, силерди Кудайдын катышуусуна тартат. Бирок, адамдык коркуу силерди Кудайдан жана Анын даңкынан алыс болууга түртөт.

Бизди адамдардан коркуу сезими байлап койгондо, биз Кудайдын алдында эмес, адамдардын алдында өзүбүздү ыңгайлуу сезебиз. Жада калса жыйында! Себеби, Кудайдын катышуусу жүрөгүбүздү ачып, ашкере алып келет.

## Синай эмес, Сион

Кудайдан коркуу - Жаңы Келишимдин чындыгы экендигин далилдөө үчүн, биз Эврейлерге жолдонгон каттын бир жерин карайбыз: Силер көзгө көрүнгөн, жалындап күйгөн тоого, караңгылыкка, коюу караңгылыкка, бороон-чапкынга, сурнай үнүнө, угулган үнгө жакындап келген жоксуңар. Ал үндү уккандар:

«Мындан ары бизге сүйлөбөсүн», – деп жалбарышкан. Анткени алар ...буйрукка чыдай алышкан эмес», – деген. ...Бирок, силер Сион тоосуна келдиңер" (Эвр. 12:18-22).

Биринчиден, Синай тоосунда эмне болгонуну эсибизге салат. Андан кийин бизге, биз жакындаган Сион деген тоо жөнүндө айтып берет. Буга чейин Кудай жер үстүндө, Синай тоосунда сүйлөгөн. Эми ошол эле Кудай асмандан ушул жаңы тоого-Сионго, сүйлөйт.

> *Силерге сүйлөгөн Кудайдан баш тартуудан сак болгула. Эгерде тигилер жер үстүндө сүйлөгөн Мусага кулак салбай жазаланыщкан болсо, андан бетер биз, эгерде асмандан сүйлөгөн Кудайга кулак салбасак, жазадан качып кутула албайбыз (Эвр. 12:25).*

«Баарынан дагы» деген сөзгө көңүл бургула! Биз, Кудайдын үнүн укпаганда же Ага баш ийбегенде, сот өкүмү катуураак болот. Жаңы Келишимде бизге берилген ырайым, биз каалагандай жашабашыбыз үчүн эмес. Эмне үчүн ысрайылдыктар Анын үнүн уккан жок? Алар Кудайдан коркушкан жок. Окуп жатканда ушуну эсиңерден чыгарбагыла, ошондо Жаңы Келишимде адамдар бир эле себеп менен укпагандыгын байкайсыңар:

> *Ошондуктан солкулдабаган Падышачылыкты кабыл алган биз Кудайга ыраазычылык билдирели, коркуу жана урмат көрсөтүү менен, Ага жаккандай кызмат кылалы. Анткени биздин Кудайыбыз – жалмап салуучу от (Эвр. 12:28-29).*

Карасаңар, бул жерде «урматтоо менен жана коркуу менен» деп жазылган. Эгер Кудайдан коркуу бир гана урматтоо менен чектелген болсо, анда каттын автору Кудайдан коркуу жөнүндө жазмак эмес. Ошондой эле, автор «биздин Кудай сүйүүнүн Кудайы» деген сөздөр менен эле токтоп калбастан, «биздин Кудай жалмап салуучу от» деп да белгилеген. Кудай жөнүндөгү

бул сөз, Ысрайыл уулдарынын Анын алдында эмне себептен баш тартканын түшүндүрөт. «Эми бул коркунучтуу от бизди жалмап салат. Эгерде Кудай-Теңирибиздин үнүн дагы бир жолу уксак, өлүп калабыз» (Мыйз. 5:25). Кудай өзгөргөн жок! Ал дагы деле ыйык. Ал-жалмап салуучу от!

Ооба, албетте. Кудай - сүйүү, бирок, Ал - жалмап салуучу от. Жыйындарда биз Кудайдын сүйүүсүн баса белгилеп, Кудайдан коркуу жөнүндө өтө аз угабыз. Биз Кудайдын бардык кеңештерин насааттабаганыбыздан улам, сүйүү жөнүндөгү түшүнүгүбүз бузулуп жатат.

Биз насааттап жаткан сүйүү - алсыз сүйүү. Ал бизди арналган жашоого алып баруу үчүн алсыз. Ал отту куюп, бизди жылуу бойдон таштап коёт. Биз атасын сыйлабаган, ашыкча эрке балдарга айланабыз! Эгерде биз Теңирден коркуп өспөсөк, анда Ал ыйык деп эсептеген нерселерге жеңил ойлуулук менен мамиле кылып калуу тобокелдигинде болуп калабыз. Ушул аятка дагы бир жолу көңүл буралы: “Ошондуктан солкулдабаган Падышачылыкты кабыл алган биз Кудайга ыраазычылык билдирели, коркуу жана урмат көрсөтүү менен, Ага жаккандай кызмат кылалы” (Эврейлер 12:28). Ырайым биздин баш ийбестигибизди жана күнөөлөрүбүздү жабуу үчүн гана берилген эмес; ал Кудайга туура кызмат кыла алышыбыз үчүн берилет. Туура кызмат кылуу – демек, сүйүү, урматтоо жана коркуу менен кызмат кылууну билдирет.

Пабыл ошондой эле, бул жөнүндө да жазган: «куткарылууңарды коркуу жана титирөө менен жүзөгө ашыргыла», - деп (Флп. 2:12). Биздеги урматтоо жана коркуу сезими кайда? Биз эмне, Кудай Сот экендигин унутуп калдыкпы? Эмне, Анын соту жөнүндө унутуп калдыкпы? Төмөнкү көрсөтмөнү кунт коюп окуп чыккыла:

Бирок текеберденип кетпе, андан көрө корк! Анткени Кудай табигый бутактарды аябаса, сени аямак беле?! Ошондуктан Кудайдын ырайымдуулугун жана катаалдыгын билип койгун:

*Ал жыгылгандарга катаал. Эгерде Анын ырайымы менен жашасаң, сага ырайымын көрсөтөт. Антпесең, сени да кесип таштайт (Рим. 11:20-22).*

Биз Анын жакшылыгы аркылуу адис болуп калдык. Бирок, биз Анын жакшылыгы жөнүндө гана ойлонбошубуз керек. Ошондой эле, биз Кудайдын канчалык сүрдүүлүгүн да түшүнүшүбүз керек. Анын сүрдүүлүгү бизди текебердиктен жана ар кандай күнөөдөн сактап турат. Кудайдын жакшылыгын гана кабыл алган адам, аны текебердиктен жана дүйнөлүк мамилелерден куткара турган коркуу сезимин унутат. Ал эми, тескерисинче, Кудайдын сүрдүүлүгүн гана кабыл алган адам, оңой эле мыйзамдуулуктун тузагына түшүп калышы мүмкүн. Кудайдын сүйүүсү дагы, Кудай алдындагы коркунуч дагы бизди ушул жашоонун тар жолунда кармап турушу керек.

Кудайдан коркуу сезимин атайылап баса белгилеп жатканымды түшүнгөнүңөргө ишенем, анткени бүгүнкү күндөгү жыйындарда бул темага анча көңүл бурулбай келет. Мен Кудайды чын жүрөгүмдөн сүйөм, Анын баласы болгонума жана Ага кызмат кылуу сыймыгына ээ болгонума чексиз кубанычтамын. Бизди тобо кылууга алып келген Кудайдын жакшылыгы деп билем (Рим. 2:4). Бирок, мен Кудайдан коркуу жана Анын соту бизди билип туруп күнөө кылуудан сактайт деп билем.

Эгерде биз чындыкты билип туруп, атайлап күнөө кылсак, анда күнөөлөр үчүн чалына турган башка курмандык жок. Тескерисинче, сотту жана каршы чыккандарды жеп жутууга даяр турган жалындаган отту коркунуч менен күтүү гана калат. Мусанын мыйзамын бузган адам эки же үч күбөнүн көзүнчө ырайымсыздык менен өлүм жазасына тартылган болсо, Кудайдын Уулун жана өзүн ыйыктаган, келишимди бекиткен Канды тебелеп-тепсеп, аны ыйык нерсе катары тутпаган, ырайым Рухун кордогон адам канчалык оор жазага тартылат деп ойлойсуңар? Анткени: «Өчтү Мен алам, тиешесин Мен берем» жана дагы «Теңир Өзүнүн элин соттойт», – деп айткан

Аны билебиз. Тирүү Кудайдын колуна түшүү өтө коркунучтуу! (Эвр. 10:26-31)

Кудай ыйык деп эсептеген нерсеге жеңил-желпи мамиле кыла баштаганда, адам күнөөгө азгырылат. Көп учурда биз Кудай олуттуу кабыл алган нерселерге өтө эле жеңил мамиле кылабыз жана Кудайга таптакыр тиешеси жок нерселерге олуттуу карайбыз. Биз адамдардын алдында кадыр-барктуу көрүнүүгө өтө олуттуу мамиле карайбыз, бирок жүрөгүбүздүн ниети сыяктуу эле, Кудайга мунун таптакырмааниси жок*.*

Мен, күнөө менен жашаган, бирок ар дайым «Мен Ыйсаны сүйөм» деп айткан адамдарды билчүмүн. Алар руханий абалын Ыйсага болгон сезимдери менен өлчөшкөн. Бирок, алар жакшы көргөн күнөөсүн таштап, Ыйсаны сүйө алышабы? Жок, аларда Кудайдан коркуу сезими болгон эмес!

Мен бир жолу сексуалдык бузукулукка жана каржылык зомбулукка кабылган түрмөдөгү кызматчыга бардым. Ал мага: «Джон, мен азгырылган кезимде дагы, ар дайым Ыйсаны сүйчүмүн. Ал менин Куткаруучум болгон, бирок менин Кожоюнум болбоптур,”- деди. Ал адамдык коркунуч менен шыктанып чечим чыгарган адам болгон. Ал адамдарга жагууну каалаган. Ал өзүнүн урматына салтанаттуу аземдерди каалады. Бул аны кыянаттык кылууга алып келген. Ошол түрмөдө Кудай ага сүйүүсүн жана кайрымдуулугун көрсөтүп, Теңирден коркууну үйрөткөн. Эми ал Теңирден коркуп, толугу менен калыбына келтирилди.

## Кудайдын чакыруусунан баш тартуу

Синай тоосундагы мисалга кайтып келели. Көпчүлүк адамдар көңүл бурбаган нерсени белгилеп кетким келет. Кудай Муса менен Арунга тоого бирге чыгууну айткан (Чыг. 19:24). Муса барган, Арунду болсо, эмнегедир конуштан таптык! (Чыг. 32:1) Менин оюмча, Арун лагерге кайтып келди, анткени ал Кудай алдында эмес, башка «ишенгендердин» алдында өзүн ыңгайлуу сезген. Бүгүн биз жыйындарда ушундайлардан эмеспизби?

Жыйынга баруу, башка машайакчылар менен баарлашуу жана кызмат менен алектенүү, бизге жөн гана Тенирибиз менен болгондон да ыңгайлураактай. Биз Аны менен жекеме жеке калуудан качабыз, тескерисинче анын ордуна, биздин ички боштугубузду жашырат деген үмүт менен адамдар менен жана кандайдыр бир иш-аракеттер менен курчалабыз.

Ал эми, Жашыя болсо жүрөгүндө Кудайга суусаган. Ал мүмкүн болушунча Кудайдын катышуусунда болууну каалаган. Муса Кудай менен жүргөндө, ал кырк күн тоо этегинде болгон (Чыг. 32:17). Ал Кудайга колунан келишинче жакын барды, бирок, Муса менен Арун гана чакырылган жерге барган жок. Жашыя өзүнө ишенген, текебер болбошу үчүн, Кудайдан жетишерлик эле корккон.

Жашыя тоонун этегинде күтүп турганда, конуштагылар чыдамын жоготушту. Алар бөтөн жерде болушкан, лидери аларды бир айдан ашык убакытка таштап кеткен, Кудай болсо көрүнгөн жок. Алар Кудайдан да, Мусадан дагы күмөн санай башташты.

> *“Ысрайыл эли Мусанын көптөн бери тоодон түшпөй жатканы н к өрүп, чогулуп келип, Арунга мындай дешти: «Бизди Мисир жеринен алып чыккан Мусага эмне болгонун билбейбиз, ошондуктан сен бизге бизди баштап жүрө турган кудай жасап бер» (Чыг. 32:1).*

Сыртынан караганда алар Кудайды сыйлашчу жана Андан коркушчу. «Оо, Муса, Муса,» деп жалбарышты алар, «Ал биз үчүн өтө бийик. Аны менен сүйлөшүп, Анын айткандарын айтып бер. Биз угуп, баш иебиз». Алар Кудайдын кандай гана коркунучтуу жана кудуреттүү экендигин көрүштү, бирок чындыгында, алар өздөрүнө буркандарды тургузгандыктан, Андан коркушкан жок. Эми Кудай унчуккан жок жана алардын чыныгы мүнөзү ачылды.

Кудай кереметтерди көрсөткөндө жана Өз күчүн көрсөткөндө,

Андан коркуу оңой. Бирок, Кудай Өзүнүн бар болгонун жана күчүн көрсөтпөсө дагы, Аны урматтап, корккондорду издейт. Ал биздин атасы карап турбаса дагы, баш ийген балдардай болушубузду каалайт. Чыныгы тил алчаактык - бул бизди карап турган эч ким жок болсо дагы, тил алчаак болуу!

Кудай Ысрайылга мындай деди: Мени жүрөгүңдө сактабай калгыдай, кимден коркуп, кимден үрөйүң учту? Мен унчукпай койгондон эмеспи? Көпкө унчукпай койгондон эмеспи? (Ышая 57:11). Чындыгында, Кудай: «Эмне үчүн менин элим Менден коркпойт?» - деп сурап жатат. Бул жерде ал Өз суроосуна Өзү жооп берип, эл Андан коркпой тургандыгын белгилеп, анткени Ал бир нече убакытка чейин Өзүнүн коркутуп-үркүткөн күчүн көрсөтпөй калгандыгын айтып жатат. Башкача айтканда, адамдар Анын кереметтүү көрүнүштөрүн көрбөгөндө, Ал жок болгон сыяктуу мамиле кылышат. Кудайдын унчукпай турушу адамдын жүрөгүндөгү чыныгы ниетин ачыкка чыгарат.

Ишенгендер күчтүү майланган кызматтарда эмес, чөлдүн ортосунда, сыноолор учурунда чыныгы ишенгендерге айланат. Адам чоң кысым астында кандай адам экенин, чынында билинет. Ушундай жагдайда Арун эмне кылганын карагыла:

> *Ошондо Арун аларга: «Аялыңардын, уул-кыздарыңардын кулактарындагы алтын сыргаларды чыгарып, мага алып келгиле», – деди. Бүт эл кулактарынан алтын сыргаларын чыгарып, Арунга алып келди. Арун алардын колунан сыргаларды алып, алтындан музоо куюп, аны кескич менен иштеп чыкты. Ошондо алар: «Мына сенин кудайың, Ысрайыл! Сени Миси р жеринен алып чыккан кудайы ң ушул!» – дешти (Чыг. 32:2-4).*

Алар Мисирдин олжосунан Кудайдын батасынан, өздөрүнө буркан жасап алышкан. Бирок, тоого чыгыш керек болгон Арундун кылганы тынчсыздандырат. Ал Мусанын үнү болчу. Буга чейин ал ар дайым жанында болуп, бардык

улуу кереметтерге жана кырсыктарга күбө болгон. Азыр болсо ал адамдардан коркуп, алардын каалаган нерсесин берди. Ал адамдардан Кудайга караганда көбүрөөк корккон, ошондуктан элдин алдында оңой эле кымырылып-кымсынып калган. Себеби, анын ичинде кайраттуулук болгон эмес. Кудайдын белеги жигерсиз бойдон калган. Бул аны лидер катары алсыратып салган. Муса ага каршы чыкканда, Арун аны коркуткан адамдарды күнөөлөгөн.

Арун мындай деп жооп берди: «Мырзамдын ачуусу келбесе экен, бул элдин моюн сунбас эл экенин өзүң билесиң. Булар мага: “Бизди Мисир жеринен алып чыккан Мусага эмне болгонун билбейбиз, ошондуктан сен бизге бизди баштап ж үрө турган кудай жасап бер”, – дешти. Ошондо мен аларга: “Кимдин алтыны бар болсо, чыгарып бергиле”, – дедим. Алар чыгарып беришти. Мен аны отко салсам, ушул алтын музоо чыкты» (Чыг. 32:22-24).

Арун кылган иштери үчүн жоопкерчилик алган жок. Ооба, анын элди күнөөлөгөнү туура болду. Бул Арундун эмес, алардын идеясы. Бирок, коркуп, элдин жолун жолдоп, элдин көзүнчө өзүнүн алсыздыгын сындырып, аларды туура жолго алып барган жок. Ал адамдардан коркуу менен байланып калган.

Адамдардан корккон лидерлер артка чегинет жана адамдарга керек нерсени эмес, алар каалаган нерсесин беришет! Мындай адамдар жеңил эле алсыздыка жем болушат. Мындай лидерлер Кудайды жана элди сүйөм деп канча айтса да маанилүү эмес. Адамдардан коркуу сезими бар болгон адам эч качан өзүнөн, же өзү жетектеген адамдардан чыныгы өзгөрүүлөрдү көрбөйт!

Кудайдан корккон адам, Кудай ал жөнүндө эмнени айтканын гана эске алат. Адамдардан корккон адам, Кудайга караганда элдер ал жөнүндө эмне деп ойлогонуна көп басым кылат. Кудайды бул капалантат.

Мен лидерлердин, өз элине, алар каалаганды бергиси

келген чечимдерди чыгарып жатканын көрдүм. Алардын ниети - популярдуулукту сактоого болгон каалоо. Албетте, алар бул жөнүндө ойлонушкан жок, балким, андай деп эсептешкан да эмес. Алар өзүлөрүнүн чечимдерин айтып, мындай деп ырасташты: «Биз адамдардын көңүлүн ооруткубуз келбейт» же «Бул баардыгы үчүн жакшы болот деп ойлойбуз» же «ушул аркылуу биз көп адамдарга кызмат кыла алабыз", деп ойлошот. Кудайдын Падышачылыгы демократия эмес. Бул Падышачылык. Популярдуулук маанилүү эмес. Бул адамдар корконучка жетектелгендиктен уялчаактыктын жолун жолдоп жатканын түшүнүшкөн жок. Алардын иш-аракеттеринин максаты адамдарга карата болгон сүйүү эмес, бирок өздөрүн сүйүү болгон.

## Биз Кудайдан коркпогонубузда эмне болот?

Кудай Мусага: «Бирок алардын жүрөгү ушундай болсо кана! Менден коркуп, өмүрлөрү өткөнчө Менин осуяттарымды аткарышса, аларга да, алардын балдарына да түбөлүккө жакшы болор эле (Мыйзамды кайталоо 5:29) Бирок, алар корккон эмес. Эмне болгонун карап көрөлү. Чөлдө бир жыл жашагандан кийин, убадаланган жерди барып алууга убакыт келди. Теңир Мусага мындай деди: «Мен Ысрайыл уулдарына берип жаткан Канаан жерин көрүп келүүгө киши жибер» Карап көрсөк, ал: «Мен берем ...» деди. Кудай: «Ал жакты аңдып келгиле, жерди ала алаар бекенсиңер» деп айткан жок.

Ошентип, Муса аларды жиберди. Алар кырк күн чалгындоо кызматында болуп, ал жерде жашаган адамдардын кенен жашашканын, шаарлары чон жана жакшы кайтарылып турганын көрүштү. Он эки чалгынчылардын бардыгы бир эле адамдарды, ошол эле армияны, ошол эле ири чептүү шаарларды жана ошол эле алптарды көрүштү. Жашыя менен Халев дароо даяр болушуп, убада кылынган Кудайдын жерин алгысы келген. Бирок, калган он чалгынчылар, көргөн нерселерден коркуп жатты. Алар чоң аскерлер менен алптарды гана көрүштү, ал эми Жашыя менен Халев Кудайдын баталарын

жана ишенимдүүлүгүн көрүштү.

Бул он чалгынчы элге жерди алуу мүмкүн эмес экендигин айтты. Алар төрт жүз жылдан ашык малай болгондуктан, тигил жердеги жоокерлерге караганда, согушка даяр эмес болушкан. Эл дароо коркуп, арыздана баштады.

> *Теңир бизди ал жерге кылычтан өлсүн деп алып бара жатабы? Эми аялдарыбыз менен балдарыбыз душманга олжо болот. Андан көрө Мисирге кайтканыбыз оң эмеспи? (Числ. 14:3).*
>
> *«Тенир бизди ал жерге кылычтан олсун деп алып бара жатабы? Эми аялдарыбыз менен балдарыбыз душманга олжо болот, андан коро Мисирге кайтканыбыз он эмеспи?» (Сандар. 14:3).*

Бул аятта: “Бизге Мисирден да жаман болбойбу?” деген адамдык коркунучтун тамырын көрүп жатабыз. Бул адамдар коркушкан, анткени алар өзүлөрү жөнүндө гана ойлошкон. Алар: «Кудай эмне дейт дешкен эмес. Анын ордуна алар:» Канткенде бизге жакшы болот?” деп ойлошкон «Мындан да айкын болушу мүмкүнбү? Адамдардын алдындагы коркуу сезиминин тамыры - өзүмчүлдүк. Эгерде силер өзүңөрдүн жашооңорду сүйсөңөр, анда аны сактап калууга аракет кыласыңар. Ошондо силердин жашооңорго коркунуч туудурган нерселерден коркосуңар.

Кудай Өз элин тандоосу жок эле, бир гана Кудайга гана таяна турган жерге алып келген. Бул белгисиз жердин тургундары аларды жок кылчудай сезилди. Бирок, Кудайга таянуунун ордуна, Кудай аларды Ханаандыктар өлтүрсүн үчүн Мисирден алып чыккандай мамиле кылышкан. Албетте, бул күлкүлүү угулат, бирок, биз бизге опурталдуу жана жашообузга коркунуч алып келе турган мындай кырдаалдарда Кудайдын гана аркасынан ээрчүүнү ойлобой калабыз.

Мындай кырдаалдарда биз качан өз жүрөгүбүздө: Кудай чынында эле мага карата жакшылык кылат деп ишенгенибизде гана Анын артынан ээрчип бара алабыз. Анда

бир гана жакшылык. Ал эч качан Өзүнүн гана пайдасы үчүн, биздин жашообузга карата олуттуу жоготууларды жана азап-кайгыны алып келе турган нерселерди жасабайт! Адамдар жетимиш-сексен жылды гана карап соттосо, Кудай адамдарды түбөлүктүүлүктүн айдыңында соттой тургандыгын эсибизден чыгарбашыбыз керек!

## Кудайдан четке кагылуубу же адамданбы?

Калеп менен Жашыя татаал жолду тандап алышты. Кудай аларда башка рух бар экендигин жана толугу менен Аны ээрчишкенин айтты. Калгандардын бардыгы Кудайга баш ийип, өздөрүнүн жайлуулуктарын тобокелге салгысы келген жок. Кудай Калеп менен Жашыяга ишенимдүү болгон. Алар өз муундарынын арасынан жалгыз убадаланган жерге киргендерден болушкан (Сан. 14:24,30).

Өз өмүрүн издегендер аны жоготушту. Кудай Өзүнүн сот өкүмүн мындай деп жарыялаган: «Ал эми силердин өлүгүңөр ушул чөлдө калат. ... Мен таштап койгондо кандай болорун ошондо билесиңер” (Сан. 14:32,34). Адамдар тарабынан четке кагылуудан корккон көпчүлүк Кудай тарабынан четке кагылып кала тургандыгын билгендик - бул эске келтире турган нерсе.

Баарыбыз Теңирден коркуудан ырахат алууну үйрөнсөк экен деп сыйынам. Анткени, «Теңирден коркуу – өмүр булагы, ал өлүм торунан сактайт” (Накыл сөздөр 14:27). Кийинки бөлүмдөн, качан силерди тартынчаактык чабуулга алганда Кудайдан коркуу сезими кантип Кудайдын эрки менен жүрүүгө силерге жардам берерин көрө аласыңар.

# АРАКЕТТЕНИШ КЕРЕКПИ ЖЕ ТААСИРЛЕНИШ КЕРЕКПИ?

Теңирден коркуу ишенимди жана кайраттуулукту жаратат.

Уялчаактык жана коркунучтар ар кандай жагдайлар, ойлор жана адамдар аркылуу келет. Көпчүлүк адамдар башка адамдар аркылуу келген уялчаактыктар жана коркунучтар менен күрөшүшөт. Адамдан коркуу - бул кысымдын так аныктамасы.

Адамдык коркунуч бизди адамдардын четке кагуусунан, кемсинтүүлөрүнөн жана кордуктарынан алыс болууга жана ушундай кылуу менен биз Кудайды четке кагып жаткандыгыбызга көңүл бурбаганга мажбурлайт. Көрүнүп турган адамдарды таарынтпаш үчүн, адамдардан корккон адам, өзү көрө албаган Кудайга акаарат келтирет.

*Ыйса бизге: «Досторум, силерге айтарым: денени өлтүрүп, андан кийин эч нерсе кыла албай тургандардан коркпогула. Бирок силерге кимден коркушуңар керектигин айтайын: өлтүргөндөн кийин оттуу көлгө түшүрө ала турган Кудайдан корккула" дейт (Лука 12:4-5).*

Эгерде силер адамдардан корксоңор, анда Кудай силерди кыйын жана оор кырдаалдар аркылуу өткөрүп жатканда, силер өзүңөрдү коргоп, сактап калууга аракет кыласыңар. Кудайдын каалоосун издөөнүн ордуна, өзүңөрдүкүн жасайсыңар. Бирок, эгер силер Теңирден корксоңор, ар кандай кыйынчылыктардан өтүп, Кудайды даңктай аласыңар. Анын өзү гана силерди сактай аларын түшүнөсүңөр. Ал түбөлүк баалуулуктар тутумунда силер үчүн эң жакшы планды билет деп ишенесиңер.

Накыл сөздөрдө Теңирден коркуу жөнүндө бир күчтүү убада бар:

*"Теңирден коркуу – бекем таяныч, Ал – Өз уулдарына баш паана. Теңирден коркуу – өмүр булагы, ал өлүм торунан сактайт" (Накыл сөздөр 14:26-27).*

Тескерисинче, Ыйык Жазууда мындай деп ачык айтылган:

*Адамдардан коркуу тузак коёт... (Накыл 29:25).*

Уялчаактык жана коркутуу - бул, тузак. Бирок, Тенирибизден болгон коркунуч бизде так ошол нерсени - тартынчаактыктын торунан чыгуу үчүн керек болгон ишенимди жана кайраттуулукту жаратат.

## Кысым ачыкка чыгат

Мен эки падышаны бири-бирине каршы койгум келет. Экөө тең бир падышачылыкта бийлик жүргүзүп, экөө тең бир Кудайдын алдында ант беришкен. Бири четке кагылды, экинчиси Кудайдын жүрөгүнө жага турган эркек катары

барталды. Булардын жашоосун салыштырып көрсөк, Кудайдан коркуу жана адамдардан коркуу эмне менен айырмаларын ачык-айкын көрөбүз. Келгиле, Шабулдун жашоосундагы эң драмалуу жана аз изилденген окуялардын бирин карап көрөлү.

Таржымал төмөнкүдөй. Шабул эки жылдан бери бийлик жүргүзүп келет. Көбүнчө эле Андай учурларда болуп тургандай, падышачылыктын бал айы анын чыныгы мүнөзүн ачп көргөзгөн жок. Бирок, бул окуянын жүрүшүндө анын мотивдери ачыкка чыкты.

Шабул эң мыкты жоокерлери менен Микмашта жүргөндө, пелиштиликтер ага каршы согушууга жөнөшкөн (1 Шем. 13:5-15). Шабул эң күчтүү аскерлерге туш болуш керек болчу. Душмандардын отуз миң майдан арабасы жана алты миң атчан аскери жана «деңиз жээгиндеги кумга» салыштырган көптөгөн жоокерлери болгон. Бул гиганттык армия болчу деп айтуунун кажети жок! Отуз миң араба менен жолугушуу отуз миң танкка бет келгендей эле болгон. Анын үстүнө, армия ушунчалык көп болгондуктан, санап чыгуу мүмкүн эмес эле! Ысрайыл армиясынын көз карашы боюнча, ал абдан коркунучтуу көрүнгөн.

Коркконунан Шабулдун жоокерлери бадалдарга, чуңкурларга, тешиктерге жана таштарга жашынышты. Алар басынып калган. Айрымдары жөн эле качып кетишкен: алар Иордандан өтүп, Гадова жана Гилат жерине өтүшкөн. Шабулдун артынан ээрчигендер коркконунан титиреп жатышты.

Ар бир согуштун алдында Ысрайыл Теңирге кайрылышы керек болчу. Шемуел Шабулга бир нече убакыттан кийин бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты алып келем деп Теңирден буйрук берди. Шабул жети күн, Шемуел белгилеген мөөнөткө чейин күттү, Шемуел болсо Гилгалга келбей жатты. Эл Шабулду таштап, туш-тушка тарай баштады (1 Шемуел 13:8).

Кысым астында калган Шабул: «Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка жана тынчтык курмандыктарына эмне берилген

болсо, мага алып келгиле» деди. Ал бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты чалар менен Шемуел келди.

Шемуел Шабулдан эмне кылганын сурады. Шабулдун жообун жакшылап карап көрөлү.

> *«Эл мени таштап, туш-тушка тарай баштады. А сен белгиленген убакта келген жоксуң. Пелиштиликтер болсо Мукмаска жыйналып калышты. Ошондо мен: "Пелиштиликтер эми Гилгалга келип, мага кол салышат, мен болсо Теңирдин эркин алиге чейин сурай элекмин", – деп ойлодум. Ошондуктан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөөгө батындым», – деп жооп берди (1 Шемуел 13:11-12).*

Шемуел Шабулду Теңирдин буйругун аткарбай акылсыз иш кылды деп айыптады.

Азыр, качан биз эмне болгонун карап, өзүбүздү Шабулдун ордунда элестетип көрөлүчү. Силер лидерсиңер. Силер жана силердин элиңер жети күндөн ашуун убакыттан бери эбегейсиз зор армиянын алдында турасыңар. Силердин катарларыңар суюлгандан суюлуп, душмандардын саны болсо күн санап өсүп жатат. Силердин элиңер душмандарынан коркуп титиреп, душмандардын көзүнчө өз алдынча качып жатат. Ал эми, калган бир нече адам үрөйү учуп титиреп жатышат. Силер Кудайдын пайгамбарын күтүп жатасыңар, бирок ал курмандык чалуу үчүн убагында келбей жатат!

Силерге катуу кысым көрсөтүлөт. «Май бастыргыч» менен дагы ушундай эле абал. Айланаңардагы адамдар сизди түрткүлөп жатышат: «Бир нерсе кыл, болбосо баарыбыз өлүп калабыз!» деп Теңирдин буйругу боюнча күтөсүңөрбү же өзүңөрдү сактап калуу үчүн бир нерсе кыла баштайсңарбы?

Шабул падыша так ушундай кырдаалга туш болгон (1 Шемуел 13:1-8). Тилекке каршы, ал ушул кысымдан улам сынды. Тил албагандыктан, ал курмандыкты өзү жасады. Шабул кандайча

өзүн актап жатканын карагыла: «“Пелиштиликтер эми Гилгалга келип, мага кол салышат, мен болсо Теңирдин эркин алиге чейин сурай элекмин. Ошондуктан бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкты өрттөөгө батындым»” (1 Шемуел 13:12). Ал өзүн элдин алдында жакшы адамдай көрсөтүү үчүн курмандыкты чалып, андан кийин Шемуелдин алдында руханий көрүнүүгө аракет кылган. Ал: «Ошондуктан... батындым» дейт. «Чындыгында, ал жөн гана кырдаалга таасирленип, уялчаактыктын торуна илинген.

## Бир нерсе кыл!

Көптөгөн адамдар ушундай же башкача түрдө ушул сыяктуу кырдаалга дуушар болушат.

Силер качандыр бир кезде: «Кудай мага бир орунда тур деп айтып жатат, бирок, мен абалды өзгөртүү үчүн кыймылдашым керек» деп ойлонуп көрдүңөр беле.

Досторум жана менин жетекчилигимдеги адамдар: «Джон, сен бир нерсе кылышың керек!» суранышкан кырдаалда болгом. Бирок, жүрөгүмдө Кудай муну мага айтпаганын билгем. Ал унчуккан жок. Эң кыйын нерсе – Теңирди күтүү, айрыкча, Ал эч нерсе айтпаганда! Бул чындык бүгүнкү күндө өзгөчө актуалдуу.

Бизде Америкада, кенен байлыктарыбыз жана акчаларыбыз менен, адатта, Кудай аралашпаса дагы, бир нерсе жасай алабыз. Табигый таланттарыбыздын жана жөндөмдүүлүктөрүбүздүн күчү менен, Кудайдын катышуусуз эле, биз Кудай жараткандай болгон нерсени жаратышыбыз мүмкүн.

Чечим чыгарууга келгенде, эмне кылышыбыз керектигин айткан бөлүмдү жана аятты көбүнчө таба албай калабыз. Ар бир көз ирмемде Кудай бизге эмне айтып жатканын билгибиз келет. Бирок, Кудай эч нерсе айтпай жаткандай сезилгенде, чындыгында Ал сүйлөйт! Ал «Менин айткандарымды так аткара бер. Эч кандай өзгөрүү жок!» дейт. Айрыкча биз коркконубузда жана уялганыбызда кыйын болот.

Бир жолу жаңы жылда Теңирим мага берген сөз менен

бөлүшкум келип турат. Мен чет өлкөдө болдум, акылым уктап жатты, кырк алты сааттык жолдон жана күн сайын эки жолку насааттан кийин чарчагам. Бир маалда түнкү саат экилерде катуу уйкудан капысынан ойгонуп кеттим. Мени бул жол менен Теңир гана ойгото аларын билгем, анткени мен үч саат гана уктагам жана тургум келген жок.

Теңирим мага адаттагы кырдаал болсо, мен бөлүшпөй турган сөз берди, анткени ал абдан эле жекече болчу. Бирок, менин оюмду чагылдыруу үчүн, Теңирим муну бөлүшкөнүмдү каалайт деп ишенем. Менин оюмча, бул ушул сыяктуу кырдаалга туш болгондордун көбүн бекемдейт. Ушул сөздүн бир бөлүгү бул:

Сен өзүңө эч кандай көңүл бурбадыз жана бул кыйынчылыктын бир бөлүгү болду. Мен муну сени сынап көрүү үчүн жана Менин жетектөөмсүз кыймылдайсңзбы деп жасадым. Мен унчукпай турганымда эч нерсе кылбаганың мага жакты. Мен эч нерсе дебегенимде сен ордуңан козголбогонуң үчүн жана Мени үмүт менен күтүп, өзүңдүн пландарыңды түзбөгөнүң үчүн, эми сен улуу нерселерди көрөсүң. Анткени, мен сага жана аялыңа улуу жана өзгөчө пландарды ачып берем, ошондо алар экөөңө тең чоң кубаныч тартуулайт.

Теңирим так ошол биз аялым экөөбүз тең өзүбүздү шалдайгансып, инерттүү сезип турган маалда сүйлөдү. Биздин өзүбүздүн каалоолорубуз жана муктаждыктарыбыз бар болчу, алар биз ойлогондой аткарылбай калган. Бир нече жылдан бери экөөбүз тең катуу кысым астында жашап келе жатабыз. Бизге чын жүрөктөн кам көргөн достор бир нерсе кылууга кеңеш беришти, бирок, биз бул сөздүТеңирибиздин сөзү деп сезген жокпуз. Булардын бардыгын бизге айткан кезде алар жаңылышкан жок. Алар бизди дуушар болду деп болжошкон кырдаалга гана реакция кылышты. Мына ушул биздин сынообуз болду.

Бизге болгон кысымды жеңилдетүү үчүн бир нерсени өзгөртө алмакпыз. Өзүбүздүн күмөн саноолорубуз менен күрөшүп анан: “Чын эле биз Кудайды коё бердикпи?” деп аң-таң калсак болмок. Бирок, жүрөгүбүздүн тереңинде экөөбүз тен Кудай

бир нерсе кылгыла деп буйрубаганын сезип турдук. «Кудайды сагындыкпы?» Бирок жүрөгүмдүн түпкүрүндө экөөбүз тең Кудай бизге бир нерсе кылгыла деп айтпаганын билип турдук.

Жаңы жылдын биринчи айы бүтө электе эле, Кудайдын биз күткөндөн да көп керемет жасаганын көрдүк! Бир айдын ичинде ушунчалык көп нерселер болгонун качандыр бир кезде көргөнүмдү эстей албайм. Кудай ошол айда мурунку беш жылга салыштырмалуу көп иш жасагандай болду!

Кысымга алдырбашыбыз абдан маанилүү. Биз Теңирдин сөзүнө ылайык иш кылышыбыз керек.

## Кудайдын жүрөгүнө жаккан эркек

Шабул коркуп кетти. Анын кадыр-баркы, жашоосу жана падышалыгы коркунучта болгондуктан, Кудай ага күтүүгө буйрук берген кезде, ал аракет кыла баштады.

Шемуел Шабулду айыптагандан кийин, ал ага өкүм чыгарды:

> *Эми сенин падышачылыгың туруштук бере албайт. Теңир Өз жүрөгүнө жаккан кишини таап, аны Өз элине жол башчы кылып дайындады, анткени сен Теңирдин буйругун аткарган жоксуң», – деди (1 Шемуел 13:14).*

Шабул коркутуп-үркүтүүгө бир эмес, бир нече жолу ийилген. Шабул катуу кысымга алынып, Теңирибизге баш ийбей койгон учурларынын бүтүндөй тизмеси бар болчу. Дагы бир учурда, ал элдин каалоосун аткарып, Кудай шаарды толугу менен жок кыл деп айтканда, элдин каалаоосун угуп, олжолорду алып кетүүгө уруксат берген. Ал элдин урматын жоготкусу келген жок. Шемуел ага каршы чыкканда, Шабул макул болду: «Шабул Шемуелге: «Мен күнөө кылдым, анткени Теңирдин буйругун да, сенин сөзүңдү да аткарган жокмун, элден коркуп, алардын айтканын кылдым» деди (1 Шем. 15:24).

Кийинки билдирүүсү анын баш ийбестикке караганда,

өзүнүн кадыр-баркы үчүн көбүрөөк тынчсызданганын айгинелейт. Шемуелге айткан сөздөрү анын жүрөгүнүн түпкү ниетин ачып берди: «Мен күнөө кетирдим, бирок сенден суранам, бүгүн элимдин аксакалдарынын жана Ысрайылдын алдында мага урмат көрсөтүп, мени менен кайт, мен Кудай-Теңириңе табынайын», – деди (1 Шем. 15:30).

Шабул элден корккону нан улам-улам күнөөгө батты. Ал канчалык көп корккон сайын, лидер катары жеңилип кала берген. Мындай көрүнүш көп учурда өзүнө ишенимсиз жетекчилерде болот. Алар кырдаалды көзөмөлдөп тургандай түр көрсөтүп, адамдарга орой мамиле жасашат, ал эми чындыгында алар өздөрүнүн уялчаактыгын жана коркконун жашырышат.

Шемуел Шабулга Кудай Өзүнүн буйруктарын аткарган адамга падышачылыкты берет деп айткан (1 Шемуел 13:14). Дөөт ушундай адам болгон. Мен кээ бир адамдардын жүрөгүндө Кудайды эңсейт деп айтканын уккан элем. Бирок, мен Кудайдын Дөөт жөнүндө айтканын уккум келет: «Сенин жүрөгүң мага жагат». Бул Теңирди сүйгөн ар бир ишенгендин каалоосу деп билем! Мен Дөөттүн жашоосун кылдаттык менен изилдеп, Теңирибиздин аны эмне менен теңдештиргенин билгим келди.

Мен Дөөттүн Теңирден бир сөз укпай туруп, бир нерсе кылбоого абдан этият экенин байкадым. Ал кайра-кайра катуу кысымга кабылганда, Кудайдан кеңеш сураган (1 Шемуел 20-31). Келгиле, өзгөчө татаал болгон бир учурду карап көрөлү.

## Мындан да жаман болушу мүмкүнбү?

Шабулдун башкаруусунун акыркы жылында, Дөөт жана анын кишилери Пелиштиликтердин жерине баш калкалашкан. Падыша аскерлери Ысрайылга каршы согушка чогулуп жаткан маалда, Дөөт жана анын кишилери таң калыштуу кокустуктан улам Пелиштиликтерге кошулушкан. Бирок, пелиштиликтердин башчыларына жүйүттөрдүн алар менен чогуу согушка бара

жаткан жаккан жок. Ошондуктан, алар Дөөткө жана анын элине согушууга жол беришкен жок.

Эртеси эртең менен Дөөттүн тобу Сыклакдагы аялдарына жана балдарына кайтып барууну чечишти. Согушка катышуу мүмкүн болгон жок, Дөөт жана анын эли өзүн керексиз сезгендир. Аларды өз өлкөсү жана падышасы гана эмес, баш калкалаган адамдар да четке кагышкан. Дөөт өзүн жалгыз сезгендир. Бул күн жагымдуу болгон жок. Бирок, алдыда күтүлүп жатканга салыштырмалуу ал эч нерсе эмес болчу. Дөөт үй-бүлөсүнө кайтып келгенден кийин эмне болгонун кунт коюп окуп, кандай сезимде болгонун элестетип көрсөңөр.

Дөөт жана анын кишилери үчүнчү күнү Сыклакка келишсе, амалыктыктар Сыклакка түштүк тарабынан кол салып, аны басып алып, өрттөп кетишиптир. Аялдарды жана шаарда жашагандардын бардыгын, кичинесинен чоңуна чейин өлтүрбөстөн, туткундап, жолуна түшүшүптүр. Дөөт өз кишилери менен шаарга келсе, шаар өрттөнүп, алардын аялдары, уулдары жана кыздары туткундалып кеткен экен. Дөөт жана анын жанындагы эл боздоп ыйлады, алар ыйлаганга алы келбей калганча ыйлашты. Дөөттүн эки аялы да – изрейелдик Акинаам жана мурда кармелдик Набалдын аялы болгон Абигейил туткундалып кетиптир (1 Шем. 30:1-5).

Анын кандай гана кыйналганын элестете аласызбы? Анын үй-бүлөсүн уурдап кетишти, кымбат баалуу буюмдардын бардыгын уурдап кетишти, калгандары өрттөлгөн! Мындан тышкары, ал бир гана өз үй-бүлөсүнүн эмес, ошондой эле бүт элдин үй-бүлөлөрүнүн азабын тарткан. Алардын бардыгы өздөрүн эч кимге кереги жок, үйсүз сезишти. Алар үйлөрүнүн кандайча түтүн булап калганын көрүп, сүйгөндөрүн душмандар алып кеткенин билүү үчүн гана кайтышкандай. Эгер ал жетишсиз болсо, эми андан кийин эмне болгонун караңыз:

> *Дөөт абдан кыйналды, анткени эл аны таш бараңга алгысы келди. Анткени уулдары менен кыздарынан ажыраган эл кайгырып турган эле (1 Шемуел 30:6).*

Ушул эле жетишпей жаткансып, эми аны менен согушкан адамдар Дөөттү ташбараңга алууга даяр болушкан, анткени алардын аялдары жана балдары кайтарылбай калган эле! Мындан жаман болушу мүмкүн эмес. Бул Шабулдун сынагынан алда канча оор болгон. Дөөттүн кайрыла турган бир дагы адамы болгон эмес. Шабылдын жок дегенде дагы эле коркок болсо да армиясы, үй-бүлөсү болгон жана анын кишилери аны таш бараңга алабыз деп коркутушкан эмес.

Көпчүлүк ишенгендер жашоосунда өзүлөрүн толугу менен жалгыз сезген абалда калышат. Кудай мындай болушка жол берет деп ишенем. Муну Ал демилгелебейт, анткени Ал жамандыктын автору эмес. Бирок, Кудай кийлигишпейт, анткени ал убактылуу үмүтсүздүк мезгилден кандайдыр бир маанини көрүп турат. Дөөт багынып бериши мүмкүн эле, душмандын артынан кууп чыкмак же жоокерлеринин азап-кайгысын басуунун башка жолун тапмак. Бирок, анын ордуна ал эмне кылганын карасаңар.

Бирок Дөөт өзүнүн Кудай-Теңиринен күч алды. Ал Акимелектин уулу Абыйатарга: «Мага эфодду алып кел», – деди. Абыйатар Дөөткө алжапкычты алып келди. Дөөт Теңирге кайрылып: «Бул сансыз аскердин артынан түшөйүнбү? Аларды кууп жетемби?» – деп сурады. Ага: «Артынан түш, кууп жетесиң, туткундарды алып каласың», – деп айтылды (1 Шемуел 30:7-8).

Ал тургай, катуу кысымга алынганда да, Дөөт Теңирдин буйругун алганга чейин кыймылдаган жок. Ал Кудайдын ишенимдүүлүгүн жана Теңирибиз менен түзгөн келишимин эсине салып, андан кийин эмне кылышы керектигин сурады. Кудай мындай деди: «Кууп бар».

> *Дөөт кууп жөнөдү. «Дөөт амалыктыктар алгандын баарын тартып алды. Өзүнүн эки аялын да алып калды. Амалыктыктар алып кеткендин эч нерсеси: кичинеси да, чоңу да, уулдары да, кыздары да, олжосу да жоголгон жок, Дөөт бардыгын кайра кайтарып алды” (1 Шем. 30:18-19).*

Таптакыр үмүтсүз көрүнгөн кырдаал чоң жеңишке айланып кетти. Кудайыбыз үчүн эч нерсе кыйын эмес. Дөөт адамдарга караганда, көбүрөөк Теңирден корккон. Бул аны биринчи кезекте Теңирге кайрылууга түрттү. Анын кысымга карата болгон таасирленүүсү Шабулдукунан таптакыр башкача болгон.

Дөөт аракеттенди, ал эми Шабул болуп жаткан окуяларга гана жооп берди. Дөөт окуяларга реакция кылгандан көрө, аракет кылыш керек болчу, анткени Теңир эмне айтканын билген. Качан биз Машаяктын акылына ээ болгондо, биз жөн гана окуяларга реакция кылбастан, иш-аракет кылууга даяр болуп жана кайраттуу болуп калабыз.

## Сергек акыл

Мурунку бөлүмдөн биз тартынчаактыкты талкалоо үчүн эмне кылуу керектигин билдик. Бул табигый эрдик эмес, бирок, жакшылык кылуудан, сүйүүдөн жана акылдын артыкчылыктарынан келип чыккан күч. Бул аят биздин негизги аят болгон:

> *Ошондуктан сага эскерте кетейин: менин кол коюп сыйынуум аркылуу Кудайдан берилген жөндөмдүүлүгүңдү жалындат. Анткени Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана өзүн өзү башкара билүүнү берүүчү Рухту берген (2 Тим. 1:6-7).*

Келгиле, ушул үч сапат анын тартынчаактыгына туруштук бере алышы үчүн Дөөттүн жүрөгүндө кандайча кайраттуулук пайда кылганын карап көрөлү.

1. Күч. Дөөт Кудайды билген жана ал туш боло турган нерселердин баарынан Кудай улуу жана күчтүү экендигин билген.
2. Сүйүү. Ал Теңирди өзүнөн артык сүйчү
3. Сергек акыл. Кудайдан бир сөз келгенге чейин, же Анын планын түшүнмөйүнчө, ал кыймылдаган эмес. Кысым

канчалык күчтүү болгону эч кандай мааниге ээ болгон эмес.

Качан биз Кудайдын сөзү боюнча, рухубуз күчкө жана сүйүүгө толуп турганда, биз уялчаактыктын жеми болбойбуз. Бул жакшы сапаттардын бири гана эмес, Пабыл баса белгилегендей, үчөөнүн тең айкалышы керек. Эгер бири гана талап кылынса, Пабыл аны жазмак. Бирок, Кудайдын эр жүрөктүүлүгү менен жүрүшү үчүн үчөө тең керек.

Биз буга чейин күч менен сүйүүнү майдалап карап чыктык. Келгиле, сергек акыл-эске жетели.

*13-бөлүм*

# СЕРГЕК АКЫЛ-ЭСТИН РУХУ

Сергек акыл-эс Кудайдын азыр эмне айтып жатканын жана эмне кылып жаткандыгын билет.

Билимсиздиктен өткөн коркунучтуу эч нерсе жок. Билимсиздик - бул билимдин жетишсиздиги. Жазууда билимдердин баалуулугу жөнүндө көп айтылат. Накыл сөздөрдө: "Акылдуу адам күчтүү, даанышман адам өзүнүн күч-кубатын чыңдайт" деп айтылат. Ал эми Накыл сөздөр 11:9 "...адил адамдар кыраакылыгы менен кутулушат" экендигин биздин эсибизге салат. Билим уялчаактыктын тузагынан кутулууга күч берет.

Табигый билим жана рухани билим бар экендигин түшүнгүлө. Рухани билим жана акылмандык табигый билимден жогору турат. Мына дал ошондуктан, биз аларды адаттан тышкары деп атайбыз. Бул табигый нерседен жогору дегенди билдирет.

2 Тиметей 1:6-7де Пабыл коркуу сезимин (тартынчаактыкты) жеңүү үчүн зарыл болгон үч негизги нерсе жөнүндө айткан: сүйүү, күч жана сергек акыл-эс (өзүн өзү башкара билүү). Бул бөлүмдө акыркы элемент - акыл-эс жөнүндө сөз болот.

Сергек акыл-эс деген эмне? Жазууну билүүбү? Шакирттер сабатсыз балыкчылар болушкан, ал эми, Ысрайылдагы эң билимдүү адамдар болгон садукейлер алардын акылмандыгы жана тайманбастыгына аң-таң болушкан.

> *Алар Петир менен Жакандын тайманбастыгын көрүп, алардын окубаган, жөнөкөй адамдар экендигин билип таң калышты. Алардын Ыйса менен бирге жүргөндүгүн билишти (Элчилер 4:13).*

Степан деген киши аябай билимдүү болгон, ал синагога башчыларынын оозун жапты. Библияда мындай күбөлүк келтирилген:

> *“Бирок анын акылмандык менен, Рухтун күчү менен сүйлөгөн сөзүнө каршы тура алышкан жок” (Элчилер 6:10).*

Сергек акыл-эс (өзүн өзү кармануу) руху табигый акылмандыктан же Жазуу боюнча алган атайын сабакты изилдөөдөн келип чыкпасын биз дароо байкайбыз. Ошентип, акыл-эстүүлүк руху кайдан келип чыгат?

## Аянды билүү билими

**Акыл-эстүүлүктүн сергектиги Машаяктын акыл-эсин би**лүүдөн келип чыгат. Жазууларды гана билүү Машаякты таанып-билүүгө кепилдик бербейт. “Анткени мыйзам тамгасы өлтүрөт, ал эми Рух өмүр берет” деп жазылган (2 Кор. 3:6). “Тамга” – Жазууну билдирет.

Фарисейлер Жазууну жакшы билишкен, бирок, алардын рухун билишкен эмес. Ошондуктан, алардын кызматы өлүмгө

алып келген. Ал адамдарды Кудайдын жүрөгүнөн алыстатып, Өзүнө тартып ала алган жок. Алар Кудайды өзүлөрү жүрөгү менен эмес, баштары менен түшүнгөндөй чагылдырышып, адамдарды өзүлөрүнүн мыйзамдуу билимдери менен Теңирден бөлүп алышты.

Ыйса мындай деп жарыялаган: “Адам нан менен гана эмес, Кудайдын оозунан чыгып жаткан ар бир сөз менен да жашайт” (Матай 4:4). Байкасаңар, ал “чыгып кеткен” деп айткан эмес. Анда ал өткөн чак болуп калмак. Кудайдын оозунан чыккан нерселерди бир гана Жазуу билдирет.

Ал учур чакты көрсөтүп турган “чыгып жаткан” деген сөздү айтып жатат. Бүгүнкү күндө Анын оозунан эмне чыгып жатканын билүү үчүн, биз Ыйык Жазуунун Теңирин билишибиз керек. “Чындык Руху келгенде, силерди чындыкка үйрөтөт. Ал Өз атынан сүйлөбөйт, эмнени укса, ошону айтат жана силерге келечекте эмне болорун билдирет. Ал Мени даңктайт, анткени Менден алганын силерге билдирет” Жакан жазган Жакшы Кабар 16:13-14. Ыйсанын “уккан нерсесин” эмес, “эмнени укса” деп айтканына көңүл бурсаңар. Ыйык Рухтун жардамы менен Ыйсанын азыр эмне деп айтып жатканын билсек болот.

Анда силер: “Анда эмне үчүн Жазуу керек?” деп сурасаңар болот. Алар - бизге жардам берген жана бизди багыттаган жол көрсөткүчтөр. Алар Кудайдан шыктандырылган жана Ыйык Рух аларды жандандырат. Жазуу биздин башыбызда гана эмес, жүрөгүбүздө тирилет. Алар биз Кудайдын Рухунан уккан нерселерди тастыктоо үчүн колдонгон стандарт. Ыйык Рух эч качан Жазууга каршы сүйлөбөйт. Бирок, биз Ыйык Рухтун айткандарын акыл-эсибиз менен кабыл алган Жазуу менен чектеп коюп, алданып кетишибиз мүмкүн. Фарисейлердин катасы мына ушунда болгон.

## Бөлүмдү менен аятты билүү эле жетишсиз

Фарисейлер аябай билимдүү болушкан. Чындыгында, алар Байыркы Келишимдин алгачкы беш китебин жатка билишкен!

Алар Жазууну изилдеп, Машаяктын келишин чыдамсыздык менен күтүшкөн. Ошентсе да, алар Аны Жазууну өз акылдары менен түшүнгөндөрүнүн деңгээлине жараша күтүштү. Алар Ышая пайгамбардын эмне деп пайгамбарчылык кылганын билишкен:

*Анткени бизге наристе төрөлдү, бизге Уул берилди. Бийлик кылуу Анын ийнинде, Ага: Кереметтүү, Кеңешчи, Күчтүү Кудай, Түбөлүктүн Атасы, Тынчтыктын Төрөсү деген ат коюлат. Ал Өзүнүн падышачылыгын адилеттик менен, чындык менен бүгүнкү күндөн тартып түбөлүккө бекитиши жана бекемдеши үчүн, Дөөттүн тагында жана анын падышачылыгында Анын бийлиги жана тынчтык чексиз өсөт. Муну Себайот Теңирдин кызганычы ишке ашырат (Ыш. 9:6-7).*

Алардын Машаягы Өзүнүн жердеги падышачылыгын орнотуп, аларды Рим бийлигинен бошотуп, Дөөттүн тактысына отурушу керек эле. Ыйса Галилеянын Назаретинен жыгач уста болуп келгенде, сабатсыз балыкчылар жана салыкчылар болгон шакирттери менен кошо келгенде, фарисейлер мүдүрүлүп калышты.

Бул фарисейлер Ыйса менен дайыма карама-каршылыкта болушкан, анткени, алар Жазууну акыл-эси менен түшүнүшкөн. Алар Машаяктын улуу улуттук лидер болоруна ишенишкен. Ошол үчүн, алар Ыйсага: "Эгер сен Машаяк болсоң, анда Сен орното турган падышачылык кайда? Сен эмне үчүн Дөөттүн тактысында отурган жоксуң?" - деген суроолор аркылуу Ыйса менен кайым айтышып жатышты.

Ыйса мындай деп жооп берди: "Кудайдын Падышачылыгы көзгө көрүнбөй келет. "Мына, ал бул жерде" же "Тигине, ал тиги жерде", – деп, эч ким айта албайт. Анткени Кудайдын Падышачылыгы силердин ичиңерде" (Лука 17:20-21). Бүгүн биз муну түшүнө алабыз, анткени биз Ыйсанын өлүп, кайра тирилгенин билүү артыкчылгына ээ болдук. Бирок, тиги

адамдар өздөрүнүкүн туура деп эсептешкен. Биро,к алардын ишеними Жазууну акылы менен таанып-билүүгө негизделген. Аларда түшүнүү руху болгон эмес.

## Рухтун ачылышы

Шымыйон деген киши да Машаякты күткөн. Ал фарисейлердей билимдүү болгон эмес. Бирок, Библияда ал жөнүндө эмне деп айтылганын карап көргүлөчү.

Ал Ысрайыл элинин соороонор мезгилин күтүп жүргөн, Кудайдан корккон, Ыйык Рухтун жетеги менен жашаган адил адам эле. Ага Ыйык Рух тарабынан: "Теңирдин Машайагын көрмөйүнчө, өлбөйсүң", – деп алдын ала айтылган эле. Ал Ыйык Рухтун жетеги менен ийбадатканага келди. Мыйзамды аткаруу үчүн, ата-энеси Наристе Ыйсаны ийбадатканага алып келишкенде, Шымыйон Аны колуна алып, Кудайды даңктап, мындай деди:

> *"Эгедер Теңирим, эми Өз сөзүң боюнча Өз кулуңду тынчтык менен коё бересиң. Анткени мен Сенин бардык элдердин алдында даярдаган куткарууңду көрдүм..." Наристе жөнүндө айтылган сөздөргө Жусуп да, Мариям да таң калды (Лука 2:25-30, 33).*

Ыйса Теңирге арналганда, Анын жашы алты айдан эки жашка чейин болчу. Ибадаткана абдан чоң болчу. Анын аймагын ар кандай имараттар түзгөн. Адатта, ал жакта жүздөгөн, ал тургай миңдеген адамдар болгон.

Эми азыр элестетип көрсөңөр: Галилеядагы жыгач уста жубайы менен алты айлык баланы ибадаткананын ичине көтөрүп киришет. Ийбадатканада элдин ортосунан, Шымыйон чуркап келип, алардын баласын алып: "Машаяк!" деп пайгамбарчылык кылып жатат. Жусуп менен Мариямдын эмне үчүн ушунчалык таң калышканын эми түшүнө аласыңар!

Көрдүңөрбү, Шымыйон "Машаяк биздин заманга чейинки төртүнчү жылы келиши керек болгон жүз бир себеп" деген китебин окуп, Машаяктын келишин эсептеген эмес. Ал мындай

маалыматты Жазууну изилдөө менен алган эмес. Ыйык Рухтун ага ачылышы аркылуу ал Машаяк жакында келе тургандыгын билген. Ал ыйбадатканага Ыйык Рухтун жетеги менен келген!

Жалпысынан алганда, бул таң калыштуу факт. Өзүн Мыйзамдын адиси деп эсептебеген бул киши Ыйсаны алты айлык кезинде Аны Машаяк деп тааныган. Ал эми, фарисейлер отуз жылдан кийин дагы Ал жиндерди кууп чыгарып, оорулууларды айыктырып, сокурлардын көзүн ачып, өлгөндөрдү тирилтип жатса да, Машайакты тааный алышкан жок. Жазууну Машаяктын акыл-эси менен жана өз акылы менен билүүнүн ортосунда мына ушундай айырмачылык бар.

Фарисейлер Байыркы Келишим менен жасаганды биз Жаңы Келишим менен жасай алабызбы? Толук Инжил жыйындарында дагы, биз Теңирди таанып-билүүбүздү окуу жана Жазууну изилдөө менен эле чектей беребизби? Доктриналар биздин Кудай менен болгон мамилебизди түзбөйт, бирок, Аны менен мамиле түзүүбүзгө түрткү болот! Үйлөнүү үлпөт аземинде мен “ооба” дегенимдин себеби мындай кылуу керектигин окуу китебинен окуганым үчүн эмес. Колуктум менен менин жеке мамилем бар болчу, ошондуктан.

Демек, биз Библияны окууну токтотуп коюшубуз керекпи? Албетте жок! Бирок, балким, биз аны башкача окушубуз керектир? Библиямды колума алганда, мен ар дайым сыйынып, Ыйык Рухтан Сөздөн аян алуумду сурайм. Окуп жатканда, жүрөгүмдө чындык жарылып чыгат. Бул чындык, мен ошого ылайык жашай турган чындыктын түрү!

Сергек акыл-эс Кудайдын азыр эмне айтып жатканын жана эмне кылып жаткандыгын билет. Муну Кудайдын Руху гана ачып бере алат. Ал биз менен Жазуу аркылуу сүйлөшө алат, Ал биздин жүрөгүбүзгө ички күбөлөндүрүү аркылуу же Өзүнүн назик жана жумшак үнү аркылуу сүйлөй алат. Кудай эмне жөнүндө сүйлөп жатканын билгенибизде, биз жашообузду талкалангыс аскага негиздейбиз.

## Ал бийлик менен сүйлөйт

*Жакшы Кабар китептеринде Ыйсанын бийлик менен кантип сүйлөгөнү көп жолу көрсөтүлөт. Ушундай жагдайлардын бирин карап көрөлү. Ыйса бул сөздөрдү айтып бүткөндө, эл Анын окутуусуна таң калды. Анткени Ал мыйзам окутуучулардай эмес, бийлиги бар адамдай окутту (Матай 7:28-29).*

Ал бийлик менен гана сүйлөгөн жок. Ал бийлик менен иш кылган. Дагы бир башка мисалга көңүлүңөрдү бурсаңар.

Ошондо бардыгынын үрөйлөрү учуп, өз ара: “Бул эмне дегени? Ал жиндерге бийлик менен, күч менен буйрук берип жатат, алар чыгып кетип жатышат”, – дешти. (Лука 4:36)

Ал ушунчалык бийлик менен жашап, иш кылгандыктан, Ага Рим жүзбашысы да багынган. Ал Ыйса бир гана сөз сүйлөсө, кулу айыгып кетерин айткан (Мт. 8:5-10). Бул римдик Ыйсанын бийлигинин булагын түшүнгөн. Ыйсанын бийлиги Өзү менен гана чектелип калган эмес, Анын бийлиги Кудай тарабынан берилген. Мына ошондуктан, Ыйса Атасынын эркин ачып берген Ыйык Рухка толугу менен Өзүн баш ийдирген. Жүз башы: “Анткени мен да бийлик астындагы адаммын, бирок менин кол астымда да аскерлер бар”, - деди. Ыйса муну укканда аябай таң калды. Бул башчы бийликти алуунун бирден-бир жолу – өзүң дагы бийлик астында болушуң керек дегенди түшүнгөн! Ыйса Өзү да бийликтин астында болгондуктан, бийлик менен иш алып барган. Ал Атанын эркин ачып берген Ыйык Рухка толук баш ийип жашаган.

*“Анткени Мен Өз атымдан сүйлөгөн жокмун, Мени жиберген Атамдын осуяты боюнча сүйлөп жатам. Эмнени айтып, эмнени сүйлөө керектигин Мага Мени жиберген Атам осуят кылган (Жакан 12:49)”, - деп айткан Ыйса.*

*Мен Өз алдымча эч нерсе кыла албайм. Атам*

*Мага кандай айтса, ошондой соттойм. Менин сотум адилет, анткени Мен Өз каалоомду эмес, Мени жиберген Атамдын каалоосун аткарам - деп дагы айткан (Жакан 5:30)”.*

Ыйса Анын бийлиги Атасынан экенин так түшүндүргөн.

Менин Атамдын ичинде экендигиме, Атамдын Менин ичимде экендигине ишенбейсиңби? Силерге айткан сөздөрдү Мен Өз атымдан айткан жокмун. Менин ичимде жашаган Атам Өз иштерин кылып жатат (Жкн. 14:10). Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Атасынын кылганын көрбөсө, Уулу Өз алдынча эч нерсе кыла албайт. Анткени Уулу Атасы кылганды кылат (Жкн. 5:19).

Ыйса Кудайдын Уулу болгонуна карабастан, ал Рухка толгон кадимки адамдай жашаганы эсиңерде болсун. Ал Өз ыктыяры менен Өзүн бардык кудайлык артыкчылыктардан ажыраткан. Ошентсе да, Ал элди таң калтырган бийлик менен буйрук кылган. Себеби, Ал Кудайдын Рухунун жетегинде гана сүйлөгөн жана иш кылган. Ал эч качан уялчаак болгон эмес, анткени Кудайды коркутуп-үркүтүүгө болбойт. Кудайдан күчтүү, кудуреттүү жана билимдүү эч ким жок!

Фарисейлер аны амалкөй диний суроолору менен коркутууга аракет кылганда дагы, Ыйса өз күчүндө калган. Алар Аны Өзүнүн сөзү менен кармап, жаманатты кылууну каалашкан. Бирок, алардын тузактары канчалык акылдуу болгонуна карабастан, Ыйса ар дайым Ыйык Рухка ылайык иш-аракет кылып, коркутуп-үркүтүүлөрдү талкалаган. Ал аларды акылмандыгы менен бурчка такаганда алар өзүлөрүн жоготушуп, акыры, Аны каралоо аракеттеринен баш тартышты.

*Ошондо эч ким жооп бере алган жок. Ошол күндөн тартып, эч ким Ага суроо берүүгө даабай калды (Матай 22:46).*

## “Атам Мени жибергендей...”

Эми болсо укмуштуу жаңылыктар: “Атам мени жиберген сыяктуу, Мен да силерди жиберем” (Жакан 20:21). Биз Ыйсага окшоп жашап, сүйлөп, кыймылдашыбыз керек. Ошондуктан, Ал бизди:

> Ошондуктан эмне деп жооп берүү жөнүндө алдын ала ойлонбоо керектигин көкүрөгүңөргө түйүп алгыла. Анткени силерге каршы чыккандар каршы тура албагыдай, каршы сүйлөй албагыдай сөз менен акылмандыкты Мен берем, - деп шыктандырат (Лук. 21:14-15).

Кээ бирөөлөрдүн бийлик менен сүйлөбөгөнүнүн, окутпаганынын жана үгүттөбөгөнүнүн себеби, алар Библиядан бир кабарды жаттап алышкан жана аны өзүлөрүнүн акыл-эси менен Жазууну кандай түшүнүшсө, ошону менен байланыштырышканында. Алар Кудайдын азыр айтып жана кылып жаткан иштерин эмес, Кудайдын мурун айткан жана кылган нерселерин айтып беришет! Кудайдын Рухунун шыктандыруусу менен сүйлөө менен гана биз бийлик менен сүйлөшө алабыз. Анткени, Кудай Өзү: “Сени калтырбайм жана таштабайм”, – деп айткан. Ошондуктан, биз: “Теңир менин жардамчым, ошондуктан мен коркпойм, адам мага эмне кыла алат?” – деп, чечкиндүүлүк менен айта алабыз. (Эвр. 13:5-6).

Ушул сөздөрдү дагы бир жолу кылдат карап чыккыла. Кудайдын азыр эмне айтып жаткандарын билгенде биз кайраттуулук жана бийлик менен иш-аракет кыла алабыз! Анын сөздөрүнүн туруктуулугу бизге кайрат берет. Кудай бизге Анын айткандары белгилүү болгондо жана Ал ар дайым биз менен экендигине ишенсек, анда биз тайманбастык менен: “Адам мага эмне кыла алат?” – деп айта алышыбызды ишендирет. Эгер биз ушундай ишеним менен жашасак, бизди коркутуп-үркүтүүгө мүмкүн эмес болот!

## Азыркы күндүн фарисейлери

Ошентип, мен азыркы фарисейлер деп аталган, Рухка ээ эместерди кездештирдим. Алар ар кандай тилдерде сүйлөйбүз деп ырасташтары мүмкүн, бирок алардын ичинде дагы деле болсо Кудайдын Руху жок! Ошол эле учурда, алар аяттарды мисалга келтирип, көпчүлүккө караганда аларды Жазуудан ылдамыраак таба коюшат.

Бул адамдар менин бир жерде айтканым же жазганым жөнүндө суроолорду беришип, менин оозумду жапканга аракет кылышты. Мен бир нерсени билүү үчүн же жөн эле түшүнбөгөнү үчүн суроо берген адамдарды айткым келбейт. Мен мындай суроолорду кубаттайм. Мен бардыгын өз руханий параметрлери аркылуу өлчөп, алардын доктриналык чектөөлөрүнө туура келбеген нерселердин бардыгын четке каккандар жөнүндө айтып жатам.

Менин байкашымча, мындай маектешүү эки багытта жүрүшү мүмкүн. Биринчиден, мени Жазуу боюнча интеллектуалдык талкуулоого тартышы мүмкүн. Натыйжада, айрыкча, маектешкендер талкууланып жаткан тема боюнча Жазууну жакшы билишсе, мен өзүмдүн аябай чарчаганымды сезем. Алар жеңишке жетишип, мен болсо уялып калам. Мен эми мындай окуяларга аралашпаганды үйрөндүм!

Жооп берүүнүн дагы бир жолу бар. Ыйык Рухту карап, Ал силердин жүрөгүңөргө эмне деп айтса, ошону айтыш керек. Ошондо Кудайдын акылмандыгы алдыга чыгат жана каршылаштардын жүйөлөрүнүн изи да калбайт. Кудайдын акылмандыгы ар дайым Жазуудан келип турат, бирок, Ыйык Рух ага өмүр демин берет.

Бир нече жыл мурун мен учакта бир кызматчы менен учкам. Биз бир жөөт аялды жолуктурдук. Ал укмуштуудай адам болгон жана өзүнүн акылын көрсөткөн. Теңирибиз Ыйса жөнүндө сүйлөшүү башталды. Биз Ыйсанын Машаяк экендигин далилдөөгө аракет кылып, ар кандай далилдерди жаадыра айттык. Ал аял болсл, тескерисинче, Анын бардык талаптары

жалган экендигин далилдөөгө аракет кылды.

Анан күтүлбөгөн жерден мен эмне болуп жаткандыгын билдим. Мен бул интеллектуалдык талкуу эч жакка алып келбестигин түшүндүм. Мен Ыйык Рухтун жетегин издеп, өзүмдүн ички дүйнөмдү карадым жана ал менин эмне айтышым керектигимди ачып берди. Мен аны карап туруп, Кудай мага берген сөздөрдү аны менен бөлүштүм. Мен ушинткенде, үнүм өзгөрүп, сөздөрүм бийликке толуп жатты. Ал муну укканда эле көздөрү бакырайып, унчукпай калды. Биздин бардык дебаттар ага жардам берген жок. Бирок, Теңирден сөз келгенде, ал дароо таасир берди.

Биз учактан түшкөндө, мени менен кошо учкан кызматчы: “Джон, сен ушул сөздөрдү айтканда мен Теңирдин катышуусун сезип турдум. Ал аялдын айта турган башка сөзү жок болуп калганын байкадыңбы?” Жазууну акыл-эс менен таанып-билүүгө негизделген натыйжасыз талкууга алдырбагыла. Бирок, мунун ордуна, Ыйык Рухтун силерди руханий акылмандуулукка жетелешине жол бергиле.

Биз аны адамдык акылмандык аркылуу үйрөнгөн сөздөр менен жарыялап жаткан жокпуз, Ыйык Рух аркылуу үйрөнгөн сөздөр менен рухий адамдарга рухий тилде жарыялап жатабыз. … Рухий адам бардыгы жөнүндө ой жүгүртө алат, бирок ал адамга эч ким баа бере албайт. Кудайды үйрөткүдөй, Анын акыл-оюн ким билиптир? Ал эми бизде Машайактын акылы бар (1 Кор. 2:13, 15-16).

Машаяктын акылына ээ болгон адамды соттогонго же коркутканга мүмкүн эмес! Эгерде мен Кудайдын Рухуна кайрылбасам, анда мен коркуп калмакмын деген сансыз учурларды мисалга келтире алмакмын.

Бизге Ыйсанын жашоосу боюнча жашоого кеңеш берилет (1 Жакан 2:6). Ыйса Ыйык Рухтан көргөнүн гана кылган. Эгер биз дагы ошондой кылсак, бизде тартынчаактыкты жана көзөмөлдү жеңүү үчүн зарыл болгон сергек акыл-эс жана кайраттуулук болот.

Теңирим, мен эмне кылышым керек?

Көп учурда бизди шал сыяктуу кылган жагдайларга туш болобуз. Эгерде бизде Машаяктын акыл-эси жок болсо, анда биз Кудай берген тапшырмаларды толугу менен аткара албайбыз. Мен Мексикада ушуга кошогон кыйынчылыктарга туш болдум.

Шаардагы чоң Жакшы Кабар айтууга мени Монтеррейге чакырышты. Мен бир гана кечке чакырылгам жана жол чыгымын өзүм төлөдүм. Жарым күнүмдү сыйынуу менен өткөрдүм.

Сыйынып жатып, жолугушуу боло турган имараттын үстүнөн кара булутту көрдүм. Мен Теңирден бул эмне экенин сурасам, Ал: “Джон, бул караңгылык бүгүнкү жолугушууга каршы күрөшүп жатат. Сыйынганыңды уланта бер,”- деди.

Эң күчтүү майлоо түшүп, мени сыйынууда бекемдеди. Отуз мүнөттөн кийин мен дагы бир нерсени көрдүм. Чагылган жаркырап, имараттын чатырынан караңгы асманга урунду. Мен Теңирден бул эмнени түшүндүрө турганын сурадым. “Бул бүгүнкү чогулушка келе жаткан кармап калууга мүмкүн болбогон Менин даңкым” деди Ал менин рухума. Мен абдан кубандым.

Кызмат кечки саат алтыга белгиленген. Биз бир аз эрте келдик, ал жерден бийликтегилер жолугушууну уюштурган кайтарууучуну көргүсү келип жаткандыгы жөнүндөгү кабар менен бизди тосуп алышты. Аткаминерлерди формачан эки офицер коштоп жүрүптүр. Кайтаруучу экөөбүз аларды тосуп чыктык. Бир нече убакыт бою чиновник кайтаруучу менен испан тилинде сүйлөшүп, андан кийин англис тилинде менден: “Сиз испанча сүйлөйсүзбү?” -деп сурады.

- Жок, мырза, - деп жооп бердим мен.

“Бүгүн сиз бул чогулган элге кандайдыр бир турист-саякатчынын окуяларынан башка эч нерсе айта албайсыз”, - деп ал мага буйрук берди. Андан кийин ал кайтаруучуга кайрылып, аны менен сүйлөштү. Мен кайтаруучуну карап турдум. Ал мага таптакыр бактылуу көрүнгөн жок. Чындыгында, ал тургай, ал

коркконго окшоп көрүнүп турду.

Чиновник сөзүн аяктап, аскер кызматкерлеринин коштоосунда жөнөп кетти. Пастор мени четке чыгарып, “Джон, бул адам мамлекеттик кызматкер, ал сага насаат айтууга тыюу салынат деп айтты. Мексика мыйзамдарына ылайык, эгерде сен бул өлкөнүн жараны болбосоң, анда атайын уруксатсыз насаат айта албайсың, - деди. Адатта, бул мыйзам бул жерде колдонулбайт, - деп сөзүн улады пастор, - бирок, бул жигит сенин бул жерде жүргөнүңдү жактырбай жатканы жана ал ушул эреженин артыкчылыгын пайдаланууну чечкени ачык эле байкалып турат. Анан дагы, ал сени дүйшөмбү күнү эртең мененки саат 9да өзүнүн кеңсесинде көргүсү келгенин айтты”.

Уккан кулагыма ишене албай турдум. Мен дароо кайтаруучуга: “Уксаң, мен бул жакка насаат айтпаш үчүн келген жокмун. Эгерде сен мени гана ойлоп тынчсызданып жатсаң, анда мага насаат айтууга уруксат бер”, - дедим.

айтаруучу: “Джон, бул менин жыйыныма дагы таасир этиши мүмкүн. Көп көйгөйлөр пайда болушу мүмкүн. Бул эң жогорку жактагы чиновник. Насаат айтпаганың жакшыраак болот”, - деди. Кайтаруучу коркуп, тайсалдап калды, менде болсо сыйынуудан башка арга калган жок, анткени кызмат анын бийлигинин астында болчу.

Мен имараттан чыгып кеттим. Бул Монтеррейдин так ортосундагы спорт борбору болчу. Имараттын алдында флагшток орнотулган эле, мен аны айланып баса баштадым. Кудай мага бүгүнкү жолугушууда пайда боло турган даңкты буга чейин эле көрсөткөнүн мен билгем. Кудай мага бул жакка келүүнү буюргандыгын мен билгенмин. Бирок, азыр эмне кыларымды билбей турдум. Башымда ойлор чачырап жатты: “Балким, бул講 аткаминер мага Кудай жиберген нерсени аткарууга тоскоол болуп жаткандыр?” Ошондо мен ойлоно баштадым. Кудай мага сыйынуу аркылуу көрсөткөн нерсени токтото албайт. Бирок, ички күрөш улана берди: “Акыры мен эмне кылуум керек?”

Анан мен: “Ата, мен эмне кыларымды билбейм, бирок, бул Сен үчүн күтүлбөгөн нерсе эмес. Сен эмне болоорун алдын ала билгенсиң. Андыктан, ушул кырдаалда мага Сенин акылмандыгың жана кеңешиң керек”, - дедим. Мен рухта сыйына баштадым, ошондо Жазуудан бир аят эсиме келди.

> Адамдын жүрөгүндөгү ойлор – терең суулар, бирок акылдуу адам алардан сузуп ала берет (Накыл 20:5).

Ыйса ишенгендердин жүрөктөрүнөн тирүү суунун дарыялары агып чыгат деп айткан (Жакан 7:38). Мен Теңирдин кеңешине муктаж болуп жаткам. Мага Машаяктын акылы керек болчу. Тилдерде сыйынуу ага көрүнүүгө жардам берет.

Мен бир нече мүнөт сыйындым, акылымда жымжырттык өкүм сүрүп жатты, бирок, мен Кудайдан дагы бир нерсени уккум келди. Күтүлбөгөн жерден жүрөгүмдөн бир ой чыгып кетти: “Бул адамдарга Мексикага келген эң чоң турист жөнүндө айтып бер”.

“Мына дал ушул нерсе керек!”, - деп мен катуу кыйкырдым. “Тиги киши мен туризм темасында бир нерсе айтсам болот деди. Мен аларга Мексикада болгон эң улуу турист тууралуу - Ыйса Машаяк тууралуу айтып берем!” Мендеги кубаныч көтөрүлүп, күлүп баштадым.

Мен кайра имаратка кайтып бардым. Кудай буга чейин эле кайтаруучу менен сүйлөшүп койгону мени кубандырды. Пастор менен мамиле кылган. Кайтаруучу: “Кудай мени менен сүйлөшүп, сага Анын айтканын кылышыңды айтты”, - деди ал.

Мен жолугушууну төмөнкү сөздөр менен баштадым: “Мага силер менен туризм темасында гана сүйлөшүү айтылды, андыктан бүгүн силерге Мексикага келген эң улуу турист жөнүндө айтып бергим келип турат”.

Бир сааттай мен Ыйса тууралуу Анын Теңир жана Куткаруучу экендиги тууралуу насаат айттым. Айрымдары Ыйсаны өзүнүн Теңири катары кабыл алуу чакырыгына жооп беришти. Бул топто бир майып болгон. Ыйсанын кабыл алынышын сурап

сыйынгандан кийин, Теңир мага: “Бул адамды Мен биринчи айыктыргым келет”, - деди.

Мен ага карап: “Мырза, Кудайдын Руху Ал сизди айыктыргысы келгендигин айтып жатат”, - дедим. Мен ага колумду коюп, ал үчүн сыйындым. Андан кийин мен анын колунан кармадым, биз баса баштадык. Башында ал өтө этият болуп жатты. Андан кийин ал ылдамыраак кыймылдай баштады. Көп өтпөй ал ишенимдүү басып кетти, андан кийин биз экөөбүз чогуу чуркадык. Акырында мен анын колун коё бердим, анан ал өз алдынча чуркап кетти.

Эл дүркүрөдү. Ар кандай дартка чалдыккан жана алсыраган адамдар алдыга чуркашты. Ушул башаламандыкта мен котормочумду жоготуп алдым. Сахнада бир нече жүздөгөн адамдар ызы-чуу болуп жатышты. Көптөрү айыгып кетишти, алардын ичинде бир аял төрөлгөндөн баштап бир кулагынан дүлөй, экинчи кулагынан болсо жарым-жартылай дүлөй болгон. Ал ушунчалык катуу ыйлагандыктан, анын үстүңкү кийими көз жашка чыланып калган эле. Абдан сонун болду!

Мен насаат айтууга батынсам, анда тиги аткаминер мени камакка алуу үчүн чогулушка эки адамды жиберери тууралуу эч нерсе билген эмесмин.

Алар так эле мен майып үчүн сыйынып жаткан учурда келишти. Уюштуруучу аларды уятка калтырды жана агенттердин бири экинчисине: “Кел, адегенде анын эмне кылып жаткандыгын карап көрөлү, анан камакка алабыз”, - дегенин укту.

Алар майыптын айыгып калганын көрүшкөндө, бири экинчисинен: “Бул чын деп ойлойсуңбу?”, - деп сурады. Алар жакыныраак келип, Кудайдын эмне кылып жаткандыгына байкоо жүргүзүүнү уланта беришти.

Дүлөй аялдын кандайча айыгып, анан кантип ыйлаганын көрүп, биринчиси: “Менимче, бул чындыгында эле болуп жатат”, - деп айтты.

Андан кийин беш жашар бала, балким, Кудайдын кудурети

менен, полго жыгылды. Аны көрүп, алар макул болушту:

“Ооба, бул чыныгы нерсе!”. Мени камакка алуу үчүн жиберилген экөө тең сыйынууга алдыга чыгышты! Аллилуйя!

Эртеси күнү мен өлкөдөн чыгып кеттим, тиги аткаминер менен жолугушуп убара болгон жокмун. Бир жумадан кийин, мексикалык пастор Штаттарга учуп келип, Монтеррей гезитинин бир санын алып келди. Ал мага чогулугушубуз жөнүндөгү макаланы биринчи беттен окуп берди.

Макалада бийлик мени алдамчы деп жарыялаганын жана мен акчаны гана кааларым жөнүндө айтылган (Рух мага бул өлкөдөн бир тыйын албашымды, атүгүл өзүмдүн каражатымды коротушум керек экендигин айткан. Макаланы окугандан кийин Рух эмне үчүн ушинтип айтканын түшүндүм). Бирок, гезит андан кийин өз корреспонденттери адамдардын чындыгында айыгып жатканын көрдү деп ырастаган! Кудайга даңк болсун!

Бийликтегилер мени коркутуп-үркүтүү менен токтотууга аракет кылышты. Эгерде кайтаруучу экөөбүз ушул коркутууларга бизди башкарганга жол берсек, анда Кудайдын белеги ишке ашмак эмес. Ошол күнү кечинде эч ким айыгып, эч ким бата алмак эмес. Бирок, Рух аркылуу айтылган Кудайдын Сөзү мага каршы чыккан уялчаактыкты жана башаламандыкты жеңүүгө кайрат берди. Сергек акыл-эстин күчү мына ушундай.

# АЛДЫГА УМТУЛУУ

Адамдар маанисиз деп эсептеген нерселерди Кудай мүмкүн эмес нерселерди көрсөтүү үчүн колдонот.

Некемия Ысрайыл туткундалып турган мезгилде жашаган жүйүт болгон. Бир нече жыл мурун, бабылдыктар келип, Иерусалимди толугу менен талкалап салышкан. Алар анын тургундарынын көпчүлүгүн өлтүрүп же колго түшүрүшкөн. Иерусалимдин дубалдары өрттөлүп, талкаланып, шаар урандыга айланган.

Кудай Некемиянын жүрөгүнө Иерусалимге кайтып келүү, дубалдарды жана шаардын өзүн калыбына келтирүү каалоосун салган. Некемия бөтөн жерлик падышага ишенимдүү кызмат кылып, анын жактыруусуна ээ болгон. Падыша болсо ага кетүүгө жана анын жүрөгүнүн Кудайдан шыктандырган каалоосун аткарууга уруксат берди. Некемия дароо Иерусалимге барып, Ысрайылдын калдыгын чогултуп, аларды душман кыйраткан

нерсени калыбына келтирүүгө чакырды.

Бирок, алар катуу каршылыкка туш болушкан. Жергиликтүү үч башкаруучу Санбалат, Тобия жана Гешем дубалдардын калыбына келтирилишин каалашкан жок. Алар Ысрайылдын гүлдөп-өсүшүнө каршы чыгышкан жана Некемияны жана анын элинин калдыгын токтотмокчу болушкан. Аларды коркутуш үчүн ар кандай айла-амалдарды колдонушкан.

Бул лидерлер Некемиянын пландары жөнүндө алгач укканда, “аны шылдыңдап, жек көрүштү” (Нек. 2:19). Алар Некемиянын жана анын элинин көңүлүн чөгөрүп гана койбостон, аларды элдин көзүнчө акылсыз кылып көрсөткөнгө аракет кылышкан. Алар шылдыңдап, кемсинткен билдирүүлөрдү жасашкан. “Кура беришсин, түлкү секирип чыкса эле, булардын таш дубалдары талкаланат” (Нек. 4:3) дешкен.

Көбүнчө, адамдар күлүп, шылдыңдап кылып жаткан нерсеңерди ачыкка чыгарып, силерди уят кылууга жана коркутууга аракет кылышат. Алар силердин жүрөгүңөргө Кудай салган нерсени жасай алышыңарга күмөн санашып, шылдыңдаштары мүмкүн. Алар силердин бетиңерге айтып, же ушул суроолорду жана шылдыңды башкаларга таркатышы мүмкүн. Же, балким, силерге бир адам же бир топ адамдар каршы чыгышкан деле эместир, бирок силер: “Адамдар эмне деп ойлоп калышат? Алар мени шылдыңдап күлүшөбү? Мен ийгиликсиз болуп каламбы?” деген сыяктуу ойлор менен бомбаланган өз акылыңар менен күрөшүп жаткандырсыңар.

Ушундай кырдаалда, Кудай силерге эмне буйрук бергенин жана “акылдууларды уятка калтырыш үчүн, Ал бул дүйнөнүн акылсыздарын тандап алганын, күчтүүлөрдү уятка калтырыш үчүн, Кудай бул дүйнөнүн алсыздарын тандап алганын (1 Кор. 1:27) билүү маанилүү. Адамга маанисиз болуп көрүнгөн нерсени, Кудай мүмкүн болбогон нерсени жасоо үчүн колдонот. Ошондо гана бүт даңк Ага таандык болот!

Некемия Теңирдин акылын түшүнгөнгө чейин орозо кармап, сыйынды. Ошондо ал каршылаштардын чабуулдарын

тайманбастык менен кайтарып алууга жетишти. "...Бизди асмандагы Кудай Өзү колдойт, биз болсо, Анын кулдары, шаарды курабыз. Ал эми силердин Иерусалимде үлүшүңөр да, укугуңар да, атыңар да жок" (Нек. 2:20).

> *Некемияны токтото албастыгын жана ысрайылдыктар ийгиликтүү иш алып барып жаткандарын түшүнүшүп, каршылаштар ачууланып кетишти. Алар эми күлбөй калышты, анткени алар үчүн иштин абалы таптакыр күлкүлүү болгон жок. Ошондо алар шаарга кол салуу менен бардык долбоорду жокко чыгарууну чечишти (Нек. 4:7-8).*

Ачуулануу - бул коркутуу үчүн колдонулган дагы бир курал. Ал силерди токтотуу же кармоо үчүн колдонулушу мүмкүн. Мындай ачуулануу орой же тымызын, чеберчилик менен даярдалган коркутууларга алып келиши мүмкүн. Мындай кол салуу - бул абдан натыйжалуу коркутуу ыкмасы. Башкалардын каарына калбаш үчүн, адамдар өзүлөрүнүн туура жана кылышы керек болгон нерселеринен кантип баш тартышканын мен көп жолу байкадым. Алар тынчтыктын көрүнүшүн сактап калуу үчүн атайын жеңилдиктерге, жол берүүлөргө барышкан.

## Ички жана сырткы басым

Некемия кудайсыздардын кол салууларына гана эмес, ошондой эле, өз элинин арасындагы адамдар менен болгон кыйынчылыктарга да дуушар болгон. Бул алардын туш болгон жагдайларына байланыштуу эле. Көп учурда Кудай бизди чакырганда, биз сырттан да, ичтен да каршылыктарга жана каршылаштарга дуушар болобуз.

Некемиянын эли жөн гана чарчашкан эле. Алар ушунчалык көп таштандыларды бөлүп алышы керек эле, бул алардын жумуштагы ийгиликтерине тоскоол болуп жатты (Нек. 4:10). Дагы бир көйгөй бар болчу. Бай жумушчулар карызга баткан жумушчулардын үй-бүлөлөрүнө материалдык кысым

көрсөтүшкөн. Байлар кедейлер иштеткен талааларды кайтарып берүүнү талап кылышкан (Нек. 5:1-8). Бул үй-бүлөсү кыйналып жаткан жумушчулардын кайратын майтарган. Мындай ички көйгөйлөр зомбулукка каршы турууну жана душмандын көңүл чөктүргөн тышкы күчтөрүнө туруштук берүүнү кыйындатты.

## Бардык тараптан коркутуп-үркүтүүлөр

Мен дагы ушундай жагдайларга туш болгонмун. Саякаттап баштаган алгачкы мезгилдерде менден, кайтаруучусунан айрылган жыйынга жардам берүүмдү сураныштьы. Жыйын калкы сегиз жүз адамдан турган бар чакан шаарда жайгашкан. Бул жоголуп бараткан жана эч кимге белгисиз шаарча эле. Эки кызматтан кийин, бардык өспүрүмдөр тобо кылып, Кудайдын күчүн сезишти. Ушундай эле көрүнүш көптөгөн чоңдордо дагы болгон. Кудай эмне кылып жаткандыгына байланыштуу, катышуу эки эсеге көбөйүп, жүз кишиге жетти. Аялым экөөбүз бул адамдарга ушунчалык боорукердик менен мамиле кылып, кийинки алты кызматыбызды токтотуп, ушул жыйынга бекем пайдубал куруп, жаңы кайтаруучуну даярдоону чечтик.

Бирок, жыйын кеңешиндеги кээ бир адамдарга мен насааттаган нерселер жаккан жок. Алардын бири менин үчүнчү чогулушума келгенде, бардык өспүрүмдөр ал аялы экөө отурган биринчи эки катарда отурушканына ачууланды. Буга чейин, жаш улан-кыздар жыйындын эң арткы катарларында отурушкан да.

Башкалары менин кызматтарым өтө эле күчтүү деп чечишти. Себеби, жыйын кеңешиндеги адамдар мени башкарууну каалашкан. Алар жыйындагы бардык нерсе алардын каалоолоруна ылайык болушун каалашкан. Бир нече кызматтан кийин, мен акыры: “Калган алты жума ичинде мен бийликти өз колума алам, андан кийин муну силердин жаңы кайтаруучуңар жасайт. Бул ушундай гана болушу мүмкүн. Чечим силерден”, - дедим.

Алар өз чечимин жарыялай турган күнү, жергиликтүү баңги зат сатуучу мага телефон чалды. Анын жубайы менин

чогулуштарыма катышып жүрчү. Ал бул соодагерге өзүнүн эң жакын досу менен ойноштук кылганын мойнуна алып айткан. Ал мага жана жыйынга ачуусун төкмөк болуп, бүгүн кечинде мени көйгөйлөр менен камсыз кыла турганын айтты.

Мен анын коркутуусуна көп маани берген жокмун. Бир-эки сааттан кийин бизди колдогон жыйын кеңешчилеринин бири бул жигит ага телефон чалып, чогулуш учурунда бомба таштайм деп коркутканын айтты. Мен ага: “Полицияны чакырып, ушул бомбаны табышын суран”, - дедим.

Бир нече сааттан кийин мага полициядан чалышты. Офицер: “Бивер мырза, бекетке түшүп, кагаздарга кол коюп бериңиз, ошондо биз бул жигитти камакка алуу жөнүндө буйрук чыгарабыз”, - деди.

Мен: “Офицер, аны камакка алышыңарды каалабайм. Ал азап чегип жатат. Болгону ушул түнү имараттын айланасында бир аз коргоону камсыз кылып коюшуңарды сизден суранат элем”, - деп ага жооп бердим. Ал: “Менин нөөмөтүм саат төрттө аяктайт, жакынкы полиция бөлүмү бул жерден отуз беш миль алыстыкта. Алар бүгүн кечинде эч кимди жибере алышпайт”, -деди.

“Баарыбир мен анын камакка алынышын каалабайм”, - деп жооп бердим.

Офицер менден: “Бивер мырза, сиз бул шаарда канчадан бери жашайсыз?” - деп сурады. Мен бул жерде таптакыр жашабайт экенимди айттым. Милиция кызматкери: “Бивер мырза, мен бул кишини билем. Анын бул аймакта кадыр-баркы төмөн. Ал баңгизат сатат деп шектелүүдө. Эгер ал ичип алса, анда мен эч нерсеге кепилдик бере албайм!” Мен уккан кулагыма ишене албай турдум. Милиция кызматкери бул адамды кооптуу деди, мен чындыгында ушундай экендигин түшүндүм. Бирок, мен дагы деле болсо ордер берүү үчүн кагаздарга кол коюшум керектигин сезген жокмун. Ошол үчүн, мен баш тартып, офицерге ыраазычылыгымды билдирдим.

Бирок, мага ошол жигиттин коркутуулары менен гана эмес, жыйын кеңеши менен дагы такташууга туура келди. “Бул жөн

гана күлкүлүү нерсе", - деп ойлодум мен. "Жыйын кеңеши мага көйгөйлөрдү жаратып жатты. Алар менин ушул жерде калышымды каалашпайт. Азыр болсо мени жана менин үй-бүлөмдү бир жинди коркутуп жатат", - деп ойлодум.

Бардык болгон күчүм менен мен бутумдагы чаңды силкип, күн батканга чейин эле үй-бүлөмдү ушул шаарчадан алып кетүүнү эңседим. Эгерде Кудай мени жибергенин билбесем, мен үй-бүлөм үчүн кетип калмакмын. Бирок, жүрөгүм үч себептен улам мага кетүүгө уруксат берген жок. Биринчиден, Кудай мени жиберди жана мен анын кет деп айтканын уккан жокмун. Экинчиден, буга чейин Кудай тийген адамдардын бардыгын таштап кеткимкелбеди. Үчүнчүдөн, тайсалдап, бир жолу качсаң, кийинки жолу да качып кетүү мурдагыдан оңой болот.

Мен Теңирдин каалоосун билгем жана жыйын кеңеши ага макул болсо гана калууну чечтим. Бир күн бою сыйындым. Бул мен башыман өткөргөн эң күчтүү сыйынуулардын бири болду. Кудай мага берген жөндөмдүүлүк менде бекемделди. Мен ошол кечке даяр элем.

Бирок, жыйынга барганымда, кала албастыгымды билдим. Жыйын кеңеши кызмат башталганга чейин эле чогулган экен. Диакондордун бири мага менин кетишим үчүн бардыгы добуш бергенин айтты. Ошол кечки кызмат акыркы болушу керек эле.

Мен капа болдум, бирок, ошол күнү кечинде Кудай адамдар үчүн эмне кылгысы келгенине көңүл бурууну чечтим. Мен күчтүү насаатты айтып жаткам, Кудайдын күчү ушунчалык төмөн түшүп, адамдар жерге жатып калышты. Чындыктан четтегендердин көбү өз өмүрүн Теңирге арнашты. Ал эми, мени коркутуп жаткан адам пайда болгон жок. Кызмат бүткөндөн кийин, жыйын кеңеши менин калышымды каалабастыгын жарыяладым. Адамдар тарабынан наразычылык кыйкырыгы чыкты. Мен бөлүнүүнү каалаган жокмун, ошондуктан, кетишиме байланыштуу тынчтыкты сездим.

Бир жумадан кийин кеңештин мүчөлөрү, кийинчерээк белгилүү болгондой, гомосексулист (бачабаз) болгон

кайтаруучуну тандашты. Ушул жылдар аралыгында алар төрт койчусун алмаштырышты. Ошол жыйындын кеңешчилеринин арасындагы тартынчаактык жана коркутуу руху коомдо олуттуу кыйроолорго алып келген.

## Күчтүү жана максаттуу бойдон калгыла

Некемия өз элинин ички күрөшүн териштирип бүтөрү менен, коркутуунун дагы бир толкуну башталды.

Ошондо Санбалат менен Гешем мага киши жиберип: «Кел, Оно түздүгүндөгү бир кыштактан кездешели», – деп айттырышты. Алар мага кыянаттык кылууну ойлошту. Бирок мен аларга элчилерди жөнөтүп: «Мен чоң иш менен алек болуп жатам, бара албайм. Эгер жумушумду таштап, силер менен жолугуша турган болсом, анда иш токтоп калат», – деп айттырдым. Алар ушундай деп айттырып, мага төрт жолу киши жиберишти, мен аларга мурдагыдай эле жоопту бердим (Нек. 6:2-4).

Санбалат менен Гешем Некемияны алаксытууга аябай аракет кылышкан. Бирок, Некемия күчтүү бойдон калган. Ал ага тапшырмасын аткарууга тоскоолдук кылууларын каалбагандыктан, Кудай ага эмнени буйрук кылса, ошого көңүл бурган.

Ишибизде натыйжасыз болуп калышыбыз үчүн, душман бизди четке сүйрөп кеткиси келет. Шайтан буга бир жолудан да көбүрөөк аракет кылат. Ал көк бет. Ал кабыл алган чечимге караганда, биз өз чечимибизде күчтүүрөөк болушубуз керек. Ошондуктан, Библияда “ага бекем ишеним менен каршы тургула” деп айтылат (1 Петир 5:9). “Бекем” деген сөз “күчтүү, катуу жана кебелбес” дегенди билдирет. Өтө көп адамдар жеңишке толугу менен жеткенге чейин майтарылбастан тургандын ордуна, душмандын бир нече соккусунан кийин баш тартышат.

Санбалат өзүнүн кулун бешинчи жолу Некемияга жиберген. Бул жолу аны Жүйүт падышасынын үстүнөн козголоң чыгарган деп айыптаган кат менен жиберет (Нек. 6:5-7). Бул ачыктан ачык калп эле.

Ошентсе да, Некемия токтоп калган жок. Ал жалаа жабууга маани бериш үчүн өтө эле бошобой жаткан. Бизди коркутуп-үркүтүүгө аракет кылган душманыбыз менен мамилебиз оңолушу үчүн, биз көп учурда жолдон чыгып кетебиз.

Мен адамдарды карап, аларга мындай деп айтууга аргасыз болчум: "Эмне үчүн силер Кудай силерди чакырып жаткан нерсеге бул кишинин жалган сөздөрүнүн таасир этишине жол берип жатасыңар? Ал силерди айыптап жатса эле, анын айтканы туура, анан да чындыкты издеп жатат дегенди билдирбейт да! Кудай силер жөнүндө эмне деп айтып жатканын жана Анын силер үчүн кандай пландары бар экенин билишиңер керек. Куру сөздөргө көңүл буруунун эмне кереги бар?" Библияда: "Акылсыз адамга акылсыздыгына жараша жооп бербе, болбосо өзүң да ага окшоп акылсыз болуп каласың" деп айтылат (Накыл 26:4).

Акыркы жолу Некемияны токтотууга аракет кылган бир адам келип, Некемиянын ыйбадатканада жашынышы керектигин пайгамбарчылык кылып айткан, анткени душмандар аны өлтүрмөкчү болушкан (Нек. 6:10). Эгерде Некемия жумушун таштап кеткенде, анын эли дагы деле алсырап, иш аягына чыкпай калмак.

Некемия: "Мендей адам кантип качсын? Мендей адам тирүү калам деп, ыйбадатканага кантип кирсин? Барбайм", - деп жооп берди (Нек. 6:11). Некемия бул адамды Кудай таптакыр жибербегенин түшүнгөн. Ал Некемияга каршы пайгамбарлыгын айткан, анткени Тобия менен Санбалат аны жалдашкан болчу. Эми Некемиянын андан ары эмне дегенин карап көргүлө:

> *Анткени мени коркутуш үчүн, ушинтип күнөөгө батырыш үчүн, мени жаманатты кылып, мени жемелеп, куугунтукка алыш үчүн, аны сатып алышкан (Нек. 6:13).*

Душман силерди коркутуп, өзүңөрдү бүт күчүңөр менен коргоого мажбурлап, аброюңарды түшүрүшү мүмкүн. Бирок, Некемия Теңирдин акылына ээ болгондуктан, ал чыныгы жана

таза адамдарды жамандык менен алдамчылыктан айырмалай алган.

Некемия Санбалаттын, Гешемдин жана Тобиянын пландарын ачыкка чыгарган:

Анткени алар: “Алардын ындыны өчүп, бул ишти аягына чыгара албай калышат”, – деп, бизди коркутушкан. Бирок ошенткен сайын мен ого бетер кайраттандым.» (Нек.6:9).

Кайрадан биз: бизди алсыратуу, Кудайдын эркин аткара албай калуу жана бизди чаташтырганга каршы туруу болгон коркутуунун максатын көрүп жатабыз. Эгерде биз бекем турбасак, душмандын жемине айланабыз.

Биз шайтандын аймагына киргенде, ал бизди коркуу сезимине түртүүнүн ар кандай жолдорун колдонот. Ал муну бир эле жолу жасаганга аракет кылып, андан кийин мындан баш тартайын деген жок. Эгерде шайтан бизди токтото алса, кечиктирип же алсырата алса, анда ал биздин жашоодо Кудайдын Падышачылыгынын алдыга жылуусун токтотот.

Некемия жана анын эли дубалды куруп бүтүштү. Шаар эми корголуп, калыбына келтирүү жолунда болчу. Бул оңой болгон жок. Бул жолдун ар бир баскычында эбегейсиз зор каршылык күтүп турган. Бирок, адамдар Кудайдын айткандарын билип, артка чегинүүдөн баш тартышты.

## Каршылык көрсөтүүнү жеңүү

Некемиянын туруктуулугу ишенгендер кандай болушу керектигинин классикалык мисалы:

> *Мен мунун баарына жеттим же жеткилең болдум дебейм. Бирок Машайак Ыйса мага жеткен сыяктуу, мен да жетүүгө аракет кылам (Фил. 3:12).*

Бул жердеги негизги сөз “жетүүгө аракет кылам”. Эгерде Пабыл, Ыйык Рухтун жетеги менен, “мен аракет кылам” десе,

анда ал, Некемия сыяктуу, көп учурда каршылыкты жеңүүгө аргасыз болгон. Бирок, биз ушуну менен эле токтоп калбайбыз. Биз мындан ары да умтула беришибиз керек. Пабыл: “Максатыма – Кудайдын Машайак Ыйса аркылуу бере турган жогорку сыйлыгына умтулуп жатам”, - деп сөзүн улады:

Жогорку жана төмөн чакырылуу бар. Асмандын талаптары боюнча жерде жашоо жана Кудайдын Падышалыгын жеке жашоодо көрүү бул бийик чакырык. Бул жогорку чакырыкта жашаган адамдар айлана-чөйрөсүндөгү адамдарга таасир этишет. Аларга берилген бийликте болуу менен, алар руханий климатты өзгөртүшөт, кысымга алуунун ордуна, эркиндикти алып келишет.

Караңгылык жарыкты жеңе албайт. Караңгылыкты жарык жок кылат. Жарык канчалык күчтүү болсо, караңгылык ошончолук жоголот. Ошентип, биз Кудайдын Падышачылыгынын күчү менен жүрүшүбүз керек. Анда биздин айланабыздагылар Анын бийлиги астында болуп калышат.

Ыйса атмосфераны башкаргандыктан, күнөөкөрлөр менен чогуу тамактана алган. Эгер шайтандагы кудайсыздарга караганда силер Кудайда күчтүүрөөк болсоңор, анда атмосфераны көзөмөлдөп тура аласыңар.

Эгерде күнөөкөр адам күнөөсүндө ишенген адам адилдикке тамырлагандан көбүрөөк бекемделген болсо, анда руханий климатты ишенбеген башкарат.

Бийик чакырык менен жашоону чечкениңерде, каршылыкка кабыласыңар. “Деги эле, Машайак Ыйса жолунда такыбаа жашагысы келгендердин бардыгы куугунтукка алынат” (2 Тим. 3:12). Ошондой эле, бизге мындай деп айтылган: “...Кудайдын Падышачылыгына көптөгөн кыйынчылыктар аркылуу киришибиз керек” (Элч. 14:22).

Бирок, Ыйсанын көптөгөн жолдоочулары токтоп калып, төмөн карай чакыруу менен жашашат. Эмне үчүн? Алар бийиктикке чакыруу жолунда каршылыкка туш болгулары келбейт. Алар кырдаалды Кудайдын чабуулу менен

өзгөртүүнүн ордуна, аларды курчап турган айлана-чөйрөсүн кабыл алууга даяр. Элден чыккандан көрө, эл менен аралашуу бир топ жеңилирээк. Каршылыкка туш болгондо, айрымдар компромисске келип, эң аз каршылык көрсөтүү жолун издешет.

Каршылык көрсөтүүнү каалабагандыгыбыз бир жагынан өзүбүзгө оңой жана ыңгайлуу жашоону курууга аракет кылып жатканыбызда деп эсептейм. Биз ар кандай кыйынчылыктардан сактануу үчүн ар тараптуу аракет кылып, жашообузду талыкпай курабыз. Кептин баары мен жашоонун ырайымсыздыгын актагандыгымдан эмес, Кудайга караганда, пландарыбызга жана программаларыбызга көбүрөөк ишенгенибизде деп эсептейм.

Биз камсыздандырылганбыз. Эгерде биз ооруп калсак, анда сыйынгандан да мурун, доктурларга чуркайбыз. Биздин камсыздандыруубуз бардык чыгымдарды жабаарын билебиз. Жумушубуз бизди жумасына бир жолу чоң суммадагы каражат менен камсыздайт. Эгерде биз жумушубуздан айрылсак, анда жумушсуздук менен деле өзүбүздү ыңгайлуу сезебиз. Жөлөк пулдар жана социалдык жеңилдиктер бар. Эгерде жөлөк пул алууга укугубуз жок болсо, анда бизди караган башка программаны таба алабыз - балким, жалкоолугубуз үчүн да төлөп бериштери мүмкүн.

Телекөрсөтүү дагы бизди пассивдүү жашоо образына түртөт. Орточо статисткага кирген америкалыктар телевизорду жумасына 24 саат көрүшөт! Телекомпанияларга жана Голливудга биз үчүн ойлонгонго жол берип жатабыз. Биздин принциптерибизди алардын программаларынан сиңирген нерселерибиз түзөт.

Микротолкундуу мештер жана фаст-фуд тармактары бизге эч кандай күч-аракет жумшабастан бир заматта даяр болгон түшкү тамакты убада кылып жатат. Кээ бирөөлөр он беш мүнөттүн ичинде тамак берилбесе, акысыз түшкү тамакка кепилдик беришет. Бизде экспресс-почта, бир сааттык химиялык тазалоо, тез сүрөттөр, машинаны тез майлоо жана күнү-түнү дүйнөлүк

жаңылыктардан кабардар болуу мүмкүнчүлүктөрү бар. Анан да, булар бизге берилген ыңгайлуулуктардын бир канчасы гана.

Алардын көпчүлүгү сонун. Алар биздин убактыбызды чындыгында маанилүү нерсе үчүн бошотууга жөндөмдүү. Бирок, биз көп учурда артыкчылыктарыбызды туура эмес коюштурабыз. Бүгүнкү күндө, көпчүлүк адамдар бир нерсеге, эгер аны чындыгында олуттуу иштеп чыгуу керек болсо умтулушпайт.

Тилекке каршы, мындай ой жүгүртүүлөр биздин Батыш жыйындарына сиңип кетти. Кудайдын жогорку чакырыгына ээ болуу үчүн, туруктуу жана өжөр мүнөзгө ээ болгон Ыйсанын жолдоочулары өтө эле аз. Каршылыкка туш болгондо, алар азыраак каршылык көрсөтсө боло турган жолго түшүшөт. Адегенде оңой ийгиликтерди убада кылган бул жол жакшы тандоо болгондой сезилет. Бирок, бул жол руханий жылуулуктун мүнөздөмөлөрү: компромисске баруу, көңүл коштук жана өзүн-өзү сактоо менен төшөлгөн:

Ыйса бизди душмандардын тоолорун жылдырыш үчүн, аларга каршы турууну үйрөткөн. Муну башкача да айтса болот: тооңорду бөлүк-бөлүк менен талкалоого туура келсе дагы, аны кыйраткыла. Некемиядай болуп, Машаяктын чыныгы жоокерлери ишенгендер үчүн мүмкүн болбогон эч нерсе жок деп ишенишип, бардык тоскоолдуктарды ашып өтүшөт (Мт. 17:20). Тескерисинче, оңой жолду тандагандар тирешүүдөн сактануу үчүн, тоолорду айланып өтүшөт. Бул дүйнөнүн системасы абада үстөмдүк кылган төрө тарабынан орнотулган (Эф. 2:2). Асман бул таасирге ачык эле карама-каршы чыгат. Эгер биз асман жолуна түшсөк, анда бул дүйнөнүн системасынын каршылыгына дайыма туш болобуз. Тилекке каршы, бул дүйнөлүк түзүлүш биздин жыйындарда да үстөмдүк кылат.

Мен бул каршылыкты тез агып жаткан дарыянын агымына каршы кайыктын жылышына салыштырат элем. Силер дайыма суунун агымына туруштук беришиңер керек болот. Калактарыңар кыймылда болуп жана силер калак менен ар

дайым иштешиңер керек. Бир да көз ирмемге силер токтоп тура албайсыңар. Эгерде токтоп кала турган болсоңор, балким, дагы бир аз убакытка чейин инерция менен жүрө берсеңер болот, бирок, бул көпкө созулбайт, агын суу силерди дарыянын ылдый жагына алып барат. Силердин кемеңердин алды дагы эле жогору жакты көздөй багытталган болушу мүмкүн, бирок, суунун агымы силердин өзүңөрдү ылдый жакка ташып кетет. Бул ишенгендер алдыга умтулбай калганда эмне болорун көрсөтүүчү мисал. Алар өздөрүн дагы деле машаякчыбыз деп көрсөтүшөт, бирок чындыгында алар дүйнөгө кайтып келе жатышат. Динге берилип, күчтү жана натыйжалуулукту жоготушат. Эгерде Ыйсанын сөзүн мисалга келтирсек, алар "эч нерсеге жарабай калышат" (Матай 5:13)!

## Күчтүү бол!

Тиметейге Кудайдын белегин жалындатууну тапшыргандан кийин, Пабыл дароо: "Ошентип, уулум, Машайак Ыйсадагы ырайым аркылуу күч алгын" деп кошумчалады (2 Тим. 2:1). Биз алдыга умтулуп, уялчаактыкты жеңүү үчүн күчтүү болушубуз керек.

Пабыл Корунттагы чиркөөгө эскерткендей, "Сергек болгула, ишенимиңерди бек туткула, бекем болгула, кайраттуу болгула" (1 Кор. 16:13). Эр жүрөк ишенүүчү адам кыйынчылыктардан качпай, кыйынчылыктарга каршы турат.

Кудай Жашыяны кайраттуу болууга бир эмес, жети жолу үндөгөн!

Болгону, бекем, өтө кайраттуу бол, сага Менин кулум Муса берген мыйзамды так сактагын жана аткаргын, бардык иштериңди акылмандуулук менен кылуу үчүн, андан оңго да, солго да бурулба (Жашыя 1:7).

Карагыла, Кудай күчтүү жана кайраттуу болгула деп жатат. Эмне үчүн? Согушта жеңишке жетип, чоң баатыр болуш үчүнбү? Жок. Теңирдин сөзүн сактоо үчүн. Бул үчүн Жашыя баатыр болуп, атүгүл согушта жеңишке жетиши керек болчу!

Уялчаактык бизди Теңирдин эркине жана сөзүнө баш ийүү эркиндигинен ажыратууга аракет кылат. Демек, туура деп билген нерселерибизден эрксиз баш тартпашыбыз үчүн, биз ар дайым күчтүү жана кайраттуу болушубуз керек.

Келгиле, "кайраттуулук" деген сөзгө аныктама беребиз:

Бул биз үчүн кыйын болгон, кооптуу болгон, бизди жабыркаткан нерселердин бардыгын ачык жолуктурууга жана чечүүгө даяр болгон учурга карата болгон, биздин качып кетүүнүн ордуна каршылык көрсөткөн жообубуз, же мамилебиз.

Эми кайраттуулукка карама-каршы келген нерсени карап көрөлү. Силер автоматтык түрдө келген коркуу жана алсыздык деп ойлошуңар мүмкүн. Кандайдыр бир деңгээлде бул туура. Бирок, "көңүл калтыруу" деген сөздү алсак жакшы болот. (Англисче "courage" (кайраттуулук) жана "discouragement" (көңүлдү чөгөрүү, калтыруу) деген сөздөр түз антонимдер - болжолдуу котормо.) Кудай Жашыяга жана бизге күчтүү, кайраттуу болууга жана көңүл чөгүүгө, жанды жабыркатууга жол бербешибизди буйрук кылган!

Келгиле, "көңүл калтыруу" деген сөзгө аныктама берели:

Кайраттуулуктан ажыратуу деген, бул ишенимдүүлүгүн азайтуу, үмүтүн уурдоо; көңүл чөгүүгө алып келүү.

Илияс Изабел аны коркутканда, көңүл калууга кандайча жеңилип калганы эсиңердеби? Ал артка чегинип качып кеткен. Көңүлү ушунчалык чөккөндүктөн, ал ага берилген бийликтин абалынан чыгып калган. Көңүл калууну биз душман катары карашыбыз керек. Биз анын күчүн көп этибарга албайбыз жана бул бизди Кудайдын жогорку чакырыгынан кармап турат. Эгер Кудай Жашыяга эр жүрөк жана кайраттуу бол деп жети жолу айткан болсо, анда биз буга көңүл бурушубуз керек. Көңүл калуу - бул киши өлтүргүч! Эгер ага каршы болбосок, анда ал бизди артка чегиндирет.

Адил адам ишеними менен тирүү болот, ал эми олку-солку болгон адамга Менин жаным ыраазы болбойт (Эвр. 10:38).

Кудай биздин коркоктугубуздан ырахат албай тургандыгын түшүнүү маанилүү. Бизге: "Жеңип чыккан адам бардыгын мураска алат, Мен анын Кудайы болом, ал Менин уулум болот. Коркоктор жана ишенбегендер, кара ниеттер жана киши өлтүргүчтөр, бузулгандар жана сыйкырчылар, бутка табынуучулар жана бардык жалганчылар күйүп жаткан күкүрттүү көлгө ыргытылышат: бул – экинчи өлүм", - деп айтылган (Аян 21:7-8).

"Коркоктук" деген сөз адам "оорунун же коркутуунун алдында уяттуу коркунучун көрсөткөндүгүн" билдирет. Кудай коркокторду канкорлор менен бузукулар менен бир катарда тургузуп жатканы сергектендирип жаткан жокпу? Бирок, биз корккон жүрүм-турум алсыздык экенине өзүбүздү-өзүбүз ынандырып, өзүбүздү актайбыз.

Жок, коркуу ишенбестиктен келип чыгат. Ал эми, ишенбестик Ысрайыл уулдарынын өмүрүнө тете болду жана алар убада кылынган жерге эч качан кире алышкан жок. "Ошентип, биз алардын ишенбестиктен улам кире албагандыгын көрүп турабыз" (Эвр. 3:19).

Ошондой эле, нерсе бүгүн деле болуп жатат. Коркоктор жеңишке жетишпейт. Алар убада кылынган нерселерди ала алышпайт. Теңир элчи Пабыл аркылуу бизди катуу эскертет:

> *Бирок, Машайактын Жакшы Кабарына татыктуу жашагыла. Барып, силерди көрсөм да, силерден алыс жүрсөм да, силер тууралуу «Жакшы Кабар таратылышы үчүн бир ой, бир тилек менен бардык күч-аракетин жумшап жатышат» деген сөздү уккандай болоюн. Силерге каршы чыккан адамдардан эч коркпогула. Бул – алар үчүн өлүмдүн, ал эми силер үчүн куткарылуунун белгиси, бул Кудайдан (Фил. 1:27-28).*

Бекем тургула жана каршылаштарыңарга силерди коркутуп-үркүтүүсүнө жол бербегиле. Каршылыктан качпай, ага туруштук

берүүгө даяр, кайраттуу, күчтүү жана эр жүрөк болгула! Кийинки аятта Пабыл мындай деп улантат:

> *Анткени силерге Машайакка ишенүү гана эмес, Ал үчүн азап чегүү артыкчылыгы да берилген. (Фил. 1:29).*

Биз кандай кыйынчылыктарга туруштук беришибиз керек? Петир буга жооп берет:

> *Машайак биз үчүн денеси менен азап тарткандыктан, силер да ошол ой менен куралдангыла. Анткени денеси менен азап тарткан адам күнөө кылганын коёт. Эми мындан аркы жашооңорду адамдык кумарлар менен эмес, Кудайдын эрки менен жашагыла (1 Петир 4:1-2).*

Денебиз же башкалардын таасири бизди бир жолго түшүүгө мажбурлаганда, биз азап чегип жатабыз, ал эми, ошол эле мезгилде Кудайдын эрки - биздин башка жолду тандообуз. Бизге Теңирдин сөзүн аткара алышыбыз үчүн, күчтүү жана кайраттуу болууга буйрук берилип жатат.

Петир бизге мындай ой менен куралданышыбыз керектигин айтат. Куралданбаган жана азап чегүүгө даяр эмес машаякчы, согуш майданындагы куралсыз жоокерге окшош. Ал өлтүрүлөт же туткунга алынат. Азап чегүүнү каалабаган машаякчылар оңой эле адамдык коркуу, уялчаактык зынданында болуп калышат.

Жогорудагы чакырыкка жетүү үчүн, биз каршылыкка кабыла турганыбызды күтүшүбүз керек. Бирок, Пабыл ишенимдүү түрдө мындай деген: “Теңир мени ар кандай жамандыктан куткарып, Өзүнүн Асмандагы Падышачылыгы үчүн сактайт. Ал түбөлүккө даңктала берсин! Оомийин” (2 Тим. 4:18). Кудай баары бир бизди Өзүнүн даңкына алып барат. Аллилуйя!

Кудайдын сөзүнөн кийинки нускаманы кунт коюп окуп чыккыла. Муну буга чейин көрбөгөндөй окугула. Токтоп туруп, ар бир сөздүн үстүнөн ой жүгүрткүлө. Ушул сөздөрдү Ыйык

Рухтун жандыруусуна уруксат бергиле. Эгерде Кудай биз (мен) тарапта болсо, бизге (мага) ким каршы чыга алат? (Рим. 8:31).

> *Бизди Машайактын сүйүүсүнөн ким ажырата алат? Кайгыбы, кысымчылыкпы, куугунтукпу, ачкачылыкпы, жылаңачтыкпы, коркунучпу, кылычпы? … Бирок мунун бардыгын бизди сүйгөн Кудайдын күчү менен жеңебиз (Рим 8:35, 37).*

> *Балдарым, силер Кудайдансыңар, ошондуктан аларды жеңдиңер. Анткени силердин ичиңердеги Рух бул дүйнөдөгү рухтан чоң (1 Жкн 4:4).*

Жүрөгүңдү таза сактап, өз бийлик ордуңда Кудайдын баласы жана Кудайдын кызматчысы катары кал. “Теңир менин жардамчым, ошондуктан мен коркпойм, адам мага эмне кыла алат?” – деп, чечкиндүүлүк менен айта аласың.

# Эпилог

Жыйынтыгында, мен мурунку ийгиликсиздиктердин силерди артка тартышына эч качан уруксат бербегиле деп ишендирип кетет элем. Келечегиңерди өткөн жашооңор менен соттобогула. Эгерде силер ушундай кыла турган болсоңор, анда эч качан мурункудан чыга албайсыңар! Канча жолу жыгылганыңар маанилүү эмес. Түбөлүк үмүт бар: Кудай коркокторду баатырларга айлантуу боюнча адис! Аллилуйя! Анын күчү алсыздыкта ишке ашат.

Мисал катары, Симон Петирдин бир тууганы Андрейдин жашоосун карап көрсөңөр. Ыйса кармалган түнү, "...шакирттери Аны таштап, качып кетишти" (Мт. 26:56). Петир гана корккон жок; Андрей да жанын сактап калуу үчүн, качып кетти. Бирок, коркоктуктун бир эпизоду Андрейдин коркок бойдон кала бере тургандыгын билдирген эмес.

Ыйса тирилгенден кийин, Андрей Римдин бийлиги астында да болгон Эфиопияда насаат айткан. Бул жерде Ыйсаны даңктаган тарыхый окуялар баяндалган. Андрей кылдаттык менен насаат айтып, көпчүлүктү Машаякка ишенүүгө алып келгенде, губернатор Агей римдик сенаттан, бардык машаякчыларды курмандык чалууга жана римдиктердин бурканларына сыйынууга мажбур кылганга уруксат сурайт. Андрей Агейге каршы турууну чечип, анын жанына

барды. Ал адамдардын соту биринчи кезекте Асмандагы Сотко таянышы керек деп айткан. Чыныгы Кудайга баш ийип таянуу жалган кудайларды жана бурканДарды акыл-эстен кууп чыгарат деп айткан.

Андрейге ачууланган Агей, бул жакында эле бутпарастардын ийбадатканасында ызы-чуу салып, адамдарды римдиктер мыйзамсыз деп жарыялаган “ырым-жырым сектасына” - машаякчыларга кошулууга үндөгөн адам эмеспи деп сурады.

Андрей Рим башкаруучулары чындыкты түшүнүшкөн жок деп жооп берди. Адамдардын жыргалчылыгы үчүн жерге келген Кудайдын Уулу римдик кудайлар - жаман, адамзаттын душманы, адамдарды Кудайды айыптоого, Аны адамдардан алыстатууга мажбурлайт деп. Шайтанга кызмат кылып жатып, адам ар кандай жамандыкка кабылат, ошондуктан, өлөт анын жаман иштеринен башка эч нерсе калбайт деп айткан Андрей.

Проконсул Андрейге мындан ары мындай насаат айтпоого буйрук берди, антпесе, ал айкаш жыгачка кадалат деп коркутту. Анан Андрей: “Мен өзүм айкаш жыгачтагы өлүмдөн корксом, айкаш жыгачтын атагын жана даңкын жарыялабайт элем”, - деп жооп берди. Жаңы сектанттык окутуу үчүн жана римдик кудайлардын динин кулатканы үчүн, ага айкаш жыгачка кадалсын деген өкүм чыгат.

Айкаш жыгачка кадалган жерге басып баратып, алдындагы айкаш жыгачты көргөндө, Андрейдин жүзү өзгөргөн дагы жок. Ал өз сөзүндө да баш тарткан жок. Дене алсырап бараткан, бирок, акыл-эс адатта өлүп бараткан адамдарды калтырбагандай эле, аны да таштаган жок. Ал мындай деди: “О, мен эңсеген жана көптөн көп күткөн айкаш жыгач! Акыл-эсимдеги даярдык, кубаныч жана каалоо менен мен сага баратам. Мен, бул жерде кадалгандын шакирти, ар дайым сени урматтачумун жана өзүмдү сенин кучагыңа салып берем”.

Эми бул Ыйса камакка алынганда, өз жанын сактап калуу үчүн качып кеткен адам эмес эле. Ал өзгөрдү.

Мурда качып кеткен шакирттердин дээрлик бардыгы кийинчерээк Ыйса Машаяк жөнүндө күбөлөндүргөндүктөрү үчүн өлтүрүлгөн. Кудай аларга качып кеткен нерселери менен жолугушуу артыкчылыгын берди. Уялчаактыктын жана коркуунун күчү

талкаланып, алар өз өмүрлөрүн беришти!

“Силерде баштаган жакшы ишин Кудай Ыйса Машайактын күнүнө ...чейин аягына чыгарары” менен сооронушуңар керек (Флп. 1:6). Тигил шакирттердин жашоолорунун күбөлүктөрү Кудай биздин жеңилиштерибизди кантип жеңишке айланта алаары жөнүндө тирүү мисал болуп бере алат! Артка чегинбегиле, бирок, силерди сүйгөн жана силер үчүн Жанын Бергенге тайманбастык менен ишенүүгө батынгыла. Келгиле, чогуу сыйыналы:

*Ата, Ыйса Машаяктын ысымы үчүн, мени сүйүүң жана акылмандыгың менен бекемдешиңди суранам. Өзүмдүн ыңгайлуулугум жана коопсуздугум үчүн, кыйынчылык учурунда артка чегингеним үчүн мени кечир. Теңирим Ыйса, бүгүн мен өзүмдөн баш тартып, айкаш жыгачымды көтөрүп, Сени ээрчүүнү чечтим. Мен Сенин кызматчыңмын, Сенин сөзүңдү жарыялоого жана эркиңди кайраттуулук жана сүйүү менен аткарууга мүмкүнчүлүк берген ырайымыңды кабыл алам.*

Эми коркунуч жана көзөмөлдөө рухуна кайрылгыла:


*Мен өзүм аркылуу жана башкалар аркылуу менин жашоомо айтылган коркутуу жана көзөмөлдөө сөздөрүн талкалайм. Жашоомдо адамдардан коркуу сезимин талкалайм. Караңгылыктын арам рухтары, мен Кудайга баш ийип, силерге каршы турам. Мен силерге өз жашоомдон орун бербейм, ошондуктан кеткиле, Ыйса Машаяктын ысымы менен. Оомийин.*

***Кылымдар мурун жана азыр, түбөлүктөн түбөлүккө даңк, улуулук, кубат жана бийлик силерди жыгылуудан сактай ала турган, Өзүнүн даңкынын алдында кемчиликсиз кылып, кубанычыңарды сактап тура ала турган, биздин Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Куткаруучубуз болгон жалгыз, акылман Кудайыбыздыкы! Оомийин.***

*– Жүйүт 24-25*

# ЖАКШЫЛЫКПЫ ЖЕ КУДАЙБЫ?

***Эмне үчүн Кудай болбогон жерде жакшылык жетишерлик болбойт***




Эгерде бул жакшы болсо, демек – Кудайдан экен да, туурабы?

Азыркы учурда жакшылык жана Кудай деген сөздөр синоним сыяктуу эле болуп калды. Биз эгерде коомчулук бир нерсени жакшы деп эсептесе, анда Кудай да ал нерсеге токтоосуз түрдө ырайым кылуу керек деп ойлойбуз. Жоомарттык, момундук жана адилеттик – бул жакшылык. Өзүмчүлдүк, бой көтөрүү жана мерездик – бул жамандык. Айырмачылыгы ачык-айкын эле көрүнүп тургандай.


Бирок эмне, ушуну менен эле бүттүбү? Эгерде жакшылык ушунчалык эле айырмаланып көрүнүп турса, анда эмне үчүн Библияда кайсы жерде жакшылык жана кайсы жерде жамандык экендигин айырмалап билүүнү үйрөнүү керек деп жазылган?

Бул “Жакшылыкпы же Кудайбы?” – деген жаңы, көмөкчү кат. Бул китеп силердин жүрүм-турумуңарды өзгөртүүдөн да көптү кыла алат. Ал силерге жашооңордогу ар бир аспектти өзгөрткөндөй деңгээлде Кудай менен байланышууга күч берет.

**MessengerX.com** X сайтында жеткиликтүү

# ТҮБӨЛҮКТҮҮЛҮККӨ ЖЕТЕКТЕЛГЕНДЕР

***Бүгүнкү күндө жана бүтүндөй түбөлүктүүлүктө мааниге ээ жашоо***




Күндөрдүн биринде сиз Кудайдын алдында туруп, Ага өз жашооңуз үчүн отчет бересиз. Азыр өзүңүзгө бере турган эң маанилүү суроо – сиз даяр боло аласызбы?

Көпчүлүк машайакчылар алардын айкаш жыгачка берген жооптору, алар түбөлүгүн кайда өткөрөрүн аныктарын билишет. Бирок, түбөлүк жашоону кандайча өткөрөрүңүз, жашоодо жасаган ишиңиз менен аныктала тургандыгы сизге белгилүүбү?


Кудай сиздин чакырылууңузду билишиңизди каалайт; Ал сизди билбестикте кармоого аракеттенбейт. Анын үстүнө, Ал сиздин жердеги жашооңуздун себептерин түшүнүп, маани-маңызын табууңузду эңсейт.

Акыркы демден кийин жөн эле бара турган жер аныкталбайт, түбөлүктүү жашоо болот. Абдан кеч болуп калгычакты күтпөңүз. Кудай берген тагдырыңызды билип жана жер бетинде, түбөлүктө жашоо чоң мааниге ээ болушу үчүн жашаңыз.

**MessengerX.com** X сайтында жеткиликтүү

# КРИПТОНИТТИ ЖОК КЫЛУУ

***Сиздин күчүңүздү уурдап жаткан нерсени кантип зыянсыздандырса болот***




Кандай гана тоскоолдуктарды болбосун жеңип, бардык душмандарын талкалаган Супермен сыяктуу, Машаяктын жолдоочулары өз жолундагы бардык кыйынчылыктарды жеңүү үчүн табияттан тыш жөндөмгө ээ. Бирок, бизде Супермендики сыяктуу бир көйгөй бар – ал биздин күчүбүздү уурдап жаткан криптонит. Албетте, Супермен менен криптонит – бул фантазиянын жемиши. Бирок, руханий криптонит чындыгынада эле бар.
Бул китептен сиз, эмне үчүн көптөрүбүз биринчи кылымдагы машайакчылар эч кандай шектенүүсүз ээ болгон Кудайдын күчүнөн куру калдык деген суроого жооп таба аласыз. Джон Бивердин «Криптонитти жок кылуу» аттуу китебинде руханий криптонит деген эмне экендигин, ал биздин коомго эмнеси менен коркунуч туудурарын жана анын туткунунан кантип бошонуу керектиги айтылат.

Бул китеп жүрөктөрү алсыз адамдар үчүн эмес, эмнеси болсо да, таттууну жакшы көргөндөр үчүн кубаныч эмес. Бул Машаяктын жолдоочуларынын ар бири үчүн көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөрсө да, бирок сыйлык жана өзгөрүү жолун убада кылган олуттуу чындык.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# КУДАЙ, СЕН КАЙДАСЫҢ?!

## Өз чөлүңөрдү күч жана максатка айландыргыла




Балким, сиз мурун Кудайдын үнүн уккандырсыз, бирок, эми сизге Ал унчукпагандай сезилип жаткандыр. Балким, сиз ишеним менен жүргөнсүз, бирок, азыр Анын катышуусун таба албай жатасыз. Кудайдын убадасын алуу менен аны аткаруунун ортосундагы жерге - чөлгө кош келиңиз.

Бирок, жакшы жаңылык - чөл бул, максатсыз жана бош жер эмес. Аны туура басып өтсөңүз, Кудай аны сиздин чакырылуу максатыңызга даярдануу жана жабдуу үчүн колдонот. Башкалардын ою кандай болбосун, биз бул сезонду Кудайды күтүү менен эле өткөрбөйбүз. Аны өткөрүп берүүдө сиз өзүңүздүн ролуңузду ойношуңуз керек жана сиздин ролуңуз маанилүү. Эгер убактыңызды текке кетирип, тегеренип жүрө берүүнү каалабасаңыз, анда чөл эмне экендигин билүү маанилүү.

Бул ачылыштарга толгон китепте, бестселлерлерди жазуучу Джон Бивер сизди Ыйык Китептин негизги билимдери жана маңыздуу окуялар менен камсыз кылып, жашоонун оор жана кургак мезгилдеринен өтүп бараткanda, Кудай сиз үчүн камдап койгон нерселерге толугу менен кирүүгө кадам таштоого жардам берет.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# X: КУДАЙ БЕРГЕН ПОТЕНЦИАЛЫҢАРДЫ КӨБӨЙТКҮЛӨ




Өзүңүздү качандыр бир кезде Кудайдын Падышалыгын байкоочу  катары сездиңиз беле? Балким, сиз бир нерсе кылуу керектигин билишиңиз мүмкүн, бирок анын так эмне экендигин толугу менен түшүнө албайсыз. Көпчүлүгүбүз өз жашообуз менен чоң таасир тийгизгибиз келет, бирок, мүмкүн сизде жоопсуз суроолоруңуз болушу мүмкүн, мисалы:


- Мен өз өмүрүм үчүн Кудайдын эркин колдон чыгарып жиберип жатпаганымды кантип биле алам?
- Менин өзгөчө жөндөмдүүлүктөрүм Кудайдын Падышачылыгын куруууда кандай ролду ойнойт?
- Кудай мага берген потенциалды колдонуп жатканыма кантип  ишенсем болот?
- Эгерде мен «кызматта» болбосом, менин чакырылгандыгым азыраак маанилүү болуп калабы?
- Кантип биз Кудайдын ырайымында тынчтанып жана Анын Падышачылыгы үчүн иш алып баруу да тең салмактуулукту сактай алабыз?
- Белгисиздикке жана тобокелдикке карабастан, кантип коркунучту жок кылып, алдыга жылуу керек?

Өзүңөрдүн чакырылгандыгыңар жөнүндө  башкача ой жүгүртүп, түшүнүүңөр үчүн жана ал эмнеликтен Кудай үчүн ушунчалык маанилүү экендигин түшүнүүңөргө силерге жардам берүү үчүн автор Джон Бивер бул кыраакы китепте Ыйык Китепти кенен-кесири изилдөөгө негизделген жана ишенимдүү окуяларды колдонгон. Бул китептин беттеринен Кудайдан берилген жөндөмдөрдү кантип көбөйтүүнү жана потенциалыңарды пайдаланууну үйрөнөсүңөр!

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү


# MessengerX

*Шакиртчиликке карай жол ар бир адам үчүн жана бардык жерде*




- **110 дон ашыгыраак тилде бекер**
- Онлайн жана тиркеме катары жеткиликтүү
- Материалдар силердин рухий өсүүңөр үчүн арналган
- Өз таржымалыңарды жана шакиртичилик жолуңарды аңдагыла






Окуп үйрөнүү үчүн Messenger программасынын толук китепканасын - электрондук китептерди, видео жана аудио окууларды, аудиокитептерди, Ыйык Жазууларды алыңыз... Бардык түзмөктөрүңүздө көрүп, окуп жана угуңуз.

**MessengerX.com**

Download on the App Store

GET IT ON Google Play

App Store жана Google Play аркылуу дүйнө жүзү боюнча жеткиликтүү

## КАНТИП ӨЗ ЖАШООСУНДА КОРКУНУЧТУ ЖОК КЫЛЫП ЖАНА КУДАЙДЫН ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН БОШОТСО БОЛОТ?

СИЗГЕ «ЖОК» ДЕП АЙТУУ КЫЙЫНБЫ?

СИЗ КАРШЫ БОЛГОНДОН КОРКОСУЗБУ?

СИЗ ЧЫР-ЧАТАКТАН КАЧЫШ ҮЧҮН, КОМПРОМИССКЕ БАРАСЫЗБЫ?

ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛУУ МЕНЕН, СИЗ БИРӨӨГӨ ЖАГУУГА АРАКЕТТЕНЕСИЗБИ?

СИЗДИН ЖАШООҢУЗДУ ТЕГЕРЕКТЕГИЛЕР КӨЗӨМӨЛДҮККӨ АЛЫШАБЫ?

Эгерде сиз ушул суроолордун бирөөсүнө эле «ооба» деп жооп берген болсоңуз, анда *«Тартынчаактыкты талкалоо»* сиз үчүн. Бул китеп тартынчаактыкты кыйратат, анын тири-укмуш таасирлерин талкалайт, Кудайдын жөндөмдүүлүктөрүн бошотуп жана сиздин жашоого Анын бийлигин орнотот. Бул тузактан чыгууга жана тартынчаактыктын жемиштерин: депрессияны, үмүтсүздүктү жана дүрбөлөңгө түшүүнү жеңүүгө убакыт жетти. Сизди коркунучтун кармап турушуна жол бербеңиз.



ДЖОН БИВЕР Кудайдын Сөзүнө компромиссиз мамиле кылгандыгы менен белгилүү. Джон жана анын аялы Лиза **«Messenger International»** кызматынын - биздин дүйнөнү өзгөртүп жаткан Ыйсанын компромисске жол бербеген жолдоочуларын тарбиялоону көздөгөн кызматтын негиздөөчүлөрү. Джон Колорадо шаарында үйдө отурганда, өзүнүн төрт уулу менен карта оюндарын ойноп же Лизаны аны менен гольф ойногонго көндүрүүгө аракет кылат.

Акысыз жүктөөлөр жана видеолор агымы үчүн, **MessengerX.com** сайтына баш багыңыз

Көбүрөөк билгиңиз келеби? Бул жерден сканирлеңиз:

MessengerX

Бул китеп автордун белеги болуп саналат жана САТУУГА БОЛБОЙТ

MESSENGER INTERNATIONAL
MessengerInternational.org